65.9(2=Кы)Кыр
А 92

АТЫШОВ К. А.   МОЛДОКУЛОВА Б. Ж.



65.9(2=Кы)Куф
А 92

Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университети
Экономика жана бизнес институту

Бишкек мамлекеттик экономика жана ишкердүүлүк университети

Атышов К.А. Молдокулова Б.Ж.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ

17075 6918
БИБЛИОТЕКА 07
Ошск... ...ственного
ИНВ № 900840

Бишкек – 2007

УДК 339.9:338.47 (575.2)
ББК 65.9 (2Ки) 8
А 92

**Рецензенттер:** экономика илимдеринин доктору,
профессор Идинов К.И.,
экономика илимдеринин кандидаты
Турдумамбетов Б.У.

Атышов К.А., Молдокулова Б.Ж.

А 92 Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышы:
Окуу куралы.-Б.: 2006 - 196 б.

Окуу куралында тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн учурдагы олуттуу багыттарынын, интеграция процесстеринин маанисинин, түпкү уңгусу ар тараптан иликтенген. Кыргызстандын коңшулаш мамлекеттер, ошондой эле экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөр менен байланышы кеңири берилген. Китепте Кыргызстан менен Россиянын экономикалык байланышын талдаган материалдар көбүрөөк камтылган.

Китеп эң алды менен дүйнөлүк экономика, тышкы экономикалык байланыш, Кыргызстандын экономикасы сабактарын окуган студенттерге арналат. Бул ошондой эле эл аралык экономикалык байланышты аркалаган адистерге, мамлекеттик кызматкерлерге, жогорку окуу жайында жана мектепте иштеген мугалимдерге дагы керек болушу ыктымал.

**Редактор: Ахматова Д.Дж.**

А 0605010411-06

УДК 339.9:338.47 (575.2)
ББК 65.9 (2Ки) 8

© **Атышов К.А., Молдокулова Б.Ж., 2006.**

## МАЗМУНУ

Кириш сөз........................................................................................................ 4

I БӨЛҮМ. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АНЫН РЕГИОНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1.1. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн тенденциясы.......................................................................................7
1.2. Тышкы экономикалык байланышка таасир тийгизүүчү факторлор.......................................................................23
1.3. Экспортту өнүктүрүү формалары..............................................33

II БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАН ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК КООМДУН ӨНҮГҮҮ АЛКАГЫНДА

2.1. Экономикалык коомдун түпкү мааниси.................................41
2.2. Экономикалык саясат жана интеграциялык процесс..............48
2.3. Бажы саясаты.....................................................................50
2.4. Экономика тармактарындагы интеграция маселеси..............55
2.5. Социалдык өнүгүү жана илим, билим нугундагы байланышы.......................................................................................59

III БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАН ДҮЙНӨЛҮК ЭКОНОМИКА ТИЗМЕГИНДЕ

3.1. Тышкы экономикалык байланыштын азыркы абалы...............65
3.2. Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышы
3.2.1. Казакстан Республикасы.....................................................86
3.2.2.Өзбекстан Республикасы......................................................89
3.3. Кыргызстандын өнүккөн өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышы
3.3.1. Швейцария.........................................................................93
3.3.2. Германия Федеративдүү Республикасы..................................95
3.3.3. Америка Кошмо Штаттары ..................................................99
3.3.4. Кытай Эл Республикасы....................................................100
3.3.5. Түркия Республикасы........................................................103

IV БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ МЕНЕН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ

4.1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышындагы Россиянын ээлеген орду................................................................109
4.2. Соода-экономикалык байланышынын өнүгүү деңгээли..........127
4.3. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги багыттары............................................................................133

## V БӨЛҮМ. КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ МЕНЕН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫНЫН КЕЛЕЧЕГИ

5.1. Тышкы экономикалык байланышты уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу……………………………………………………145
5.2. Региондор аралык кызматташтыкты уюштуруу жана башкаруу……………………………………………………………155
5.3. Инвестиция нугунда кызматташууну күчөтүү…………………160
5.4. Айыл чарба тармагында кызматташууну, уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу…………………………………………164
Корутунду…………………………………………………………………176
Сунуш кылынган адабияттар…………………………………………178
Тиркемелер………………………………………………………………181

# КИРИШ СӨЗ

Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекетке айлангандан бери он беш жылдан ашуун убакыт өттү. Ушул аралыктын ичинде экономикалык өнүгүү жаатында далай олуттуу маселелер келип чыгып, алардын айрымдары чечилсе, бир тобу базар мамилелеринин мыйзам ченеминде тиешелүү, туура чечим кабыл алууну талап кылууда. Мына ушундай өтө маанилүү маселелердин бири катары өлкөбүздүн тышкы экономикалык байланышы, жасаган мамилеси жана жүргүзгөн саясаты болуп эсептелет.

Кыргызстан дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрү менен тышкы соода-экономикалык байланышынын 2004-жылдагы жыйынтыгы боюнча 1659,8 млн. долларга жеткен, анын ичинен Россия Федерациясы менен товар жүгүртүү 431,4 млн. долларды түзүп, мурдагы жылга салыштырмалуу 58 %ке жогорулаган. Бул өлкөгө биздин жалпы товар жүгүртүүнүн азыр 26 %ине туура келет.

Биздин өлкөнүн тышкы экономикалык байланышы азыр негизинен эки багытта калыптанып, натыйжалуу өнүгүп жатат. Мунун биринчи багыты эзелтен алака түзүп келген Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген Россия, Казакстан, Беларусь, Өзбекстан ж.б. өлкөлөрүн, экинчи багыты болсо экономикасы мыкты өнүккөн АКШ, Канада, Япония, Кытай, Улуу Британия, Германия, Түркия сыяктуу мамлекеттер. Ушундай жагдайды толук эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти К.Бакиев бул тууралуу төмөндөгүдөй баса белгилеген: «Кыргызстан менен Россия түбөлүк кызматташып келген жана кызматташа бермекчи…».

Азыркы тышкы экономикалык байланыштын, жалпы эле эларалык карым – катнаштын дүйнөлүк нуктагы багыттарын толук эске алуу менен жогорудагы белгиленген олуттуу эки багытты тең колдон келишинче, билгичтикте өнүктүрүү, ар биринин экономикалык пайдалуу, оош-кыйыштык жактарын толук эске алуу, товар экспорттоонун үлүшүн арбытуу өтө зарыл болууда. Анткени, Кыргызстандан чыгарылган өнөржай товарларынын жана айыл чарба продуктуларынын басымдуусу экономикасы мыкты өнүккөн, маалымат технологиясын, инновациялык артыкчылыктарды кеңири пайдаланган өлкөлөрдүн калыптанган эларалык базар алкагындагы олуттуу атаандаштыкка али туруштук бере албайт.

Андыктан бул мамлекеттер бизден өздөрүнө керек стратегиялык маанидеги сырьелорду алууга көбүрөөк ынтызар.

Ошондуктан товар, айрыкча айыл чарба тармактарында өндүрүлүүчү сырьелорду, аларды кайра иштетүүдөн чыгарылган продукция түрлөрүн азырынча КМШ өлкөлөрүнө экспорттоону арбытуу стратегиялык өңүттөн алып караганда эң туура.

Китептин биринчи бөлүмүндө тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги багыттары, эларалык деңгээлдеги жүргүзүлүп жаткан иштер, экономикалык байланышка олуттуу таасирин тийгизүүчү факторлор иликтенип, экспорттун мааниси жана аны өнүктүрүүнүн формалары изилденген.

Экинчи бөлүмүндө Кыргызстандын Евразиялык экономикалык коомдогу орду, ал коомдун түпкү максаты, интеграциялык процесстин экономика тармагындагы олуттуу маселелери, өлкөлөр ортосундагы бажы саясатынын абалы, социалдык өнүгүү, анын ичинен билим жана илим нугундагы карым – катнаш каралган.

Үчүнчү бөлүмүндө Кыргызстандын коңшулаш Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрү, ошондой эле экономикасы мыкты өнүккөн АКШ, Германия, Щвейцария, Кытай, Түркия сыяктуу мамлекеттери менен тышкы экономикалык байланышы талданган.

Ал эми төртүнчү жана бешинчи бөлүмдөрүндө Кыргызстан менен Россиянын тышкы экономикалык байланышынын азыркы абалы жана келечеги, айрыкча соода – экономикалык байланышы, интеграция, айыл чарба продукцияларын сатуу, туристтердин келишине шарт түзүү, ошондой эле экономикалык байланышты уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу боюнча маселелер, ой толгоолор, сунуштар кеңири камтылган.

Авторлор экономика илимдеринин докторлору, профессорлор К.Идиновго, Т.К.Камчыбековго, Ш.Мусакожоевге, экономика илимдеринин кандидаттары А.Рахмановага, Б.Т.Турдумамбетовго китепти даярдоо учурунда берген кеңештерине жана сунуштарына терең ыраазычылыктарын билдирет.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АНЫН РЕГИОНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

## I БӨЛҮМ


1.1. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн тенденциясы

1.2. Тышкы экономикалык байланышка таасир тийгизүүчү факторлор

1.3. Экспортту өнүктүрүү формалары

## 1.1. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн тенденциясы

20-кылымдын экинчи жарымында айрым өлкөлөрдүн экономикалык жактан ыкчам өнүгүп кетүүсү жана транспорттук, коммуникациялык тармактардын кеңейиши менен эларалык мамилелер да кыйла тез алдыга жыла баштаган. Дүйнөлүк соода иши ыкчамдоодон улам товарлардын ар кандай түрү менен толуктоо дагы күч алып, мунун жыйынтыгында бир өлкөдөн экинчисине товарлар эле эмес, өндүрүш факторлору да товар катары (капитал, жумушчу күчү жана технология) экспорттоло баштаган. Экономикалык шериктештиктин ар тараптуу күч алышы дүйнөлүк деңгээлдеги алаканын, биринчи кезекте сооданын мындай өнүгүүсүнүн жана өндүрүш факторлорунун эларалык кыймылынын мыйзам ченемдүү ыкчамдоосунун жыйынтыгы болуп эсептелет.

Базар мамилелеринин шартында, экономикалык жактан биригүү, ар кыл өлкөлөрдүн экономикага байланышуу процессинин өзөгүн түзөт. Мында эларалык, мамлекеттер ортосундагы макулдашуулар, алакалар калыптанып, натыйжада ич ара чарбалык механизмдер ойдогудай иштей баштайт. Акыры келип, экономикалык жактан биригүүгө катышкан өлкөлөрдө белгилүү өлчөмдө дурус, ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Буларга негизинен төмөндөгүлөр кирет: биринчиден финансылык, материалдык, эмгек ресурстарына, жаңы технологияга жетүүгө туруктуу жол ачылышы, экинчиден, экономикалык жактан биригүүгө катышкан өлкөлөрдөгү фирмаларды башка үчүнчү өлкөлөрдүн фирмаларынын атаандаштыгынан белгилүү бир деңгээлде сактоосу, үчүнчүдөн, биригүүгө катышкан өлкөлөр олуттуу маселелерди чогуу чечүүгө толук мүмкүнчүлүктөрдүн келип чыгышы.

Азыркы шарттагы экономикалык жактан биригүү эң алды менен төмөндөгүдөй объективдүү факторлорду камтыйт: эмгекти эларалык бөлүштүрүүнүн кеңейиши, тереңдеши, жалпы дүйнөлүк илимий - техникалык прогресс, улуттук экономиканын ачык түрүнүн кыйла кеңейиши ж.б. Ал эми биригүү процессинин ыкчамдашынын негизги фактору илимий – техникалык прогресстин таасири менен ишке ашып жаткан эмгекти эларалык бөлүштүрүүнүн тереңдеши болуп эсептелет.

Базар экономикасынын шартында илимий – техникалык прогресстин башкы талабы өндүрүштү жаңы, сапаттуу деңгээлге

алып чыгуу болуп саналат. Анын үстүнө бул коомдук кайра өндүрүүдө тышкы экономикалык байланыштын ролун жогорулатуучу өз алдынча фактор катары дагы таасирин тийгизет. Бул же тигил өлкөнүн илимий жана техникалык, технологиялык жактан өнүгүшү башка өлкөлөр менен ар тараптуу алака жасабай тажрыйба алмашпай, байланышпай ийгиликтүү өнүгүп кетиши азыркы шартта кыйла татаал иш.

Өткөн мезгилге кайрылсак, эларалык экономикалык биригүүнүн теориясы учурунда тышкы сооданын зарылчылыгын далилдеген теориялардын нугунан келип чыккандыгы белгилүү. Эркин сооданын жактоочулары А.Смит, Д.Рикардо, Э.Хекшер жана Б.Олин сыяктуу атактуу окумуштуу – экономисттердин эмгектери ушул маселеге тыгыз байланышкан. Алсак, учурунда Адам Смит “абсолюттук артыкчылык” теориясынын автору катары өзүнүн “Элдердин байлыгынын жаратылышын жана себептерин изилдөө” [95] аттуу китебинде мамлекеттин байлыгы андагы кымбат баалуу мүлктөргө көзкаранды деген меркантелисттердин оюн катуу сындаган. Ал мамлекеттин байлыгы анын атуулдарына жетишерлик товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн турат деп бышыктаган. А.Смиттин теориясы кээ бир мамлекеттер башкаларга караганда товарды натыйжалуу өндүрөт деп жыйынтыктайт. Ушундан улам ал теориясынын негизинде төмөндөгүдөй суроону койгон: “Эмне үчүн атуулдар чет өлкөлүк арзан товар турса, ата-мекендик ишкана өндүргөн товарды сатып алышы керек?”. Эгер соода чектелбесе, ар бир мамлекет товардын кээ бир гана түрүнө өзүнүн ресурстарына карап адистешет деп А.Смит далилдеген.

Тарыхта белгилүү болгондой, А.Смиттин абсолюттук артыкчылык теориясын Давид Рикардо андан ары карай өркүндөтүп, жыйынтыгында товардын жеке бир түрүн өндүрүүгө абсолюттук өзгөчөлүк эмес, салыштырмалуу артыкчылыкка ээ болсо эле эки мамлекеттин ортосундагы соода кирешелүү болоорун баса белгилеген [83].

Кийин, кыйла убакыт өтүү соңунан швед экономисттери Эли Хекшер жана Бертел Олин тарабынан өндүрүш факторлорунун өзара катышы тууралуу теория иштелип чыккан [75]. Алардын изилдөөсүнө ылайык эгер эмгек ресурстары жер аянтынан жана капиталдан көп санда болсо, анда эмгек чыгымдары төмөн капиталдык чыгымдар жана жердин баасы болсо жогору

болот. Эгер эмгек ресурсу чектелип, жетишпесе, анда анын баасы жогору болот. Ал эми мамлекет кайсы өндүрүш фактору арзан болсо, ошону көп өндүрүп жана экспорттош керек деп аныкташкан.

Учурунда, түрдүү мамлекеттердин дүйнөлүк чарбалык байланышка толук кирген негизинде ачык экономика калыптанган. Азыркы кезде өнүккөн өлкөлөрдө ачык экономика түзүү үчүн экспорттолуучу товарды өндүрүүгө кызыктыруу, чет өлкөлүк фирмалар менен кооперациялаштыруу жана чет өлкөдөн капитал, технология, квалификациялуу кадрлардын келишинин укуктук негизин чечүү боюнча тышкы экономикалык стратегия негизги ролду ээлейт. Анткени бул экономикалык биригүү процесси региондордун экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу түрткү берет. Жыйынтыгында тигил же бул өлкөнүн айрым топтору өз ара соода жана башкалар үчүн жакшы шарт түзөт.

Дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө жана тышкы экономикалык байланыштын күчөшүнө региондук жактан иликтөөнүн мааниси өтө олуттуу болуп саналат.

Экономикалык узак өнүгүү жолундагы дүйнөлүк бай тажрыйбага таянып талдай келсек, эларалык практикада биригүүнүн төмөнкүдөй калыптанган ыңгайлуу жактары белгилүү:

- биригишкен өлкөлөрдүн базар алкагынын тез өсүшү жана экономикалык өнүгүү деңгээлинин жакындашы;
- географиялык жайгашуу жагынан жакындыгы, көп учурда чек арасынын жалпылыгы;
- экономикалык, ошондой эле ушуга тектеш маселелеринин жалпылыгы;
- демонстрациялык натыйжа.

Региондук (аймактык) ири уюмдардын пайда болушу жана калыптанышы төмөндөгүлөргө тыгыз байланыштуу:

- географиялык жактан жакындыгы жана экономикалык, социалдык маданий кызыкчылыктарынын бир багыттуулугу;
- рухий ой жүгүртүүнүн бирдиктүүлүгү жана мотивдери;
- эгерде чыгашанын жана кирешенин тең салмактуулугу оң болсо, анда аларды иликтөөчү саясий структуралар экономикалык нукка өтүүчү бирдей чечимге ой жүгүртүү.

Региондук иликтөөлөр боюнча азыр бир топ мыйзам ченемдүүлүктөр даярдалган. Булар негизинен батыштын экономикалык ойчулдары тарабынан иштелип чыккан эларалык

экономикалык биригүүнүн жалпы теориясынын негиздерине таянат. Аймактык биригүү алгач ирет 20-кылымдын орто ченинде неолибералдык багыттагы экономисттер (А.Мюллер-Армак, А.Предоль, В.Релке ж.б.) тарабынан изилдене баштаган. Алар экономиканын негизги кыймылдаткычы – базар, ал эми биригүү бир нече мамлекеттердин ортосунда эркин аракеттеги бирдиктүү базар түзүү экендигин ар тараптан бышыкташкан. Буга жетишүү үчүн экономикалык ишкердүүлүккө мамлекет аз кийлигишип, көбүрөөк эркиндик берип, акырындап базар мамилелеринин кеңейишине алып келүү болуп саналат. Ошентип, булардын пикири буга бириктирүү маселеси – бириккен өлкөлөрдө эркин соода принциптерине негизделген базар мамилелеринин пайда болушу.

Эларалык сооданын неоклассикалык теориясынын негизинде, аймактык интеграциянын базар мамилелерин ыктаган экономисттери өндүрүш факторлорун дүйнөлүк деңгээлде эркин кыймылга жеткирүү мүмкүнчүлүгүн баамдашкан. Мында базар багытынын өкүлдөрү өздөрүнүн концепцияларында бажы союзунун концепциясына таянган. Бажы союзун уюштуруу карым-катнаш кылган өлкөлөрдүн ортосундагы соода чектөөлөрүн алып салып, үчүнчү өлкөлөр боюнча бирдей тышкы тарифти кабыл алат.

Бул концепция 20-кылымдын 40-жылдары америкалык экономист Дж. Винер тарабынан иштелип чыгып, кийинчерээк англиялык окумуштуулар тарабынан жыйынтыкталган. Дж. Винер белгилегендей, бажы союзу жалпы дүйнөлүк соода ишине оң жана терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бажы союзунун натыйжалуулугун баалоо үчүн бул экономист илимге жаңы түшүнүк – «агым түзүүчү» жана «агым токтотуучу» натыйжа деген түшүнүктү киргизген. Андыктан өлкөлөрдүн ортосундагы соода ишин чектөөнү алып салгандан кийин жаңы «товар агымы» пайда болуп, бул ар бир өлкө үчүн оң таасирин бермекчи.

«Агым токтотуучу» натыйжа үчүнчү бир өлкөнүн соода байланыштарын учурунда башка багытка бурган. Ошентип, бажы союзун түзүү оң жана терс жыйынтык алып келиши мүмкүн, ал эми булардын катышынан бажы союзунун жалпы натыйжалуулугу келип чыгат. Дж. Винердин изилдөөсүнөн төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот; тагыраак айтканда кээ бир өлкөлөр үчүн, айрыкча экономика тармактары жапа чекпөөчү өлкөлөр үчүн бажы союзу кыйла пайдалуу.

Бажы союзунун концепциясына толуктоолорду учурунда Р. Липсей, Дж. Мид, Ф. Герельс киргизген. Алар жетишкендиктерди сооданын багытын өзгөртүүгө эле байланыштырбастан (Дж.Винер сыяктуу), ошондой эле аймактык биргелешкен базар түзүлгөндөн кийин товарлардын салыштырма баасы өзгөрө тургандыгын, бул өлкө ичиндеги керектөө структурасын өзгөртөөрүн дагы мына ушуга байланыштырышкан.

Дж. Винердин иликтөөсүндөгү кеткен оош-кыйыштыктар (керектөө структурасынын өзгөрбөстүгү), товар агымынын басаңдашы бажы союзуна катышкан өлкөлөрдүн жетишкендиктерине тескери таасирин тийгизген. Р. Липсей, Дж. Мид жана Ф. Герельс көрсөткөндөй, «агым токтотуучу» натыйжа деле өлкөнүн абалын жакшыртууга алып келет[62].

Концепцияга жаңы түшүнүктөр киргизилип, товар агымынын басаңдашы жалаң эле терс эмес, оң дагы таасирин тийгизиши мүмкүн деген тыянак чыгарылган. Р. Липсей жана Дж. Миддин анализинен төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот: бажы союзун уюштуруу тышкы соодага анча көзкаранды болбогон өлкөлөр үчүн арбын киреше алып келет.

Бажы союзунун концепциясы Батыш Европада 1957-жылы Европалык экономикалык коому түзүлгөндө пайда болуп, буга кирген өлкөлөрдүн экономикасында структуралык өзгөрүүлөр келип чыккан. Сооданын жөнөкөй түрү өндүрүштү оптималдуу камсыз кылууга жетишсиз боло баштаган. Ушундан улам 20-кылымдын 60-жылдарынын орто ченинде теориялык изилдөө борбору бириктирүүнүн жаңы формаларын табууга аракет кылынган. Мында базар багыттын ыктаган экономисттер (М. Алле, Б. Баласса, Г. Хейлперин, М. Бийе, Г. Кремер) экономиканын өзүн-өзү жөнгө салуусун терең изилдеп жана эркин базар концепциянын жактоочулары менен ачыктан ачык талашып базардык жана мамлекеттик жөнгө салуунун ортосунда бир нукту табууга аракет кылышкан. Алардын оюу боюнча кээ бир маселелерди, мисалы, төмөндөөнү болтурбоо, калкты иш менен камсыз кылуу, экономикалык жактан артта калган райондорду өнүктүрүү, улуттук жана эларалык монополиялардын ишин жөнгө салууну саясий кийлигишүүсүз чечүү мүмкүн эмес. Бул интеграция боюнча терең ой жүгүртүүгө келип такалган. Акырындап өлкөлөр ортосунда тышкы экономикалык чекти алып салуу келишиминин негизинде пайда

болуучу көрүнүш эле эмес, тарыхый өнүгүү процесси катары карала баштаган.

Америкалык экономист Б.Баласса учурунда алгач интеграция боюнча эки багытты киргизип, интеграцияны процесс жана байлык катары талдаган. Натыйжада анын төмөндөгүдөй 5 деңгээлин камтыган моделди иштеп чыккан: эркин соода тилкеси; бажы союзу; жалпы базар; валюталык-экономикалык союз; саясий союз.

Мында эркин соода тилкесинде ички бажы пошлиналары алынып салынган, бирок катышуучу өлкөлөр тышкы чек ара үчүн бажы төлөмүн өздөрү чечүүгө укуктуу болгон. Бажы союзунун алкагында ички, ошондой эле сырткы бажы төлөмү да бирдей режимге ээ болгон. Ал эми жалпы базар товар, кызмат көрсөтүү, капитал жана жумушчу күчүн эркин сатуу, сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Валюталык- экономикалык союздун максаты болсо катышуучу өлкөлөрдүн арасында бирдей валютаны киргизүү. Саясый союзда улуттук эгемендүүлүктүн борбордук чөйрөсү, мисалы, тышкы саясат же коопсуздук саясаты улуттук саясий органдарга берилет. Бирок Б.Балассанын бул моделинде да кемчиликтер кеткен, мисалы металлургия өнөржайы же агрардык сектор тармактык мааниде эле ири интеграцияга жетишүүсү мүмкүн, бул процесске экономиканы кошпогондо деле жыйынтык бирдей бойдон кала берет.

Эркин соода тилкесин түзүү саясий маселе болуп саналат, себеби акырындан өнүгүп келе жаткан интеграция улуттук – мамлекеттик өз алдынчалыктын жоголушу менен айкындалат. Б. Балассанын оюу боюнча мамлекеттик жөнгө салуу интеграциялык процессти улап, атаандашуу шартын барабарлап, улуттук экономикалык саясаттардын ортосундагы туура келишпестиктерди оңдоо керек.

20-кылымдын 60-70-жылдары Р. Куттер, А. Маршаль, Г. Мюрдаль, Ф. Перру, Дж. Пиндер, П. Стристен, Я. Тинберьен, А. Филип сыяктуу ири окумуштуулар неоклассикалык теорияны кескин сындап, интеграциянын негизги күчү товарларды жана өндүрүш факторлорун эркин сатуу дегенге ишенбей келишкен. Г.Мюрдалдын оюу боюнча бириккен базар ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга жана туруктуу өнүгүүгө алып келбейт. Эларалык интеграция үчүн базар процессин мамлекеттик жөнгө салуу зарылчылыгы келип чыгат.

Эларалык экономикалык биригүүнүн теориясынын өнүгүүсүнө орус окумуштууларынын (М.М. Максимованы, Н.П. Шмелев,

Ю.В. Шишков ж.б.) да салымы бир топ маанилүү. Алсак, М.М. Максимова интеграциялык комплекстердин пайда болушу өндүрүштүн интернационалдашуусуна жана чарбалык иштин өтө жогорку деңгээлин байланыштуу деп эсептейт [65]. Ал эми Н.П. Шмелев болсо бириккен өлкөлөрдүн саясий абалы жана экономикалык өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли “эларалык интеграциянын зарыл шарты деп белгилейт. Ошол эле учурда бул маселе боюнча Ю.В.Шишков төмөнкүдөй жыйынтыкка келип, базар механизминин негизинде интеграция өзүнүн туруктуулугун жана жөндөмдүүлүгүн көрсөткөндүгүн баса белгилеген. Демек, эларалык экономикалык интеграциянын алгачкы баскычы бул экономиканын баштапкы субъектилеринин деңгээлиндеги түз чарбалык байланыштар, башкача айтканда фирмалар болуп саналат. Андан кийин улуттук, укуктук, фискалды, ж.б. системалардын өнүгүү процессине өз ара ылайыкташуусу келип чыгат деп эсептеген.

Ал эми А. Киреевдин пикири боюнча азыркы эларалык деңгээлдеги экономикадагы бир катар бириккен топтордун максаттары менен милдеттеринин көпчүлүгү окшош [47]. Булар өз кезегинде төмөнкүлөрдү камтыйт:

• ***масштабдын экономикалык артыкчылыгын пайдалануу.*** Мында базар алкагын кеңейтүү, трансакциздик чыгымдарды кыскартуу иш чаралар чет өлкөлүк түз инвестицияларды тартууга кыйла мүмкүнчүлүк түзөт;

• ***ылайыктуу тышкы саясый чөйрөнү түзүү.*** Мында көптөгөн бириккен уюмдардын негизги максаты саясый, аскердик, социалдык, маданий ж.б. экономикалык эмес аймактарда өз ара карым – катнашты жана кызматташтыкты бекемдөө болуп саналат;

• ***соода саясатындагы маселелерди чечүү.*** Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (БСУ) кирүү үчүн аймактык бириккен топтор колдонулат;

• ***экономиканын түзүлүшүн кайра куруүга көмөк көрсөтүү.*** Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөр кошуна мамлекеттерди интеграциялык процесске аралаштырат да, алардагы базар мамилелеринин реформасынын ыкчамдалышына жана кеңири аймакты камтыган базар экономикасынын механизминин калыптанышына көмөктөшөт;

• ***улуттук өнөржайдагы жаңы түзүлгөн тармактарга көмөк көрсөтүү.*** Мында базар мамилелеринин талабына ылайык тармактарга инвестицияны билгичтик менен тартуу аркылуу иш жүргүзүү.

Ал эми экономикалык биригүү болсо төмөнкү негизги факторлордун нугунда аныкталат: өндүрүштү интернационалдаштыруу жана эларалык монополияларды түзүү; эмгекти эларалык бөлүштүрүү структурасындагы өсүштү күчөтүү; илимий – техникалык, технологиялык процесстин жетишкендиктерин учурунда пайдалануу; улуттук ачык экономиканы калыптандыруу жана эркин сооданы өркүндөтүү.

Дүйнө жүзүндөгү аймактарда ыкчам жүргүзүлүп жаткан интеграциялык жагдайлары негизинен бири экинчисине окшош. Себеби алар базар экономикасынын объективдүү таасирине ылайыктанып калыптанат. Ошондуктан Европа, Түндүк Америка, Түштүк – Чыгыш Азия ж.б. аймактарда интеграция процесси акыры шериктеш өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык тыгыз байланыштар улуттук чарбанын органикалык элементинен акырындык менен бирдиктүү чарбалык тутумдун бөлүгүнө айланууну көздөйт. Дүйнөлүк деңгээлде караганда азыр Европалык Союз (ЕС), эркин соода жөнүндөгү Түндүк Америка Макулдашуусу (НАФТА) жана Азия – Тынч океан экономикалык кызматташтык коому (АТЭС) ири аймактык топтор болуп эсептелет. Бул топтордун ар тараптуу экономикалык кызматташуусу азыркы дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип, аны түп тамырынан бери өзгөртүп жатат. Анткени, булар азыр дүйнөлүк деңгээлдеги ири өнөр жай өндүрүшүнүн уюгуна айланган. Мисалы, ЕС азыркы учурда дүйнөлүк сооданын ири региону катары эсептелип, анын дүйнөлүк соодадагы үлүшү 42 % ээлейт. Анын үстүнө эларалык деңгээлдеги товар сатуунун жарымынан көбү азыр ушул топтун аймагында жүрүп жатат. Ошондой эле соода боюнча ЕСнын ири тышкы өнөктөрү ага кирбеген Европа өлкөлөрү. болуп эсептелет. Ал эми бул топтун экспортунун 18 % АКШга тиешелүү, негизинен металлургия менен машина куруу продукциялары жөнөтүлөт.

Акыркы маалыматтарга ылайык НАФТАнын дүйнөлүк соодадагы үлүшү 20 %ти түзөт (анын 14 %тин АКШ ээлейт). Бул топтун учурдагы негизги өнөктөрү ЕС, Япония жана АТР болуп саналат. Ал эми АТЭСте дүйнөлүк калктын 40 %и жашайт, соодадагы үлүшү 45-46 %ти түзөт.

Жогоруда белгилегендей дүйнөлүк деңгээлдеги эң мыкты уюштурулган жана өнүккөн интеграциялык топ – Европалык Союз болуп саналат. Ага учурунда 6дан 15ке чейинки өлкө мүчө болуп, ал интеграциялык процесстин бардык негизги баскычтарын,

ооп-кыйыштыктарын басып өткөн. Бул учурунда үч (Көмүр жана болот боюнча Европа коому, Атом энергиясы боюнча, Европа коому жана Европа экономикалык коому) интеграциялык коомдун негизинде түзүлгөн. Ал эми 1992-жылы 7-февралда Нидерландыдагы Маастрихт шаарында Европалык Союз жөнүндөгү келишимге кол коюлуп, 1993-жылы 1-ноябрдан тартып күчүнө кирген. Бул союз өзүнүн өнүгүү жолунда төмөнкү негизги баскычтарды басып өткөн:

- эркин соода тилкеси (1958-1968-жылдары);
- бажы союзу (1968-1987-жылдары);
- жалпы базар (1987-1992-жылдары);
- экономикалык союз (1993-жылдан -азыркы мезгилге чейин).

Батыш Европанын көп өлкөлөрү кирген интеграциянын өзгөчөлүгү эң алды алардын экономикалык шарттарынын, саясий багыттарынын баштапкы баскычтарынын окшоштугу менен айырмаланат. Экономикалык интеграциянын эң башкы өзөгү – бирдиктүү ички базардын чогундусу болуп эсептелет. Бул аймактарда ар кандай бажылык же соода тоскоолдуктар алып ташталат да, мүчө катары кирген өлкөлөр бирдиктүү экономикалык аймакты калыптандыруу максатында өздөрү бул базарды калыптандырууга, өнүктүрүүгө түздөн – түз катышат. Бирдиктүү мындай базар алкагы төмөнкүдөй төрт эркин мамиленин негизинде өнүгөт: товарларды, калкты, кызмат көрсөтүүнү жана капиталды эркин сатуу жана сатып алуу. Биринчи кезекте бул өндүрүштүн эки негизги факторунун – капитал жана жумушчу күчүнүн эркин жана тоскоолдуксуз өз потенциалын өнүктүрө албагандыгы. Жумушчулар кайсы жерде жумушчу күчү жетишпесе, кымбат бааланса ошол жерге барып иштөөгө укуктуу. Ал эми бул биримдикке кирген өлкөлөрдүн фирмалары өзү каалаган жерге барып ишкана куруп, продукция өндүрүп, сатууга жана сатып алууга укуктуу.

Европалык Союз жөнүндөгү келишимдин 9-37-статьясына ылайык бажы союзунун аймагындагы товарлар эркин жүгүртүлөт. Ички базарды калыптандыруудагы алгачкы кадам экспорт-импорт операцияларындагы бажы төлөмдөрүн толугу менен алып салуудан башталган эле.

Айтмакчы, 1968-жылы алгач алты өлкө бардык жердеги бажы тоскоолдуктарын толук алып салган. Ал эми кийин кошулган өлкөлөр тез аранын ичинде эле жалпы базар талабына ылайыкташып, бажы төлөмдөрүн алып таштаган.

ИНВ № 900840

Азыркы учурда салык салуу зарылчылык сакталып, 1993-жылы 1-январда чек арадагы текшерүү декларациясы менен алмаштырылган эле. Кийин 1996-жылдан баштап товар кайсы өлкөдө өндүрүлгөн болсо, ошол мамлекетте кошумча наркка салык салына баштаган. Бул өз кезегинде декларация толтурууга көп убакыт талап кылган убаралуу жумуштан кутулууга мүмкүнчүлүк берген. Ал эми мүчө өлкөлөр үчүн кошумча наркка карата салыктын бирдей өлчөмү белгиленет.

Жумушчу күчүн пайдалануу боюнча тиешелүү жеңилдиктер мурдагы бойдон сакталган. Мында ишкерлердин ар кыл аракетине да эч кандай чектөөлөр коюлбайт. Алар өзүнүн жеке ишин союзга кирген өлкөлөрдүн аймагында уюштурууга толук акысы бар.

Бирдиктүү базарды түзүүдөгү маанилүү фактор капиталдын эркин жүгүртүлүшү жана төлөө системасынын либерализациясы ЕС жөнүндөгү келишимдин 67-73-статьяларында каралган.

ЕСнын башкы милдеттеринин бири бирдиктүү базардагы эркин атаандаштыкты түзүү болуп саналат. Мисалы, атаандаштыкты чектөө үчүн ишканалардын өз алдынча келишим түзүүсүнө тыюу салынат. Ошондой эле кээ бир фирмаларга же өнөржай тармактарына мамлекеттин жардам берүүсү каралбайт. Бирдиктүү базар эрежелеринин аткарылышына тиешелүү комиссия үстүртөдөн көз салып, эрежени бузгандарга тиешелүү чара көрүлөт.

Ал эми 20-кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымында Азия-Тынч Океан экономикалык кызматташтыгынын иш аракеттери ыкчамдатыла баштаган. АТЭСке азыр 21 өлкө кирет. Буга кирген өлкөлөрдүн бардыгы Тынч океандын батыш же чыгыш жээктеринде жайгашкан. Азыркы мезгилде бул өлкөлөрдүн товар жүгүртүүсү дүйнөлүк сооданын 55 %ин ээлейт.

Бул региондо бир топ мамлекеттер аралык келишимдер түзүлүп, союздар иштей баштаган. Алардын ичинен көлөмү чоңураагы Түндүк Америка эркин соода тилкеси жөнүндөгү макулдашуу (НАФТА), АСЕАН эркин соода тилкесин түзүү жөнүндөгү келишим (АФТА), АТЭС катышуучуларынын ортосундагы эки тараптуу жана көп жактуу макулдашуулар болуп эсептелет. Мисалы, Австралия менен Жаңы Зеландиянын тыгыз экономикалык мамилелери жөнүндөгү макулдашуусу, Түштүк Кытай – Гонконг жана Кытай – Тайвань "өнүгүү тилкесин" түзүү, Индонезия – Малайзия – Сингапур "өнүгүүнүн үчилтиги", Чили жана Мексиканын,

Канада жана Чилинин ортосундагы эркин соода жөнүндөгү макулдашуулар ж.б. Булардын бардыгы АТЭС географиялык мейкиндигинде аракеттенишет, бирок АТЭС менен формалдуу түрдө байланышы жок (АТЭС форуму мындай келишим түзгөнгө акысы жок). Ошол эле учурда бул келишимге катышкан өлкөлөр жана аймактар бир эле мезгилде АТЭСтин да өкүлдөрү болгондуктан, форумдун ишкердигине өз салымын кошот.

АКШ, Канада жана Мексиканын ортосунда 1994-жылы Түндүк Америка эркин соода зонасын калыптандыруу боюнча келишим түзүлүп иштей баштаган. НАФТАнын биринчи баскычы 1988-жылы уюштурулуп, АКШ менен Канаданын ортосундагы эркин соода жөнүндөгү макулдашуусунун негизин түзгөн. Буга Мексика 1993-жылы кошулган. Коомдун негизги максаты региондун соода-экономикалык өнүгүүсүндөгү тоскоолдуктарды алып салуу, эркин атаандыштыкты колдоо, инвестицияларды алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, интеллектуалдуу менчикке керектүү колдоо көрсөтүү, макулдашуунун аткарылышына жана чыр чатакты чечүүгө укуктук кепилдикти түзүү, үч өлкөнүн ортосундагы аймактык кызматташуунун структурасын калыптандыруу болуп эсептелет.

НАФТА уюмунун ичинде товарлардын негизги эки тобу аныкталган. Биринчи топко импорту тарифтик эмес чектөөлөргө кирбеген товарлар чегерилет. Ал эми экинчи топко болсо импорту тарифтик эмес чектөөлөргө кирген товарлар камтылган. Уюмдун катышуучулары бири-бири менен соода кылганда өзгөчүлүктөрдүн бар экендигин баса белгилешет. Ошол эле учурда НАФТАнын ичинде бир топ эки тараптуу макулдашуулар товарлардын кээ бир түрлөрү боюнча (автомобилдер, кийим – кечектер, телекоммуникация жабдуулары, айыл чарба продуктулары) түзүлгөн. НАФТАга кирген өлкөлөр ички региондук соодага карата өтө көзкаранды. Алсак импорттун 30 % НАФТАнын башка өлкөлөрүнөн келет. Бул өлкөлөрдүн экспортунун 70 % АТЭС өлкөлөрүнө багытталып, импортунун 70 %ин да АТЭС өлкөлөрүнөн алат.

НАФТА түзүлгөндөн кийинки алгачкы жылдары ага кирген өлкөлөрдүн тышкы соодасынын көлөмү бир топ жогорулаган. Экспорттун басымдуу бөлүгүн АСЕАН өлкөлөрүнө, Гонконг, Тайвань, Австралия жана Жаңы Зеландияга жөнөтөт. Ал эми АСЕАН эркин соода тилкесин калыптандыруу жөнүндөгү макулдашуу 1992-

жылы түзүлүп, бир жылдан кийин ишке кирген. Индонезия, Малайзия, Сингапур, Таиланд, Филиппин, Бруней, Вьетнам, Лаос жана Мьянма өлкөлөрү ага мүчө болуп эсептелет. Бул уюмду түзүү менен Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү региондук коопсуздук жана саясый мамилелерин жөнгө салып, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүн өркүндөтүүнү көздөшкөн.

АФТАны түзүү боюнча алгачкы кадам 1977-жылы башталган. АСЕАН өлкөлөрү менен соода жүргүзүү нугунда алгачкы макулдашуулар жүргүзүлүп, өз ара соода маселесине тоскоол болгон тарифтик эмес чараларды 5 жылдык мөөнөткө алып салуу киргизилген. 1992-жылы бул өлкөлөр АСЕАН эркин соода тилкесин 15 жылдык мөөнөткө түзүү боюнча макулдашышкан. АФТАны түзүү үчүн АСЕАН өлкөлөрүнүн бардык катышуучулары региондук базар алкагына чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, чет өлкөлүк түз инвестицияларды регионго алып келип, АСЕАНдын аброюн жогорулатат деген тыянакка келишкен. Буга жетүүгө 5% тик тарифтерди кыскартуу жана тарифке кирбеген тоскоолдуктарды жоюу менен жетүүгө болот. 1993-жылы Уругвайдагы ГАТТ боюнча сүйлөшүүлөрдүн, андан кийин 1994-жылы АТЭС катышуучуларынын 2010-2020-жылдар соода жана инвестицияны АТЭС регионунда жүргүзүүгө даяр экендигинин негизинде АФТАны түзүү бир топ тездетилген. 1992-жылы АСЕАН өлкөлөрү АФТАны 15 жылдан кийин эмес, 10 жылдан кийин киргизүү боюнча макулдашып, кызмат көрсөтүү, интеллектуалдык жөндөмдүүлүк, инвестиция маселелери киргизилген.

АСЕАН өлкөлөрү АФТАны түзүүнү тездетүүгө милдеттенме алышып, тарифтик эмес тоскоолдуктарды алып салуу, тарифтик номенклатураны ишке ашыруу, АФТАнын башка топтор менен (ЕС, НАФТА ж.б.) экономикалык кызматташтыгын бекемдөө боюнча пландарды даярдашкан. Булардын бардыгы АСЕАН өлкөлөрүнүн дүйнөлүк соодадагы өзгөрүүлөргө карата башкы багытын айкындайт.

Улуттук экономиканын жана алардын бири- бири менен чарбалык мамилелеринин, башкача айтканда экономикалык мамилелердин жыйындысынын уңгусун түзгөн дүйнөлүк чарбанын азыркы интеграция процессиндеги мааниси өтө олуттуу болуп эсептелет. Дүйнөлүк чарба узакка созулган тарыхый өнүгүүнүн натыйжасында 20-кылымдын башында калыптана баштаган. Буга чейин ар кайсы өлкөлөрдүн ортосунда соода-сатык иши менен эле чектелип келген.

Бирок кийинчерээк кээ бир товарлар өзгөчө кымбат баалуу материалдар, буюмдар, минералдык сырьенун кээ бир түрлөрү эларалык товар алмашууда кеңири керектеле баштаган.

Өзгөчө натуралдык чарбадан товардык-акчалай мамилеге өтүү эларалык сооданын кеңейтилишине зор түрткү берип, улуттук чарбалардын ортосунда өндүрүш байланыштары бекемделе баштаган. Бул жерде эң негизгиси ири өнөр жай борборлорун куруу болгон. Мындай борборлордун калыптанышы эларалык экономикалык мамилелерге олуттуу оң таасирин тийгизген. Бул мезгил шарттуу түрдө дүйнөлүк чарбанын калыптанышынын алгачкы баскычы катары эсептелет.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин дүйнөлүк чарбанын өз алдынча эки тизмегинин (дүйнөлүк капиталисттик чарба жана дүйнөлүк социалисттик чарба) пайда болушу – дүйнөлүк чарбанын өнүгүүсүнүн экинчи баскычын түзөт. Бирок тажрыйба көрсөткөндөй, бул жасалма көрүнүш болгон. Эки системанын айырмасы алардын өнүгүү деңгээлинде гана болуп калган. Жалпысынан алганда мамлекеттер орточо өнүккөн жана артта калган өлкөлөргө ажыраган. Дүйнөлүк чарбаны бөлүүнүн башкы себеби субъективдүү факторлорго, башкача айтканда саясатка, идеология жана догматизмге негизделген. Эларалык экономикалык мамилелердин жаңы концепциясынын мааниси ушундан калыптанат.

Интеграция процессинде учурунда базар структурасынын жетишсиздиги тоскоол болгон. Азыр мурдагы социалисттик тизмектеги көпчүлүк өлкөлөрдө, анын ичинде КМШ мамлекеттеттеринде да бири-бирине байланыштуу көптөгөн экономикалык келишпестиктер бар. Себеби бир тизмекте, окшош шартта жашоо жана иштөө мүмкүн эмес. Чындыгында, социалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы оош-кыйыштыктарды, карама-каршылыктарды чечүүнүн туура механизмин өз учурунда иштеп чыгуу керек эле. Бул түзүлгөн абалдын дагы бир жагдайын белгилей кетүү зарыл. Ошол өлкөлөр социализмге өтүү мезгилинде индустриялык-өнүгүү абалы тиешелүү деңгээлге жете элек болчу. Дагы бир себеби, бул өлкөлөрдүн жүргүзгөн экономикалык саясатына тыгыз байланыштуу. Практика көрсөткөндөй ошол учурда чыныгы, иштиктүү жалпы базар калыптанбастан, коомдук институттар элдин кызыкчылыгынын негизинде эмес саясый жана үгүттүк кызыкчылыктын негизинде түзүлгөн.

Мындай шартта экономиканы эларалык деңгээлге жеткирүү мүмкүн эмес эле. Анткени алар юридикалык жана экономикалык факторлорго таянган эмес. Биринчи кезекте ишканалар өз алдынча ишкердүүлүгүн жүргүзө алышпай, аларга башка өлкөлөр менен байланышып, өз алдынча кээ бир маселелерди чечүүгө толук мүмкүнчүлүк берилбеген. Ушунун кесепетинен улам мындай тутумда азыркы базар экономикасындагыдай өзүнүн артыкчылыгын көрсөтө алган жок. Ошондуктан азыр, дүйнөлүк социалисттик система ыдырагандан кийин, кээ бир мурдагы социалисттик өлкөлөрдө экономиканын өнүгүүсү кыйла төмөндөп, калктын жашоо деңгээли начарлоодо. Ошол эле учурда Кытай Эл Республикасы базар экономикасынын механизмин туура пайдалануу менен мыкты өнүгүп жатат.

Окумуштуу-экономисттер бул маселе боюнча учурунда далай талдоолорду жүргүзгөн. Биз төмөндө ушуга токтоло кетмекпиз. Изилдөөгө 17 өлкө катышып, анын ону КМШ өлкөлөрү, жетиси мурдагы социалисттик нуктагылар болгон. Улуттук дүң продукциянын (УДП) өсүшү боюнча 4 топко бөлүнүп, биринчи орунду Кытай Эл Республикасы ээлеген. Анын жылдык өсүү темпи 14 %ти түзгөн. Бул көрсөткүч кыйла жогору, себеби ошол учурда Япония жана ГФР өлкөлөрүндө 3-4 % болсо, АКШ ж.б. өнүккөн өлкөлөрдө 2-3 %ти камтыган.

Кытайдын өнүгүү моделинин өзгөчөлүгү - алар социализм идеясынан баш тартпай, бирок ошол эле мезгилде базар мамилелеринин тиешелүү элементтерин, өзгөчө көп тармактуу экономиканын элементтерин ийгиликтүү колдонушкан. Ошонун натыйжасында, көп жылдардан бери Кытайда улуттук кирешенин өсүшү эң жогорку деңгээлде келе жатат.

Бул өлкөдө реформа эң алды менен кадрларды даярдоодон башталган. Жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган жаштарды 2-3 жылга Европага, Америкага, Японияга, Сингапур, Гонконгго коммерция маселелери боюнча фирма жетекчисинин орун басары катары стажировкадан өтүп келүүгө жиберишкен. Алар келгенден кийин өздөрү ошол фирмалар менен биргелешкен фирмаларды түзүп, аны жетектеген. Ошентип, жаңы жумушчу орундар түзүлгөн да, Кытай өкмөтү аларга мамлекеттик жеңилдетилген кредиттерди берип, ар тараптуу жардам көрсөтүшкөн. Аларга дүйнөнүн башка бөлүгүндө жашаган миллионер-кытайлар да жардамын аябайт.

Мурдагы социалисттик системадагы өлкөлөрдөн өнүгүшү боюнча Польша экинчи орунду ээлейт. Бул өлкөдө калктын жашоо деңгээли бир топ жогору. Иликтенген он жети өлкөнүн ичинде ушул эки өлкө гана мыкты көрсөткүчкө ээ. Калган он беш мамлекетте болсо, өндүрүштүн көлөмү кескин төмөндөп кеткен.

Экинчи топко жети өлкө: Өзбекстан, Беларусь, Венгрия ж.б. кирген. Булардын ичинен Өзбекстан базар мамилелерине өтүүдө өзүнүн өзгөчө моделин колдонууда.

Үчүнчү топко Россия, Украина, Казакстан жана Кыргызстан сыяктуу өлкөлөр кирген. Тилекке каршы биздин өлкө 17 өлкөнүн ичинен 13-орунду ээлеген. Бирок акыркы жылдары эларалык финансылык уюмдардын жардамы менен Кыргызстан өзүнүн экономикасын бир топ турукташтырууга жетише баштады.

Төртүнчү топко Азербайжан, Армения, Молдова, Грузия кирип, бул өлкөлөрдө акыркы учурдагы саясый кырдаалдын натыйжасында алардын экономикалык өнүгүү деңгээли эң төмөн экендиги белгиленген. Ырас, кийинки мезгилде Грузиянын экономикасы кыйла оңдолууда. Ошондуктан Кыргызстан эларалык экономикалык мамилелерге колдон келишинче аралашышы керек.

Жыйынтыктап айтканда дүйнөлүк деңгээлдеги экономикалык байланышты өнүктүрүү бир нече баскычты камтыйт да, ар кыл өлкөлөрдүн ортосунда карым-катышты, жалпы эле интеграция ишин күчөтүүгө олуттуу түрткү берет. Андыктан Кыргызстан экономикалык мамилелерин жакшыртып, эларалык экономикалык байланышын күчөтүүгө өз үлүшүн кошсо, натыйжада өлкөнүн экономикасы ыкчам өнүгөт.

## 1.2. Тышкы экономикалык байланышка таасир тийгизүүчү факторлор

Түрдүү өлкөлөрдүн жана алардын субъектилеринин экономикасындагы бардык тармактардын карым-катнашынын ар кыл формаларынын комплекстүү тизмеги тышкы экономикалык байланыштын түпкү уңгусун түзөт [13]. Тигил же бул өлкөнүн мындай субъектилерине жеке ишканалар, өзүн-өзү башкарууга ээ болгон аймактар, жеке ишкерлер ж.б. кирет.

Тышкы экономикалык байланыш тарыхый жана экономикалык категория болуп саналат. Анткени тышкы экономикалык байланыштар далай кылымдар бою топтолгон цивилизациянын

жетишкендиги катары эсептелип жана алар өлкөлөрдүн пайда болушу менен бирге калыптанып, аны менен бирге өнүгөт. Ал эми экономикалык категория катары тышкы экономикалык байланыштар өлкөлөр арасындагы түрдүү ресурстардын алмашуусунун негизинде пайда болгон экономикалык мамилелердин экономикалык тутумун түзөт. Бул эки тараптуу мамилелер өлкөнүн экономикасынын бардык тармактарын, тагыраак айтканда, өндүрүш, соода, инвестиция, финансылык ишкердүүлүгүн камтыйт.

Эл аралык деңгээлде калыптанган тышкы экономикалык байланыштын функцияларына төмөндөгүлөр кирет:

- жаратылыш ресурстарын жана эларалык деңгээлде алмашууну уюштуруу жана тейлөө;
- эмгекти эларалык бөлүштүрүүнүн продуктуларынын керектөө наркын эларалык деңгээлде кабыл алуу;
- эларалык акча алмашууну уюштуруу.


Тышкы экономикалык байланыштын биринчи функциясына токтолсок, ал эмгекти эларалык бөлүштүрүү процессинде өндүрүлгөн жаратылыш ресурстарын жана продуктуларды белгилүү керектөөчүгө жеткирет. Экинчи функциясында товардык-акчалай мамилелер аяктап, эмгекти эларалык бөлүштүрүүнүн продуктуларын акчага алмаштыруу жыйынтыкталып, аягында бул продуктунун керектөө наркы эларалык деңгээлде белгилүү болот. Үчүнчү функциясында ушул байланыштардын механизминин байланыштары менен эларалык ар түрдүү эсептешүүлөрдүн жүрүшүндө акчанын үзгүлтүксүз жүгүртүлүшүн камсыз кылат.

Азыркы дүйнөлүк система алкагында тышкы экономикалык байланыштар негизинен мамлекеттин улуттук кирешесин көбөйтүүнүн, чарба комплекстеринин чыгымдарынын экономикасынын жана илимий-техникалык прогрессти жогорулатуунун фактору катары каралат. Тышкы экономикалык байланыштын механизми аркылуу, дүйнөлүк базардагы товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон суроо-талап, тигил же бул өлкөнүн ички базарына которулат. Бул өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсүнө, ал өз кезегинде өнөр-жайдын, айыл чарбанын, соода, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жана финансы мекемелеринин өнүгүүсүнө болгон керектөөнү күчөтөт.

Тышкы экономикалык байланышты уюштуруунун жана башкаруунун натыйжалуулугу байланыштар классификациясына негизделет. Ал эми тышкы экономикалык байланыштардын классификациясы болсо, коюлган максатка жетүү үчүн бул байланыштарды айрым белгилери

боюнча белгилүү топторго бөлүү дегенди түшүндүрөт. Тышкы экономикалык байланыштардын классификациялык системасы байланыш түрлөрүнөн жана формасынан турат.

Тышкы экономикалык байланыштын түрү, мисалы, товардын сатылышына жана структуралык белгисине багытталган. Товардын агымына багытталган белги бир өлкөдөн башка өлкөгө товардын кыймылын көрсөтөт, башкача айтканда өлкөдөн ташылып чыгарылган товар менен ошол өлкөгө ташылып келинген товарды чагылдырат. Ушул белгисине карай тышкы экономикалык байланыш экспортко жана импортко бөлүнөт. Байланыштын белгилүү бир түрүн ишке ашыруу ыкмасы тышкы экономикалык байланыштын формасы болуп саналат. Бул формага: соода, бартер, туризм, инжиниринг, реинжиниринг, франчайзинг, ноу-хау, лизинг, кооперация ж.б. кирет (1-сүрөттү караңыз) [13].




1-сүрөт. Тышкы экономикалык байланыштардын классификациясы.

Жогорудагы схемадан көрсөтүлгөндөй тышкы экономикалык байланыштар товар жүгүртүү боюнча экиге, тагыраак айтканда экспортко жана импортко бөлүнөт.

**ЭКСПОРТ** (англисче export, латынча exportare- ташып чыгаруу) – эларалык базарда сатуу үчүн товарды, капиталды бир өлкөдөн экинчисине алып чыгуу. Экспорт төмөндөгүдөй болуп ажыратылат: товарларды, буюмдарды, чийки заттарды, техникалык каражаттарды ташып чыгаруу; чет элдик өнөккө көрсөтүлүүчү өндүрүштүк нуктагы тейлөөлөр; капитал экспорту – капиталды чет өлкөгө акча же товар түрүндө жайгаштыруу жана аны тейлөө (ошонун ичинде патент, лицензия, «ноу-хау» формасында) аркылуу туруктуу пайда алып туруу укугун берет. Ошондой эле экспорттун бир канча түрлөрү кездешет:

**Көмүскө экспорт** – жүргүнчү жана жүктү экинчи өлкө аркылуу кийинкисине ташып жеткирүү. Камсыздандыруу жана кредиттик операциялар, чет элдик туризм ж.б. боюнча транспорт менен тейлөөлөрдү ишке ашыруудан түшкөн төлөмдөрдүн эсебинен калыптанат. Экспорт базар мамилелери өнүккөн шарттарда эларалык экономикалык кызматташтыктын жана эмгекти бөлүштүрүүнүн негизги формасы болуп саналат да, импорттун материалдык зарыл шарты болуп эсептелет. Экспорттук жана импорттук карым –катнаштар өзара тыгыз байланышта, ошону менен бирге тышкы сооданын жыйынтыгын баалоого мүмкүндүк берет.

**Инфляция экспорту** – экономикалык карым-катнаштардын негизинде жана акча, баа аркылуу келип чыккан инфляциянын бир өлкөдөн экинчи өлкөгө таратылышы.

**Капитал экспорту** – пайда алууну көбөйтүү, экономикалык жана саясий нугун бекемдөө жана үстөмдүк кылуу чөйрөсүн кеңейтүү максатында акча же товардык формада ишке ашырылуучу чет мамлекетке капитал чыгаруу, жайгаштыруу.

**Байкалбаган экспорт** – өлкөнүн эларалык эсеп-кысабынын балансында камтылуучу тейлөө экспорту жана финансы каражаттары. Буларга негизинен товарларды жеткирип – тапшыруу наркы, банктык тейлөөлөр, роялти, камсыздандыруу кирешеси, рента, банктык пайыздар, дивиденддер, туристтердин чыгымдары кошулат.

**Товар экспорту** – бир өлкөдөн экинчисине товардын ар кыл түрлөрүн чыгаруу процесси. Товарларды тышка чыгаруу дүйнөлүк

сооданын, жалпы эле экономика тармактарынын өнүгүшүнө олуттуу салымын кошот. Эларалык деңгээлдеги тажрыйба көрсөткөндөй, экономикасы канчалык мыкты өнүксө, ошончолук сапаттуу товарларды сыртка көбүрөөк чыгарып акча каражатын арбын табат. Бирок, экспортко чыгарылуучу товардын жана тейлөө ишинин түпкү өзөгү ошол өлкөнүн жаратылыш ресурстарына, аны пайдалануу деңгээлине, экономика тармактарынын өнүгүү өзгөчөлүгүнө, келечегине тыгыз байланыштуу келет. Мисалы, Европанын айрым өнүккөн өлкөлөрү чыгарган товарларынын 85-90 %тин экспортко жөнөтүп турат.

Илим менен техниканын өнүгүшүнө, калктын өсүшүнө байланыштуу экспорттолуучу товарлардын көлөмү, түрү өзгөрүлүп турат. Экспорттолуучу товарга техникалык жабдуулар, даяр товарлар, чийки заттар, продуктулар, чала фабрикаттар ж.б. кирет; алар чет өлкөлөргө кайра иштетүү, курапттыруу, оңдоо максатында, кийин улуттук экономика нугунда кайра өркүндөтүлгөн товар түрүндө андан ары пайдалануу үчүн алынып келинет. Башка өлкөлөргө өркүндөтүүгө жана оңдоого жөнөтүлгөн товарлар адатта чет мамлекеттин экономикасынын мүлкү болуп саналбайт да, ошол өлкөнүн жалпы импорт алкагын өркүндөтүү боюнча жумуштардын наркы гана кошулат. Ал эми аткарылган иштин наркы өлкөнүн – заказчынын экспорт үлүшүнө кошулуп кетет.

**Реэкспорт** (латынча re – сөз уңгусунун алдына жалгануучу мүчө, жаңылануу же кыймылдын кайталанышы дегенди билдирет жана экспорт – кайра тышка ташып чыгаруу) – мурда башка өлкөлөрдөн импорттолгон, адатта кайра иштетилбеген товарларды (көбүнчө чийки заттар) кайра сатуу. Реэкспорт ич ара төмөндөгүчө ажыратылат: өлкөгө ташылып келинген (түздөн-түз реэкспорт) жана ташылып келинбеген (кыйыр реэкспорт), б.а. өлкөнүн тышкы соода уюмдары (ишканалары, ортомчулары, ж.б.) тарабынан чет өлкөлөрдөн сатып алынган товарлар түздөн-түз үчүнчү өлкөгө жөнөтүлөт. Чет өлкөлөргө убактылуу алынып барган товарлар, (мисалы, жарманкеге, көргөзмөлөргө ж.б.) жана андан кийин үчүнчү өлкөгө сатылган товарлар – реэкспортко кирбейт.

**Импорт** (англисче import – тартып киргизүү, сырттан алып келүү) – өлкөнүн ички базарында сатуу (пайдалануу) үчүн товарлар,

тейлөөлөр, баалуу кагаздар ж.б. материалдык баалуулуктарды чет өлкөлөрдөн ташып келүү; ошол өлкөнүн товар жана тейлөө алуу боюнча башка өлкөлөрдө жүргүзүлгөн жеке жана юридикалык жактардын чыгымдары. Анын структурасы ар кандай өлкөлөрдүн табигый шарттарынын өзгөчөлүктөрүнө экономикасынын өнүгүшү жана эмгектин эларалык бөлүнүшүндөгү ролу менен аныкталат. Тигил же бул өлкө табигый шартынын өзгөчөлүгүнө карата аймагында жок кен байлыкты (мунай, газ, темир, көмүр ж.б.), айыл чарбалык чийки заттарды жана азык-түлүктүн айрым түрлөрүн импорттойт. Эларалык тажрыйбага ылайык өнөржайы өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгү мыкты машиналарды жана жабдууларды алуу жагынан импорт үлүшүн бир азга көбөйтүшсө, ал эми өнүгүп келе жаткан көп өлкөлөр машина жана жабдууларды ташып келүү менен экономикасында өнөржай тармактарынын үлүшүн көбөйтөт, ошол эле учурда айыл чарбасы артта калгандыктан бир топ азык-түлүк товарлары ташылып келинип, ишканалардын технологиялык процесстерин жаңылоого туура келет.

**Реимпорт** (re…..жана англисче import – кайра ташып келүү) – чет өлкөлөрдөн иштетилбеген ата мекендик товарларды сатып алуу жана кайра ташып келүү. Буларга аукциондо сатылбай калган, консигнациялык кампалардан кайтарылган, жараксыз деп табылган ж.б. товарлар кирет. Чет өлкөлөрдөгү көргөзмө, жарманкеге ж.б. убактылуу ташылып чыгарылып, кайрадан алынып келинген ата – мекендик товарлар реимпортко кошулбайт [12].

Тышкы экономикалык байланыш, улуттук экономиканы өнүктүрүүнүн активдүү элементи болуп саналат. Аны натыйжалуу пайдалануу үчүн улуттук экономиканын дүйнөлүк базарга кирүүсүн жөнгө салуучу механизмдин болушу талап кылынат. Бул үчүн тышкы экономикалык байланыш факторлорун иликтөөнүн зарылчылыгы келип чыгат. Аларга төмөндөгүлөр кирет:

***Биринчи фактор***. Ар бир өлкөнүн климаттык жана географиялык шарттарынын өзгөчөлүгү. Өндүрүштүн өнүгүүсү, чарбанын жаңы тармактарынын пайда болуусу менен сырьего, материалга жана күйүүчү майга болгон суроо-талап кескин жогорулап, бирок кээ бир өлкөлөрдө мындай жаратылыш

ресурстары чектелүү болгондуктан, башка өлкөлөрдөн сатып алууга мажбур болушу.

Ырас, илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшү менен сырьену үнөмдүү пайдаланууга, синтездик материалдарды кеңири керектөөгө шарт түзүп, натыйжада өнүккөн өлкөлөрдүн сырттан сырье сатып алуусун кыскартууга көмөк көрсөткөн. Бирок экономикада жаңы тармактардын пайда болушу менен кийинки мезгилде сырьенун кээ бир түрлөрүнө, айрыкча түстүү жана сейрек кездешүүчү металл, мунай зат, газ жана башкаларга болгон импорттун көлөмү жогорулоодо. Мындай абал Батыш Европа өлкөлөрүндө, Америкада, Японияда кеңири байкалат. Отун-энергетикалык балансынын өзгөрүүсү менен Батыш Европа өлкөлөрүнүн Чыгыш өлкөлөрдөн нефть сатып алуусу көбөйгөн.

***Экинчи фактор.*** Машина куруу өнөржайын интенсивдештирүү. Анын өнүгүүсү эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүчү өндүрүштү адистештирүүгө байланыштуу. Бир өлкөгө машина менен жабдуулардын белгилүү бир түрү аз санда керектелет, бирок аларды массалык түрдө өндүрүү өтө натыйжалуу болот. Бул бир продуктунун түрүн ички базарга эле эмес, тышкы базар үчүн өндүрүүгө багытталган ири ишкананы калыптандырууга алып келет.

***Үчүнчү фактор.*** Илимий-техникалык прогресс. Бул экономика фактор канчалык өнүккөн сайын, өлкөнүн тышкы байланышка болгон көзкарандылыгы ошончолук өсө берет. Жаңы продуктуну түзүү үчүн илимий изилдөө иштерине кеткен чыгымдар көбөйөт да, ошол эле мезгилде ишкананын көлөмү жана өндүрүлгөн продуктулардын түрлөрү да арбыйт. Кээ бир өлкөлөр, мисалы, АКШ тышкы экономикалык байланыштан көзкарандылыгы өтө төмөнкү деңгээлде. Себеби бул өлкө керек товарларынын бардык түрүн өзү өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Ал эми өлкө канчалык чакан болсо, өндүрүштүн тармактарын жайылтууга мүмкүнчүлүгү ошончолук аз болот да, алар товардын көп түрүн импорттоого туура келет.

Тышкы базар өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан үчүн да олуттуу ролду ээлейт, себеби булардын көпчүлүгүнүн ички базары башкаларга салыштырмалуу кыйла чектелүү.

Жогорудагы белгиленген тышкы экономикалык байланыш факторлору биздин республикага да түздөн-түз тиешелүү. Бирок, бир аз айырмалары дагы бар. Анткени Кыргыз Республикасынын экономикасында көптөгөн өзгөрүүлөр болуп жатат. Мурда, Советтер Союзунда теория жүзүндө тышкы экономикалык байланышты өндүрүштү өнүктүрүүнүн башкы фактору катары карап, бирок практикада бул пайдаланылган эмес. Көптөгөн кыйынчылыктарга карабай, Советтик бийлик учурунда Кыргызстан тышкы экономикалык байланышка белгилүү өлчөмдө катышып турган [42]. Алсак,1959-жылы Кыргызстан продукциясын 19 өлкөгө, 1962-жылы 29 өлкөгө, 1967-жылы 49 өлкөгө, 90-жылдары 64 өлкөгө, ал эми азыркы мезгилде 80ден ашык өлкөгө экспорттойт.




2- сүрөт. Эмгекти эларалык бөлүштүрүүнү өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлордун схемасы

Эларалык экономикалык мамилелерди жөнгө салууда мамлекеттин илимий жактан негизделүүчү тышкы экономикалык саясаты орчундуу орунду ээлейт. Тышкы экономикалык саясат-эларалык экономикалык мамилелерди өркүндөтүүгө мамлекет тарабынан жасалган иш чаралардын жыйындысын камтыйт.

Тышкы экономикалык саясат өлкөнүн ички экономикалык саясаты менен тыгыз байланышта болот. Тышкы экономикалык саясаттын негизги максаты өлкө ичиндеги өндүрүштү кеңейтүү жана тышкы экономикалык ыңгайлуу шарттарды түзүү болуп эсептелет. Негизинен алганда бардык эле өлкөлөр үчүн тышкы экономикалык саясаттын максаты бирдей. Бирок, тышкы экономикалык саясаттын түзүлүшүнө дүйнөлүк экономикадагы жана эларалык экономикалык мамилелердеги өзгөрүүлөр, дүйнөлүк базардагы атаандаштыктын курчушу, акча каражаттарынын туруксуздугу, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ири суммадагы карызы тиешелүү таасирин тийгизет.

Бул факторлорго өлкө ичиндеги ар кыл маселелер да кошулат. Булардын бардыгы тышкы экономикалык саясатта эки тенденцияны: протекционизм жана либерализацияны пайда кылат. Протекционизм – ички базарды чет өлкөлүк атаандаштыктардан коргоого, тышкы базарларды ээлеп алууга багытталса, тескерисинче, либерализация бажы төлөмдөрүн ж.б. эларалык мамилелердин өнүгүүсүнө болгон тоскоолдуктарды алып салууга тыгыз байланыштуу. Протекционизм да, либерализация да өлкө ичиндеги экономикалык саясаттын өзгөрүүсүн чагылдырат жана эларалык эмгекти бөлүштүрүүдөгү, эларалык экономикалык мамилелердеги болуп жаткан өзгөрүүлөргө өлкөнүн жасаган аракетин да даана көрсөтүп турат.

Эларалык экономикалык мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу көптөгөн чаралардын жардамы менен ишке ашат (з-сүрөттү караңыз). Тышкы сооданы жөнгө салуунун эң негизги классикалык ыкмасы- бажы тарифтери. Ал өзүнүн түпкү нугу боюнча тышкы сооданы экономикалык жөнгө салуучу болуп эсептелет. Бажы тарифтери – товар импорттолгондо жана экспорттолгондо салынуучу бажы төлөмдөрүнүн системалык тизмеги катары эсептелип, бажы төлөмдөрү товар чек арадан өткөндөгү салынуучу салыктын функциясын аткарат.

**Тышкы экономикалык байланышты жөнгө салуу ыкмалары**

1 **Бажылык жөнгө салуу** - бажы тарифи жана бажы төлөму

2 **Тарифтик эмес жөнгө салуу** - импортту лицензиялоо, импортко квота, экспортту өз ыктыяры менен чектөө, компенсациялык жыйымдар, импорттук баанын минималдуу системасы; бажы талаптары, техникалык стандарттар жана нормалар, санитардык жана ветеринариялык нормалар, таңгактоо, маркировкага талап коюу ж.б.

3-сүрөт. Тышкы экономикалык байланышты жөнгө салуунун негизги куралдарынын чиймеси

Ошентип, бажы тарифи – улуттук товар чыгаруучуларды чет өлкөлүк атаандаштыктан коргоп, мамлекеттик тышкы сооданы жөнгө салучу аспап, ошондой эле мамлекеттик бюджетке түшкөн маанилүү булак болуп эсептелет.

Мындан сырткары, бажы тарифи улуттук товардын чет өлкөлүк базарга чыгуусуна ыңгайлуу шарт түзүү үчүн да пайдаланылат. Негизинен, бажы тарифи улуттук деңгээлде колдонулат. Бирок, кээде өлкөлөр соода-экономикалык топко биригишсе, анда бажы тарифи тышкы сооданы жөнгө салуучу жалпы аспап болуп саналып, бардык катышуучу өлкөлөр менен үчүнчү өлкөнүн соода байланышы үчүн бирдей бажы тарифи колдонулат. Чындыгында азыр өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө импортко болгон бажы төлөмдөрү дайыма өзгөрүп турат. Алар ар бир өлкөнүн экономикасындагы жана дүйнөлүк чарбадагы өзгөрүүлөргө тыгыз байланыштуу. Ошондуктан эки тараптуу жана көп тараптуу сүйлөшүүлөрдүн негизинде бажы төлөмдөрү төмөндөтүлөт.

Дүйнөлүк практикада тышкы сооданы жөнгө салуунун тарифтик эмес чаралары да колдонулат. Алардын импорттун жана экспорттун структурасына, көлөмүнө жана географиялык багытына тийгизген

таасири бажы тарифине караганда бир топ жогору. Тарифтик эмес чаралар өлкөнүн экономикалык саясатын жана азыркы соодасын камтыйт. Кээ бирлери тышкы сооданы жөнгө салууга түздөн-түз тиешеси жок, бирок тышкы соодага чоң таасир тийгизет.

Тарифтик эмес чаралар негизинен төмөндөгүдөй 3 категорияга бөлүнөт:

• тышкы соода чаралары. Бул улуттук өндүрүүчүлөрдүн кээ бир тармактарын коргоо максатында импортту чектөөгө багытталган.

• тышкы сооданы чектөөгө түздөн-түз тиешелүү эмес чаралар.

• импортту чектөөгө да, экспортту кызыктырууга да анча тиешелүү эмес чаралар.

Экспортту жана импортту түздөн түз жөнгө салуунун негизин лицензия жана квота ээлейт. Бардык өлкөлөр анын ичинде Кыргызстан да бул тарифтик эмес чараларды колдонот. Мындай тутумдардын иш аракети мамлекеттин кызыкчылыгын камсыз кылууга багытталган.

Кыргызстан азыр экспортту өнүктүрүү боюнча өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасын ар тараптуу иликтеп, үйрөнүүсү өтө зарыл болууда. Ансыз азыркы экономикалык оор абалдан чыгууга кыйынчылык туулуп жана карыздарды төлөй албай калышыбыз мүмкүн.

## 1.3. Экспортту өнүктүрүү формалары

Дүйнөлүк бай тажрыйбага ылайык, азыр экспортту өнүктүрүүнүн эларалык деңгээлде калыптанган төмөндөгүдөй бир нече формалары бар. Булар бардык өлкөнүн экспорт саясатында толук чагылдырылат. **Биринчи формасы** - экспортту мамлекеттик кредиттөө болуп эсептелет. Коммерциялык банктар менен катар Кыргыз өкмөтү экспортту пайызы төмөн ставкадагы кредит менен жабдуусу зарыл. Бул максатта көптөгөн өлкөлөрдө атайын мамлекеттик уюмдар, банктар жана фонддор түзүлгөн. Экспортту колдоонун **экинчи маанилүү формасы** - аны камсыздоо. Мамлекет тарабынан кепилдик берилгенден кийин коммерциялык банктар жеңилдетилген кредиттерди берет, эгер алар төлөй албай калса мамлекет кредитти кайтарууну өз мойнуна алат. **Үчүнчү формасы** - экспортчулар үчүн салыкка жеңилдик берүү. Көптөгөн өлкөлөрдө экспортчуларга киреше салыгына, ошондой эле башка салыктарга

жеңилдетилген ыкмалар колдонулат. **Төртүнчү формасы** – экспорту субсидиялоо. Бул көбүнчө экспортчу өз товарынын баасын бир топ төмөндөтүп жиберген учурда пайда болот. Мындай форма атаандаштык өтө күчөгөн секторлордо көп колдонулат. **Бешинчи формасы** - мамлекет тарабынан улуттук ишканаларга уюштуруучулук жана маалымдоо кызматын көрсөтүү. Буга көргөзмө, жарманке, фирманы соода - экономикалык маалымат менен камсыз кылуу жана башкалар кирет.

Тышкы экономикалык байланыш улуттук экономиканы өнүктүрүүнүн активдүү элементи болуп саналат. Аны натыйжалуу пайдалануу үчүн, улуттук экономиканын дүйнөлүк базарга кирүүсүн жөнгө салуучу динамикалык механизм болуш керек. Ал улуттук экономиканын талабын жана шартын гана эске албастан, дүйнөлүк базардагы абал жөнүндө толук маалымат берүүсү өтө зарыл.

Аймагы чакан жана калкынын саны аз өнүккөн өлкөлөр тышкы экономикалык байланышка көп жагынан көзкаранды. Себеби алар продукциянын бардык керектүү түрүн өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү жок. Мисалы, Нидерланды, Норвегия, Бельгия мамлекеттеринде УДПнын жарымынан көбүн экспорт түзөт. Ал эми АКШ тескерисинче тышкы байланышка салыштырмалуу көзкаранды эмес. Себеби бул өлкө аймагы, байлыгы жагынан башкалардан олуттуу айырмаланып, чарба комплекси ар тараптан өнүктүрүлүп жатат.

Тышкы экономикалык байланышта өлкөлөр өзүнүн продукциясынын тышкы базарларга сатуу эле эмес, кээ бир товарларды сырттан сатып алууга аргасыз болот. Өлкө канчалык кичине болсо, жогоруда белгиленгендей, анын мүмкүнчүлүгү да ошончолук ченелүү келет.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн тышкы базар негизги ролду ээлейт. Кыргызстан үчүн өндүрүш чыгымдары салыштырмалуу башка товарга караганда төмөн болгон товарды тышкы базарга сатуу жана өндүрүш чыгымы бизде жогору болгон товарды сатып алуу ыңгайлуу. Аймактын жаратылыш шарттары жана байлыктары өндүрүш чыгымдарынын деңгээлине таасирин тийгизүүчү негизги фактор болуп эсептелет.

Жогоруда белгиленген факторлор Кыргызстан үчүн да олуттуу мааниге ээ. Бирок аларда өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Себеби, биздин республика базар мамилесине өткөнүнө аз эле

убакыт болду. Мурда биздин өлкөнүн экономикасы административдик-командалык тизмектин нугунда өнүгүп, дүйнөлүк экономика алкагынан четте калып келген. Себеби тышкы базарга чыгуу укугу чектелүү эле.

Дүйнөлүк базар – өлкөлөр арасындагы товардык–акчалай мамилелердин туруктуу чөйрөсү катары эсептелет. Бул 9-10-кылымдарда, капитал топтоонун алгачкы мезгилинде эле пайда болуп, анын калыптануусу көпчүлүк өлкөлөрдө 19-20-кылымдарда аяктаган.

Биздин пикирибиз боюнча дүйнөлүк базардын улуттук базардан негизги өзгөчөлүгү катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

• эгер улуттук базарда товардын кыймылы экономикалык факторлор менен гана чектелсе, дүйнөлүк базарда мамлекет аралык чек ара жана эгемендүү өлкөлөрдүн тышкы экономикалык саясаты таасир этет.

• Дүйнөлүк базарда дүйнөлүк баа системасы иштейт.

• Дүйнөлүк чарбада товардын дүйнөлүк базары эле эмес, кызмат көрсөтүү да орун алган.

• Мамлекет ортосундагы атаандаштык. Кээ бир өлкөлөрдүн соода структурасы жана багыты алардын товарынын дүйнөлүк базардагы атандаштыгына кыйла көз каранды. Азыркы учурда дүйнөлүк базар ири ишканалардын ишкердүүлүк чөйрөсү болуп калууда. Кээде алар өз алдынча макулдашып, айрым товарды бөлүштүрүп жана аларга бааны каалагандай коюуга аракеттенишет. Өзгөчө мындай көрүнүш 20-кылымдын башында көп кездешкен. Андан кийин картельдерди, тресттерди түзүүгө каршы мыйзам чыккан. Бирок иш жүзүндө дагы эле ар түрдүү мамлекеттердин ири компаниялары базар алкагын бөлүштүрүү жана баа жөнүндө жашыруун келишим түзүп алган учурлар кездешет.

• Дагы бир өзгөчөлүк, улуттук базарга караганда дүйнөлүк базарды монополиялаштыруу мүмкүнчүлүгү кыйла төмөн. Дүйнөлүк базарда көп сандаган компаниялар атаандаштыкка катышып, алардын ичинде өз өлкөлөрүнө таянган улуттук ири компаниялар да болушу мүмкүн.

• Дүйнөлүк базардын олигополиялык структурасында, кээ бир продуктуну өндүрүү ар кайсы өлкөлөрдүн чакан топторуна таандык. Мындай структура компания аралык кызматташууга кыйла кызыгууну туудурат. Компаниялар дүйнөлүк базарда башка компания менен атаандашууну күчөтүү үчүн, бири экинчиси менен биригип, товар чыгарууда чогуу, бирдиктүү аракет кылышат.

• Дүйнөлүк базар эларалык жана мамлекет аралык соода ишин жөнгө салууну өркүндөтүү болуп эсептелет. Азыр жалпы соода уюмдары (мисалы, Тариф жана соода боюнча генералдык макулдашуу), аймактык бириккен экономикалык уюмдар (ЕС, ЕАСТ ж.б.) да бар. Булардын тынымсыз иш аракети учурунда дүйнөлүк соодага олутуу таасирин тийгизген эле.

Дүйнөлүк соода – Жер шарындагы бардык өлкөлөрдүн тышкы соодасынын жыйынтыгын айкындоочу эларалык деңгээлдеги товардык-акчалай мамилелер. Дүйнөлүк товар жүгүртүүнү эсептөөдө жалаң экспорттун көлөмү эске алынат. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин мамлекеттер арасындагы соода өтө тез өсө баштаган. Бул төмөндөгүдөй эки факторго тыгыз байланыштуу. Биринчи факторго дүйнөлүк экономиканын жалпы абалына таасир этүүчү факторлор кирет. Буга эң ириде илимий-техникалык прогресстин өнүгүү ылдамдыгынын жогорулашына учурдагы экономиканы мамлекеттик жөнгө салууну өнүктүрүү олуттуу таасир берген. Экинчи тобу болсо эларалык эмгекти бөлүштүрүүнү тереңдетүү жана түрдүү өлкөлөрдүн тышкы саясий ишкердүүлүгүн турукташтырууга байланыштуу. Бул мамлекет аралык сооданын өсүү ылдамдыгындагы негизги процесстер болуп калууда. Транс-улуттук корпорациялар, ар кайсы өлкөлөрдө жайгашкан ишканалар ортосунда адистештирүүнү жана бириктирүүнү өркүндөтүү менен өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнө шарт түзөт. Транс-улуттук корпорация үчүн тышкы соодадагы ар түрдүү чектөөлөрдү алып салуу – ал өлкө менен чет өлкөдөгү ишканалардын байланышынын өсүшүнө шарт түзөт. Өз учурунда, тышкы саясатты либералдаштыруу ачык экономикага өтүү эларалык товар алмашуунун өсүү фактору болуп эсептелет.

Айтмакчы Батыш Европадагы интеграция процесси учурунда ушул багытта өнүктүрүлгөн. ЕС жана ЕАСТга кирген өлкөлөрдүн ортосундагы сооданы чектөөнү алып салгандан кийин эки жактуу товар жүгүртүү тез өскөн.

Тышкы соода динамикасы азыр ар кайсы өлкөдө өтө түрдүүчө. Мисалы, 20 – кылымдын 70-80-жылдары ЕС жана Японияда соода иши өзгөчө тез өскөн. Ал эми Америкада болсо 1987-1988-жылдары гана экспортунун көлөмү көтөрүлгөндүгү байкалган. Согуштан кийинки жылдары дүйнөлүк экспорттун 1/3 бөлүгү АКШга тиешелүү болсо, азыр болсо 1/8 бөлүгү гана бул өлкөгө таандык. ГФРдин

экспорт көлөмү учурунда америкалык экспорттун өлчөмүнөн ашып кеткен. Батыш Европада жана Японияда азыр эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүү темпи АКШга караганда бир топ жогору.

Япония жана Батыш Европа компаниялары башка факторлордун таасири боюнча, негизинен продукциянын сапаты, илимий-техникалык жетишкендик деңгээли боюнча алдыда. Мисалы, Япония жеңил машина экспорттоо боюнча дүйнөдө эң башкы орунду ээлейт. Ал эми жалпы экспорттун 1/3 бөлүгү АКШга тиешелүү.

Дүйнөлүк сооданын динамикалуу жана интенсивдүү өнүккөн секторунун бири – кайра иштетүүчү ишканалар чыгарган продукцияларды алмашуу болуп эсептелет. Дүйнөлүк соода алкагында тармактардын ич ара адистешүүсүнөн машина куруу жана жабдуулардын ролу кийинки кезде бир топ жогорулап жатат.

Илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин кеңири пайдалануу кийинки мезгилде кызмат көрсөтүүнүн эларалык алмашуусуна олуттуу түрткү берүүдө. Буга биринчи кезекте илимий-техникалык, өндүрүштүк, коммерциялык жана каржы - кредиттик багыттар таандык. Кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорт жана импорт процесси (өзгөчө инжиниринг, лизинг, консалтинг, маалыматтык-эсептөөчү кызматтар) өндүрүштүк маанидеги товарлардын эларалык соодасына өбөлгө түзөт.

Жалпысынан азыркы учурда дүйнөлүк сооданын структурасында биринчи орунду машина куруу жана жабдуулар комплекси ээлейт. Булардын соода иши өтө тездик менен өсүүдө. Электротехникалык жана электрондук жабдуулардын экспорту да кыйла келечектүү.

Дүйнөлүк сооданын структурасында азыр экинчи орунду химия өнөржай продуктулары ээлейт. Бул тармактын ири өндүрүүчүлөрү жана экспортерлору ошол эле мезгилде ири импортерлору да болуп саналат. Мисалы, ГФР 44 млрд. долл. өлчөмүндө химия продукциясын экспорттоп, 24 млрд. долл. химикаттарды импорттогон, АКШ 33 млрд. долл. экспорттогон, ал эми 20 млрд. долл. импорттогон, Франция 24 млрд. долл. химия продукциясын экспорттогон, ал эми 20 млрд. долл. импорттогон. Бул маалымат өнүккөн ири өлкөлөрдө химия өнөржайында эмгекти бөлүштүрүү ойдогудай өнүккөндүгүн айгинелейт. Ошондуктан, биздин пикирибиз боюнча Кыргызстанда химия өнөржай ишканаларын өнүктүрүүнүн анчалык деле зарылдыгы

жок. Себеби, биздин аймак чакан жана тоолуу келип туризм индустриясын өнүктүрүүгө өтө ылайыктуу.

Дүйнөлүк сооданын структурасында үчүнчү орунду сырье сатуу ээлейт. Өнөржай өндүрүшүнүн тез өсүшү менен сырье да арбын керектелет. Бирок бул соода тармактын өсүшү дүйнөлүк сооданын жалпы өсүүсүнөн бир кыйла солгун. Анткени, өнөржай сырьелорун үнөмдөө жана кээ бир тармакта натуралай сырьенун ордуна синтездик сырье колдонуунун негизинде аны сатуу деңгээли төмөн.

Кыргызстан үчүн азыр айыл чарба сырьесун экспорттоо дүйнөлүк соодага аралашуунун негизги багыттарынын бири. Бирок мындай иш аракет республиканын жеңил өнөржай ишканаларын өнүктүрүүгө олуттуу зыян келтирет. Тилекке каршы, пахта, тамеки, тери, жүн жаңгак жыгачы чет өлкөлөргө далдалчы ишканалар аркылуу кымбат баага сатылууда. Ошол эле учурда Кыргызстанда көптөгөн завод-фабрикалар сыръенун жоктугуна байланыштуу токтоп турат. Мындай нукта тышкы экономикалык саясат жүргүзүү түпкүлүгү туура эмес.

Дүйнөлүк сооданын структурасында төртүнчү орунду азык-түлүк сатуу ээлейт. Кыргызстан дүйнөлүк соодага бал, топоз этин, жаңгак, минерал суу, кымыз ж.б. дарылык касиети бар азык-түлүк продуктуларын экспорттойт. Бул керектөөлөрдү ийгиликтүү чечүү үчүн Дүйнөлүк банк жана Азия Банкы ж.б. эларалык уюмдар колдоо көрсөтүүдө.

Дүйнөлүк соода структурасында бешинчи орунду энергетикалык ресурстар ээлейт. Илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери аны үнөмдүү пайдаланууга шарт түзөт. Бул жагынан алганда өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасында мунай өзгөчө орунда. Себеби көпчүлүк өлкөлөр (АКШдан башка) өзүндө мунай чыкпагандыктан башка өлкөлөрдөн импорттойт.

Кыргызстандын Жалал-Абад шаарында 1996-жылы жылына 500 миң тонна нефтини кайра иштетүүчү завод жайгаштырылган. Аны Канадалык жана Америкалык фирмалар биргелешип курушкан. Бул мунай көзкарандылыгынан чыгуучу биринчи кадам болуп эсептелет. Мунай жана газ чыгуучу жерлерди изилдөө иштери активдүү аракеттенүүдө.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн тышкы соодасында азыр бир топ жылыштыр болууда. Бул өнөржай продуктуларынын экспорттогу үлүшүнүн көбөйүшүнө тыгыз байланыштуу. Кайра иштетүүчү

өнөржайларда ар бир тетикти жасоого адистешкен ишканалар түзүлүп, продукцияны топтоо болсо өнүккөн өлкөлөрдө жүргүзүлөт. Мисалы, электрондук өнөржай тармагында америкалык транс улуттук корпорациялар Мексикада, Сингапурда, Тайванда жеке приборлорду чыгаруучу бир топ ишканаларды жайгаштырган. Алар чыгарган тетиктерин кайра америкага жиберип, ал жактан продукция чогултат.

Дүйнөлүк соода структурасында кызмат көрсөтүү өзгөчө орунга ээ. 20-кылымдын орто ченинде Батыш Европанын айрым өлкөлөрүндө улуттук дүң продуктунун 50 %ин тейлөө иши түзсө, бул ушул кылымдын 90-жылдардын аяк ченинде 75 %ке чейин жеткен.

Азыркы базар экономикасынын шартында тейлөө кызматынын төмөндөгүдөй бир топ өзгөчөлүктөрү бар:

• тейлөө көрсөтүү, товардан айырмаланып, бир мезгилде даярдалып жана колдонулат да, ал атайын жайларда сакталбайт. Ушуга байланыштуу тейлөө көрсөтүүнүн көп түрлөрү өндүрүүчү менен колдонуучунун ортосундагы түз байланыштын негизинде келип түптөлөт.

• Эларалык тейлөө иши товар сатуу менен тыгыз байланышта болуп турат. Андыктан мунун товарга тийгизген таасири өтө олуттуу. Товардын дүйнөлүк базардагы ийгилиги көбүнчө тейлөө көрсөтүүлөрдүн сапатына жана санына, аны өндүрүүгө, сатууга, сатуудан кийинки тейлөөгө жумшалган тейлөө көрсөтүүгө көбүрөөк көзкаранды болот. Мындан сырткары, бул эларалык деңгээлдеги сатык капиталында жана эмгек ресурстарынын орун алмашуусуна дагы тыгыз байланыштуу.

• Тейлөө көрсөтүү чөйрөсү материалдык өндүрүшкө караганда мамлекет тарабынан чет өлкөлүк атаандаштыктан коргоого бир топ ыңгайлуу. Транспорт, байланыш, финансылык жана камсыздоо кызматы, илимди өнүктүрүү, билим берүү көп өлкөлөрдө негизинен мамлекеттин менчиги болуп саналат. Кээ бир өкмөт башчылары жана калк ойлогондой тейлөө ишинин импорту калктын жашоо шартына, көзкарандысыздыгына, коопсуздугуна коркунуч туудурат деп божомолдошот. Ушуга байланыштуу кызмат көрсөтүүнүн дүйнөлүк соодасына товар сатууга караганда тоскоолдуктар көбүрөөк кездешет.

• Кызмат көрсөтүүнүн бардык түрү эларалык чарбалык ишке кеңири аралашуусу мүмкүн эмес. Учурунда коммуналдык жана

тиричилик жактан тейлөө көрсөтүүнүн негизинде эларалык соода кыйла өскөн. Келечекте дагы ушундай тенденция сакталат.

Өнүккөн өлкөлөрдүн тейлөө көрсөтүүсүнүн үлүшү кийинки кезде бир топ төмөндөөдө. Бирок алар азырынча негизги экспорт жана импорт өлкөлөрү бойдон калууда. Товар менен тейлөө көрсөтүүнүн ортосунда тыгыз байланыш бар. Товарды экспорттоо улам барган сайын тейлөө көрсөтүүнү арбын талап кылууда. Ошондуктан азыр дүйнөлүк түз инвестициянын 40 % кызмат көрсөтүү, тейлөө чөйрөсүнө жумшалып жатат.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн эларалык соодада кызмат көрсөтүү үлүшү жогорулоодо. Алардын көпчүлүгү кызмат көрсөтүүнү экспорттойт жана импорттойт. Мисалы, Корея Республикасы – инженердик-консултациялык кызмат көрсөтүү, Мексика – туристтик, Сингапур – каржылык кызмат көрсөтүү багытына адистешүүдө. Келечекте бул багытты күчөтүү каралууда. Кээ бир өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө (негизинен аралдагы кичине өлкөлөрдө) кызмат көрсөтүү жалпы экспорттун негизги бөлүгүн түзөт. Бирок жалпысынан алганда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ээлеген орду эларалык кызмат көрсөтүү соодасында али кыйла төмөн. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбүндө терс сальдо сакталып келүүдө.

Жаңы индустриялуу өлкөлөрдүн ар бири өзүнүн артыкчылыгын колдонгондуктан кызмат көрсөтүү экспортунун көбөйүшүндө. Буга арзан жумушчу күчү, жаратылыш жана маданий байлыгы, географиялык абалынын ыңгайлуулугу кирет. Бул тажрыйба Кыргызстанда да белгилүү өлчөмдө ийгиликтүү колдонулууда, себеби жогорудагы артыкчылыктар биздин республикабызда да бар. Келечекте муну билгичтикте пайдалануу зарыл болууда. Бирок дүйнөлүк базарда атаандаштык али өтө жогорку деңгээлде калууда.

Учурдагы дүйнөлүк экономикалык тутумдун негизги өзгөчөлүгү аймактык деңгээлде интеграциялык байланышты ыкчам өнүктүрүү болуп саналат. Анткени, азыркы жагдайда бир дагы мамлекет өз алдынча жеткиликтүү өнүгө албайт, ушундан улам ар бир мамлекет башка өлкөлөр менен карым-катнашта болуп, шериктештикте аракет кылышы талап кылынууда.

# КЫРГЫЗСТАН ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК КООМДУН ӨНҮГҮҮ АЛКАГЫНДА

# II БӨЛҮМ


2.1. Экономикалык коомдун түпкү мааниси
2.2. Экономикалык саясат жана интеграциялык процесс
2.3. Бажы саясаты
2.4. Экономика тармактарындагы интеграция маселеси
2.5. Социалдык өнүгүү жана илим, билим нугундагы байланышы

### *2.1. Экономикалык коомдун тупку мааниси*

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматына ылайык Жер шарында бүгүнкү күнү 230дан ашуун мамлекет жайгашкан. Булардын ар бири орун алган аймагынын аянтына, географиялык абалына, өнүгүү тарыхына, калкынын санына, эң башкысы экономикасынын тигил же бул өлчөмдө өнүгүп жаткандыгына карабастан, азыр тышкы экономикалык байланышын кеңейтүүгө, интеграциялык процесске аралашууга, акырында дүйнөлүк экономика тармагы өз ордун табууга бүт аракетин жумшайт. Мына ушундай экономика тармактарын дүйнөлүк нукка буруу жана андан ары карай өнүктүрүүнүн башкы жолдорунун бири–танапташ жайгашкан мамлекеттердин курамында региондук экономикалык бирикмелерди уюштуруу жана андан ары карай калыптандыруу болуп саналат. Бул жагынан алганда эларалык бай тажрыйбалар арбын. Мисалы, далай жылдан берки ийгиликтүү өнүгүп жаткан Европа, Түндүк Америка жана Түштүк Чыгыш Азия аймактарындагы интеграциялык ири коомдор толук ырастайт. Ушундай нуктагы экономикалык коом көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин аймагында калыптанууда.

Беларусь Республикасы, Казакстанд, Кыргызстан, Россия жана Тажикистандын мамлекет башчылары чогулуп, Евразиялык экономикалык коомду (ЕврАзЭК) түзүү боюнча 2000-жылдын 10-октябрында Астана шаарында келишимге кол коюшкан. Ошондон бери экономика нугундагы эриш – аркак далай иштер аткарылып, белгилүү өлчөмдө тажрыйба топтолгон. Коомго кирген өлкөлөрдүн алкагында интегарция иши кыйла жакшырып, натыйжада КМШнын калган мамлекеттерине үлгү катары каралууда.

Кийинки мезгилде бул коомдун эларалык деңгээлдеги кадыр – баркы көтөрүлүп жатат. Учурунда коомго Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык ассамблеясына байкоочу катары статус берилген. Бир катар эларалык, региондук маанидеги мекемелер дагы бул коом менен алака түзүүдө.

ЕврАзЭКти уюштурууга карата камылга бир топ жылга созулган. Булардын өзөгүн төмөндөгү жүргүзүлгөн аракеттер ээлейт. Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги Минск шаарында 1991-жылы уюштурулуп, буга Азербайжан, Армения,

Беларусь Республикасы, Грузия, Казахстан, Кыргызстан, Россия, Молдавия, Тажикистан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Украина өлкөлөрү кирген. Ушундан үч жыл өткөндөн кийин 1994-жылы Борбордук Азия Шериктештиги Чолпон-Ата шаарында түзүлүп, ага Казакстан, Кыргызстан, Тажикистан, Өзбекстан мамлекеттери кирген. Буга бир аз убакыттан кийин Россия дагы кошулган. Ал эми Минск шаарында 1995-жылы Бажы союзу түзүлүп, анын курамына Беларусь Республикасы, Казакстан, Кыргызстан, Россия жана Тажикистан өлкөлөрү кирген. Кийин, тагыраак атйканда, 2001-жылы Шанхай шаарында Шанхай шериктештик бирикмеси түзүлүп, ага Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан, Кытай жана Россия мамлекеттери мүчө болгон.

ЕврАзЭКти түзүү келишиминдеги эрежеге ылайык, экономикалык коомдун башкы максаты иштиктүү бажы союзун жана бирдиктүү экономикалык аймакты калыптандыруу болуп саналат. Ал эми булардын түпкү уңгусун төмөнкүлөр түзөт:

• **тышкы соода жана бажы саясаты:** эркин соода маселесин толук чечүү жана бирдей бажы тарифтерин, ошондой эле тарифке кирбей турган чаралардын тутумун жөнгө салууну калыптандыруу; товар сатуу жана тейлөө көрсөтүү, ошондой эле алардын ички базар алкагына кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүү боюнча жалпы эрежени бекитүү; Бүткүл Дүйнөлүк соода уюму, ошондой эле башка эларалык экономикалык уюмдар менен алака жасоодо бир багытты көздөө; валютаны жөнгө салуу жана көзөмөлгө алуу максатында төлөм – эсеп ишин натыйжалуу жүргүзүү үчүн анын механизмин даярдоо; бирдиктүү бажы ишин калыптандырууну ар тараптан бышыктоо; коомго кирген өлкөлөрдүн экономикаклык коопсуздугун камсыз кылуу, бажыканалардан өтүүдө кездешүүчү мыйзам бузууларга каршы иш жүргүзүү; коомдун тышкы чек арасын бекемдөө.

• **Экономикалык саясат:** социалдык – экономикалык өнүгүү боюнча биргелешкен программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; экономиканын түзүлүшүн өзгөртүүнү макулдашып даярдоо; жалпы төлөм тутумун калыптандыруу жана аны андан ары карай ийгиликтүү өнүктүрүү; валюта – каржы тутумунда карым-катнаштыкты камсыз кылуу; өндүрүш жаатында жана ишкердик чөйрөсүндө бирдей, шайкеш шарт түзүү; жалпы базарды калыптандыруу үчүн транспорттук тейлөө ишин жана бирдиктүү

транспорт тутумун калыптандыруу; жалпы энергетикалык базар алкагын уюштуруу; илим жана технологиянын багыттары боюнча биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү; чет өлкөдөн келүүчү инвестицияны бөлүштүрүүдө акыйкаттуулукту сактоо; экономика тармактарында укуктук жөнгө салуу маселесин ар тараптуу бышыктоо.

• **Социалдык – гуманитардык чөйрөдө:** улуттук билим тутумун, илимди жана маданиятты шайкеш өнүктүрүү; мамлекет жарандарына, тагыраак айтканда, коомдун мүчөлөрүн толугу менен билим алууда жана медициналык жактан тейлөөдө бардык аймакта бирдей укуктуулугун камсыз кылуу.

• **Укуктук чөйрөдө:** улуттук мыйзамдуулукту ар тараптан жакындаштыруу жана шайкештөө; улуттук мыйзамдарды, ошондой эле нормативдик-укуктук актыларды кабыл алууда анын механизмин түзүүнү макулдашуу; коомдун алкагында, тагыраак айтканда мамлекет ортосундагы укуктук карым – катнашты камсыз кылуу.

ЕврАзЭКтин Мамлекеттер аралык кеңешинин төрагасы, Казак Республикасынын президенти Н.А.Назарбаев 2002-жылдын август айында өнөктөш өлкөлөрдүн жетекчилерине өткөн эки жылдын ичиндеги иштин жагдайын баяндап берген. Ал өзүнүн баянында интеграциялык процессти натыйжалуу өнүктүрүү үчүн бир катар олуттуу маселелерди чечүү керектигин баса белгилеген. Алардын өзгүн төмөндөгүлөр ээлейт:

• Мындай экономикалык реформа буга чейин дүйнөнүн эч бир жеринде жүргүзүлгөн эмес. Ушундай жагдай интеграциялык процесстердин жүрүшүнө, ошондой эле улуттук мыйзам ченемдерин макулдашууга дагы өз таасирин тийгизип жатат.

• ЕврАзЭКке кирген өлкөлөрдүн экономикаларынын түрдүү деңгээлде өнүгүшүнөн улам бул коомдун көздөгөн тиешелүү максатын туура чечүүгө өз убагында кедерги болууда. Ошондуктан интеграциянын ар баскычын ишке ашыруу, натыйжалуу андан ары карай улоо интеграциялык топко кирген өлкөлөрдүн ар биринде тиешелүү экономикасынын өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу.

• Тиешелүү маселелер боюнча бир пикирден кабыл алынган, дурус чечимдерди ишке ашыруу кыйла татаал бойдон калууда. Булардын көпчүлүгү тилекке каршы кагазга жазылган абалынан жылбай жатат. Ошондуктан Европалык Союздун жана

Экономикалык өз ара жардамдашуу кеңешинин басып өткөн жолун иликтөө, айрым дурус жактарын Коомдун ишин андан ары карай жылдырууга жигердүү, билгичтикте пайдалануу зарыл.

• Коомго мүчө болуп кирген мамлекеттердин улуттук кызыкчылыгын көздөгөн механизмдин али иштелип чыкпагандыгы. Ушунун кесепетинен Коомдун интеграциялык процессин ойдогудай ишке ашырууга кыйын болууда.

• Соода саясатындагы айрым пикир келишпөөчүлүктөр. Азырынча ЕврАзЭКке мүчө болуп кирген мамлекеттердин арасында соода-сатык ишинде бир багытты көздөгөн саясаттын калыптанбай жатышынан улам Коомдун түптөлүшүнө доо кетип, жалпы экономиканын жигердүү өнүгүшүнө кыйла эле кедерги болууда.

ЕврАзЭКти ийгиликтүү өнүктүрүүнүн башкы стратегиялык багыттарына төмөндөгүлөр кирет:

• коомго кирген өлкөлөрдүн улуттук тышкы экономикалык саясатын күчөтүү жана ушул багытта чогуу алака түзүүнү кеңейтүү. Ушул нуктагы ишти кеңейтүү үчүн эң ириде ар өлкөнүн стратегиялык нуктагы саясый, экономикалык документтеринде чагылдыруу, тагыраак айтканда, өлкө президенттеринин жылда калкына кайрылуу сөздөрүндө, өкмөттүн токтомдорунда баса белгилөө жана аларды бийлик органдары тарабынан ишке ашыруу зарыл;

• ЕврАзЭКке кирген мамлекеттер өз эрктери менен айрым укуктарын Коомго же анын алдында уюштурулган мамлекеттер аралык мекемелерге, уюмдарга ыйгаруусу жалпы коюлган максатты ишке ашырууну тездетүүгө өз үлүшүн кошот;

• өкмөттөргө төмөндөгүлөрдү аткаруу жүктөлгөн: мамлекеттик экономикалык реформанын жүрүшүн эриш - аркак аткаруу, бири-бирине көмөктөшүү, техникалык жактан көмөктөшүүнүн программасын даярдоо, консультация өткөрүү жана башка иштерди биргелешип аткаруу; кабыл алынган келишимдерди жана чечимдерди жигердүү ишке ашыруу үчүн эң алды менен уюштуруу – укуктук механизмин өтө кылдат иштеп чыгуу; өлкөлөр ортосундагы келип чыккан талаш – тартыштарды, оош- кыйыштыктарды туура чечүүнүн жана Коомдун мүчөлөрүнүн демилгелүүлүгүн күчөтүүнүн натыйжалуу механизмин калыптандыруу.

Коомдун башкы багыттары боюнча жасалуучу иштер төмөнкү тартипте документтештирилген:

• экономикалык саясатты макулдашып жүргүзүү: макроэкономикалык туруктуулукка жетишүү; экономика тармактарында түзүлүштүк өзгөртүү жүргүзүүнү макулдашып өткөрүү; Коомго кирген мамлекеттердин экономикалык өнүгүү деңгээлин колдон келишинче бир нукка салуу.

• ЕврАзЭКтин бажы союзун калыптандыруу: бажыкананын тиешелүү тарифтерин иштеп чыгуу; бирдиктүү соода саясатын жүргүзүү; биргелешкен бажы саясатын аткаруу; бажы союзун жөнгө салуунун бирдиктүү органын калыптандыруу; Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кирүүнүн макулдашылган нугун бышыктоо.

• Экономиканын реалдуу секторунда карым-катнаш жүргүзүү. Чарба субъектилеринин жүргүзгөн ишине бирдей шарт түзүү; инвестициянын келишине жагдайлуу шарт түзүү; экономиканын башкы тармактары боюнча биргелешкен инвестиция долбоорун ишке чегерүү; лизингдин эларалык мааниде түрүн өнүктүрүү; ишкерлердин карым – катнашын күчөтүү.

• Энергетиканын базар алкагын биргелешип калыптандыруу жана андан - ары карай өнүктүрүү: бирдиктүү энергетика базарын түзүү; энергетика продукциясынын жана тейлөөсүнүн тарифтерине улуттук режимди берүү; бирдиктүү отун-энергетикалык балансты калыптандыруу; энергетика багытында инвестиция долбоорун даярдоо.

• Агроөнөржай секторундагы карым – катнаш: агроөнөржайында макулдашылган саясат жүргүзүү; айыл чарбасына каражат жагынан жардам берүүнүн бирдей эрежесин иштеп чыгуу; айрым агрардык базар сегменттеринде карым-катнаш кылуу.

• Тейлөөнүн жалпы базарын калыптандыруу: тейлөө чөйрөсүндөгү мыйзам ченемдүүлүктүн шайкештигин күчөтүү; үчүнчү өлкөгө соода жагынан тейлөө режимин макулдашуу.

• Транспорт союзун калыптандыруу: жалпы транспорт комплексинин мейкиндигин түзүү; темир жол транспортунда ЕврАзЭКтин бирдиктүү тарифтик базасын иштеп чыгуу; транспорт жаатында биргелешкен инвестициялык долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу.

• Жалпы каржылык базарды калыптандыруу жана валюталык интеграцияны өнүктүрүү: макулдашылган акча – каржы саясатын жүргүзүү; валютаны жөнгө салуунун жана валюта көзөмөлүнүн нугундагы мыйзам ченемдүүлүктү ар тараптан жакшыртуу; Коомдун

алкагында жүгүртүлүүчү капиталды эркин жүргүзүү жана аны башка өлкөлөр менен макулдашылган жагдайда жөнгө салуу; банк ишине тийиштүү мыйзамдарды жакшыртууга олуттуу көңүл буруу; жалпы камсыздандыруу жана фондулар базарын калыптандыруу; бирдиктүү акча бирдигине өтүүнүн принциптерин жана шарттарын макулдашуу.

• Бюджет жана салык саясатынын башкы багыттарын макулдашуу: бюджет жана салык мыйзамдарын жакшыртуу; кыйыр салыктарды алуунун бирдиктүү принциптерин иштеп чыгуу; чакан бизнестеги салык алуу тутумун жакшыртуу.

• Социалдык – гуманитардык чөйрө жана миграция саясаты жагынан кызматташуу: макулдашылган социалдык саясатты калыптандыруу; жарандардын эркин келип – кетишин камсыздоо; эмгек миграциясын жөнгө салуу; бирдиктүү билим мейкиндигин түзүү; башка өлкөлөргө карата бирдиктүү виза саясатын жүргүзүү.

• ЕврАзЭКтин укуктук тутумун калыптандыруу: Коомдун улуттук органдарынын укуктук жактарын бышыктоо; ЕврАзЭКтин актыларын ишке ашырууну уюштуруу – укуктук механизмин иштеп чыгуу; ЕврАзЭКтин мүчө мамлекеттери кабыл алган милдеттемелерди ишке ашырууну көзөмөлдөө принциптерин иштеп чыгуу.

### *2.2. Экономикалык саясат жана интеграциялык процесс*

Дүйнөлүк деңгээлде интеграция процесси көп жылдан бери өнүгүп келүүдө. Мунун түпкү уңгусу чектөөнү алып таштоого, товарды эркин ташып келүүгө жана чыгарып кетүүгө, тейлөө ишине, капиталды жана жумушчу күчүн ыңгайына карата пайдаланууга келип такалат. Бирок кийинки мезгилде интеграциялык процесс ойдогудай ишке ашуу үчүн ал Коомго мүчө болгон өлкөлөрдүн экономикалык саясат боюнча макулдашуу, бир пикирде болуу жана бир багытты көздөө дагы олуттуу экендиги толук ашкереленген. Анын үстүнө бул карым – катнаш канчалык жогорку деңгээлде болсо, интегарциялык байланыш ошончолук туруктуу, бышык боло тургандыгы аныкталган. Бул жагынан Европа Союзун топтогон тажрыйбасы кыйла арбын. Ошондуктан булардын алгылыктуу жактарын билгичтикте пайдалануу зарыл.

Коомдун интеграциялык процесси жаңыдан калыптана баштаганда, тагыраак айтканда, Бажы союзунун алкагында

экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугун камсыз кылуу, соңунан экономиканын түзүлүшүн кайра куруу ишин макулдашуу боюнча тапшырма коюлган. Мындай орчундуу маселе кийин негизинен ишке ашырылган. Алсак, 2002-жылдан тартып ЕврАзЭКке кирген өлкөлөрдүн экономикасы кыйла турукташып, ички дүң продуктунун деңгээли 5-10 % камтып, инфляция төмөндөп, улуттук валюталар калыптанып, бюджеттин тартыштыгы төмөндөгөн.

Ушундай белгилүү өлчөмдөгү калыптануу соңунан ЕврАзЭКтин мүчөлөрү экономикалык саясат маселесин макулдашууга жана төмөндөгүдөй чараларды ишке ашыруу боюнча чечим кабыл алышкан:

- ЕврАзЭКке кирген өлкөлөрдүн экономикалык абалы жана өнүгүшү боюнча комплекстүү иликтөө жүргүзүү;
- макроэкономикалык саясатты макулдашуу, тагыраак айтканда макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана алардын жетишкендиктеринин бирдиктүү критерияларын аныктоо;
- ЕврАзЭКке мүчө өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүү шарттарын жана экономикалык реформа жүргүзүүнү макулдашуу.

ЕврАзЭКтин Интеграциялык комитеттин Секретариаты жыл сайын Комитетке кирген өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүн ар тараптан иликтейт. Кийинки жылдардагы акмалоолор негизинен төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берген.

ЕврАзЭКке кирген мамлекеттердин экономикасы жалпысынан өнүгүү жолунда. Алсак, 2003-2004 жылдын маалыматына ылайык негизинен ички дүң продукт туруктуу өнүккөн (эң жогорку көрсөткүч Тажикистан менен Казакстанга таандык болуп, жылдык көрсөткүчү 10 %ке жеткен). Ал эми 1991-жылдагы Ички дүң продуктунун деңгээлине Беларусь Республикасы жана Казакстан эле жеткендиги аныкталган. Ички дүң продуктуну киши башына эсептөө боюнча дагы белгилүү өлчөмдө жылыштар бар. Мисалы, Россияда бул көрсөткүч 2004-жылы 3 миң долларга жетсе, Тажикстандыкы – 237 долларды түзгөн. Өнөржай продукциясынын көлөмү дагы жогорулоодо. Эң жогорку көрсөткүч 2004-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстанга (17 %) таандык болсо, Россия болгону 7 %тик көрсөткүч менен эң арткы орунду ээлеген. Жүк ташуу жагынан Комитетке кирген өлкөлөрдүн ичинен Тажикстандан башкасында бир топ өсүш катталган. Бул көрсөткүч Беларусь Республикасында, Кыргызстанда, Казакстанда орточо 9 % түзгөн. Экспорт жагында да тиешелүү жылыштар бар. Мында Беларусь

Республикасынын киши башына эсептегендеги көрсөткүчү 1007 доллар болсо, Кыргызстандыкы болгону 115,5 долларды түзгөн.

Коомго кирген өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүндө белгилүү өлчөмдө жылыштар бар. Бирок, анын өнүгүү деңгээли азырынча жетишсиз. Ушундан улам калктын жашоо деңгээли али төмөн бойдон калууда. Анын үстүнө коомго кирген өлкөлөрдүн экономикалык жактан өнүгүүсүндө али олуттуу айырмалар бар. Мындай оош – кыйыштыктар өз кезегинде интеграциялык процесстин жигердүү өнүгүшүнө тиешелүү өлчөмдө терс таасирин тийгизип жатат.

Интеграция тутумуна кирген өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүшүн жакындатуу максатында Коомдун узак мөөнөттүү стратегиясы жана тактикасы даярдалган. Бул негизинен экономиканын өнүгүшүн айкындоочу макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн камтыйт. Коомго кирген өлкөлөрдүн ортосунда жүгүртүүгө ылайык бирдиктүү валютаны калыптандыруу олуттуу көрсөткүчтөрдүн жыйынтыктоочу өзөгү болуп саналат. Бул боюнча азыр эларалык деңгээлдеги жыйналган бай тажрыйба, биринчи кезекте Европа союзунун топтогон иштиктүү тажрыйбасы ар тараптан иликтенип, тиешелүү жыйынтык чыгарылууда.

Коом боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн сандык мааниси аныкталган. Бул экономикалык жактан бир өлкө кийинкиси менен белгилүү деңгээлде теңелүүсүнүн критериясын мүнөздөгөн материалдар сунуш катары таратылат. Буларга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- мамлекеттик бюджеттин жылдык тартыштыгы Ички дүң продуктунун 4 %тен ашпоосу;
- мамлекеттик ички жана тышкы карыз Ички дүң продуктунун 80 %тен ашпоосу;
- улуттук валюталардын тышкы туруктуулугун бышыктоо, ошондой эле анын сандык мааниси ЕврАзЭКтин алкагында аныкталат.

## *2.3. Бажы саясаты*

Узак мезгилден бери эларалык бай тажрыйба көрсөткөндөй, бажы саясатынын уңгусу экономикага тигил же бул өлчөмдө оң же терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан ЕврАзЭКтин Бажы союзунун олуттуу маселесинин бири Жалпы бажы тарифин

калыптандыруу жана жөнгө салуу болуп эсептелинет. Ушундай иштин башаты катары 1995 – жылы январда Беларусь Республикасы, Казакстан жана Россия Федерациясынын өкмөт жетекчилеринин катышуусу менен Бажы союзун түзүү боюнча келишимге кол коюлган. Бирок, бул келишим ойдогудай, жеткиликтүү ишке ашпай, бир топ маселелер келип чыккан.

Бирдиктүү тарифтик эмес саясатты иштеп чыгуу максатында 1997 – жылы Бажы союзунун уңгусунда тарифтик эмес бирдиктүү чараларды жөнгө салуунун келишимине кол коюлган. Бул келишимде интеграциялык карым-катнаштын төмөндөгүдөй негизги багыттары каралган:

• курал – жарак, аскер техникалары жана аскерлерге керектелүүчү продукцияларды, ядролук материалдарды жана ага тиешелүү технологияларды экспорттоонун көзөмөлүнүн бирдиктүү тартибин иштеп чыгуу;

• мамлекеттик монополия аныктап ташылып келүүчү жана ташылып кетүүчү товарлардын, тагыраак айтканда алынып келинген же сыртка жөнөтүлүүчү саны жагынан чектелген товарларды тактоо;

• ташылып келинүүчү товарлардын сертификатынын бирдиктүү тартибин иштеп чыгуу, ал товарлардын техникалык, фармакологиялык, санитариялык, ветеринариялык, фитосанитариялык жана экологиялык жактан бирдей стандарттарды колдонуу боюнча документтерди даярдоо, ошондой эле ал ташылып келинген товарлардын сапатын көзөмөлдөө боюнча макулдашылган тартипти киргизүү.

Евразия экономикалык коомуна кирген өлкөлөрдүн өкмөт башчылары 2003-жылдын октябрь айында экспортту көзөмөлдөөнүн бирдиктүү тартиби боюнча келишимге кол коюшкан. Ушул документтин негизинде Коомго кирген мамлекеттер өз аймактарында экспортту көзөмөлдөөнүн бирдиктүү тартибин калыптандырат. Ал эми Коомдун мамлекеттер аралык кеңеши 2004-жылы экспорттук көзөмөлгө тиешелүү товарлардын жана технологиялык процесстердин типтештирилген тизмесин, ошондой эле экспорт көзөмөлүнө таандык товарлар жана технологиялар менен тышкы экономикалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекиткен.

Коомго кирген мамлекеттердин көпчүлүгү азыркы учурда техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү негизги нормативдик

актылардын бир тобу кабыл алган жана айрымдары даярдалып жатат. Буларга төмөндөгүлөр кирет:

• Беларусь Республикасында 2004 –жылдын июль айынан тартып «Техникалык нормалоо жана стандартташтыруу тууралуу», «Техникалык нормалоо жана стандартташтыруу алкагындагы техникалык нормативдердин укуктук актыларынын талабына туура келүүнү баалоо тууралуу» мыйзам иштей баштаган. Бул мыйзамда Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмунун соода ишиндеги техникалык тоскоолдуктар боюнча Келишиминин жана санитариялык чараларды жүргүзүүнү камтыган документтин негизги уңгусу толук эске алынган.

• Казак Республикасында эларалык техникалык жөнгө салуу практикасын эске алуу жана Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмунун келишимине ылайык 2004-жылы «Техникалык жөнгө салуу тууралуу» мыйзам иштелип чыккан;

• Кыргыз Республикасында «Техникалык жөнгө салуунун негизи тууралуу» мыйзамдын долбоору даярдалган. Муну иштеп чыгууда Россия Федерациясы кабыл алган «Техникалык жөнгө салуу тууралуу» мыйзамдын түпкү өзөгү пайдаланылып, Бүткүл Дүйнөлүк Соода уюмунун Соодадагы техникалык тоскоолдуктар боюнча келишим дагы эске алынган;

• Россияда 2003-жылдын июль айынан тартып «Техникалык жөнгө салуу тууралуу» мыйзам күчүнө кирген. Муну даярдоодо Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмунун бекиткен келишимдери жана техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү дүйнөлүк тажрыйба эске алынган;

• Тажикстанда эларалык тажрыйбаны жана Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмунун келишимдериндеги талаптарды эске алуу менен техникалык жөнгө салуу тутуму боюнча иштер аткарылууда.

ЕврАзЭКтин бажы кызматынын ийгиликтүү өнүгүшүнө Бүткүл Дүйнөлүк Бажы Уюмунун эларалык нуктагы бай тажрыйбасы олуттуу мааниге ээ болууда. Бул уюм негизинен бажы тутумунун ар кыл маселелерин өз убагында чечүүгө, тагыраак айтканда бажы техникасын жана бажы мыйзамдарын жакшыртуу максатында уюштурулган. Уюмдун башкы максатына төмөндөгүлөр кирет: бажы тутумуна катышкан өлкөлөрдүн ич ара жогорку деңгээлдеги макулдашуусун жана бирдиктүүлүгүн камсыз кылууга көмөктөшүү; бажыканаларды көзөмөлдөөнүн техникалык каражаттарын жана мыйзамдарды жакшыртуу, өнүктүрүү; уюмга кирген мамлекеттердин бажы органдарын уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу.

Бүткүл дүйнөлүк бажы уюму кийинки жылдары бажы кызматын дүйнөлүк деңгээлде иликтеп, анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча маселелерди көтөрүп, айрымдарын чечип жатат. Ушундан улам ЕврАзЭКтин Мамлекеттер аралык кеңеши 2004-жылдын 27-февралында өкмөт жетекчилеринин деңгээлинде Евразия экономикалык коомдун Бүткүл дүйнөлүк бажы мекемеси менен өз ара кызматташуунун Меморандумунун долбоорун кабыл алышкан. Кийин ошол жылдын 25-июнь айында Брюссель шаарында ЕврАзЭКтин Генералдык секретары бул документке кол койгон. Мында эларалык деңгээлдеги алынган чечим экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер менен кеңири алака түзүүгө жана бажы жумуштары боюнча пикир табышууга олуттуу көмөгүн тийгизет.

ЕврАзЭКке кирген өлкөлөр товар жана унаа каражаттарынын бир өлкөдөн кийинкисине көп убара болбой өтүүсү үчүн жана акырындык менен экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн аймагындагы ич ара бажыканаларды алып таштоо максатында төмөндөгүдөй документтер кабыл алынган:

• коомго кирген өлкөлөрдүн бүткүл аймагында бажы иши боюнча бирдей шарт түзүү;

• өндүрүшкө жана коммерциялык ишке багытталбаган товарды жана жеке адамдын акчасын алып өтүүдө бажыканалардын документтерин кыйла жөнөкөйлөштүрүү тууралуу протоколу;

• бир өлкөдөн экинчисине ар бир адамдын бажыканадан ээн-эркин жана тең укуктуулукта өтүүсүн жана алардын товарын, акчасын эч тоскоолдуксуз алып өтүүсүн камсыз кылуу боюнча келишим;

• чек арадан өтүүдө бажыканада товарларды каттоонун тартибин кыйла жөнөкөйлөштүрүү боюнча келишим.

Экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн алдыга койгон максатты ийгиликтүү ишке ашыруунун башкы маселелеринин бири катары бажыкана кадрларын даярдоо болуп саналат. Ушундан улам бажы кызматынын жетекчилер кеңешинин демилгеси менен 2003-жылы Россиянын бажы академиясынын базасында региондук окуу борбору уюштурулган. Азыр бул окуу жайы да базар мамилелеринин эларалык талабын толук эске алган, бажыкананын түпкү сырын үйрөтүүчү жаңы окуу программаларынын негизинде

экономикалык коомго кирген мамлекеттердин өкүлдөрү окуп жатат.

Евразия экономикалык коомуна кирген өлкөлөрдүн чек ара саясаты экономикалык бирдиктүүлүктүн түпкү өзөктөрүнүн бирин түзөт. Ушундан улам Коомдун максатын жана милдетин ишке ашыруунун алдыңкы катарында тышкы чек араны бекемдөө, анын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иштер аткарылып жатат. Дүйнө алкагында караганда бир катар жигердүү иштер менен катар эле, туруктуулукка, коомдун биримдигине доо кетирүүчү факторлор дагы калыптанууда. Буларга негизинен төмөндөгүлөрдү кошууга болот:

• эларалык террористтик уюмдардын ишинин кеңейип жатышы, ошондой эле мыйзамсыз куралданган топтордун пайда болушу жана алардын белгилүү өлкөлөрдүн чек арасына жакын жайгашып региондук деңгээлдеги коопсуздугу, айрым учурда чар жайыттыкты пайда кылышы;

• кургак, ошондой эле суу аркылуу жерлердеги чек араларда аймактык талаш-тартыштын али токтой электиги;

• чек арага жакын жерлерде банги заттарга, курал-жаракка, ок-дарыга, стратегиялык сыръелорду, түрдүү баалуулуктарды жана материалдарды ташып кетүү, алып өтүүгө байланышкан кылмыштуулуктун тез өсүшү;

• чек арага жакын деңиздин биологиялык ресрустарын ташып кетүү жана суунун ыпластануусу күчөөдө;

• экономикалык коомдун аймагында чет өлкө жарандарынын мыйзамсыз түрдө келиши убакыт өткөн сайын арбып, алардын көпчүлүгү калып калууга аракет кылууда;

• табигый жана техногендик олуттуу калпыстыктардын арбышы, экономикалык коомдун аймагына адам жана жаныбарлар оору-сыркоолорунун, өсүмдүктү дартка чалдыктырчу козгогучтардын, ошондой эле түрдүү жол менен зыяндуу заттардын тарашы.

Жогоруда белгиленген терс таасир тийгизүүчү жана зыяндуу факторлорду жок кылуу же аларга бөгөт коюу үчүн эң алды биргелешип чара көрүү, өлкөлөрдүн ич ара аракет кылуу ишинин сапаттуу механизмин даярдоо зарылчылыгы аныкталган.

### 2.4. Экономика тармактарындагы интеграция маселеси

Узак мезгилден берки дүйнөлүк бай тажрыйба көрсөткөндөй, экономика тармактарынын өнүгүшүнө экономикалык интеграцияны жана эларалык кызматташтыкты күчөтүү олуттуу оң таасирин тийгизет. Алсак, Европада экономикалык интеграция башаты Европалык көмүр жана болот бирикмесин уюштуруудан башталган. Соңунан соода тоскоолдуктары жок кылынган. Акырындап импорттолуучу товарлардын жана салык төлөө маселелери чечилген. Азыркы кездеги Европалык экономикалык союздун жетишкен ийгилигин дүйнөлүк деңгээлдеги үлгү катары белгилөөгө толук татыйт.

ЕврАзЭКтин түпкү максаты экономикалык интегарцияны экономиканын бардык тармактарына жайылтуу аркылуу, эриш – аркактыкта, социалдык-экономикалык жактан ыкчам өнүгүүгө жетишүү болуп эсептелет. 2003-жылдын 19-20-февралында Москва шаарында Экономикалык коомдун Мамлекеттер аралык кеңешинин демилгеси менен өкмөт жетекчилеринин деңгээлинде алгачкы экономикалык форум өткөрүлгөн. Мында негизинен ишкердик менен алек болгон ар өлкөнүн топторунун экономикалык карым – катнашына байланышкан азыркы күндүн талуулуу маселеси каралган. Бул форумга 1100 киши катышып, анын 500 кишиси өкмөттүк бийлик түзүлүшүндөгүлөр, калган 600 киши ишкердикте, бизнес нугунда алек болгондор эле.

Форумдун алкагында бардыгы 7 «тегерек үстөл» уюштурулуп, экономикалык олуттуу маселелер талкууланып, бышыкталган. Жыйынтыгында төмөндөгүдөй сунуштар кабыл алынган. Экономиканын бүт тармактарында өз ара байланышты күчөтүү жана илимий, өндүрүштүк потенциалды толук, натыйжалуу пайдалануу; ЕврАзЭКтин өлкөлөрүнүн Бүткүл Дүйнөлүк Соода уюмуна өтүп жаткандыгына, өтө тургандыгына байланыштуу соода, товар өндүрүү жана тейлөө көрсөтүү жагынан биргелешип аракет кылуу маселеси; валюта – финансылык интеграциянын күчөтүү жактары; бажы жана транспорт маселелери; отун – энергетикалык комплексинде, агроөнөржай секторунда, ошондой эле маалымат тармагы ич ара ар бир өлкөгө ыңгайлуу жана пайдалуу маселе.

Экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн ар бири үчүн энергетика комплекси боюнча интеграция процессин күчөтүү зарыл экендигин өткөн мезгилдеги тажрыйба толук аныктады. Ушундан улам ЕврАзЭКтин Интеграциялык комитетинде атайын

Энергетикалык саясат кеңеши уюштурулуп, ал 2002-жылдын апрель айынан тартып иштей баштаган. Бул мекеме жылына эки жолу өткөрүлүп, анда энергетика комплекси боюнча интеграциялык иштердин эң олуттуу маселелери талкууланып, тиешелүү практикалык жактан сунуштар даярдалат.

ЕврАзЭКтин курамына кирген мамлекеттердин энергетикалык комплекси ар тараптан иликтенип, жыйынтыгында төмөндөгүдөй негизги багыттары жана маселелери белгиленген.

### 1. Энергетикалык ресурстар менен камсыз болуу деңгээли

Эң алды менен болгон энергетикалык ресурстун түрлөрү (көмүр, нефть, газ, уран, гидроэнергия ж.б.) анын запастары, келечектүүлүгү аныкталып, натыйжада, Коомго кирген мамлекеттер бул жагынан бир топ көрсөткүчтөрү дурус экендиги аныкталган. Бирок, алардын жайгашуусу өлкөлөр боюнча бирдей эмес.

2.1. – таблица

ЕврАзЭКтин курамына кирген өлкөлөрдүн энергетикалык ресурстарынын потенциалы

| | Беларусь Республикасы | | Казакстан | | Кыргызстан | | Россия | | Тажикистан | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жылдар | 2000 | 2020 | 2000 | 2020 | 2000 | 2020 | 2000 | 2020 | 2000 | 2020 |
| Көмүр, млрд. т | чакан | чакан | 34,1 | 34,1 | 1,34 | 1,27 | 201,7 | 201,7 | 0,67 | 1,0 |
| Нефть, млн.т. | 150 | 338 | 2760 | 2760 | 11,5 | 10,2 | 44000 | 62700 | 5,4 | 10 |
| Газ, млрд.куб.м. | 30 | 50 | 1841 | 1841 | 6,54 | 6,2 | 50000 | 127000 | 9,2 | 10 |
| Уран, мин т. | чакан | чакан | 600 | 600 | чакан | чакан | 400 | 400 | чакан | чакан |
| Гидроэнергетика потенциалы | 0,9 | 0,9 | 27 | 27 | 48 | 48 | 852 | 852 | 85 | 85 |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, энергетикалык ресурстардын бардык түрүнүн запасы боюнча Россия жана Казакстан башкы орунду ээлейт. Ал эми Кыргызстан жана Тажикстанга гидроэнергетиканын потенциалы жагынан башкы орун таандык. Беларусь Республикасы энергетикалык ресурстардын запасы жагынан кыйла жарды. Экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн аймагында энергетика ресурстарынын кылкасыз жайгашуусу өз учурунда жалпы энергетика базарын калыптандырууга түрткү болгон.

### 2. Газды жана нефтини ташуу, биргелеше иштетүү

Коомго кирген өлкөлөрдүн, Тажикстандан башкасында нефть жана газ ресурстарын ташуу инфраструктурасы белгилүү өлчөмдө

мурдатан эле калыптанып калган. Бирок, негизги нефть жана газ ташылуучу түтүктөрдүн тутуму Россиянын, Беларусь Республикасынын аймагында жайгашкан. Азыркы учурда Россия менен Казакстан Каспий деңизинен нефтини түтүк менен ташуу боюнча биргелешкен ишкана уюштурушкан. Мунун кубаттуулугу 28 млн. тонна нефтини ташууга жетет, ал эми келечекте бул түтүк тутумунун кубаттуулугун 67 млн. тоннага жеткирүү белгиленип жатат.

### 3. КМШнын алкагында энергетика чөйрөсүндөгү кызматташтык

Энегетика комплекси боюнча интеграциялык иштер азыр негизинен мурдатан калыптанып калган нукта жүргүзүлүп жатат. Экономикалык коомдун, жалпы эле шериктеш өлкөлөрдүн алкагындагы энергетика маселесинин түйүндүүлөрүнө мамлекеттердин ортосундагы электр энергиясын сатуунун баасын калыптандыруу кирет. Ал эми энергетиканы пайдалануу боюнча базар мамилелеринин шартына коомго кирген өлкөлөрдүн ичинен Казакстан эле өткөн.

### 4. Инвестиция боюнча иштер, биргелешс ишканалардын түптөлүшү

Инвестиция нугундагы биргелешкен иштер азырынча, нефть өнөржайында ишке ашырылып жатат. Алсак, Казакстан Каспий деңизиндеги нефть запастарын Россия менен биргелешип өздөштүрүү боюнча долбоорлор иштелип чыккан. Ал эми Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын өкмөтү Камбарата ГЭСтери боюнча долбоорду чогуу ишке ашыруу жөнүндө 2004-жылы августта Меморандумга кол коюшкан. Нарын дарыясына курулуучу бул ГЭСтер бүткөндө Кыргызстан эле эмес, бүтүндөй коомго кирген өлкөлөрдүн электр энергиясын пайдаланууга тиешелүү өлчөмдө үлүшүн кошот.

ЕврАзЭКтин ишинин башкы багыттарынын бирин агроөнөржай саясаты ээлейт. Учурунда коомдун Интегарциялык комитетинин алдында агроөнөржай саясаты боюнча атайын Кеңеш түзүлгөн. Бул кеңеш коомго кирген өлкөлөрдүн агроөнөржай комплекстерин толук иликтеп чыккан. Жыйынтыкталган маалыматка ылайык бул мамлекеттердеги айыл чарба продукциясын өндүрүү жыл өткөн сайын арбып жатат. 2004 – жылдын маалыматы боюнча продукция

көлөмү Беларусь Республикасында 6,7 %, Казакстанда 2,3 %, Кыргызстанда 3,9 %, Россияда 1,6 %, Тажикстанда 9,6 %ке өскөн.

Экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн айыл чарба тармактарынын адистештирилиши жеринин шартына, жаратылыш – климаттык өзгөчөлүгүнө карата олуттуу айырмаланат. Алсак, Беларусь Республикасы картошка, эт, тоок, сүт, жумуртка, кант кызылчасына, Казакстан дан, эт, сүт, жашылча жемишке, Кыргызстан пахта, тамеки, эт, сүт, кант кызылчасына, Россия дан, картошка, кант кызылчасы, сүт, жумурткага адистештирилген.

ЕврАзЭКтин алкагына кирген өлкөлөрдө айыл чарба тармагын реформалоонун түпкү уңгусу агроөнөржай комплексин туруктуу өнүктүрүүгө, экономикалык натыйжалуулугун арттырууга, айыл чарба өндүрүшүнүн өсүшүн жана азык-түлүк жагынан коопсуздукту камсыз кылууга багытталган. Мындан тышкары коомго кирген өлкөлөр айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча улуттук кызыкчылыктарын дагы толук эске алат.

Коомдун мүчөлөрүнүн катышуусу менен даярдалган агроөнөржай саясатынын концепциясынын башкы багыттарына негизинен төмөнкүлөр кирет:

• агроөнөржай комплексин, анын ичинде айыл чарба жана кайра иштетүү тармактарын, биргелеше өнүктүрүү, айыл чарба продукцияларынын, сырьенун, азык – түлүктүн, материалдык – техникалык ресурстарынын, ошондой эле тейлөөнүн иштиктүү базар алкагын өнүктүрүү;

• жалпы агрардык базар инфраструктурасын өнүктүрүү жана аны жөнгө салуунун тиешелүү чараларын көрүү;

• агроөнөржайына таандык бюджет, кредит – финансы, бажы, баа, салык, тариф, камсыздандырууга тиешелүү саясатын толук иштеп чыгуу;

• айыл чарба техникалары боюнча мамлекеттер аралык лизингдин бирдиктүү механизмин даярдоо;

• айыл чарба продукцияларына, сырьего жана азык – түлүккө карата талап менен сунушту колдоого алуу, тиешелүү көмөк көрсөтүү;

• өз ара ыңгайлуу инвестициялык долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу үчүн экономикалык жана социалдык ыңгайлуу шарттарды түзүү;

• агроөнөржай комплексине кадрларды даярдоо жагынан координациялык маселелерди чечүү;

• экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн айыл чарбасындагы товар өндүрүүчүлөрдүн кирешесин арбытуу жана рентабелдүүлүгүн көтөрүү;

• агрардык сектордогу нормативдик - укуктук базаны, продукциянын, сырьенун жана азык – түлүктүн, материалдык – техникалык ресурстардын, илимий – техникалык кызматташтыгын, адистердин социалдык жагдайын жакшыртуу.

## 2.5. Социалдык өнүгүү жана илим, билим нугундагы байланышы

Эларалык деңгээлдеги бай тажрыйба көрсөткөндөй, ар өлкөнүн олуттуу маселелеринин орчундуусунун бири социалдык саясат болуп эсептелет. Ошондуктан Евразия Экономикалык коому социалдык жактан өнүктүрүүгө дагы тиешелүү өлчөмдө көңүл бөлүүдө.

Советтер Союзу тарагандан кийин, көпчүлүк өлкөлөрдүн социалдык абалы кыйла татаалданып, бир топ чечүүнү талап кылган олуттуу маселелер келип чыккан. Буларга биринчи кезекте төмөндөгүлөрдү кошууга болот: калктын кирешесинин олуттуу айырмасы, ишке орношуунун кыйындашы, жакырлардын, жумушсуздардын санынын кыйла арбышы, социалдык жардамдын токтошу, миграциялык агымдын күчөшү, мыйзамсыз жеп-ичмейлердин арбышы ж.б.

Ушундан улам Евразия экономикалык коомуна кирген өлкөлөр биригип Социалдык саясаттын концепциясын даярдашкан. Мында коомдун социалдык – гуманитардык өнүгүшүнүн жалпы жобосу жана жыйынтыктоочу максаты толук көрсөтүлгөн. Буларга негизинен төмөндөгүлөрдү кошууга болот:

• социалдык саясаттын стратегиясын жана башкы багыттарынын концепциясын иштеп чыгуу;

• социалдык – эмгек чөйрөсүндөгү жагдайды үзгүлтүксүз байкоо максатында мамлекеттер аралык тутумду түзүү;

• социалдык – эмгек чөйрөсүнө тиешелүү нормативдик – укукук жана методологиялык өзөгүн бир нукка салуу;

• тиешелүү өлчөмдө жалпы эмгек базарынын алкагын калыптандыруу;

• пенсия, социалдык камсыздандыруу маселесинин механизмин даярдоо жана ар бир өлкөнүн зарыл иш чаралар планын түзүү;

• демографиялык азыркы саясаттын жалпы концепциясын иштеп чыгуу;

• коомго кирген өлкөлөрдөгү каражатка өтө муктаж калктын бөлүктөрүн социалдык камсыздоо иш чараларын иштеп чыгуу.

Экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн аймагында калктын ээн-эркин каттап турушу базар мамилелеринин шартында өтө олуттуу маселе. Ушундан улам 1998 – жылы 28 – апрелде Москвада Беларусь Республикасынын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Россиянын мамлекет жетекчилери «Букара калкка карай жөнөкөй он кадам тууралуу» билдирүүгө кол коюшкан. Бул документтин башкы максаты калктын жашоо – тиричилигин жакшыртуу үчүн коомго кирген өлкөлөрдүн бүт аймагында ээн – эркин эс алууга, барып иштөөгө, окууга, келип кетүүгө, медициналык жактан тейлөөгө, илимди, билимди өнүктүрүүгө, массалык маалымат каражаттарын пайдаланууга шарт түзүү, тагыраак айтканда маселени чечүү үчүн ар кандай тоскоолдуктарды алып таштоо эле. Азыр бул багытта бир катар олуттуу иштер аткарылып жатат. Мисалы, коомго кирген өлкөлөргө айталык биздин өлкөнүн жарандары коңшулаш Казакстанга, Өзүбекстанга визасыз эле өтүүдө.

Базар экономикасынын шартында эмгек миграциясын жөнгө салуу боюнча бир катар олуттуу маселелер чыгууда. Бул жагынан алганда Европалык Союздун топтогон тажрыйбасынын дүйнөлүк деңгээлдеги социалдык – экономикалык жана саясий мааниси бар. Учурунда эмгек миграциясы Батыш Европада интеграциялык процесстин жигердүү өнүгүшүнө олуттуу салымын кошуп, Европалык экономиканын структурасынын өзгөрүшүнө чоң таасирин тийгизген. Азыр Европада эмгек миграциясы ар тараптан толук иликтенип, утурланып жана жөнгө салынып турат. Учурдагы маалымат боюнча Европалык Союздун курамындагы 15 мамлекеттин аймагында дүйнөнүн ар тарабынан агылып келген 7 млн. чет өлкөлүк жарандар иштейт. Кийинки мезгилде Европанын көпчүлүк өлкөлөрү башкаруу, финансы, камсыздандыруу иши боюнча адистерди жалдап иштөөгө көбүрөөк чакырып, ошондой эле техникалык багыттагы адистерди дагы ишке чегерүү көбөйүүдө. Бир учурда бул өлкөлөр сырттан келген жарандарга негизинен жөнөкөй, аз төлөнүүчү жумуштарды сунуш кылчу.

Советтик доордон кийинки кыска убакыттын ичинде миграция өтө күч алып, айрыкча мыйзамсыз көчүп келген жана кеткендердин

саны арбыган. Анткени чаржайыт миграциялык процессти бир нукка салган механизмди эч ким иштеп чыккан эмес. Алсак, ушул тапта Москва шаарында эч кандай каттоосу жок эле 1,5 млн. сырттан келген кишилер жашап жатышат. Бул көрсөткүч өлкөлөр боюнча ар кыл. Такталган маалыматка ылайык виза албастан каттагандардын саны жыл ичинде Россияда 5 млн., Беларусь Республикасында 100-150 миң, Кыргызстанда 50-70 миң, Казакстанда 100 миң кишиге жетет. Мындай келип кеткендер, отурукташып иштеп калгандар бир жагынан, жумушчулар жетишпей жаткан орунду ээлеп, тиешелүү пайда алып келсе, экинчи жагынан булар салык төлөбөй тейлөө тармактарынан пайдаланышат.

ЕврАзЭК мамлекеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүшүн ыкчамдатуунун стратегиялык милдеттеринин бири – миграция процессинде тартипти кыйла күчөтүп, бир нукка салуу. Эсеп – чоту жок миграциянын күчөшү тигил же бул өлкөнүн улуттук коопсуздугуна доо кетирип, бөлүп жаруу, зомбулук иштеринин күчөшүнө өбөлгө түзүшү мүмкүн. Ушундай жагдайды алуу менен миграция саясатынын принциптерин бир тартипке келтирүү, убактылуу иштегени келген адамдардын агымын жөнгө салуучу Келишимдин долбоору экономикалык коомго кирген өлкөлөрдүн өкмөт жетекчилеринин көзөмөлүндө даярдалган.

Акыркы 10-15 жылдын ичинде социалдык – экономикалык өнүгүү жагынан дүйнөлүк деңгээлдеги көрсөткүчкө жетишкен өлкөлөрдүн басымдуусу билим менен илимдин жетишкендиктерине көбүрөөк ыктагандыгы даана байкалат. Ушул багыттагы өнүгүү көп мамлекеттерде далайга чейин сакталып кала берет. Анын үстүнө Жер шарындагы кен байлактардын запасынын тез азайышы, айлана – чөйрөнүн ыкчам ыпластануусу, экологиялык калпыстыктардын арбышы дагы илим, билимдин жетишкендиктеринен жаралган технологиялык процесстерди натыйжалуу пайдалануу көбүрөөк талап кылынууда.

ЕврАзЭКтин курамына кирген өлкөлөрдүн билим – илимдин жалпы бирдиктүү аймагын калыптандыруу өтө жооптуу жана түйшүктүү жумуш. Бул жагынан алганда азыр «Билим, окумуштуулук даража жана наам документттерин өз ара кабылдоо тууралуу», «Келишимге кирген өлкөлөрдүн жарандарынын окуу жайына тапшырууга жарандардын тең укуктуулугу тууралуу», «Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын филиалдарын ачуу жана иштетүү боюнча» даярдаган келишимдери ишке ашырылып жатат. Алсак, коомго

кирген ар бир өлкөнүн жарандары каалаган окуу жайына тапшырып, сынактан өткөндөн кийин окууга жана ишке кирүүгө толук шарт түзүлгөн. Ушундан улам эл аралык деңгээлдеги сынактан ийгиликтүү өтүп, иш жүзүндө ийгилик жаратып жаткан, студенттердин сапаттык деңгээлин көтөрүүгө көмөктөшүүчү кадимки Болон процессин киргизүү иши аткарылып жатат. ЕврАзЭКке 2006-жылдын 25-январында Өзбекстан кошулган.

# КЫРГЫЗСТАН ДҮЙНӨЛҮК ЭКОНОМИКА ТИЗМЕГИНДЕ

# III БӨЛҮМ

3.1. Тышкы экономикалык байланыштын азыркы абалы
3.2. Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышы
3.3. Кыргызстандын өнүккөн өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышы

### *3.1. Тышкы экономикалык байланыштын азыркы абалы*

Азыркы учурда Кыргызстан үчүн экономиканы ар тараптан өнүктүрүү эң башкы маселе. Ал эми базар экономикасына өтүү шартында калктын жашоо шартын жакшыртуу, кирешесин жогорулатуу үчүн өндүрүштүн солгундашын токтотуп, экономикалык өсүштү камсыз кылуу талап кылынат.

Ал эми америкалык окумуштуу А. Крюгердин изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылган: экспорттон түшкөн кирешенин өсүү ылдамдыгы 1 %ке арбыса, улуттук дүң продуктунун өсүү ылдамдыгы болжол менен 0,11 %ке жогорулайт [112]. Ошондуктан ар бир өлкө тышкы экономикалык саясатын, анын ичинде экспортту өнүктүрүүсү талап кылынат.

Джеральд Скалли базар экономикасынын шартындагы дүйнөнүн 115 өлкөсүн изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: саясый эркин өлкөлөр, эркиндиги чектелген өлкөлөргө салыштырмалуу 3 эсе бат өнүгөт [113].

Ошондуктан эркин соода жүргүзүү стратегиясын тандап алып, тышкы экономикалык саясатты туура жүргүзүү эң башкы маселенин бири болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын 1990-2003-жылдардагы негизги экономикалык көрсөткүчтөрүнүн абалын иликтөөдөн төмөндөгүдөй абалды байкоого болот (3.1-таблицаны караңыз).

3.1-таблица

Кыргыз Республикасынын экономикалык негизги көрсөткүчтөрүнүн индекси (мурдагы жылга % менен)

| | 1990-ж | 1995-ж | 1996-ж | 1997-ж | 1999-ж | 2000-ж | 2001-ж | 2002-ж | 2003-ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт | 106,1 | 94,6 | 107,1 | 109,9 | 103,7 | 105,4 | 105,3 | 100,0 | 106,7 |
| Өнөр жай продукциясы | 99,4 | 82,2 | 103,9 | 139,7 | 95,7 | 106,0 | 105,4 | 89,1 | 117,0 |
| Айыл чарба продукциясы | 101,3 | 98,0 | 115,3 | 112,2 | 108,2 | 102,6 | 106,8 | 103,1 | 103,8 |

*Булак: КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы*

Таблицада көрүнүп тургандай акыркы жылдары өнөржай жана айыл чарба тармактарында белгилүү өлчөмдөгү өсүү байкалган. Бирок бул өсүү баанын жогорулашынын негизинде келип чыккан, ал эми продукция өндүрүүнүн көлөмү дагы эле кыйла төмөн.

Буга карабастан Кыргызстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинде биринчилерден БСУга (Бүткүлдүйнөлүк Соода Уюмуна) мүчө болуп кирген. Улуттук валюта – сомду киргизүү, тышкы сооданы либералдаштыруу, инвестиция тартуу жана башка ар кандай иштерди жүргүзүп жатат. Тышкы экономикалык реформанын негизинде ар кандай жаңы мыйзамдар, указдар кабыл алынып, ийгиликтүү жүзөгө ашырылууда.

Тышкы экономикалык байланыш – азыр экономиканы өнүктүрүүнүн активдүү элементине айланды. Кыргызстан эркин соода экономикасына ээ, бул болсо республикадагы көптөгөн ишкана, уюмдардын тышкы базарга катышуусуна толук өбөлгө түзүп жатат.

Көптөгөн тажрыйбалардын негизинде экономикалык өсүштүн негизги фактору экспорттун үлүшүн көбөйтүү экендиги эчактан эле далилденген. Кыргызстандын товар сатуу жана сатып алуунун акыркы жылдардагы абалын иликтөөдөн төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот (3.2-таблицаны караңыз).

3.2-таблица

Кыргыз Республикасынын товар сатуу жана сатып алуу динамикасы (млн. доллар менен)

| | 1991-ж | 1996-ж | 1997-ж | 1998-ж | 2000-ж | 2001-ж | 2002-ж | 2003-ж | 2004-ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар сатуу жана сатып алуу; анын ичинен | 377,4 | 1343,1 | 1313,1 | 1355,1 | 1059,1 | 943,4 | 1072,3 | 1298.7 | 1659,8 |
| Экспорт | 185,6 | 505,4 | 603,8 | 513,6 | 504,5 | 476,1 | 485,5 | 581.7 | 718,8 |
| Импорт | 191,8 | 837,7 | 709,3 | 841,5 | 554,6 | 467,2 | 586,7 | 717.0 | 941,0 |
| Сальдо | -6,2 | -332,3 | -105,5 | -327,9 | -50,1 | +8,9 | -101.2 | -135.3 | -222,2 |

*Булак: КР улуттук статистика комитетинин маалыматы*

3.2-таблицада көрсөтүлгөндөй акыркы 13 жылда республикадагы товар жүгүртүүнүн көлөмү дээрлик беш эсеге арбып, бирок 2001-2002-жылдары экспорттун көлөмү бир топ азайган. Анткени ушул учурда Кумтөр алтын комбинатында өндүрүлгөн алтынды сыртка чыгаруу өлчөмү бир топ төмөндөгөн эле. Эксперттердин эсептөөлөрү боюнча Кыргызстанда экспорттун көлөмү, эгер жыл сайын орточо 10 %ке жогоруласа, экономиканын өнүгүүсү да туруктaшып, белгилүү өлчөмдө өсүшкө жетип, жакырчылыктын кыйла азайышына бир топ шарт түзмөк.

3.3.-таблица

Кыргыз Республикасынын айрым өлкөлөр менен тышкы соодасынын жалпы көрсөткүчтөрү (миң долл. менен)

| | ЭКСПОРТ | | | | ИМПОРТ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2001 | 2002 | 2003 | 2003 2002 % м-н | 2001 | 2002 | 2003 | 2003-ж 2002-га % м-н |
| Бардыгы, анын ичинен | 476151 | 485544 | 581728 | 119,8 | 467242 | 586752 | 716956 | 122,2 |
| Азербайжан | 2088,8 | 5555,3 | 2048,0 | 36,9 | 436,3 | 2374,4 | 353,1 | 14,9 |
| Армения | 10,6 | 56,8 | 1,8 | 3,2 | 34,5 | 447,5 | 5,7 | 1,3 |
| Беларусь | 3202,4 | 1338,5 | 1505,2 | 112,5 | 5955,2 | 5065,2 | 5888,7 | 116,3 |
| Грузия | 173,9 | 139,0 | 337,7 | 242,9 | 20,5 | 109,8 | 490,2 | 446,4 |
| Казакстан | 39032,2 | 36826,2 | 57133,4 | 155,1 | 81801,4 | 123902 | 170929, | 138,0 |
| Молдова | 340,2 | 98,5 | 463,0 | 470,1 | 252,9 | 704,7 | 1447,6 | 205,4 |
| Россия | 64510,2 | 80035,8 | 97016,9 | 121,2 | 85052,1 | 116705, | 176128, | 150,9 |
| Тажикистан | 6743,3 | 10193,3 | 18855,9 | 185,0 | 1501,5 | 3483,2 | 3068,7 | 88,1 |
| Түркмөнстан | 1546,3 | 2404,3 | 2342,2 | 97,4 | 8977,3 | 1731,8 | 397,8 | 23,0 |
| Өзбекстан | 47997,6 | 27835,8 | 16258,9 | 58,4 | 66733,4 | 60144,0 | 39214,9 | 65,2 |
| Украина | 2899,9 | 4268,5 | 5418,4 | 126,9 | 6224,4 | 7842,2 | 12564,0 | 160,2 |
| **Европалык Союз** | **117454,3** | **18711,6** | **17615,7** | **94,1** | **54752,5** | **76134,8** | **79554,6** | **104,5** |
| Австрия | 1440 | 1486,2 | 1845,5 | 124,2 | 607,1 | 1220,8 | 3276,0 | 268,3 |
| Бельгия | 839,5 | 3220,3 | 4914,4 | 152,6 | 8434,2 | 1575,3 | 3318,6 | 210,7 |
| Улуу Британия | 14064,5 | 862,2 | 80,9 | 9,4 | 4830,2 | 2777,7 | 2498,9 | 90,0 |
| Германия | 94403,2 | 1756,7 | 3011,3 | 171,4 | 24272,4 | 31397,1 | 38215,0 | 121,7 |
| Италия | 1379,1 | 1003,3 | 427,0 | 42,6 | 2955,3 | 3594,1 | 5811,6 | 161,7 |
| Нидерланды | 1596,6 | 4184,6 | 5279,0 | 126,2 | 3962,0 | 16103,9 | 12311,3 | 76,4 |
| Франция | 1768,8 | 5594,7 | 209,2 | 3,7 | 4446,3 | 5169,2 | 3835,8 | 74,2 |
| Швеция | 1662,1 | 40,6 | 255,4 | 629,1 | 937,1 | 7402,4 | 2045,3 | 27,6 |
| Венгрия | 1169,0 | 1369,5 | 254,2 | 18,6 | 1553,4 | 1314,7 | 2392,3 | 182,0 |
| Чехия | 2073,9 | 1939,3 | 2332,7 | 120,3 | 1934,0 | 1940,9 | 1776,2 | 91,5 |
| Швейцария | 124188, | 96372,5 | 117868, | 120,3 | 1934,0 | 1940,9 | 1776,2 | 91,5 |
| Афганистан | 1592,3 | 4405,6 | 6128,1 | 139,1 | --- | 2,5 | 61,1 | 2444, |
| Израиль | 246,6 | 54,9 | 1,1 | 2,0 | 249,4 | 330,9 | 262,2 | 79,2 |
| Индия | 1368,3 | 6111,0 | 667,3 | 10,9 | 4271,5 | 2888,1 | 3771,0 | 130,6 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Иран | 8248,7 | 4736,0 | 2149,5 | 45,4 | 6660,0 | 4344,2 | 5949,2 | 136,9 |
| Кытай | 19374,1 | 41059,1 | 23342,5 | 56,9 | 48537,5 | 59114,7 | 77690,0 | 131,4 |
| Малайзия | --- | --- | --- | | 379,1 | 650,8 | 229,2 | 35,2 |
| Монголия | 1170,1 | 1103,6 | 957,9 | 86,8 | --- | 27,7 | 14,8 | 53,4 |
| Бириккен Араб Эмираттары | 549,2 | 68816,8 | 144343,7 | 209,8 | 6780,4 | 7345,3 | 7792,6 | 106,1 |
| Пакистан | 52,5 | 32,2 | 21,3 | 66,1 | 211,7 | 348,2 | 524,6 | 150,7 |
| Корея | 623,1 | 1068,5 | 383,1 | 35,9 | 7819,9 | 6962,6 | 11674,9 | 167,7 |
| Түркия | 13772,0 | 16402,2 | 11002,5 | 67,1 | 15772,2 | 17006,3 | 25988,9 | 152,8 |
| Япония | 457,3 | 185,4 | 89,3 | 48,2 | 5843,3 | 6421,7 | 11825,6 | 184,2 |
| Канада | 1178,0 | 4905,7 | 30977,3 | 631,5 | 10681,0 | 9048,6 | 8302,2 | 91,8 |
| АКШ | 7149,6 | 36063,7 | 6515,1 | 18,1 | 26773,2 | 47384,4 | 47931,1 | 14,9 |

Жогоруда таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын товар сатуусу жана сатып алуу көлөмү бирдей деңгээлде эмес. Анализденген жылдары экспорт жана импорт жогорулаган. Өлкөлөр боюнча алып караганда Казакстан, Молдова, Россия, Тажикистан, Украина, Австрия, Бельгия, Германия, Швеция, Швейцария, Бириккен Араб Эмираттары жана Канада товар экспорттоонун көлөмү жогорулап, ошол кезде Армения, Улуу Британия, Италия, Франция, Израил, Индия, Япония жана АКШга товар экспорттоо кескин кыскарып кеткендигин байкоого болот. Атап айтсак, Арменияга үч эсе, Улуу Британияга он эсе, Францияга 26 эсе, Израилге 54 эсе, Индияга он эсе, АКШга 5 эсе аз товар сатканбыз.

Кыргыз Республикасынын өлкөлөрдөн товар сатып алуусу да бирдей деңгээлде эмес. Мисалы, Грузия, Молдова, Россия, Украина, Австрия, Бельгия, Италия, Венгрия, Афганистан, Индия, Иран, Кытай, Пакистан, Корея, Түркия, Япония өлкөлөрүнөн товар сатып алуу көлөмү жогорулагандыгы 3.3.- таблицада көрсөтүлгөн. Ал эми төмөнкү өлкөлөрдөн товар сатып алуу кыскарган: Армения 78 эсеге, Азербайжан 6 эсеге, Өзбекстан 2 эсеге, Швеция 3 эсеге азайган.

3.4.-таблица

Кыргыз Республикасынын дүйнөнүн айрым өлкөлөрү менен карым – катнашынын деңгээли

| Өлкөлөр | 1997 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|
| Улуу Британия | 0,96 | 0,014 | 0,001 |
| Түркия | 0,03 | 0,26 | 0,13 |
| Швейцария | 0,02 | 1,54 | 1,35 |
| Италия | 0 | 0,016 | 0,004 |
| Франция | 0 | 0,089 | 0,002 |
| Япония | 0 | 0,003 | 0,001 |
| Чехия | 0 | 0,03 | 0,03 |
| Россия | 3,27 | 1,28 | 1,12 |
| Казакстан | 2,2 | 0,59 | 0,65 |
| Өзбекстан | 0,67 | 0,45 | 0,19 |
| Түркменистан | 0,25 | 0,04 | 0,03 |
| Украина | 0,42 | 0,069 | 0,06 |
| Беларусь | 0,15 | 0,02 | 0,02 |
| Тажикистан | 0,18 | 0,16 | 0,22 |
| Кытай | 1,26 | 0,66 | 0,27 |
| Германия | 0,17 | 0,03 | 0,03 |
| АКШ | 0 | 0,58 | 0,07 |

Жогорудагы 3.4. - таблицада Кыргыз Республикасынын негизги өнөктөрү менен карым-катнашынын индекси көрсөтүлгөн. Индекстин көрсөткүчү бирге чейин болсо орточо интенсивдүүлүктү, ал эми бирден арбыны жогорку инетенсивдүүлүктү айкындайт. Таблицада көрсөтүлгөндөй, 1997-жылы Кыргыз Республикасы БСУга мүчө кээ бир өлкөлөр менен карым-катнашынын деңгээли нөлгө барабар болсо, 2002-2003-жылдары индекс тиешелүү деңгээлге жогорулаган. Бирок КМШ өлкөлөрүнүн индекси төмөндөп кеткен.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Кыргызстандын товар жүгүртүүсү дээрлик КМШ өлкөлөрүнө багытталып, товар жүгүртүүсүнүн 90 %ин шериктеш өлкөлөр түзгөн. Ал эми 1997-жылдан баштап алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн көлөмү жогорулай баштаган (3.5-таблицаны караңыз).

3.5-таблица

Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүнүн структурасы
( % менен)

| | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрү | 80,1 | 72,3 | 65,8 | 66,9 | 65,5 | 49,5 | 42 | 47,8 | 45,1 | 45,8 | 47 |
| калган өлкөлөр | 19,9 | 27,7 | 34,2 | 33,1 | 34,5 | 50,5 | 58 | 52,2 | 54,9 | 54,2 | 53 |

*Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде эсептелген*

Таблицадан көрүнүп тургандай кийинки жылдары Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүнүн структурасында КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү кайрадан көбөйө баштаган. Мындай өзгөрүүнүн себептери негизинен төмөндөгү жагдайларга байланыштуу:

***биринчиден***, мурдагы экономикалык байланыштарды калыбына келтирүүгө аракет жасоо;

***экинчиден***, КМШ өлкөлөрүндө төлөм маселесиндеги тоскоолдуктарга байланыштуу жана инфляциянын кескин жогорулагандыгына байланыштуу Кыргызстан шериктеш өлкөлөр менен бартердик жол менен (товар алмашуу) байланышып турган. Ал эми 1992-жылы бул өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн дээрлик бардыгы эки тараптуу макулдашуунун нугунда болгон. Кийинки жылдары Кыргыз Республикасы үчүн коңшулаш өлкөлөр, анын ичинде Россия менен соода жүргүзүү кыйла ыңгайлуу жана экономикалык жактан натыйжалуу болгон. Мисалы, кээ бир товарлардын баасы дүйнөлүк баанын деңгээлинен бир топ жогору болгондуктан (жүн-100 %, тамеки-39 %, сымап-45 %, сурьма-14 %), Кыргызстан бул товарларды алыскы чет өлкөлөргө эмес, эң алды Россияга экспорттогон;

***үчүнчүдөн***, башка чет өлкөлөр менен соода жүргүзүүдөгү кээ бир тоскоолдуктар дагы эле сакталып калган. Ушул, дагы башка себептерге байланыштуу СССР жоюлгандан кийинки алгачкы жылдары Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы негизинен КМШ өлкөлөрүнө багытталган. Бирок 1994-жылдан баштап баа саясаты өзгөрүлүп, Кыргызстан кээ бир товарларын айрыкча, сырьелорду, металлдарды ж.б. чет өлкөгө экспорттой баштаган. Ал эми импорттолуучу товарлардын баасы, өзгөчө нефть, газ, темир жана башкалардын баасы жогорулап, ошондой эле бажы тоскоолдуктары, транспорт акыларынын кымбаттап кетишинен улам коңшулаш өлкөлөр менен товар жүгүртүү кыскарып кеткен.

**Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештигин (КМШ)** түзүү маселесин 1991-жылы Россия, Беларусь, Украина президенттери алгачкылардан болуп талкуулашкан. Натыйжада КМШны түзүү жөнүндө келишимге кол коюп, ошол эле күнү анын Уставын кабыл алышкан. Кийинчерээк бул уюмга мурдагы Советтер Союзунун курамындагы республикалардын көпчүлүгү кире баштаган.

1993-жылы сентябрда КМШ өлкөлөрүнүн ичинде Экономикалык Союзду түзүү жөнүндө Келишимге кол коюлуп, буга Азербайжан, Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Өзбекстан өлкөлөрү кирген. Бул келишим негизинен базар нугундагы экономикалык өнүгүүгө, экономикалык ири долбоорлорду биргелешип түзүүгө олуттуу маселелерди чечүүгө багытталган.

КМШ өлкөлөрүндө Экономикалык Союзду түзүү келишиминин негизинде 1994-жылы 24-апрелде эркин соода тилкелерин уюштуруу боюнча макулдашууга кол коюлган. Ушунун негизинде мамлекет аралык соодада бажы төлөмдөрүн, салык ж.б. жыйноолорду алып салуу маселеси каралган. 90-жылдардын аягында бул макулдашуудагы көптөгөн пункттар иш жүзүнө ашпай жаткандыгын эске алып, 1999-жылдын апрелинде жогорку макулдашууга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө протоколго КМШ өлкөлөрү кол коюшкан.

Азыркы учурда КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан, Армения, Молдова мамлекеттери гана өзүнүн милдетин аткарып, шериктеш өлкөлөр менен соода байланышында тарифтик чектөөлөрдү колдонбойт. Кыскасы, КМШ өлкөлөрүнүн ортосунда көптөгөн биргелешкен чечимдер кабыл алынган. Кызматташуунун түрдүү багыттары боюнча көптөгөн чечимдер кабыл алынганы менен алардын көпчүлүгү кагаз жүзүндө эле калган.

Кыргызстан шериктештердин Экономикалык союзуна киргенден баштап кээ бир экономикалык өнүктүрүүгө зарыл маселелерди өз алдынча чече албай калган. Буларга негизинен төмөндөгүлөр кирет:

- товарды, капиталды мамлекет аралык эркин алмашууну камсыз кылуу;

- кыйыр салыктарды, анын ичинен кошумча наркка салык алуунун бирдиктүү тизмегин иштеп чыгуу.

Ал эми КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы экономикалык байланыштын солгундашына эң алды менен төмөнкүлөр себептүү:

- өндүрүштүн сырьелорго көбүрөөк ыкташынан улам, аларга коюлган баалардын бир топ айырмаланат.

- өндүрүштү адистештирүү жана уюштуруу деңгээлинин бир топ төмөндөшү. Бардык өлкөлөрдө ички жана тышкы карыздардын көбөйүшүнөн улам, бул өлкөлөрүнүн ортосундагы товар сатуунун азайышына алып келүүдө. Мындай жагдай Кыргызстанда да байкалууда (3.6-таблицаны караңыз).

3.6-таблица

Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, млн. долл.

| Жылдар | Товар жүгүртүү, бардыгы | КМШ м-н товар жүгүртүү, | Салыштырма үлүшү % | Экспорт | Импорт |
|---|---|---|---|---|---|
| 1995 | 931,2 | 623,0 | 66,9 | 269,0 | 354,0 |
| 1996 | 1343,1 | 880,0 | 65,5 | 393,0 | 487,0 |
| 1997 | 1313,1 | 755,0 | 57,5 | 319,3 | 435,8 |
| 1998 | 1355,1 | 671,0 | 49,5 | 230,3 | 440,7 |
| 1999 | 1053,5 | 443,0 | 42,0 | 183,3 | 259,2 |
| 2000 | 1059,1 | 506,0 | 47,8 | 207,4 | 299,1 |
| 2001 | 943,4 | 425,5 | 45,1 | 168,5 | 257,0 |
| 2002 | 1072,3 | 491,4 | 45,8 | 168,8 | 322,6 |
| 2003 | 1298,7 | 611,9 | 47,1 | 201,4 | 410,5 |

*Булак: Экономикалык өнүктүрүү, өнөр жай жана соода министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы экспорт-импорт операцияларынын өсүү ылдамдыгы 1996-жылдан бери төмөндөп, бул тенденция азыркы мезгилде да сакталып келе жатат. Тышкы соодадагы эң негизги тоскоолдук КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы чек ара байланышынын бир калыпта эместигине байланыштуу.

Мындан тышкары убактылуу төлөмдөрдү киргизүү, чек арадан товар алып өтүүдөгү салыктар, чектөөлөр сыяктуу жагдай абалды андан бетер татаалдатууда.

КМШ өлкөлөрү менен товар сатуунун көлөмү 1996-жылы 880,0 млн.долларды түзүп, жалпы товар сатуунун 65,5 %ин ээлеген. Ал эми 1999-жылы болсо 443,0 млн. долларды түзүп, 42 %ти камтыса, 2000-жылы товар сатуунун көлөмү жогорулап, жыйынтыгында 506,0 млн. долларга жеткен. Бирок 2001-жылы бул көрсөткүч кайра төмөндөп, 425,5 млн.долларга түшүп кеткен. Мындай төмөндөөнүн себеби кээ бир өлкөлөрдүн бажы төлөмдөрүнүн кымбатташына жана ар кандай чектөөлөргө байланыштуу болгон. Кийин, тагыраак айтканда 2002-жылдын

маалыматтарына ылайык, Кыргызстан менен КМШ өлкөлөрүнүн товар сатуусу дээрлик 50 млн. долларга жогорулап, жыйынтыгында 491,7 млн. долларды түзгөн. Бул негизинен импорттун көбөйүшүнө байланыштуу болгон.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстандын эң негизги өнөктөрү – ***Россия, Казакстан жана Өзбекстан***. 2001-жылы бул өлкөлөрдүн үлүшү КМШ өлкөлөрү менен товар сатууда 89 %, ал эми бардык товар жүгүртүүдө 41 %тин ээлеген.

Базар мамилелерине өтүүдөгү экономикалык реформанын алгачкы жылдары Кыргызстан тышкы соодасын КМШ өлкөлөрүнө караганда, алыскы чет өлкөлөргө көбүрөөк багыттаган. Бирок, 1991-1992-жылдары шериктеш өлкөлөрдүн жалпы товар сатуу үлүшү 86,1 % жана 80,1 % ти түзгөн, 1999-жылы болсо 42 %ке төмөндөп, убакыт өткөн сайын бул өлкөлөр менен болгон товар сатуу өлчөмү бир топ азайып кеткен. Ал эми алыскы өлкөлөр менен болгон товар жүгүртүү 1991-жылы жалпы товар жүгүртүүнүн 13,9 %ин түзсө, 1999-жылы 58 %ке жетип бул өлкөлөр менен товар өткөрүү арбый баштагандыгы байкалган.

КМШ өлкөлөрү менен товар сатуунун көлөмү 2000-жылы 506 млн.долларды түзсө, 2001-жылы бул көрсөткүч 425,5 млн.долларга барабар болуп, товар жүгүртүүнүн көлөмү 16 %ке азайган. Мындай абал дээрлик бардык шериктеш өлкөлөргө таандык. Мисалы, Россиянын импортунда КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 1990-жылы 70 % болсо, 1999-жылы 25,3%ке төмөндөп, ал эми экспортунда болсо 1990-жылы 64,6%, 1999-жылы 13,7%ти түзгөн.

Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндөй эле экономиканы ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн шериктеш өлкөлөргө дагы инвестицияны көп тартуу зарыл. Кыргызстанда, негизги капитал булагы эл аралык финансы-экономикалык уюмдары жана жеке компаниялар болгондуктан, мындай мүмкүнчүлүктүн чектелүү экендиги даана байкалып келүүдө.

Мындай олуттуу экономикалык маселе учурунда шериктештердин башка өлкөлөрүндө да даана байкалган. Ошондуктан КМШ өлкөлөрүнүн негизги максаты – бирдиктүү инвестициялык мейкиндикти түзүү. Инвестициялык ишкердүүлүк багытында кызматташуу жөнүндө тиешелүү макулдашуу кабыл алынып, соңунан КМШ өлкөлөрүнүн башчыларынын кеңеши инвесторлордун укугун коргоо жөнүндөгү Конвенцияга макулдугун берген. Соңунан бул макулдашууну өнүктүрүү үчүн инвестициялык

долбоордун Паспорту иштелип чыккан, шериктештердин мамлекет аралык инвестициялык долбоорлордун эки пакетин түзүү боюнча иштер аткарылган. Буга негизинен 500 долбоор кирип, жалпысынан 50 млрд. доллар керектөө белгиленген. Бирок мындай каражатты табуу мүмкүн эмес болгон. Инвестициялык мыкты программалар мамлекет аралык деңгээлде иштеп чыгарылган. Бирок бул өлкөлөрдө тиешелүү өлчөмдөгү керек каражаттары болгон эмес. КМШ өлкөлөрүндөгү капиталдык салымдарды каржылоонун негизги булагы катары жеке менчик ишканалар эсептелген.

КМШ өлкөлөрүндө интеграция процесси учурунда бир катар терс факторлордун таасиринен улам өнүкпөй калган. Буларга төмөнкүлөрдү кошууга болот: өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү; реформа жүргүзүүнүн негизги багыттарынын өзгөчөлүктөрү; товар баасынын деңгээлин дүйнөлүк ченемге акырындык менен жеткирүү; товар сапатынын төмөндүгү; импортчулардын суроо-талабынын кыскарышы; экспорттоодогу чектөөлөр; чет өлкөдөгү өнөктөрдүн ишенимдүүлүгү жана төлөө жөндөмдүүлүгү; эларалык кредиттик жана валюта-каржылык уюмдар менен кызматташуунун күчөшү.

Жыйынтыктап айтканда өлкөбүздөгү экономикалык тенденция негизинен КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнө тиешелүү деп тыянак чыгарууга болот. Булардын өзөгүн төмөнкүлөр ээлейт: өлкөлөрдүн бири-бирине экономикалык мамилени күчөтүүгө умтулуусу; ал эми башка өлкөлөр менен экономикалык байланыштын али чабалдыгы. КМШ өлкөлөрүнүн интеграциялык биригүүсүнүн ыкчамдыгы азырынча бир топ төмөн. Ал эми экономикалык байланыштын кээ бир багыттары токтоп калган.

Кээ бир окумуштуулардын, адистердин пикири боюнча КМШ өлкөлөрү экономикалык топко кирбейт да, анын тиешелүү талаптарына жооп бербейт деген пикир калыптанган. Мында чынында эле бир топ макулдашуулар ишке ашпай, анын ичинде эркин соода аймагын түзүү боюнча макулдашууну кээ бир шериктеш өлкөлөрү иш жүзүндө аткарбай келүүдө. Ошондуктан, бул багытта эки тараптуу макулдашуулар иш жүзүнө ашпай, кайдыгерликте калып келүүдө.

1994-жылы апрель айында Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстандын президенттери өлкөлөрдүн ортосунда бирдиктүү экономикалык аймак түзүү үчүн Борбордук Азия экономикалык коомун (ЦАЭС) уюштуруу боюнча келишимге кол коюшкан.

Мунун башкы максаты экономикалык биргелешүү, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, капиталды, жумушчу күчүн эркин алмашуу, ооштуруу, бажы, салык, баа, валюта саясатында макулдашууга жетишүү болгон. 1998-жылдын апрелинде бул союзга Тажикистан да кошулган. Ошол кезде экономикалык абалы өтө төмөн болгон эле, тагыраак айтканда УДП өндүрүү боюнча бүт мамлекеттердин ичинен 110 орунда турган. Ал эми Казакстан 69, Өзбекстан 76, Кыргызстан 83 орунду ээлеген. Кийин 2002-жылдын 28-февралында бул уюм Борбордук Азия кызматташтыгы деп кайрадан уюштурулган (БАК).

Бир катар олуттуу кыйынчылыктарга карабай азыр БАК жай болсо да калыптанууда. Бул өлкөлөрдүн аймагында азыр биргелешкен ишканалар түзүлүүдө. Мисалы, 1998-жылдагы маалымат боюнча Кыргызстанда Казакстан менен биргелешкен 372 ишкана, Өзбекстан менен 105, Тажикистан менен 15 биргелешкен ишкана катталган.

Азыр бул шериктеш өлкөлөр менен товар сатуунун көлөмү да кыйла орчундуу. Бирок туруктуу өнүкпөй, бат-бат өзгөрүлүп жатат (3.7-таблицаны караңыз).

3.7-таблица

Кыргызстандын БАК өлкөлөрүнө карата экспортунун жана импортунун абалы (млн.долл.менен)

| ЖЫЛ-ДАР | Экспорт | | | Импорт | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Казакстан | Өзбекстан | Тажикстан | Казакстан | Өзбекстан | Тажикстан |
| 1995 | 66,8 | 70,0 | 8,3 | 112,6 | 88,9 | 4,8 |
| 1996 | 112,5 | 115,8 | 8,3 | 139,6 | 131,5 | 6,3 |
| 1997 | 87,1 | 101,5 | 12,7 | 69,6 | 128,6 | 9,9 |
| 1998 | 85,5 | 38,5 | 8,3 | 75,3 | 122,2 | 6,4 |
| 1999 | 45,0 | 46,6 | 9,5 | 72,7 | 50,0 | 4,0 |
| 2000 | 33,4 | 89,4 | 7,5 | 57,4 | 75,1 | 1,9 |
| 2001 | 39,0 | 48,0 | 6,7 | 81,8 | 66,7 | 1,5 |
| 2002 | 36,8 | 27,8 | 10,2 | 123,9 | 60,1 | 8,9 |
| 2003 | 57,1 | 16,3 | 18,9 | 170,9 | 39,2 | 9,1 |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй БАК өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 1996-жылы эң жогорку деңгээлге жетип, андан бери карай төмөндөй баштаган. Алсак, 2001-жылы Казакстанга товар жөнөтүү 3 эсеге, Өзбекстанга 2,5 эсеге кыскарган.

3.8-таблица

БАК өлкөлөрүнүн Кыргызстандын товар сатуусундагы жана сатып алуусундагы үлүшү, % менен

| Жылдар | Экспорттогу үлүшү | Импорттогу үлүшү | Товар сатуудагы үлүшү |
|---|---|---|---|
| 1995 | 35,5 | 39,5 | 37,7 |
| 1996 | 44,5 | 33,1 | 37,5 |
| 1997 | 33,5 | 29,3 | 31,2 |
| 1998 | 25,6 | 24,2 | 24,8 |
| 1999 | 22,3 | 21,2 | 21,6 |
| 2000 | 25,1 | 24,1 | 24,6 |
| 2001 | 19,1 | 32,1 | 28,8 |

Кийинки мезгилде Кыргызстандын дүйнө өлкөлөрү менен алакасындагы экспорттун үлүшү төмөндөп, тескерисинче импорттун үлүшү арбып жатат. Ушундай экендигин БАК өлкөлөрү менен жүргүзүп жаткан экономикалык байланыш толук ырастайт (3.8. – таблицаны караңыз)

Тышкы экономикалык байланышты ийгиликтүү өнүктүрүү Бажы союзун туура уюштурууга тыгыз байланыштуу. ***Бажы союзу*** – эл аралык экономикалык байланышты уюштуруунун дүйнөлүк практикада азыр кеңири жайылган түрү. Учурунда Европалык Союз Бажы союзунун негизинде уюштурулган. Ал эми Бажы союздарына өлкөлөр экономикалык жактан пайда табуу, интеграциялык процесске аралашуу максатында кирет.

1995-жылы январда Россия, Беларусь жана Казакстан мамлекеттери Бажы союзун түптөгөн эле. Кыргыз Республикасы бул Бажы союзуна 1996-жылы 28-мартта кирип, соңунан Тажикстан дагы кошулган. Мындай экономикалык интеграциянын өнүгүшүнө бардык шарттар жетиштүү болуп Бажы союзуна киргендигине байланыштуу Кыргызстан кээ бир экономикалык маселелерди чечүүгө толук мүмкүнчүлүк алган. Себеби бажы союзуна Россия да кирген. Бул өлкө башка КМШ өлкөлөрүнө салыштырганда дүйнөдөгү үч ири мамлекеттин (АКШ жана Кытай сыяктуу) бири катары эсептеле тургандыгы, кубаттуу өнөржай ишканалары, илимий-техникалык потенциалы жетиштүү экениги белгилүү.

Бажы союзунун өлкө башчылары 1999-жылы Бажы союзу жана бирдиктүү экономикалык мейкиндик жөнүндөгү келишимге кол коюшкан. Мында экономикалык, социалдык, укуктук чөйрөдөгү байланыштардын жаңы тутуму каралган. Бул келишим Европалык

союздун жетишкендиктерин, принциптерин жана нормаларын камтып тургандыгы менен айырмаланат.

Бажы союзун уюштуруу менен төмөндөгүдөй көп маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн:

- эркин соода тилкесин толук калыптандыруу;
- жалпы бажы тарифин иштеп чыгуу;
- тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуунун, валюталык жөнгө салуунун бирдей ченемдерин кабыл алуу;
- үчүнчү өлкө менен жалпы соода режимин кабыл алуу;
- тышкы экономикалык операцияларга салык салуунун бирдей принциптерин кабыл алуу;
- тышкы бажы чек арасын ишенимдүү кылып куруу.

Келишимдин биринчи баскычында бажы союзунун түзүлүшү аяктап, бирдиктүү бажы аймагы калыптанып, бул тиешелүү аймактын ичинде жалпы бажы тарифи колдонулат.

Экинчи баскычында болсо, бирдиктүү экономикалык аймак түзүлүшү керек. Мында жалпы базарды калыптандыруу, экономикалык саясатты бекемдөө, бирдиктүү экономикалык инфраструктураны түзүү иштери аткарылат.

Өлкөлөрдүн экономикалык саясаты туура жүргүзүшүнөн улам бажы союзунун катышуучулары эркин соода аймагын калыптандырат да, өз ара соодада тарифтик жана сандык чектөөлөр алынып салынат.

Кыргызстан БСУнун курамына киргенге чейин 10 % бажы төлөмүн керектеген. 2001-жылы республикада улуттук тарифтин алты баскычтуу структурасы колдонулуп (0 %, 5 %, 10 %, 12,5 %, 17,5 %, жана 20 %), ал эми 1999-жылы бажы союзунун мүчөлөрү Кыргыз Республикасын жалпы бажы тарифине киргизүү жөнүндө чечим кабыл алган.

Бажы союзунун катышуучулары 1997-жылы 22-октябрда бажы союзун түзүүдө тарифтик эмес жөнгө салуунун бирдиктүү чаралары жөнүндө келишимге кол коюшкан. Бул чараларга негизинен төмөнкүлөр кирет:

- кээ бир товарлардын импортуна же экспортуна мамлекеттик монополия;
- экспортту текшерүү;
- экспортко же импортко сандык чектөөлөр;
- эларалык экономикалык санкциялардын аткарылышын көзөмөлдөө;

-техникалык, санитариялык, ветеринариялык, экологиялык, фармакологиялык, фитосанитариялык стандарттар жана талап кылуулар;

-ташып келинген товарлардын сапатын текшерүү.

Бирок бул Макулдашуу азырынча ишке ашпай келе жатат, себеби ушул күнгө чейин тарифтик эмес жөнгө салуу, ченемдүү колдонула турган товарлардын тизмеси аныктала элек.

1998-жылы 25-ноябрда КМШ өлкөлөрү товарды экспорттоодо жана импорттоодо кыйыр салыкты алып салуу принциптери жөнүндө жана товарлардын сатылышын текшерүү жөнүндө келишимге кол коюшкан. Бул келишимге Россия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан кол койгон эмес. Россия КМШ өлкөлөрүнүн ичинде алгачкылардан болуп Кыргызстан менен эки тараптуу макулдашуунун негизинде кыйыр салыктарды алып салууга макулдашкан. 1999-жылы февралда бажы союзунда улуттук валюта-каржылык тутумунун иш жүргүзүүсүн колдоо чаралары жөнүндө Протоколго кол коюшкан.

Улуттук валютанын туруксуздугуна байланышуу Бажы союзунун катышуучулары соода байланыштарын негизинен доллар менен жүргүзүп, бул мамлекет аралык товар жүгүртүүгө терс таасирин тийгизип жатат.

3.9-таблица

Кыргызстан менен Бажы союзунун товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, млн.долл.

| Жылдар | Товар жүгүртүү, бардыгы | Бажы союзу м-н товар жүгүртүү | Салыштырма үлүшү,% | Экспорт | Импорт |
|---|---|---|---|---|---|
| 1995 | 931,2 | 421,5 | 45,3 | 184,9 | 236,6 |
| 1996 | 1343,1 | 585,2 | 43,6 | 258,9 | 326,3 |
| 1997 | 1313,1 | 487,9 | 37,1 | 207,2 | 280,7 |
| 1998 | 1355,1 | 481,7 | 35,5 | 186,3 | 295,4 |
| 1999 | 1053,5 | 321,4 | 30,5 | 130,0 | 191,4 |
| 2000 | 1059,1 | 294,6 | 27,8 | 101,5 | 193,1 |
| 2001 | 943,4 | 287,8 | 30,5 | 113,5 | 174,3 |
| 2002 | 1072,3 | 377,6 | 35,2 | 128,4 | 249,2 |
| 2003 | 1298,7 | 530,9 | 40,9 | 174,9 | 356,0 |

*Булак: Экономикалык өнүктүрүү, өнөржай жана соода министрлигинин маалыматы боюнча алынды.*

Бажы союзунун өлкөлөрүнүн интеграциялык процессинде экономикалык кризиске байланыштуу көптөгөн кыйынчылыктар бар. Бул бажы союзунун катышуучу өлкөлөрүнүн ортосунда товар сатуунун көлөмүнүн төмөндөшүнө алып келген. Кийинки

учурда Кыргызстан менен Бажы союзунун ортосундагы товар жүгүртүү кескин кыскарып кеткен. Кыскаруу тенденциясы 1999-жылдан башталып, товар жүгүртүүнүн көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 160 млн.долларга азайган. Кыргызстандын жалпы товар жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн 30 % Бажы союзунун өлкөлөрүнө тиешелүү. Соода балансы болсо дайыма терс болуп келген, башкача айтканда импорт экспорттон ашып түшөт (3.9-таблицаны караңыз).

Кыргызстан менен Бажы союзунун товар жүгүртүү түрдүү себептерге байланыштуу кыскарат, бирок алардын ичинен негизгиси республикадагы башкы экономикалык көрсөткүчтөрдүн өсүү темпинин токтоп калышы, ошондой эле кээ бир соода өнөктөрдүн келишимди бузушу болуп эсептелет. Мисалы, Казакстан 1999-2000-жылдары Кыргызстандын кээ бир товарлары үчүн (сарымай, спирт ичимдиктери, суусундуктар, тамеки, электр счетчиктери ж.б.) 20 % – 200 %ке чейинки атайын бажы төлөмдөрүн киргизген. Албетте, бул эркин соода эрежесин сактабагандык дагы эле сакталууда. 2001-жылы 10-майда Кыргыз Республикасынан импорттолуучу цементке 67,3 % өлчөмүндөгү төлөм Казак Республикасынын өкмөтүнүн чечими менен бекитилген.

Ушундай терс көрүнүштөрдөн улам транзиттик жүктүн көлөмү 1999-жылы мурунку жылга салыштырганда үч эсе төмөндөп кеткен. Казакстандын мындай иш чаралары анын КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы соода-экономикалык байланышынын дурус өнүгүшүнө тоскоол болууда. Мындай жагдай бир канча жолу эки тараптуу деңгээлде да, мамлекет аралык жолугушууда да каралып келүүдө.

Бажы союзунун өлкөлөрү, анын ичинде Кыргызстан дүйнөлүк базарга негизинен чийки заттар, сырьелор менен аралашат. Даяр продукцияны чет өлкөлөргө экспорттоонун көлөмү азырынча өтө төмөн. Кыргызстандын даяр продукциясы, машина жана анын жабдуулары азырынча Россияда пайдаланып, ал эми анын товарлары биздин өлкөдө керектелүүдө. Мындай абал Бажы союзундагы бардык өлкөлөрдө кездешет.

1992-жылдын май айында Кыргызстан Эларалык Валюта Фондуна (ЭВФ) жана ошол эле жылдын сентябрь айында Эларалык банкка мүчө болуп кирген. 1993-жылы Эларалык Валюта Фонду менен экономикалык программаларды каржылоо жөнүндө макулдашууга кол коюлган.

Калыптанган маалыматка ылайык ЭВФ мүчө өлкөлөрүнө кредит берүү менен бирге, өнүккөн өлкөлөрдөн, борбордук жана

коммерциялык банктардан кредит алууга көмөк көрсөтөт. Кыргызстан үчүн ЭВФге мүчө болуу өтө зарыл болчу. Анткени ошол учурда чет өлкөлөрдүн каржылоосуз биздин өлкөнүн экономикасы өнүкпөй артка кетмек деген тайкы түшүнүк сиңип калган эле.

Ырас, ЭВФ аркылуу Кыргызстан ар кандай кредиттерди алууга мүмкүн болгон. Ошол кезде биздин өлкөдө экономиканы өнүктүрүүдө ESAF жана STF кредиттери өзгөчө орунду ээлеген эле.

Эларалык банк эки түрдүү, тагыраак айтканда, максаттуу жана программалуу кредиттерди берет. Максаттуу кредиттер белгилүү бир долбоорлорду каржылоого жумшалат. Мисалы, жол, көпүрө оңдоо, электр станцияларын жаңылоого ж.б. Ал эми программалуу кредиттер өлкөгө структуралык реформаларды жүргүзүүгө көмөк көрсөтөт. Кыргызстан эки түрдүү кредитти тең алган.

Кыргызстанга берилген Эл аралык банктын кредиттери өндүрүштү өнүктүрүүгө, чакан жана орто ишканаларга техникалык жардам көрсөтүүгө, ири ишканаларды менчиктештирүүгө, айыл чарбасын реконструкциялоого багытталган.

ЭВФнын көмөктөшүүсү менен 1993-жылы Кыргызстан улуттук валютасы – сомду киргизген. Улуттук валютага өтүү менен келип чыккан көптөгөн маселелерди өлкөбүз ЭВФ жана Эларалык банктын жардамы менен чечкен эле.

ЭВФтен алынган кредиттер төрт жыл ичинде төмөндөгүдөй өлчөмдө болгон:

1994-жылы – 13,7 млн.долл.

1995-жылы- 46,6 млн.долл.

1996-жылы – 19,6 млн.долл.

1997-жылы-34,4 млн.долл.

Бирок, кредиттердин көпчүлүгү максаттуу пайдаланылган эмес. Ал эми өлкөбүздүн карызы улам барган сайын көбөйгөндүгү баарыбызга белгилүү.

1996-жылы Кыргызстан БСУга мүчө болууга арыз берген. Эки жылдан кийин, тагыраак айтканда 1998-жылдын орто ченинде КМШ өлкөлөрүнөн Кыргызстан эң биринчи БСУнун 133-мүчөсү болуп кирген.

Ошол кезде бул боюнча ар кандай талаш тартыш болуп, экономисттер, жалпы эле белгилүү окумуштуулар Кыргызстан БСУга мүчө болууга али эрте экендигин билгизген.

Кыргызстан БСУга мүчө болуу менен бирге импорттук тарифин бир топ азайтып, ички базарына чет өлкөдөн импорттолуучу товарларга толук шарт түзүп берген. Натыйжада бажы тарифинин төмөн болушу өз кезегинде өлкөнүн бюджетине терс таасирин тийгизген. Мисалы, 1998-жылы спирт ичимдиктерге жана суусундуктарга тарифтин ставкасы Кыргызстанда – 13,5 % болсо, Россияда- 82,5 %, Казакстанда – 80 % болгон. Мындан тышкары өлкөбүз БСУга мүчө болгондон тартып, кошуна өлкөлөр менен мамилеси кыйла солгундап, Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрү биздин товарларга 2 эсеге жакын импорттук ставка белгилеген.

Ушундай жагдайларды эске алганда, биздин пикирибиз боюнча, Кыргызстандын БСУга мүчө болушу көздөгөн максатты актаган жок. Өлкөбүз алардын тиешелүү артыкчылыктарын пайдалана албай жатат. Мындай жагдайдын келип чыгышына төмөнкүлөр себеп болду:

• Кыргызстан БСУга мүчө болгон учурда Россияда каржылык кризис башталган эле. Бул албетте республикабыздын экономикасына бир топ терс таасирин тийгизген;

• өлкөбүз менен алака түзгөн негизги өнөктөрү бул уюмга мүчө эмес болчу;

• республикада өндүрүлгөн товарлардын базар экономикасынын шартындагы атаандаштыкка туруштук бере албашы;

• географиялык абалы ж.б.


Кыргызстан БСУга мүчө болгондон баштап жогоруда белгилегендей товар жүгүртүүсү кыскара баштаган (3.10-таблицаны караңыз). Буга негизинен ошол учурдагы Россиядагы каржылык кризистин таасири, кошуна өлкөлөрдүн айрым тайкы саясаты себепчи болгон.

3.10-таблица

Кыргызстандын БСУга мүчө болгондон кийинки товар жүгүртүүсү, млн.долл.менен

| | Товар жүгүртүү | | | Экспорт | | | Импорт | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Барды-гы | БСУнун өлкөлө-рү м-н | Калган башка өлкөлөр менен | Барды-гы | БСУнун өлкөлө-рү м-н | Калган башка өлкөлөр менен | Барды-гы | БСУнун өлкөлө-рү м-н | Калган башка өлкөлөр менен |
| 1998 | 1355,1 | 604,4 | 750,7 | 513,6 | 257,4 | 256,2 | 841,,5 | 347,0 | 494,5 |
| 1999 | 1053,5 | 517,5 | 536,0 | 453,8 | 222,8 | 231,0 | 599,7 | 294,7 | 305,0 |
| 2000 | 1058,6 | 458,2 | 600,4 | 504,5 | 242,1 | 262,4 | 554,1 | 216,1 | 338,0 |
| 2001 | 943,3 | 435,2 | 508,1 | 476,1 | 280,0 | 196,1 | 467,2 | 155,2 | 312,0 |
| 2002 | 1075,1 | 641,9 | 433,2 | 488,1 | 314,7 | 173,4 | 587,0 | 327,2 | 259,8 |
| 2003 | 1298,7 | 686,8 | 611,9 | 581,7 | 383,3 | 201,4 | 717,0 | 306,5 | 410,5 |
| 2004 | 1659,8 | 515,4 | 513,6 | 718,8 | 291,0 | 165 | 941,0 | 224,4 | 348,6 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, республикабыздын БСУга мүчө болгон өлкөлөрү менен болгон товар жүгүртүүсү акыркы жылдары жогорулап жатат, тагыраак айтканда 2002-жылы 2001-жылга салыштырмалуу дээрлик 47 %ке, ал эми 2003-жылы товар жүгүртүү 2002-жылга салыштырмалуу 45 млн.долларга арбыган. Мында негизинен экспорттун жогорулагандыгы оң таасирин тийгизген.




*4 - сүрөт. Бүткүлдүйнөлүк Соода Уюмунун түзүлүшү*

Жогоруда Бүткүлдүйнөлүк Соода уюмунун башкаруу структурасы көрсөтүлгөн. Эң жогорку орган болуп министрлик конференция эсептелет да, ал белгиленген график боюнча эки жылда бир эле чогулат, андан айырмаланып, БСУнун Генералдык кеңеши бат-бат чогулуп, тоскоолсуз чечиле турган маселелерди

карайт. Генералдык кеңеш төмөнкүдөй үч бөлүктөн турат: товарларды сатуу боюнча кеңеш, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу боюнча кеңеш, интеллектаулдык менчик укугунун аспектилерин сатуу боюнча кеңеш. Булар да өз кезегинде бир топ комитеттерди кучагына алат. Атап айтсак, товарларды сатуу боюнча кеңешке тышкы соода саясаты боюнча келишимдерди, сүйлөшүүлөрдү жөнгө салуучу комитети кирет. Кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу боюнча кеңеште каржылык кызмат көрсөтүүлөр боюнча комитет иштейт, ал эми интеллектуалдык менчик укугунун аспектилерин сатуу боюнча кеңеш төмөнкүлөрдү камтыйт: Соода жана өнүктүрүү комитети, төлөө балансына байланышкан чектөөлөр боюнча комитет, бюджет, каржы жана административдик суроолор боюнча комитет, БСУга мүчө өлкөлөрдүн соода саясатын байкоочу орган, талаш маселелерди кароочу орган.

Кыргызстан Бүткүлдүйнөлүк Соода Уюмуна мүчө болгон өлкөлөргө негизинен төмөнкү продукцияларды экспорттойт:

- Кымбат баалуу металл (Щвейцарияга, Араб өлкөлөрүнө);
- Органикалык эмес химия продукциялары (Нидерланды, Канада, Франция, Кытай жана АКШга);
- Тамеки (Венгрия жана Латвияга);
- Пахта (Венгрия, Славакия, Латвия, Румыния, Корея жана Түркияга);
- Тери сырьелорун (Италия, Түркия, Кытай жана Индияга);
- Жүн (Кытайга) ж.б.

Ал эми бул уюмга кирген өлкөлөр Кыргызстанга негизинен мунай зат, көмүр, жаратылыш газы, машина, жабдуулар, пластмасса жасалгалары, дары-дармектер, күндөлүк керектелүүчү товарлар жана башкаларды импорттойт.

Дүйнөлүк бай тажрыйба көрсөткөндөй, өлкө экономикасын жогорулатуу үчүн экспорттун үлүшүн көтөрүү зарыл. Андыктан Кыргызстан БСУга мүчө болгон укугун билгичтикте пайдаланып, келечекте экономиканын өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзүш керек. Албетте бул үчүн эң алды сапаттуу, талапка ылайык, өтүмдүү, атаандаштыкка туруштук берген товарларды чыгаруу зарыл.

Кыргызстанда өндүрүлгөн товарларды эларалык базарда сатууну өнүктүрүү жана биздеги экспортко багытталган ишканаларды колдоо үчүн биринчи кезекте төмөнкү иш аракеттерди аткаруу зарыл:

- экспорттолгон продукцияларга штрихтүү коддоштуруу системасын киргизүү жана аны өнүктүрүү;

• республикада электрондук соода жүргүзүүнү ишке ашыруу үчүн нормативдүү базаны даярдоо;

• аймагыбыздагы ишканадан өндүрүлгөн, сатылган продукцияларга ишканаларыбыздын белгилерин киргизүү;

• товардык-сырьелук биржаны өнүктүрүү ж.б.

БСУга кирген жана мүчө боло элек айрым өлкөлөр республикабыздын негизги өнөктөрү болуп саналат (сүрөттү караңыз).

2003-жылда Кыргыз Республикасынын учурдагы негизги он орунду ээлеген өнөктөрү:

**Жалпы товар жүгүртүү боюнча:**

1. Россия (273,1 млн.доллар – жалпы товар жүгүртүүнүн 21 %)
2. Казакстан (228,2 млн. долл. – 17,6 %)
3. Бириккен Араб Эмираттары (152,1 млн.долл.– 11,7 %
4. Швейцария (120,4 млн. долл. – 9,3 %)
5. Кытай (101,0 млн. долл. – 7,8 %)
6. Өзбекстан (55,5 млн. долл. – 4,2 %)
7. АКШ (54,4 млн. долл. 4,2 %)
8. Германия (41,2 млн. долл. 3,2 %)
9. Канада (39,3 млн. долл. 3,0 %)
10. Түркия (37,0 млн. долл. 2,8 %)

| Экспорт боюнча: | Импорт боюнча: |
| --- | --- |
| 1. Бириккен Араб Эмираттары (273,1 млн. доллар – 24,8 %) | 1. Россия (176,1 млн. доллар – 24,6 %) |
| 2. Швейцария (117,9 млн. доллар – 20,3 %) | 2. Казакстан (171,1 млн. доллар – 23,8 %) |
| 3. Россия (97,0 млн. доллар – 16,7 %) | 3. Кытай (77,7 млн. доллар – 10,8 %) |
| 4. Казакстан (57,1 млн. доллар – 9,8 %) | 4. АКШ (47,9 млн. доллар – 6,7 %) |
| 5. Канада (31,0 млн. доллар – 5,3 %) | 5. Өзбекстан (39,2 млн. доллар – 5,5 %) |
| 6. Кытай (23,4 млн. доллар – 4,0 %) | 6. Германия (38,2 млн. доллар – 5,3 %) |
| 7. Тажикистан (18,8 млн. доллар – 3,2 %) | 7. Түркия (26,0 млн. доллар – 3,6 %) |
| 8. Өзбекстан (16,3 млн. доллар – 2,8 %) | 8. Украина (12,6 млн. доллар – 1,7 %) |
| 9. Түркия (11,0 млн. доллар – 1,9 %) | 9. Нидерланды (12,3 млн. доллар – 1,7 %) |
| 10. Латвия (9,4 млн. доллар – 1,6 %) | 10. Япония (11,8 млн. доллар – 1,6 %) |

*5 - сүрөт. Кыргыз Республикасынын негизги өнөктөрү*

Жогорудагы сүрөттө көрсөтүлгөндөй, 2003-жылы Кыргызстандын жалпы товар жүгүртүүсүндө 21 %ке жетишип Россия ошол мамлекеттердин ичинен биринчи орунду ээлеген. Ал эми Казакстан экинчи, Бириккен Араб Эмираттары үчүнчү орунду ээлеген. Кошуна өлкө Өзбекстан алтынчы орунда, АКШ болсо жетинчи орунда турат.

Экспорт боюнча алып карасак, биринчи орунду 24,8 % менен Бириккен Араб Эмираттары ээлеген. Швейцария экинчи, Россия үчүнчү, Казакстан төртүнчү ж.б. орундарга ээ болушкан. Бириккен Араб Эмираттарына алтынды көп экспорттогондуктан, ал биринчи орунду ээлеген.

Эми импорттун деңгээлин иликтеп көрөлү. Биринчи орунда Россия, экинчиде Казакстан, үчүнчүдө Кытай, төртүнчүдө АКШ ж.б. турат.

Кыргызстан азыр чет мамлекеттерге негизинен түстүү металл (49,5), булгаары, тери жана алардан жасалган буюмдар (8 %), химия өнөржайынын продукциялары (7,5), кездеме жана андан жасалган буюмдарды (6,4) жөнөтөт. Ал эми импорттун олуттуу бөлүгүн техникалар жана жабдуулар (28,7%), химия өнөр жайынын продукциялары (17,5), кездеме жана андан жасалган буюмдар (13,7), транспорт каражаттары(8,1), пластмасса жана андан жасалган буюмдар (5,4) ж.б. [55]. Импорт боюнча негизги соода өнөктөрү: Нидерланды, Германия, АКШ, Кытай, Түркия, Канада, Япония, Щвеция, Корея Республикасы болуп, аларга КМШдан башка импорттук түшүүлөрдүн 77,4 пайызы туура келет. Кыргызстандын кээ бир мамлекеттер менен тышкы экономикалык байланыштарына кеңири токтолуу, иликтөө зарыл.

## *3.2. Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышы*

### *3.2.1. Казакстан Республикасы*

Азыр КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстандын эң башкы өнөктөрүнүн бири – **Казакстан**. Республикабыздын 1995-1996-жылдагы товар жүгүртүүсүнүн 19 %и бул өлкөнүн үлүшүнө туура келген. Кийин, тагыраак айтканда 1997-2000-жылдын аралыгында бул өлкөлөрдүн ортосундагы соода-сатык иши төмөндөп кеткен. 2001-жылы экспорт дагы импорт сыяктуу өсүп, товар жүгүртүү 33 %ке жогорулаган. 2002-жылы Кыргызстан менен Казакстандын товар жүгүртүүсү мурунку жылга салыштырганда 25 %ке жогорулап,

160,7 млн. долларды түзгөн. Ал эми 2003 - жылдын маалыматы боюнча бул эки өлкөнүн товар алмашуусу 228 млн. долларга жетип, өткөн жылга салыштырмалуу 42,5 %ке өсүп, Казакстандын республикабыздын товар жүгүртүүсүндөгү үлүшү 17,5 %ке жеткен (3.6.- таблицаны караңыз). Бирок бул 1996-жылдагы товар алмашуунун деңгээлине караганда бир топ төмөн. Ал эми 2003-жылы Казакстанга экспорттун көлөмү 2002-жылга салыштырмалуу 58 %ке, ал эми импорттун көлөмү 38 %ке өскөн.

2001-жылы эки кошуна өлкөнүн товар жүгүртүүсү 120,8 млн.долларды түзүп, мурунку жылга караганда 30 млн. долларга көбөйгөн. Анын ичинен, айрыкча импорттун көлөмү кескин жогорулаган. Тескерисинче экспорттун үлүшү акыркы жылдары бир топ төмөндөп кеткен. Анткени Казакстан Кыргызстандын кээ бир товарларына тарифтик чектөөлөрдү киргизген жана бажы төлөмдөрүн өтө көтөрүп жиберген. 2002-жылы экспорттун көлөмү 5,7 %ке төмөндөп, 36,8 млн. долларды түзгөн. Мурда экспорттун негизги үлүшүн цемент түзүп келген. Бирок бажы тоскоолдуктарынын кесепетинен улам акыркы жылдары цемент экспорттоо 1,5 млн. долларга чейин кыскарган.

3.11-таблица

Кыргыз Республикасы менен Казакстандын ортосундагы товар жүгүртүүнүн динамикасы, 1995-2003-ж. (млн.доллар менен).

| Жылдар | Товар жүгүртүү, бардыгы | Товар жүгүртүү Казакстан менен | Салыштырма үлүшү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1995 | 931,2 | 179,3 | 19,3 | 66,8 | 112,5 | -45,7 |
| 1996 | 1343,1 | 252,1 | 18,8 | 112,5 | 139,5 | -27,0 |
| 1997 | 1313,1 | 156,7 | 11,9 | 87,1 | 69,6 | +17,5 |
| 1998 | 1355,2 | 160,8 | 11,9 | 85,5 | 75,3 | +10,5 |
| 1999 | 1053,5 | 117,6 | 11,2 | 44,9 | 72,7 | -27,8 |
| 2000 | 1059,1 | 90,8 | 8,5 | 33,4 | 57,4 | -24,0 |
| 2001 | 943,3 | 120,8 | 12,9 | 39,0 | 81,8 | -42,8 |
| 2002 | 1072,3 | 160,7 | 15,0 | 36,8 | 123,9 | -87,1 |
| 2003 | 1298,7 | 228 | 17,5 | 57,1 | 170,9 | -113,8 |

*Булак: КР өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Акыркы 5 жылдагы экспорт ишин иликтөө соңунан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот. Экспорттун негизги үлүшү электр энергиясына туура келет. Бирок, бул экспорттун туруктуу түрүнө кирбейт, себеби анын арбышына же азайышына бир топ факторлор таасирин тийгизет.

Ошондой эле кант экспортунун өлчөмү 1996-жылы 13760,7 миң доллар болсо, 2001-жылы болгону 546,1 миң долларды камтыган, ал эми 2003 - жылдын маалыматы боюнча канттын экспорту 175,3 миң долларды түзүп, өткөн 2002 - жылга салыштырмалуу 32 %ке төмөндөгөн (3.12 – таблицаны караңыз)

3.12- таблица

Кыргыз Республикасынын Казакстанга жөнөткөн экспортунун негизги түрлөрү

| Продукциянын түрлөрү | 1998-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң долл | % | Миң долл | % | Миң долл | % | миң долл | % |
| Бардыгы | 85516,1 | 100 | 33393,7 | 100 | 39032,0 | 100 | 57133,4 | 100 |
| Анын ичинен | | | | | | | | |
| Кумшекер | 5512,6 | 6,4 | 359,6 | 1,0 | 546,1 | 1,4 | 175,3 | 0,3 |
| Электр энергиясы | 9309,9 | 10,9 | 11600,3 | 34,7 | 10416,7 | 26,7 | 4427,7 | 7,7 |
| Цемент | 9578,5 | 11,2 | 1619,2 | 5,7 | 1365,4 | 3,5 | 5735,5 | 10,0 |
| Шифер | 2716,7 | 3,2 | 12,0 | 0,04 | 4,0 | 0,01 | 5,3 | 0,01 |
| Чай | 1034,1 | 11,2 | 12,1 | 0,04 | 13,0 | 0,03 | 14,6 | 0,03 |
| Суусундук | 2128,5 | 2,5 | 427,1 | 1,3 | 411,4 | 1,05 | 475,3 | 0,8 |
| Сүт жана сүт продук-р | 893,5 | 1,0 | 1107,1 | 3,3 | 2417,2 | 6,2 | 8952,9 | 15,6 |
| Лампочка | 370,0 | 0,4 | 142,4 | 0,4 | 700,5 | 1,8 | 1444,3 | 2,5 |

*Булак: КР өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Эзелтен эриш – аркак жашаган бир тууган элдердин, азыркы коңшулаш эки өлкөнүн ортосунда айрым пикир келишпестиктер болууда. Алсак, 1998-жылдан баштап Казакстан биздин республиканын товарларына тарифтик жана тарифтик эмес чектөөлөрдү коюп жатат. Мындай чектөөлөр цемент, шифер, жууган май, спирт ичимдиктери, суусундуктар, тамеки ж.б. товарларга көбүрөөк тийиштүү.

Ушундай мезгилсиз, калпыс чаралардын жыйынтыгында Кыргызстандын кошуна өлкөгө карата экспорту кескин төмөндөп кеткен. Алсак, 1996-жылга салыштырмалуу 2001-жылы экспорттун көлөмү 3 эсеге төмөндөгөн.

Экспорттук айрым товарларды чектеген дагы бир олуттуу фактор катары автомобиль менен жүк ташуудагы кыйынчылыктарды белгилей кетүүгө болот. Товар ээлеринен же айдоочулардан мыйзамсыз акча талап кылуу (кээ бир учурда 300 долларга чейин), кысым көрсөтүү эки өлкөнүн соода экономикалык байланышынын өнүгүшүнө тоскоол болуп, түбү бир эки элдин ынтымагына доо кетүүдө.

Ушундай терс факторлордун негизинде акыркы жылдары Кыргызстандын товар жүгүртүүсү кескин төмөндөөдө. Айрыкча Россия Федерациясына экспорттоонун көлөмү да ушул терс көрүнүштөргө байланыштуу төмөндөп кеткен. Ошондуктан мындай мыйзамга сыйбаган тоскоолдуктар боюнча тез арада бир пикирге келип, бул маселени чечүү керек. Ал эми, Казакстандын импортун иликтөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2001-жылы өткөн жылга салыштырмалуу анын көлөмү 14,4 млн.долларга же 43 %ке жогорулап, акыркы беш жыл ичиндеги мыкты көрсөткүчкө ээ болгон. Себеби 1997-жылдан бери Казакстандын республикабызга имортунун көлөмү 81,8 млн. долларга жете элек болчу. Албетте, импорттун өсүшү негизинен нефть продуктуларына тыгыз байланыштуу. Анткени мурда нефть Россиядан алынчу, кийин жолдогу тоскоолдуктарга байланыштуу, бизге Казакстан импорттоп калган. Булардан импорттолгон товарлар 2002-жылы өткөн жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсеге жогорулап, 123,9 млн. долларды түзгөн. Бул өсүү негизинен нефтепродуктуларынын импортунун өсүүсүнө байланыштуу болгон. Себеби Кыргызстандын аймагында жайгашкан аскер базаларына керосин жана күйүүчү майлар негизинен Казакстандан ташылып келинүүдө.

Биз жогоруда белгилегендей Казакстан бизге эң жакын, кошуна өлкө. Бирок азыркы жасап жаткан иш аракеттеринин түпкү нугу тайкы экендигин, ушунун негизинде Кыргызстандын тышкы соода байланышына, жалпы эле экономикасынын өнүгүшүнө белгилүү өлчөмдө залакасын тийгизүүдө. Казак өкүмөтү ар кандай чектөөлөрдү алып салдык деп официалдуу түрдө билдиргендигине карабастан, кээ бир тоскоолдуктар дагы эле колдонулууда. Ошондуктан бул эки өлкө мындай терс көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн ар кандай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, биргелеше чара көрүп, көзөмөлдөөнү күчөтүүсү зарыл.

### 3.2.2. Өзбек Республикасы

Кыргызстандын КМШ өлкөлөрүнүн ичиндеги Россия, Казакстандан кийинки өнөгү Өзбек Республикасы. Өзбекстан негизинен жаратылыш газы менен жабдуучу кошуна өлкө болуп саналат. Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын товар жүгүртүү деңгээли туруктуу эмес (3.13-таблицаны караңыз).

3.13-таблица

Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосунда товар жүгүртүүнүн динамикасы, 1995-2003-жж.(млн.доллар менен)

| Жылдар | Товар жүгүртүү бардыгы | Өзбекстан м-н товар жүгүртүү | Салыштырма үлүшү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1995 | 931,2 | 158,9 | 17,1 | 70,0 | 88,9 | -18,9 |
| 1996 | 1343,1 | 247,2 | 18,4 | 115,8 | 131,5 | -15,7 |
| 1997 | 1313,1 | 230,1 | 17,5 | 105,5 | 129,0 | -23,5 |
| 1998 | 1355,2 | 160,8 | 11,9 | 38,5 | 122,0 | -83,7 |
| 1999 | 1053,5 | 96,5 | 9,1 | 46,6 | 49,9 | -3,3 |
| 2000 | 1059,1 | 164,5 | 15,5 | 89,4 | 75,1 | +14,3 |
| 2001 | 943,3 | 114,7 | 12,1 | 48,0 | 66,7 | -18,7 |
| 2002 | 1072,3 | 88,0 | 8,2 | 27,8 | 60,1 | -32,3 |
| 2003 | 1298,7 | 55,5 | 4,3 | 16,3 | 39,2 | -22,9 |

*Булак: КР өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

1995-2001-жылдарын товар жүгүртүүсүн иликтөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, 1996-1997-жылдары республиканын Өзбекстан менен товар жүгүртүү деңгээли кыйла жогорулап, 247,2 млн. долларды түзгөн. Ал эми 2003-жылдагы маалымат бюнча 55,5 млн. доллар өлчөмүндө товар жүгүртүлүп, эң төмөнкү көрсөткүчкө түшүп кеткен.

Өзбекстан бизге негизинен жаратылыш газын экспорттоп, 1999-жылы газ менен жабдуу 1998-жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге азайып, бул деңгээл дагы эле сакталып келүүдө. 2002-жылы Кыргызстандын товар жүгүртүүсүндө Өзбекстандын үлүшү 8,2 %ти түзгөн. Бул өлкө менен товар жүгүртүү жыл өткөн сайын кыскарууда. Бул негизинен экспорттун дээрлик эки эсе төмөндөшүнө байланыштуу. Эки өлкөнүн экспортунун негизги бөлүгүн акыркы мезгилде электр энергиясы түзөт.

3.14-таблица

Кыргыз Республикасы менен Өзбекстандын импортунун негизги түрлөрү

| Продукциянын түрлөрү | 1998-ж. | | 2000-ж. | | 2001-ж. | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң долл. | % | Миң долл. | % | Миң долл. | % | Миң долл. | % |
| Бардыгы | 122242,0 | 100 | 75065,4 | 100 | 66733,4 | 100 | 39214,9 | 100 |
| Анын ичинен: | | | | | | | | |
| Нефть | 7040,1 | 5,8 | 2572,9 | 3,4 | --- | --- | 653,2 | 1,7 |
| Бензин | 6185,1 | 5,1 | 6631,3 | 8,8 | 6715,8 | 10,0 | --- | --- |
| Авиакеросин | 2546, | 2,1 | 159,0 | 0,2 | 223,5 | 0,3 | 288,6 | 0,7 |
| Дизелдик отун | 2814,7 | 2,3 | 7971,1 | 10,6 | 7595,6 | 11,3 | 637,5 | 1,6 |
| Жаратылыш газы | 72552,9 | 59,4 | 33233,8 | 44,3 | 33160,4 | 49,7 | 30325,9 | 77,3 |
| Калгандары | 31103,1 | 25,4 | 8710,1 | 17,4 | 24497,3 | 32,6 | 7309,7 | 18,6 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Ал эми импорт жагын карап көрсөк. 2000-жылы республикабызды бензин менен жабдуу 2 эсеге, дизелдик отун 3,4 эсеге жогорулап, мунун эсебинен импорт мурдагы жылга салыштырганда 50 %ке жогорулаган. Бирок 2001-жылы импорт 10 млн. долларга азайып 66,7 млн. доллар өлчөмүндө болгон. Ал эми 2002-жылы нефть продуктуларын сатып алуу импорту кыскаргандыктан импорттун көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу кыскарган. Себеби Кыргызстан нефть продуктуларын акыркы учурда Россиядан жана Казакстандан ала баштады (3.14-таблицаны караңыз).

Таблицада көрүнүп тургандай импорттун негизги бөлүгүн, тагыраак айтканда 70 %тен көбүн жаратылыш газы түзөт. Бирок, бул 1999-жылы мурдагы жылга салыштырмалуу 2,2 эсеге азайып, ошонун негизинде 1999-жылы Кыргызстан менен Өзбекстандын товар жүгүртүүсү да өтө төмөндөп кеткен.

Кыргызстан менен Өзбекстандын экспорттук байланышын талдоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2001-жылы экспорттун көлөмү мурдагы жылга салыштырганда 46,3 %ке төмөндөгөн. 1995-жылдан 2001-жылга чейинки көрсөткүчтөрдү иликтөө 1996- 1997-жылдары экспорт эң жогорку деңгээлге жетип 115,8 млн. долларды түзгөн, ал эми 1999-жылы өтө төмөндөп 46,6 млн. доллар деңгээлинде калган. 2000-жылы экспортук көрсөткүч мурдагы жылга салыштырганда дээрлик эки эсеге көбөйгөн. Ал эми 2001-жылы кайра төмөндөп, 2003-жылы экспорт 16,3 млн.долларга жетип, дээрлик үч эсеге азайган.

Өзбекстанга экспорттолгон товарларды анализдей келсек экспорттун негизин электр энергиясы ээлейт. Ал 2001-жылы экспорттун жалпы көлөмүнүн 72,2 %тин түзгөн. Бирок мурдагы жылга салыштырганда электр энергиясы 1,8 эсе аз экспорттолуп, 34,7 млн.долларды түзгөн.

Борбордук Азия экономикалык коомчулугуна кирген өлкөлөрдүн алкагында суу-энергетикалык ресурстардын туура пайдалануу жана энергияны экспорттоо, импорттоо иши дайыма мамлекеттик деңгээлдеги орчундуу, чечүүнү талап кылган маселе катары каралып келүүдө. Бул мындан ары карай дагы орчундуу социалдык - экономикалык маанисин күчөтүшү мүмкүн.

Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрү Сырдарыя дарыясынын алабындагы суу энергетикалык ресурстарды пайдалануу боюнча 1998-жылы узак мөөнөттүү макулдашууга кол коюшкан. Ушундай макулдашуунун нугунда ар жыл сайын көп тараптуу,

ар кыл макулдашуулар калыптанган. Бирок, кээ бир өлкөлөр мамлекеттер аралык макулдашуулардын тиешелүү шарттарын толук аткарбай жатат. Мисалы, 1998-жылы жаан-чачын арбын жаап, суу керектөө белгилүү өлчөмгө азайган. Жыйынтыгында сууну керектөө төмөндөп, ошондой эле электр энергиясын өндүрүү көлөмү да азайып, Казакстандын көмүрүн пайдалануунун көлөмү төмөндөгөн. Ал эми Өзбекстан жаратылыш газы менен жабдууну толук камсыз кылып, жыйынтыгында Кыргызстан Өзбекстанга карыз болуп, Өзбекстан 1998-жылдагы карызга таянып, кийинки жылы Кыргызстанга газ бербей койгон эле.

Мындай абалдын калыптанышынан улам Кыргызстан кышында электр энергиясын мурдагыдан да көп иштетүүгө аргасыз болгон. Ушундан улам Өзбекстан менен Казакстанга жазгы, жайкы мезгилде керектүү өлчөмдөгү суунун жетпей калышына алып келген. Жыйынтыгында 2001-жылы мурунку жылга салыштырмалуу электр энергиясын экспорттоо дээрлик эки эсеге азайган (3.15- таблицаны караңыз).

3.15-таблица

Кыргыз Республикасынын Өзбекстанга жөнөткөн экспортунун негизги түрлөрү

| Продукциянын түрлөрү | 1998-ж. | | 2000-ж. | | 2001-ж. | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң доллар | % | Миң доллар | % | Миң доллар | % | Миң доллар | % |
| Бардыгы | 38542,4 | 100 | 89413,6 | 100 | 47997,6 | 100 | 16258,9 | 100 |
| Анын ичинен: | | | | | | | | |
| Кант | 1015,8 | 2,6 | 10,4 | 0,01 | --- | --- | --- | --- |
| Электр энергиясы | 16056,7 | 41,7 | 64315,0 | 71,9 | 34672,9 | 72,2 | 8600,4 | 53,0 |
| Ун | 1870,9 | 4,9 | 694,4 | 0,8 | 19,7 | 0,04 | * | |
| Шифер | 1612,7 | 4,2 | 1469,6 | 1,6 | 1928,1 | 4,0 | 2112,7 | 13 |
| Темир , жез калдыктары | 2688,0 | 7,0 | 254,2 | 0,3 | 220,8 | 0,46 | 278,2 | 1,7 |
| Айнек, цемент | 558,9 | 1,4 | 86,4 | 0,1 | 1957,9 | 4,0 | 1178,1 | 7,2 |
| Калган товар түрлөрү | 14739,4 | 38,2 | 22583,6 | 25,29 | 9198,2 | 19,1 | 4089,5 | 25,1 |

*Мында: *- маалымат жок Булак: Кыргыз Республикасынын, өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Өзбекстан кыргыз товарларына 2000-жылы тарифтик жана тарифтик эмес тоскоолдуктарды киргизгендигине байланыштуу кийинки жылы экспорттун көлөмү дээрлик эки эсеге төмөндөп,

бул абал азыркыга чейин сакталууда. Ал эми 3.15 - таблицада көрсөтүлгөн статистикалык маалыматка ылайык, 2003-жылы экспорт өткөн жылга салыштырмалуу дээрлик үч эсеге кыскарып кеткен. Ал эми бул өлкөгө кант экспорттоо дээрлик кыскартылган. Себеби акциз салыгы өтө жогорулап, ошондой эле Өзбекстандын аймагына кирүү үчүн да кошумча арбын көп акча төлөө талап кылынган. Ушундай жагдай биздин товарларды Өзбекстанга жана андан ары Россияга ташууга кедергисин тийгизип жатат. Кант экспорттоо 1998-жылы 1015,8 миң доллар өлчөмүндө болсо, 2000-жылы 10,4 миң доллар, ал эми 2001-жылы өтө кыскарган. Ун экспорттоо дагы 3,5 эсе азайган. Алсак, 2001-жылы 19,7 миң доллар өлчөмүндө, ун жөнөтүлгөн, ал эми 1999-жылы бул көрсөткүч 2408,6 миң доллар өлчөмүндө болсо, 2003 - жылы ун экспорттоо дээрлик токтотулган. Демек Өзбекстан дагы Казакстан сыяктуу эркин соода аймагы жөнүндөгү келишимди аткарууга көңүл кош кароонун кесепетинен, эки өлкөнүн ортосундагы соода – экономикалык кызматташтыгы өнүкпөй калууда. Мунун кесепети Кыргызстан менен Россия Федерациясынын товар жүгүртүүсүнө да тийүүдө.

Таджикистан биз менен кошуна өлкө болгондугуна карабастан соода- экономикалык мамилелер азыр дээрлик жокко эсе. Себеби бул өлкөдөгү көп жылдардын берки ички тирешүү, ислам экстремизми ж.б. жагдайлар бир топ кедерги болууда. Биздин иликтөө көрсөткөндөй акыркы 5 жылдын ичинде Таджикистан менен товар жүгүртүү 20 млн. доллардан ашкан эмес. Бул өлкөдөн ушул кезде бизге негизинен мунайзат, руда, металл ж.б. ташылып келинет. Ал эми Кыргызстан даяр продукциялар, лампочка, курулуш материалдарын жөнөтөт.

### *3.3. Кыргызстандын өнүккөн өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышы*

#### *3.3.1.Швейцария*

***Швейцария*** 1997-жылдан тартып Кыргызстандын негизги өнөктөрүнүн бири. Анткени ушул жылы Кумтөр алтын кени иштетилип, чыгарылган алтыны бул жакка экспорттоло баштаган эле. Буга чейин бул өлкө менен товар жүгүртүүнүн өлчөмү өтө төмөн болгон. Мисалы, 1995-жылы бул көрсөткүч 2,9 млн. долларды түзгөн. Кийин, жогоруда белгиленгендей, 1997-жылы товар алмашуу

кескин жогорулап, 166,5 млн. долларга жеткен. Бирок, бир жыл соңунан Кумтөрдүн алтыны Германияга жөнөтүлө баштагандыгына байланыштуу Швейцария менен товар жүгүртүүнүн көлөмү кайрадан 6 млн. долларга чейин төмөндөп кеткен. Эки жылдан кийин экономикалык байланыш кайрадан жанданып, натыйжада товар жүгүртүү бир кыйла арбып, каражаттын өлчөмү 37,2 млн. долларга жетип Кыргызстандын жалпы товар жүгүртүүсүнүн 3,5 %ин түзгөн. Ал эми 2001-жылкы маалыматка ылайык, бул өлкө менен товар жүгүртүү кескин жогорулап, 125,4 млн.долларга жеткен. Бул негизинен экспорттун кайрадан көбөйүшүнө байланыштуу болгон эле. 2003-жылы бул эки өлкөнүн товар жүгүртүүсү 120,3 млн. долларга барабар болгон (3.16-таблицаны караңыз).

3.16-таблица

Кыргызстан менен Щвейцариянын товар жүгүртүүсү, млн.долл менен

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар жүгүрт. баары | 2,9 | 13,4 | 166,5 | 6,0 | 20,2 | 37,2 | 125,4 | 99,9 | 120,3 |
| Экспорт | 1,8 | 0,9 | 162,3 | 1,1 | 18,0 | 34,1 | 124,2 | 96,4 | 117,9 |
| Импорт | 1,1 | 12,3 | 4,2 | 4,9 | 2,2 | 3,1 | 1,2 | 3,5 | 2,4 |
| Сальдо | +0,7 | -11,4 | +158,2 | -3,8 | +15,8 | +31 | +123 | +92,8 | +115,5 |

*Булак: КР өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргызстан менен Щвейцариянын товар жүгүртүүсүнүн соода балансы жалпысынан жигердүү көрсөткүчкө ээ болууда. 2001-жылы товар жүгүртүү кескин жогорулап, өткөн жылга салыштырмалуу 100 млн. долларга көбөйгөн. Товар жүгүртүүнүн негизин экспорт ээлейт. Экспорттун 90-95 %ин кымбат баалуу буюмдар түзөт (3.17 –таблицаны караңыз).

3.17-таблица

Щвейцарияга экспорттолгон товарлардын түрлөрү

| | Чен бирдиги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | накталай | Млн. долл | накталай | Млн. долл | накталай | Млн. долл | накталай | Млн. долл |
| Бардыгы | | | 34,1 | | 124,2 | | 96,4 | | 117,9 |
| Алтын | тонна | 3,7 | 33,3 | 13,8 | 123,6 | 10,6 | 96,0 | 9,7 | 116,9 |
| Күмүш | тонна | 1,0 | 0,1 | 3,1 | 0,5 | 4,0 | 0,7 | 3,8 | 0,8 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй Кыргызстан менен Щвейцариянын товар жүгүртүүсүнүн өзөгүн Кумтөр алтыны ээлей тургандагы белгилүү. Ал эми эки өлкөнүн импортунун көрсөткүчү өтө төмөн. 2001-жылы импорттун деңгээли дээрлик үч эсеге азайган. 2002-жылдын маалыматы боюнча Кыргызстан менен Щвейцариянын товар жүгүртүүсү 20,3 %ке кыскарып, 99,9 млн. долларды түзгөн. Бул негизинен экспорттун кыскаргандыгына байланыштуу келип чыккан көрсөткүч. Себеби, 2002-жылдын экинчи жарымынан баштап биздин алтындын көп бөлүгү Бириккен Араб Эмираттарына ташыла баштаган. Ал эми Щвейцариянын импорту болсо 2,3 млн. долларга жогорулаган.

### *3.3.2. Германия Федеративдүү Республикасы*

Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышында 2000-2001-жылдары Германиянын үлүшү 16-18 %ти түзгөн. Кыргызстан менен Германиянын экономикалык байланышы кийинки жылдары кыйла күчөп, товар жүгүртүүсү 1998-жылы эң жогорку көрсөткүчкө жетип, каражат өлчөмү 445,2 млн. долларды түзүп, мурдагы жылга салыштырмалуу дээрлик 7-8 эсеге жогорулаган. 1999-жылы 195,5 млн. долларга жетип, мурдагы жылга салыштырганда 21 %ке төмөндөп, ал эми 2000-жылы товар жүгүртүүнүн көлөмү 169,8 млн.долларга чейин азайып, мурдагы жылга салыштырганда 24 млн.долларга товар жүгүртүү кыскарган. 2001-жылы товар жүгүртүүнүн көлөмү 118,8 млн. долларга чейин төмөндөп, бул негизинен экспорттун түшүп кетишинен келип чыккан. 2002-жылы Германиядан импорттолгон товарлардын көлөмү 31,4 млн. долларды түзүп, 29,3 %ке жогорулаган. Бул жылы негизинен микроавтобустар жана медициналык жабдуулар импорттолгон. Ал эми экспорттун көлөмү болсо 98,1 %ке кыскарып, 1,8 млн. долларды түзгөн. Алтындын экспорту Араб өлкөлөрүнө экспорттоого байланыштуу кыскарган (3.18-таблицаны караңыз).

3.18-таблица

Кыргызстан менен Германиянын товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, млн. долл. менен

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар жүгүртүү; баары | 20,8 | 34,7 | 56,4 | 245,2 | 195,5 | 169,8 | 118,8 | 33,1 | 41,2 |
| Экспорт | 2,1 | 2,9 | 18,1 | 192,2 | 148,2 | 144,6 | 94,4 | 1,8 | 3,0 |
| Импорт | 18,7 | 31,8 | 38,4 | 53,1 | 47,3 | 25,2 | 24,2 | 31,4 | 38,2 |
| Сальдо | -16,6 | -28,9 | -20,3 | +139,1 | +100,9 | +119,4 | +70,2 | -29,6 | -35,2 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Кыргызстандын Германияга экспорту 1995-1998-жылдары дайыма өсүп келген. Ушул үч жыл ичиндеги экспорт 190,1 млн. долларга арбып, импорт болсо төмөндөп кеткен. 2002-жылы экспорттун кескин кыскаргандыгына байланыштуу товар жүгүртүү дээрлик 3 эсеге кыскарган. Бул негизинен кымбат баалуу металлдардын такыр эле экспорттолбогондугуна байланыштуу болгон (3.19-таблицаны караңыз).

3.19-таблица

Кыргызстандан Германияга экспорттолгон товарлардын түрлөрү

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | накт а-лай | Млн.д олл | накта-лай | Млн. долл | накта-лай | Млн. долл | накта-лай | Млн. долл |
| Бардыгы | | | 144,6 | | 94,4 | | 1,8 | | 3,0 |
| Күндөлүк керек-телүүчү товарлар | | | 0,8 | | 0,7 | | 0,9 | | 1,2 |
| Сырье | | | 2,4 | | 1,0 | | 0,7 | | 1,5 |
| Жартылай фабрикаттар | | | 141,2 | | 92,5 | | 0,0 | | 0,2 |

Бул өлкөгө негизинен алтын, жез, пахта ж.б. товарлар экспорттолот. 1998-жылдан баштап Кумтөр алтыны Германияга жөнөтүлгөндүктөн товардын 98 %тин ээлеген. Жыл өткөн сайын бул өлкөгө пахта арбын экспорттолуп жатат. Мисалы, 1998-жылы 255,1 миң доллар өлчөмүндө болсо, 1999-жылы 1054,9 миң долларга жетип, дээрлик 800 миң доллар болгон. 2000-жылы болсо пахта жөнөтүүнүн көлөмү 1433,7 миң доллар болгон. 2003-жылы бул эки өлкөнүн товар жүгүртүүсү кайрадан жандана баштап, 41,2 млн. долларды түзгөн, албетте бул импорттун көбөйгөндүгүнөн келип чыккан жагдай болуп эсептелет.

Бул өлкө менен импорттук алака 1995- 1998-жылдарда өскөн. 1999-жылы 1998-жылга салыштырганда 11 %ке, ал эми 2000-жылы 1999-жылга караганда 40 %ке төмөндөгөн. Ал эми 2001-жылы импорттун көрсөткүчү өзгөрүүсүз бойдон калып, 2002-жылы болсо, импорттун көлөмү дээрлик 10 млн. долларга жогорулаган. 1999-жылы автомобилди импорттоо кескин төмөндөп кеткен. Бул товар боюнча бажыканадагы турукташкан экономикалык саясаттын тайкылыгынан келип чыккан. Ушунун кесепетинен автомобиль ташып келүү 1999-2000-жылдары 50 %ке төмөндөп, бирок 2001-жылы бажыкананын кээ бир маселелеринин туура чечилгендигине байланыштуу автомобилди импорттоо кескин жогорулаган. Ал эми 1998-жылга салыштырмалуу шарап, дары-дармектер, айыл чарба машиналарынын импорту кескин төмөндөп, айыл чарба машиналарын импорттоо дээрлик он эсеге кыскарган. Тескерисинче, тамеки импорттоо кыйла өскөн, 1998-жылы 142,8 миң доллар өлчөмүндө тамеки импорттолсо, 2000-жылы 2330,7 миң долларга жеткен, бирок 2001-жылы тамеки импорттоо 30 %ке чейин төмөндөп 924,7 млн. долларды түзгөн. Кыргызстанга Германиядан импорттолгон товарлардын структурасын талдап көрсөк, шараптын импорту жыл сайын кыскарып отуруп, 2001-жылы такыр токтоп, ошондой эле тамекини даярдоочу, кайра иштетүүчү машиналардын келиши дагы кыскарган. Жалпысынан Германиядан импорттолгон товарлар (автомобиль жана косметикадан башка) жыл өткөн сайын азайып жатат (3.20-таблицаны караңыз).

3.20-таблица

Германиядан Кыргызстанга импорттолуучу товарлардын түрлөрү

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл |
| Бардыгы | | | 25,2 | | 24,3 | | 31,4 | | 38,2 |
| Нефтьпродуктулары | миң т. | 0,5 | 0,4 | 0,6 | 0,4 | 5,2 | 1,8 | 3,9 | 1,6 |
| Тамеки жана суусундуктар | | | 2,6 | | 1,9 | | 0,7 | | 1,0 |
| Дары - дармектер | тонна | 30,9 | 0,6 | 23,1 | 0,5 | 52,0 | 0,9 | 26,6 | 1,1 |
| дөңгөлөк покрышкалары | миң даана | 206,0 | 0,5 | 251,1 | 0,8 | 213,4 | 0,7 | 252,2 | 0,9 |
| Косметика | миң т. | 0,2 | 0,6 | 0,3 | 1,1 | 0,4 | 1,0 | 0,4 | 1,6 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй Германиядан импорттолгон негизги продукциялар – дары-дармектер, тамеки, суусундуктар ж.б. кирет. Германиянын импорту 1999-жылга чейин бир топ жогорулап келип, 56,1 млн. долларды түзгөн, ал эми 2000-2001-жылдары импорт кескин кыскарып, бирок 2003-жылдан импорттун көлөмү кайрадан жогорулай баштаган.

### *3.3.3. Америка Кошмо Штаттары*

Кыргыз Республикасынын АКШ менен экономикалык - соода байланышы жыл өткөн сайын күчөп жатат. Бирок, товар жүгүртүү жылдан жылга өсүп жатканы менен соода жагынан байланышы али солгун абалда (3.21-таблицаны караңыз).

АКШ көп жылдан бери биздин өлкө менен алака түзүп, тиешелүү жардам берип келүүдө. Азыр тамак-аштын ар кандай түрлөрү, дары-дармектердин келиши жардамдын негизин түзүп, ал жыл өткөн сайын өсүүдө. 1999-жылы импорттун жалпы көлөмүнүн 63,3 %ин гуманитардык жардам түзсө, 2000-жылы мунун үлүшү 71,9 %ин ээлеген.

3.21-таблица

Кыргыз Республикасы менен АКШнын товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, млн. долл. менен

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар жүгүртүү; баары | 23,1 | 53,3 | 57,5 | 48,3 | 65,4 | 56,6 | 33,8 | 83,4 | 54,4 |
| Экспорт | 4,0 | 17,6 | 17,9 | 7,6 | 11,2 | 2,8 | 7,1 | 36,1 | 6,5 |
| Импорт | 19,1 | 35,7 | 39,6 | 40,9 | 54,2 | 53,8 | 26,7 | 47,4 | 47,9 |
| Сальдо | -15,1 | -18,1 | -21,7 | -33,3 | -43,0 | -51,0 | -19,6 | -11,3 | -41,4 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай импорт көрсөткүчү 2000-жылга чейин жогорулап, бирок 2001-жылы импорттун көлөмү эки эсеге чейин төмөндөп 26,7 млн. долларды түзгөн. 2002-жылы Кыргызстан менен АКШнын товар жүгүртүүсүнүн көлөмү 2,5 эсеге өсүп, 83,4 млн. долларды камтыган. АКШдан келген импорт үлүшүнүн 72,1 %и гуманитардык жардам болуп эсептелет. Экспорттун кескин жогорулашынын негизги себеби, «Манас» аэропортунунун аймагында жайгашкан «Ганси» аскер базасына керосиндин көп керектелишине байланыштуу. 2003-жылы эки өлкөнүн товар жүгүртүүсү кайрадан кыскарып кеткен. Бул экспорттун кескин кыскарышына тыгыз байланыштуу.

Кыргызстандын АКШга экспорту 2001-жылы 2000-жылга салыштырмалуу 3 эсеге өскөн, бул айрым товарга экспортунун көлөмүнүн кескин жогорулоосунан улам пайда болгон, анын экспорту 2000-жылы 29,4 миң доллар болсо, 2001-жылы 5710,1 миң долларга чейин жеткен. Ал эми пахта, кийим-кече, приборлорду экспорттоо 2001-жылы толугу менен токтогон (3.22 – таблицаны караңыз).

3.22-таблица

Кыргызстандан АКШга экспорттолгон продукциялардын түрлөрү

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн.до лл | Накта-лай | Млн.долл |
| Бардыгы | | | 2,8 | | 7,1 | | 36,1 | | 6,5 |
| Авиокеросин | миң тонна | 0,0 | 0,0 | 0,6 | 0,2 | 72,6 | 27,0 | 11,5 | 4,3 |
| Химиялык заттар | миң тонна | | 0,1 | | 5,7 | | 7,2 | | 0,3 |

Кыргызстанга АКШнын импортун иликтөө менен анын деңгээли 2001-жылы эки эсеге төмөндөгөндүгүн байкоого болот, себеби бул жылы буудай, күрүч, ун ташылып келинген эмес (3.23-таблицаны караңыз). Кыргызстан АКШга 2002- жылы 36,1 млн. доллар өлчөмүндө товар экспорттогон болсо, 2003-жылы бул көрсөткүч болгону 6,5 млн. долларды түзүп, анын өлчөмү дээрлик 5 эсеге азайган. Бул болсо азыр эки өлкөнүн товар жүгүртүүсүнө өзүнүн терс таасирин тийгизип жатат.

3.23-таблица

АКШдан Кыргызстанга импорттолгон продукция түрлөрү

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл |
| Бардыгы | | | 53,8 | | 26,8 | | 47,4 | | 47,9 |
| Тамак-аш продукциясы | | | 22,8 | | 0,7 | | 5,0 | | 3,9 |
| Дары - дармектер | тонна | 42,0 | 13,9 | 36,9 | 14,0 | 38,5 | 16,9 | 58,9 | 20,3 |
| Электр аппараттары | Миң тонна | 2,7 | 1,6 | 3,8 | 0,7 | 21,2 | 1,3 | 6,1 | 1,1 |
| Самолет | даана | | | | | 1,0 | 6,0 | 1,0 | 6,0 |

АКШ менен алака түзүү республикабыз үчүн азыр экономикалык жактан өтө маанилүү маселе. Бул өлкө экономикалык, илимий-техникалык потенциалы мол болгондуктан Кыргызстанга инвестициялык жардам берүү мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Алибетте, келечекте биздин өлкө АКШ сыяктуу кубаттуу мамлекеттер менен бирдей деңгээлде алака түзүү үчүн эң алды экономика тармактарын билгичтикте, ойдогудай өнүктүрүү зарыл.

### *3.3.4. Кытай Эл Республикасы*

Кыргызстандын экономикалык нуктагы өнөктөрүнүн ичинен Кытай азыр өзгөчө орунду ээлейт. Себеби бул кошуна өлкө катары СССР жоюлгандан тартып эле чет мамлекеттердин ичинен соода-экономикалык алака түзүү боюнча башкы орунду ээлеген (3.24-таблицаны караңыз).

3.24-таблица

Кыргыз Республикасы менен Кытайдын товар жүгүртүүсү, млн. доллар менен

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар жүгүртүү; баары | 74,8 | 44,2 | 64,1 | 60,1 | 62,2 | 81,0 | 67,9 | 100,1 | 101,0 |
| Экспорт | 68,5 | 36,4 | 31,6 | 15,7 | 25,3 | 44,1 | 19,4 | 41,1 | 23,3 |
| Импорт | 6,3 | 7,8 | 32,5 | 44,4 | 36,9 | 36,9 | 48,5 | 59,0 | 77,7 |
| Сальдо | +62,2 | +28,6 | -0,9 | -28,7 | -11,6 | +7,2 | -29,1 | -17,9 | -54,4 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын, өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Кыргызстан менен Кытайдын товар жүгүртүүсү, айрыкча импорттун өсүү ылдамдыгы 2000-жылы мурдагы жылга салыштырганда 30,2 %ке жогорулаган. Чындыгында 1995-жылдан бери товар жүгүртүүнүн көлөмү 81,0 млн. долларга жете элек болчу. Ошондуктан 2000-жылы бул эки өлкөнүн соода жагынын алакасынын көрсөткүчү натыйжалуу болуп, бирок 2001-жылы товар жүгүртүү көлөмү кайра кыскарып, 67,9 млн. долларды, 2002-жылы Кыргызстандын товар жүгүртүүсүндө Кытайдын үлүшү 9,3 %ти түзгөн. 2003-жылы товар жүгүртүү дээрлик өзгөрүүсүз калган. Кытайга товар экспорттоо 2003-жылы кыскарып, ал эми импорт тескерисинче көбөйгөн. Экспорттун түпкү өзөгү негизинен сырье сатууга багытталган. Экспорттун 2001-жылы кыскарышынын башкы себеби, бажы төлөмдөрүнүн акциз салыгынын көбөйүшү,

жолдогу тоскоолдуктар ж.б. байланыштуу болгон. Ал эми Кыргызстанга Кытайдан келүүчү импорт товарларын иликтөөдө, анын көлөмү өсүп жаткандыгын байкоого болот (3.25-таблицаны караңыз).

**3.25-таблица**

**Кытайга экспорттолгон товарлардын түрлөрү, млн. доллар менен**

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл |
| Бардыгы- | | | 44,1 | | 19,4 | | 41,1 | | 23,3 |
| Маталл буюм | Миң тонна | 77,1 | 25,6 | 110,3 | 6,8 | 205,1 | 8,8 | 261,4 | 8,1 |
| Тери | Миң тонна | 6,1 | 2,6 | 15,0 | 4,6 | 16,0 | 14,8 | 9,1 | 5,2 |
| Жүн | Миң тонна | 1,0 | 0,7 | 0,5 | 0,7 | 1,2 | 2,2 | 1,3 | 1,8 |
| Өндүрүштүк сырье | | | 30,5 | | 14,0 | | 26,6 | | 16,1 |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй Кытайга азыр негизинен чийки заттар, пахта, калайдан, жезден, темирден жасалган буюмдар жөнөтүлөт. Түстүү металлдын үлүшү акыркы эки жылда кескин төмөндөп кеткендиги байкалат. Бул болсо, республикадагы көрүнгөн темир-тезектин бардыгы сатылып бүтүп калгандыгын ырастайт. Экспорттун көлөмү 2000-жылга чейин өсүп, бирок 2001-жылы кескин төмөндөгөн. Кыргызстанга Кытай кошуна өлкө катары, бажы тоскоолдуктарын кайра карап чыгып, бул зор өлкө менен товар жүгүртүүнү көбөйтүү жагын ойлонуу зарыл, себеби Кыргызстанда кытай товарларын, өзгөчө кийим-кече, бут кийим ж.б. баасы арзан болгондуктан, азырынча суроо талап жогору. Мындан тышкары кытай товарларын биздин бизнесмендер Россияга дагы сатып жаткандыгы жүйөөлүү көрүнүш. Анын үстүнө Кытайдан экспорттолгон товарлардын баарын республикабыздын чегинде керектөөгө мүмкүнчүлүк жок. Азыр кытайдын арзан товарларынын үлүшү эки эсеге көбөйгөн.

Эки өлкөнүн соода байланышынын келечеги кең деп баса белгилөөгө болот. Кытайдан биздин республикага азыр негизинен түрдүү материал, кийим-кече, бут кийим ташылып келет (3.16-таблицаны караңыз). Кээ бир товарлардын импортунун

кыскарышына байланыштуу жалпы импорттун көлөмү кыскарууда. Буларга: жумуртка, спирт ичимдиктери, жер-жемиштер, өсүмдүк майы, курулушка керектелүүчү сыр жана лак, аккумулятор ж.б. кирет. Мурда Кытайдан келүүчү эт менен буудай толук токтогон. 2002-жылдын маалыматы боюнча Кытайдан импорттолгон товарлар өткөн жылга салыштырмалуу 21,6 %ке жогорулап, 59,0 млн. долларды түзгөн. Ал эми 2003-жылдын эсеби боюнча импорт 32 %ке жогорулап, 77,7 млн. долларга жеткен. Кытайдан келүүчү импорттолгон продукциялардын өзөгүн күндөлүк керектелүүчү товарлар (47,7 %) түзүп, анын 18,6 %ин синтездик материалдары, кийим-кече 28 %ин, бут кийим – 16,1 %ин ээлейт.

Статистикалык маалыматка ылайык, Кыргызстандын товар жүгүртүүсүндө Кытай, Германия, Россия, Казакстан, Өзбекстан, Щвейцария соңунан алтынчы орунду ээлеп, жалпы товар жүгүртүүнүн 7,2 %ин түзөт.

3.26-таблица

Кытайдан импорттолгон продукциялардын түрлөрү, миң доллар менен

| | Чен бир-диги | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн. долл | Накта-лай | Млн.д олл | Накта-лай | Млн. долл |
| Бардыгы | | | 36,9 | | 48,5 | | 59,0 | | 77,7 |
| Күрүч | миң тонн | 2,5 | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 3,3 | 0,8 | 7,1 | 1,7 |
| Тамеки | миң тонн | 1,1 | 1,5 | 0,8 | 1,3 | 0,7 | 1,0 | 0,7 | 1,1 |
| Синтездик кездеме | млн. кв.м | 25,6 | 4,6 | 20,8 | 4,3 | 33,4 | 7,1 | 44,9 | 11,3 |
| Пахта кездемелер | млн. кв.м | 1525,2 | 1,2 | 640,6 | 0,6 | 290,2 | 0,3 | 675,0 | 0,7 |
| Бут кийим | миң | 5162,4 | 2,8 | 4214,9 | 3,4 | 7560,0 | 4,6 | 8953,9 | 5,4 |

Жогорудагы таблицадан көрсөтүлгөндөй Кытайдан импорттолгон продукциялардын көлөмү кийинки кезде кескин жогорулоодо. Мисалы, бут кийим 2003-жылы 2000-жылга салыштырмалуу дээрдик эки эсеге өскөн.

Кытай БСУга мүчө болуп киргендигине байланыштуу анын товар жүгүртүүсү бир топ жогорулаган. Кыргызстан булар менен келечекте электр энергиясын пайдалануу, биргелешкен ишканаларды куруу, кен байлыктарды жана түстүү металлдарды иштетүү, дүнүнөн иш жүргүзгөн ири борборлорду жана соода комплекстерин куруу тармактарында тыгыз кызматташуусун кеңейтүү каралууда. Бул жагынан ушул тапта айрым олуттуу иштер башталды. Мисалы, Кытайдын каражаты менен Кызыл-Кыя шаарында цемент чыгаруучу ири завод салына баштады. Буга жалпысынан 79,3 млн. доллар жумшалат.

Кашгар – Торугарт – Жалал - Абад - Анжиян темир жолунун курулушу, сапаттуу автомобиль жолдорун коңшулардын аймагына чейин салуу эки өлкөнүн экономикалык байланышынын кыйла күчөшүнө олуттуу салымын кошот. Азыр Бишкек - Торугарт автомобиль жолун эларалык стандартка жооп бергендей кылып салуу иши башталгандыгы, тиешелүү акча каржаты бөлүнгөндүгү белгилүү.

### *3.3.5. Туркия Республикасы*

Кыргыз Республикасынын дагы бир негизги өнөгү – Түркия мамлекети. Булар менен биздин өлкө БСУнун алкагында тышкы экономикалык байланышын улап келе жатат. Эки өлкөнүн ортосунда көптөгөн келечектүү келишимдер түзүлүп ийгиликтүү иштеп жатат.

Кыргызстандын Түркия менен экономикалык байланышын иликтөөдөн улам кийинки мезгилде товар алмашуунун жогорулап жаткандыгын белгилөөгө болот (3.27-таблицаны караңыз).

3.27-таблица.

Кыргызстан менен Түркиянын товар алмашуу структурасы (млн. доллар менен)

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Товар жүгүртүү; баары | 18,9 | 41,5 | 53,9 | 51,7 | 44,8 | 27,7 | 34,0 | 29,6 | 37 | 50,2 |
| Экспорт | 3,9 | 3,2 | 5,3 | 8,0 | 7,4 | 4,6 | 7,2 | 13,8 | 11,0 | 17,0 |
| Импорт | 15,0 | 38,3 | 47,6 | 43,7 | 37,4 | 23,1 | 26,8 | 15,8 | 26,0 | 33,2 |
| Сальдо | -11.1 | -35,1 | -42,3 | -35,7 | -30 | -18,5 | -19,6 | -2 | -15 | -16,2 |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй Кыргызстан менен Түркиянын товар жүгүртүүсү 2004-жылы мурдагы жылга салыштармалуу 35,7 % ке жогорулап, натыйжада экспорттун жана импорттун да жогорулагандыгын айкындайт.

Эки өлкөнүн товар сатуудагы сальдосу дайыма терс болуп келген, б.а. импорт экспорттон дайыма көптүк кылат. Бул өлкөлөрдүн экспортунун негизин айыл чарба продукциялары жана түрдүү сырьелор түзөт (3.28-таблицада караңыз).

3.28-таблица

Кыргызстандан Түркияга экспорттолгон продуктулар, млн доллар менен

| | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 3,9 | 3,2 | 5,3 | 7,9 | 7,4 | 4,6 | 7,2 | 13,8 | 11,0 | 17,1 |
| Анын ичинен: жашылча-жемиштер | | | | | | 0,8 | 3,9 | 2,54 | 4,5 | 9,1 |
| Жаңгак | | 0,03 | 0,1 | 0,01 | | 0,4 | 0,3 | 2,3 | | |
| Пахта | 2,5 | 1,1 | 2,3 | 4,4 | 2,6 | 1,0 | 0,8 | 1,99 | 0,5 | --- |
| Жүн | 0,1 | | 0,9 | 0,6 | | | | | | |
| Тери | | | 0,7 | | | 0,9 | 1,2 | 2,8 | 2,0 | 1,5 |
| Нефть продукциялары | | | 0,5 | | 0,4 | 0,2 | 0,7 | 0,6 | 2,7 | 4,3 |

Жогорудагы таблицадан көрсөтүлгөндөй, экспорттун көлөмү бирдей деңгээлде эмес. Ал 1995-1999-жылдар ичинде бир топ жогорулап, бирок 2000-жылы кыскарып кеткен. 2001-жылдан баштап кайрадан жогорулай баштап, 2004-жылы экспорттун көлөмү 17,1 млн. долларга жетип, өткөн жылга 7 млн. долларга жогорулаган.

Кыргызстан менен Түркиянын товар алмашуудагы импортуна байланыштуу иштер бир кылка өнүкпөй жатат. Мисалы, кагаз жана картон буюмдарын ташып келүү 1997-жылы 1,29 млн.долларга жетсе, кийин 2002-жылы 0,54 млн. долларга түшүп кетип, 2004-жылы кайра жогорулап, 2 млн. долларга жеткен (3.29 таблицаны караңыз).

3.29-таблица

Түркиядан Кыргызстанга импорттолгон продуктулар, млн доллар менен

| | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 15,0 | 38,3 | 47,6 | 43,7 | 37,4 | 23,1 | 26,8 | 15,8 | 17,0 | 26,0 | 33,2 |
| Анын ичинен: пластмасса | | | | | | | 0,5 | 0,2 | 0,4 | 2,0 | 3,1 |
| Самын | 0,14 | 0,2 | 0,22 | 0,89 | 2,47 | 1,13 | 0,75 | 0,69 | 0,83 | 1,4 | 1,2 |
| Кагаз жана картон буюмдары | | | 0,42 | 1,29 | 0,85 | 0,77 | 0,89 | 0,93 | 0,54 | 1,2 | 2,0 |
| Мебель | | | 0,03 | 0,55 | 0,81 | 0,31 | 1,48 | 0,63 | 0,82 | --- | 1,3 |
| Кийим-кече | | | 0,3 | 1,12 | 1,91 | 1,22 | 2,04 | 2,32 | 1,93 | 2,0 | 2,6 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, импорттолуучу продукциялардын негизги түрүнө кийим – кече, самын жана кир жуугуч каражаттар кагаз жана кагаз буюмдары кирет. Ташылып келген товардын көлөмү 1996-1997 жылдары 47 млн. долларды, ал эми 2001-жылы 15,8 млн. долларды түзүп, эң төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгон. 2004-жылы товар ташып келүүнүн көлөмү кайра жанданып, 33,2 млн. долларга жеткендиги байкалат.

Кыргызстандын экономикасына багыттаган инвестициясынын көлөмү боюнча Түркия азыр дүйнө өлкөлөрүнүн ичинен алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Түркия азыр негизинен билим берүү чөйрөсүндө, банк ишине, мейманкана, соода борборлорун курууга, чай чыгарууга, эт продукциясын кайра иштетүүгө капиталдык салымды көбүрөөк жумшап жатат.

Эки өлкөнүн экономикалык-соода байланышынын келечектүү багыттарынын бири – биргелешкен ишканаларды куруу болуп саналат. Бул жагынан эки мамлекеттин бир топ тажрыйбасы бар.

Кыргызстандын экономикасы мыкты өнүккөн, базар мамилелеринен улам калыптанган өлкөлөр менен биздин пикирибиз боюнча эң алды менен тамак-аш, кайра иштетүүчү, жеңил жана тоо-кен өнөржай тармактары, туризмди өнүктүрүү жагынан алака түзүүнү кеңейтүү зарыл.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ МЕНЕН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ

# IV БӨЛҮМ


4.1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышында Россиянын ээлеген орду

4.2. Соода - экономикалык байланышынын өнүгүү денгээли

4.3. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги багыттары

### *4.1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышында Россиянын ээлеген орду*

Кыргызстан кийинки жылдары бир катар өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышын кыйла кенейтип, базар мамилелеринин түйүндүү жерлерин иликтеп, бир топ тажрыйба топтоого жетишти.

Мындай көрүнүш эң алды Россия Федерациясы менен ар тараптуу кеңейип жаткандыгын баса белгилөөгө болот. Алсак, 1992-жылы 20-мартта Киев шаарында Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы дипломатиялык, экономикалык мамилелерди жөнгө салуу протоколуна кол коюлган. Албетте, буга чейин деле узак убакыт бою бул эки мамлекет ар тараптуу байланышта болуп келген. Тарых барактарына кайрылсак, эн алгач 18-кылымда эле кыргыздар Россия чоң жана күчтүү мамлекет экендигин билип, ар тараптуу мамиле түзүүгө аракет кылышкан. Мисалы, 1757-жылы Тянь-Шандык кыргыздардан 200 киши Сибирге барып отурукташкан. Ошол жылдары кыргыздарды ар кайсы кошуна элдер басынтып, кысып, улам түрдүү деңгээлдеги жаңжалдар болуп турган. Ушундан улам кыргыздан чыккан Атаке-баатыр элине Россиядан жардам сурайлы деп сунуш кылат. Ал биринчиден, Россия күчтүү мамлекет, экинчиден эң алыста жайгашкандыктан биздин көзкарандысыздыгыбыз сакталат деп белгилеген. 1785-жылы жай айларында Россияга алгач ирет кыргыз элинин атынан өкүлдөр жиберилет. Ошентип, достукка, ынтымакка алгачкы кадам жасалган.

Ушундай олуттуу бурулуштан баштап эки мамлекеттин ортосундагы байланыш ар түрдүү багыт боюнча, анын ичинде экономика жагынан үзүлбөстөн, улам күчөгөн.


19-кылымдын биринчи жарымында Россия менен Орто Азиянын соода-экономикалык байланышы кыйла өркүндөй баштаган. Эгер 1840-1850-жылдары Россия менен Орто Азиянын жылдык орточо товар алмашуусу 1,4 млн. рубль болсо, 1857-жылы 9,9 млн. рубль, ал эми 1867-жылы 30 млн. рубльга жеткен [45].


Кыргызстан Россиянын курамына киргенден баштап экономикасынын бир топ тармактары дурус өнүгө баштаган. Эң биринчиден илим, билим, маданият тармактары калыптанып, мектептер, ооруканалар курулган. Мисалы, Кыргызстанда алгачкы


орус тилиндеги мектептери мындан 126 жыл мурун ачылган. Элдин социалдык жашоо шарты жакшыра баштаган. Булардын баары бизге тарыхтан белгилүү. Эми Кыргызстан менен Россиянын азыркы учурдагы байланышына токтолуп кетели.

Кыргызстандын тышкы экономикалык саясатынын бүгүнкү орчундуу милдетинин бири КМШ өлкөлөрү менен, анын ичинде Россия жана Борбордук Азия регионундагы мамлекеттер менен байланышын кеңейтүү, бекемдөө болуп эсептелет. Бул мамлекеттерди экономикалык кызыкчылык эле эмес саясый, маданий, тарыхый жалпылык да жакындаштырат.

Кыргызстан өнүгүү жолундагы чакан өлкө. Ал көптөгөн Эларалык уюмдарга мүчө болуп, азыр дүйнөдөгү 80ден ашуун өлкө менен соода жүргүзөт. Товар жүгүртүү тенденциясы туруктуу эмес, бирде ылдыйлап, бирде жогорулоодо. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Кыргызстан негизинен КМШ өлкөлөрү менен соода сатык жүргүзүп, бул өлкөлөр жалпы товар жүгүртүүнүн 60 %ин түзгөн, бирок кийинчереек, башкача айтканда 1999-2000- жылдары КМШдан башка өлкөлөр Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүндө орчундуу орунду ээлеп калган (7-сүрөттү караңыз).






*7-сүрөт а-Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүү структурасы, б - экспорт, в - импорт*

Бирок Кыргызстан, азырынча тышкы экономикалык саясатынын үңгүсүн КМШ өлкөлөрүнө багыттаганы учурдагы талапка туура келет. Себеби, биринчиден, мурдатан берки калыптанып калган ар тараптуу байланыш, экинчиден, географиялык жактан жакындыгы жана кыргыз товарынын дүйнөлүк базардагы атаандаштыкка азырынча туруштук бере албашы, башкача айтканда али сапатынын төмөндүгү болуп эсептелет. Ошондуктан, Кыргызстан эң биринчиден

Россия менен тышкы экономикалык саясатын өркүндөтүшү керек. Анткени Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүндө 2003-жылдын маалыматы боюнча Росиянын үлүшү 21 %ти түзгөн (4.1-таблицаны караңыз).

4.1-таблица

Кыргыз Республикасынын кээ бир өлкөлөр менен болгон товар жүгүртүү динамикасы, млн. доллар менен

| | 1997-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. долл. | % | млн. долл. | % | млн. долл. | % | млн. долл. | % | млн. долл. | % |
| **Товар жүгүртүү, бардыгы** | **1313,1** | **100** | **1059** | **100** | **943,4** | **100** | **1072,3** | **100** | **1298,7** | **100** |
| Анын ичинен | | | | | | | | | | |
| Улуу Британия | 9,0 | 0,7 | 24,3 | 2,3 | 18,9 | 2,0 | 3,6 | 0,3 | 2,5 | 0,2 |
| Германия | 56,4 | 4,3 | 170,8 | 16,1 | 118,7 | 12,5 | 33,1 | 3,1 | 41,2 | 3,2 |
| Кытай | 64,1 | 4,9 | 81,0 | 7,6 | 68,0 | 7,2 | 100,1 | 9,3 | 101,0 | 7,7 |
| Корея Республикасы | 5,4 | 0,4 | 7,2 | 0,7 | 8,4 | 0,8 | --- | --- | 1,21 | 0,1 |
| АКШ | 57,5 | 4,4 | 53,8 | 5,1 | 34,0 | 3,6 | 83,4 | 7,8 | 54,4 | 4,2 |
| Түркия | 51,7 | 3,9 | 34,8 | 3,3 | 29,5 | 3,1 | 33,4 | 3,2 | 37,0 | 3,0 |
| Швейцария | 166,5 | 12,7 | 37,2 | 3,5 | 125,4 | 13,2 | 99,9 | 9,3 | 120,4 | 9,3 |
| **КМШ өлкөлөрү, бардыгы** | **755,0** | **57,5** | **506,0** | **47,8** | **425,5** | **45,1** | **491,4** | **45,8** | **611,9** | **47,0** |
| а.и. Казахстан | 156,7 | 11,9 | 90,8 | 8,5 | 120,8 | 12,9 | 160,7 | 15,0 | 228,1 | 17,6 |
| Өзбекстан | 230,1 | 17,5 | 164,5 | 15,5 | 114,7 | 12,1 | 88,0 | 8,2 | 55,5 | 4,3 |
| **Россия** | **289,6** | **22,1** | **197,7** | **18,7** | **149,6** | **15,9** | **196,7** | **18,3** | **273,1** | **21,0** |
| башка өлкөлөр | 226,1 | 17,2 | 196,9 | 18,6 | 155,4 | 16,4 | 218,0 | 20,0 | 380 | 29,1 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүндөгү негизги өнөгү – **Россия Федерациясы**. Акыркы беш жылда бул өлкө менен болгон товар жүгүртүү кээ бир себептерге байланыштуу кыскарууда. Бирок 2004-жылдын маалыматы боюнча Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын товар жүгүртүүсү 431,4 млн. долларды түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 56 %ке жогорулаган. Демек, мындан төмөнкүдөй жыйынтык келип чыгат: Россия Кыргызстандын негизги жана стратегиялык өнөгү болуп келген жана боло бермекчи.

Бул эки өлкөнүн ортосундагы мамилелери 1991-жылы 21-июлда бекемделип, келишимге кол коюлган. Бул келишимдин негизинде баалуу кагаздардын кыймылы, төлөө, кызмат көрсөтүү ж.б. боюнча мамлекет аралык атайын макулдашуулар бекитилген. Ушуга кошумча белгилей кетчү нерсе, кыргыз орус мамилеси дайыма, советтик мезгилден бери эле эң мыкты деңгээлде болуп келгендиги белгилүү.

1996-жылы төрт тараптуу келишим түзүлгөн. Бул төрт мамлекеттин Кыргызстан, Россия, Белорусь жана Казакстандын

ортосунда түзүлгөн документ болчу. Ал эми андан бир аз мурун, 1995-жылы Белорусь, Россия, Казакстан үчөө бажы союзун түзүп, 1996-жылы буларга Кыргызстан, 1999-жылы Тажикстан кошулган.

Азыр Кыргызстан менен Россия көп маселелерди биргеликте чечип жатышат, мисалы, орус тилдүү калктын Кыргызстандан төмөнкү себептерден улам көчүп келишүүдө:

- республикадагы экономикалык абалдын начарлашынан улам жумушсуздук, жашоо деңгээлинин төмөндөшү;
- келечекке ишенбөөчүлүк;
- коррупциянын күчөшү, мамлекеттик деңгээлдеги көзөмөлдүн чабалдашы;
- кыргыз тилин үйрөнүүнү каалабагандык;
- Баткен окуясынын кайталанышынан чоочулоо.

Кыргызстандын өкмөтү миграцияны төмөндөтүү боюнча олуттуу иш чараларды көрүп жатат. Республиканын КМШдагы абалын, ээлеген ордун иликтеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот.

1.Кыргызстан олуттуу эки маселени чечүүгө жетишти: биринчиден Бажы союзуна кирди, экинчиден Орто Азиялык экономикалык коомго кошулгандыктан, коомго кирген өлкөлөр Кыргызстандын өнөктөрү болуп саналат.

2.Россия, Казакстан, Өзбекстан менен түбөлүк достук, шериктештик келишими түзүлгөн 2000-жылы 27-июлда Москвада Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы 2010-жылга чейинки экономикалык кызматташтык жөнүндө келишим жана Программага кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын ошол кездеги президенти А.Акаев 2002-жылы 9-сентябрда Россия Федерациясынын президенти В.Путиндин чакыруусу менен Россияга жумушчу сапар менен барган. Россиянын президенти В.Путин Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы соода-экономикалык, маданий байланыштар мурдагыдан бир топ оңолуп, жаңы багыттар менен өсүп жаткандыгын баса белгилеген. Ал өзүнүн сөзүндө "Кыргызстанды биз бардык маселелер боюнча тең укуктуу өнөктөш өлкө катары билебиз. Биздин кызматташтыгыбыз түбөлүк достук келишиминин негизинде өнүгө бермекчи. Жарым жылдын ичинде Россия менен Кыргызстандын ортосундагы соода жүргүзүү 13 %ке өскөн" деп баса белгилеген.

Эки тараптуу жолугушууда Россия Кара-Балтадагы тоо-кен комбинаты жана Кадамжай сурьма комбинаттары менен өз ара алака мамиле түзүп, алардын продукцияларын сатып

алууга, өткөрүүгө жардам бере тургандыгын билдирген. Ошондой эле жакынкы убакта Камбарата ГЭСтерин куруп, ишке киргизүү, ал үчүн тиешелүү долбоорлор даярдалып, ресурстар каралып жаткандыгы да козголгон. Эгер Камбарата ГЭСи курулуп бүтсө, анда жылына 6 млрд. квт электр энергиясы иштелип чыкмакчы.

Ал эми 2002-жылы 5-декабрда Россия Федерациясынын президенти В.Путин жергебизге расмий иш сапары менен келген. Бул сапар эки элдин ортосунда эбактан бери эриш-аркак бекемделип келаткан соода –экономикалык, гуманитардык, аскердик-техникалык жана маданий, саясый байланыштар, айкын максатты көздөгөн алакалар кыргыз- орус кызматташтыгынын кыйырын кенейтип келе жаткандыгын көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын мурдагы президенти А.Акаев менен Россия Федерациясынын президенти В.Путин Бишкек Декларациясына жана эки өлкөнүн ортосундагы коопсуздук жаатындагы кызматташуу жөнүндөгү макулдашууга кол коюшкан. Анткени Кыргызстан үчүн тышкы саясатка өзгөчө көңүл буруу негизги багыттын бири болуп саналат. Чет өлкөлөр менен ар тараптуу алака мамиле куруу мамлекеттин өнүгүүсүнө, коопсуздугуна жана дипломатиялык шыктануусуна зор таасирин тийгизет.

Бул жолугушууда соода-сатык, экономикалык, аскердик, илимий-техникалык жаатындагы кызматташтыгына өзгөчө маани берилгенин да белгилеген. Ошондой эле региондук жана эл аралык маанидеги бир катар маселелер бышыкталган. Президент В.Путин бул жолугушуудагы бардык коюлган маселелер өз денгээлинде жүргүзүлө тургандыгын, Россия менен Кыргызстандын туруктуу достугу жана коңшулугу улана берерин белгилеген. Жолугушууда эки өлкөнүн гумманитардык багыттагы иштери дагы козголгон. Эки өлкө биргелешип маданият, билим, илим тармагындагы байланышын өнүктүрүү каралган.

Пикир алышуунун жүрүшүндө соода–экономикалык кызматташууну өнүктүрүү жөнүндөгү макулдашууларга жетишүү Кыргызстан үчүн өтө зор мааниге ээ. Мында биринчиден Кыргызстандын Россияга карызын реструктизациялоо тууурасында өкмөттөр аралык макулдашуу турары белгилүү. Анткени бул Республиканын азыркы кездеги татаал экономикалык абалын кыйла женилдетүүгө көмөк берет.

2003-жылы 22-23-октябрда «Кыргызстан - Россия» аттуу Инвестициялык Форум Бишкек шаарында өткөрүлүп, анда эки тарап экономикалык долбоор, программалар, келишимдер түзүлгөн. Бул форумдун негизинде Камбарата ГЭСин куруп, ишке киргизүү максатында Россиянын «ИнтерРАО ЕЭС» жабык акционердик коому менен келишим түзүлгөн. Кен байлыктарды (сурьма, калай, көмүр ж.б.) казуу, иштетүү жөнүндөгү бир катар олуттуу долбоорлор даярдалып, сунуш кылынган. Туризм тармагында биргелешип иштөө боюнча да макулдашууга кол коюлган.

Ошондой эле 2004-жылдын 1-сентябрындагы маалымат боюнча Кыргызстандын коммерциялык банктарында Россиянын капиталы төмөнкү үлүштү түзөт: «Аманбанк» - 22,5 %; «Толубай» - 1,9 %; «Азия Универсал банк» - 9,9 %.

Кыргыз Республикасында 2004-жылы 24-27-июнда Москва күндөрү болуп өткөн. Бул майрамды өткөрүү программасы ар түрдүү жана көп багытты камтыган. Делегацияны баштап келген Ю.В. Росляк Кыргызстандагы Москва күндөрүнүн официалдуу ачылышында төмөндөгүдөй билдирүү жасаган: «Биз Москванын жана Кыргызстандын калкынын дурус жашоосу үчүн бардык шарттарды түзүп берүүгө даярбыз».

Кыргызстандагы Москва күндөрүндө көптөгөн көргөзмөлөр уюштурулуп, ага 40тан ашуун Москвалык ишканалар өзүлөрүнүн товарларын, илимий-техникалык долбоорлорун сунуш кылган. Ошондой эле «Москванын илимий - өндүрүштүк потенциалы жана Москва менен Кыргыз Республикасынын соода-экономикалык кызматташтыгынын келечеги» аттуу тегерек стол уюштурулган. Ал эми комиссия мүчөлөрү Кыргыз Республикасы менен Москванын товар жүгүртүүсү өсүп жаткандыгын, б.а. Москвага экспорттолуучу кыргыз товарлары 66 %ке, ал эми Москвадан ташылып келинүүчү товарлар 48 %ке жогорулагандыгын белгилешкен. Биздин оюбузча Кыргызстандын аймагында биргелешкен Кыргызстан-Россия ишканаларын түзүп, өндүрүлгөн продукцияны үчүнчү өлкөгө сатуу экономикалык жактан эки өлкөгө тең пайдалуу. Бул жерде Кыргыз Республикасынын БСУга мүчөлүгүн кеңири пайдаланса болот.

Жогоруда айтылгандарды иликтей келип төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1.Россия Федерациясынын президенти В.Путиндин Кыргыз Республикасына расмий сапары региондук чөйрөдөгү, ошондой эле

эларалык саясаттагы ири окуя катары эсептелип, бул коопсуздук жаатындагы Кыргызстан – Россия кызматташуусуна көбүрөөк таандык болуп саналат.

2. Россия Федерациясынын президенти В.Путиндин Кыргызстанга сапары биздин өлкөбүздүн эларалык кадыр баркынын өсүшүнө көмөктөшүп, өлкөбүздү Россиянын Борбордук Азиядагы гана эмес, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң башкы саясий өнөктөш жана союздаш деңгээлине алып чыкты деп белгилесек болот. Кыргызстан Россиянын Азиядагы геосаясий "үчилтигине" киргендиги өтө маанилүү. Канттагы аскер-аба базасын жайгаштырууда ушул эле багыттагы иштердин бири. Түбөлүк достук, союздаштык жана өнөктөштүк принциптерине негизделген Кыргызстан – Россия мамилелери келип кетүүнүн жыйынтыгында жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлгөн эле.

3.Жогорку деңгээлдеги Бишкек жолугушуусунун өзөгү Кыргызстандын тышкы саясий багытынын өзгөргөндүгү, кыргыз-орус мамилелеринде жарака кеткендиги жөнүндө ар кандай көз караштарга, тайкы түшүнүктөргө чекит койгон. Кыргызстан антитеррордук коалициянын чегиндеги милдеттенмелерин так аткарып, АКШ ж.б. өнөктөштөр менен достук мамиле сактап Россиялык багытты өзүнүн тышкы саясатынын негизги багыты деп эсептейт. Ал эми Россияны башкы стратегиялык өнөктөшү жана союздашы экендигин кайрадан бышыктаган.

4.Кыргызстан жана Россиянын өкмөт башчыларынын Бишкектеги жолугушуусу соода-экономикалык жана гуманитардык жактан эки тараптуу кызматташууну өнүктүрүүгө кубаттуу түрткү болмокчу. Ал эми Кыргызстан – Россия биргелешкен ишканаларын түзүү, инвестицияны пайдалануу, адистердин тажрыйбасын колдонуу сыяктуу маселелер Кыргызстан үчүн өтө олуттуу жана келечектүү.

Кыргызстан Россия менен колдон келишинче тыгыз байланышта болууну колдойт. Буга бир нече фактор жүйөөлүү таасирин тийгизет. *Биринчиден,* эки мамлекет географиялык жактан жакын эки элдин мурдатан берки байланышы; *экинчиден,* орус тили жана маданияты кыргыз элинин коомдук жана маданий жашоосуна, экономикалык өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизген; *үчүнчүдөн,* аскердик-стратегиялык жактан тутамдаш абалы; *төртүнчүдөн,* аймакта бири-бирине тигил же бул өлчөмдө тыгыз экономикалык байланыш; *бешинчиден,* жалпы аймактык экономикалык маселелерди биргелешип чечүүнүн зарылчылыгы.

Кыргызстандын Россия менен соода - экономикалык байланышы тышкы экономикалык саясатынын негизги багыттарынын бирин ээлейт. Себеби, бардык коммуникациянын басымдуусу республиканын түзүлүшүнүн кээ бир жактары Россияга башынан ыктап калгандыгын баса белгилөөгө болот.

Эки тараптык соода-экономикалык байланыштын катышуучулары катары Кыргызстан жактан: «Бургу заводу", "Дастан", "Электротехник", "Айнур" ж.б. акционердик коомдору. Ал эми Россиянын төмөнкү ишканалары Кыргызстандан даярдалган өнөр жайдын түрдүү продукциясын алышат. Алар "Электроразряд" (Москва), "Ижорск заводу", "Вагонмаш" (Санкт-Петербург), "АвтоУАЗ" ж.б. акционердик коомдору.

Кыргызстандын бардык аймактарында азыр кыргыз-орус биргелешкен ишканалары катталган. Алсак, 2000-жылдын маалыматы боюнча алардын саны **700** жеткен болчу, ал эми 2001-жылы булардын саны миңден ашкан (1-тиркемени караңыз). Бирок Россия Федерациясынын Кыргызстандагы элчисинин кенешчиси В.С.Кудрявцевдин сөзү боюнча: "...Бардыгы ийгиликтүү иштеп жаткандыгы белгисиз, кээ бир жетекчилер кыйынчылыкка, тоскоолдукка дуушар болгондо гана кайрылат"[23]. Биргелешкен орус – кыргыз ишканаларынын ичинен "Табак-Наукат" жабык акционердик коому тууралуу баса белгилей кетүүгө болот. Ишкана жыл сайын 3 миң тонна тамеки жалбырагын иштеп чыгууну пландаштарып жатат. Бул ишкана мамлекеттик бюджетке 1 млн. сомдон ашык акча төккөн. Акционердик коомдун 80 % үлүшү россияга таандык. Ал коомдун сапаттуу жабдууларды Болгариядан алынып келинген.

Бул ишкана азыр Ноокат, Өзгөн, Лейлек ж.б.райондогу тамекини кабыл алып иштетип жатат. Ал эми продукцияны сатуу негизинен туура жолго коюлган. Себеби, бардык даярдалган продукция Россиянын базарына жөнөтүлөт. Бул жаңы ишканага эң негизги талап – продукциянын сапатын дүйнөлүк деңгээлден түшүрбөй кармоо болуп эсептелет.

Ал эми "Кыргызмебель" акционердик коому сырьену толугу менен Россиядан алып, Москвадагы "ДСП", "Сходня мебель" заводдору менен байланышта. Андан тышкары Москвадагы эларалык жарменкеге «Кыргызмебель» акционердик коому дайыма катышып турат. Жарменкеге алыскы, ошондой эле жакынкы чет мамлекеттер катышып, ал жерде жаңы ишенимдүү шериктештиктер калыптанган.

Белгилей кетүүчү дагы бир ишкана – «Вимм-Билль-Данн» компаниясы. Бул компаниянын өкүлдөрү 2000-жылы Кыргызстанга келип, ички базарды иликтеп, «Бишкек сүт» акционердик коомунун контролдук пакетин сатып алышкан болчу. Андан кийин алар акционердик коомдун жабдууларын алмаштырып, оңдоо иштерин жүргүзгөн. Азыр бул ишкана базар экономикасына дал келген шартта ийгиликтүү иштеп жатат. Компаниянын генералдык директору А.Немировский төмөндөгүдөй баса белгилеген: «Кыргызстан сырьесунун молдугу жана саясий стабилдүүлүгү менен бизди өзүнө тартты... Менин оюмча Кыргызстан менен Россия бири-бирине көп жагынан окшош жана жакын...»[89]. Бул компаниянын өндүргөн продукциялары өтө сапаттуу, ошондуктан булардан өндүргөн продукция көптөгөн суроо-талапка ээ болууда жана келечекте бир топ өлкөлөргө экспорттоло баштайт. Компаниянын өндүргөн продукциясы азыр төмөндөгүдөй нукта кетүүдө (4.2-таблицаны караңыз).

4.2-таблица

«Вимм-Билль-Данн» компаниясындагы «Бишкек сүт» акционердик коомунун өндүргөн продукциясы

| | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | көрсөткүч | % | көрсөткүч | % | көрсөткүч | % |
| Сүт продуктуларынын бардыгы, миң сом | 536045,4 | 100 | 633099,3 | 100 | 823405,5 | 100 |
| а.и.«Бишкек сүт», миң сом | | 2,7 | | 30,0 | | 30,5 |
| Сары май , тонна | 1378,0 | 100 | 1770,3 | 100 | 1422,5 | 100 |
| а.и. «Бишкек сүт», тонна | 331,0 | 24,0 | 428,0 | 24.2 | 371,3 | 26,1 |
| Сыр, тонна | 1742,6 | 100 | 1688,0 | 100 | 2104,2 | 100 |
| а.и. «Бишкек сүт», т. | 17,0 | 1,0 | 1.0 | 0,06 | 0,0 | 0.0 |
| Иштетилген сүт, тонна | 14738,3 | 100 | 15058,6 | 100 | 20052,9 | 100 |
| а.и. «Бишкек сүт»,т | 6783,0 | 46,0 | 9054,0 | 60,1 | 13922,8 | 70,0 |
| Консерваланган продуктулар, банка | 18693,1 | 100 | 3885,0 | 100 | 2294,5 | 100 |
| а.и. «Бишкек сүт», банка | 407,5 | 2,2 | 298,0 | 7,7 | 56,8 | 2,5 |

*Булак: Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү министрлигинин маалыматы.*

Кыргыз Республикасы боюнча жалпы сүт өндүрүү көлөмү 2002-жылы өткөн жылга салыштырмалуу 124,9 %ке, ал эми «Вимм-Билль-Данн» компаниясынын өндүргөн продукциясы 131,5 %ке жогорулаган. Өлкөдөгү бардык иштетилген сүттүн дээрлик 70 %ин «Вимм-Билль-Данн» компаниясы иштетет, бул ишкананын ийгиликтүү иштеши дагы бир жолу Кыргызстан менен Россиянын байланышынын бекемдигин далилдейт. Мындай ишканаларды колдоо гана керек. Кыргызстанда дагы далай ишканалар каражаттын жоктугуна байланыштуу токтоп турат, мына ушундай ишканалардын контролдук пакетин келечекте башка өлкөлөрдүн алдыңкы компанияларына берүү талапка ылайыктуу. Ошондо биздин сырьелор

толук кайра иштетилип, андан кийин экспорттолмок. Ал эми сырье өндүргөн, айыл жергесинде жашап, айыл чарба продуктуларын өндүргөн калктын жашоо шарты жакшырып, өлкөбүздүн экономикасы жогоруламак.

Кыргызстандагы дагы бир орчундуу маселе – бул тышкы карыздар болуп эсептелет (4.3- таблицаны караңыз).

4.3-таблица.

Кыргыз Республикасынын тышкы карызы, млн. доллар менен.

| | 1998-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. доллар | % | млн. доллар | % | млн. доллар | % | млн. доллар | % | млн. доллар | % |
| Тышкы карыз, бардыгы | 1480,3 | 10 0 | 1703,8 | 100 | 1677,7 | 100 | 1730,7 | 100 | 1965.7 | 100 |
| а.и. Бүткүл Дүйнөлүк Банк | 330,4 | 22 | 374,8 | 22 | 388,4 | 23,1 | 434,7 | 25,7 | 525.1 | 26.7 |
| Азия өнүгүү Банкы | 150,5 | 10 | 240,9 | 14 | 291,9 | 17,4 | 326,5 | 18,8 | 399.9 | 20.3 |
| Өлкөлөр боюнча: Россия | 139,1 | 9,4 | 166,2 | 9,8 | 166,7 | 9,9 | 155,8 | 9,6 | 168.6 | 8.6 |
| Өзбекстан | 13,8 | 0,9 | 12,4 | 0,7 | 11,3 | 0,7 | 11,3 | 0,6 | 13,8 | 0,7 |
| Түркия | 41,0 | 2,8 | 41,0 | 2,4 | 43,6 | 2,6 | 43,6 | 2,5 | 45,8 | 2,3 |
| Япония | 116,0 | 7,8 | 183,5 | 11 | 176,6 | 10,5 | 191,5 | 11,1 | 229,8 | 11,7 |
| Кытай | 2,5 | 0,2 | 1,2 | 0,1 | 6,0 | 0,4 | 11,3 | 0,6 | 8,0 | 0,4 |
| Франция | 4,4 | 0,3 | 3,5 | 0,2 | 3,5 | 0,2 | 3,5 | 0,2 | 5,0 | 0,3 |

*Булак: Платежный баланс КР за 2002 г, Банковский вестник КР, Б.-2003 стр 26*

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын тышкы карызы акыркы беш жылда 300 млн. долларга көбөйүп кеткен. Анын ичинде Россия Федерациясына токтоло кетели. Базар маселелери шартындагы эки өлкөнүн ортосундагы эң орчундуу маселенин бири Кыргызстандын Россияга карызы болуп эсептелет. Бул карыздын 90 млн. доллары СССРдин жоюлуу мезгилине, башкача айтканда 90-жылдарга тиешелүү. Ошол мезгилде көптөгөн мамлекеттик структуралар өлкөгө Россиянын товарларын импорттогон, союздун жоюлушу менен далай карыз Кыргызстандын мойнунда калган. Андан тышкары, ошол мезгилде бир топ техникалык кредиттер алынып, бирок анын басымдуу бөлүгү таланып-тонолуп кеткен.

Карыздын эң оор шарты – бул карыз 5-7 жылдык мөөнөт менен коммерциялык негизде LIBOR (Лондон банк аралык кредит ставкасы, болжол менен 6 %) плюс 2 % деген шартта берилген. Муну төлөө мөөнөтү үч жыл мурда эле жеткен. Андыктан бул каражатты толук төлөө биздин бюджетке терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Кыргызстан 1999-жылы эле Россияга мурдагы карызынын

пайызын 10,5 млн.доллар жана аммортизация үчүн 12 млн доллар төлөшү керек экендиги белгилүү. Бирок төлөй алган жок. Ошондуктан карызды бир жансыл кылуу жөнүндө сүйлөшүүлөр тынбай жүрүп жатат. 2000-жылы июнь айында Кыргызстан менен Россиянын ортосунда карызды жоюу үчүн 21 млн. доллар суммасында казыналык векселдерди чыгаруу жөнүндө мамлекет аралык келишимге кол коюлган. Вексeлдин жүгүртүү мөөнөтү 18-24 айга ылайыкталып, анын ээси россиялыктар, карызды толук төлөө мөөнөтү 16 жылга узартылган. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын өкмөтү 23 ишкананын акциясын Россияга карыз үчүн берүүнү сунуш кылышкан, анын ичинде алтын, уран жана сейрек кездешүүчү металдарды өндүрүүчү ири ишканалар (Кара-Балта тоо кен камбинаты, Кадамжай сурьма жана Хайдаркан сымап комбинаттары жана Кыргыз химия-металлуругиялык заводу) да бар болчу. Бул берилген тизменин ичинен Россия алты ишкананы тандап алган (4.4-таблицаны караңыз).

4.4-таблица.

Россияга берилген ишканалардын тизмеси.

| Аталышы | Менчиктештирүүдөн кийинки аталышы | Жайгашкан жери | Мамлекеттик үлүш,% |
|---|---|---|---|
| Ак-Суу жүгөрүнү кайра иштетүүчү комбинат | "Ак-Суу жүгөрүнү кайра иштетүүчү комбинат" Акционердик коому | Ак-Суу кыштагы | 71,03 |
| Ак-Суу кант заводу | "Ак-Суу заводу" Акционердик коому | Ак-Суу кыштагы | 71,03 |
| Кыргыз тоо-металлургиялык заводу | "КГМЗ" Акционердик коому | Орловка шаар тибиндеги поселок | 70,0 |
| Кыргыз тоо-кен комбинаты | "КГРК" Акционердик коому | Кара-Балта шаары | 72,28 |
| "Кыргызмунайзат" АО | "Кыргызнефть" Акционердик коому | Бишкек шаары | 70,0 |
| Ленин атындагы машина куруу заводу | "Бишкек машина куруу заводу" Акционердик коому | Бишкек шаары | 77,37 |

Бул ишканалардын келечеги али белгисиз. Азыр Россия ишкер чөйрөсү бул багытта белгилүү иштерди жасап жатат.

Кыргызстан бир топ өлкөлөр: Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай менен чектеш жайгашкандыктан тышкы экономикалык байланыш каражаты булар менен жасаган мамилеге, кылдат саясатына тыгыз байланыштуу. Ырас, азыр Кыргызстан тышкы базарга чыгуу үчүн белгилүү өлчөмдө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Себеби, республикабыз бир топ эларалык уюмдарга мүчө болгон.

Советтер Союзу ыдырагандан кийин Азия регионундагы мамлекеттер баш кошуп, аракет кылсак эле оңолуп кетебиз деп, бир топ аракет жасалган жана Борбордук Азия экономикалык кенешинин уюму түзүлгөн. Себеби, бул элдер тарыхый-маданий жагынан жакын, географиялык жактан да кошуна өлкөлөр. Бирок, көп жылдан бери бул чечимден жыйынтык чыкпай келет. Көп документтер дагы эле ишке ашпай, кагаз түрүндө гана кала берген. Демек, өлкө жетекчилери күчтүү жана абройлуу мамлекеттер менен гана биригүү керек деген жыйынтыкка келишкен. Кыргызстан менен Россиянын экономикалык байланышы жөнүндө талдасак, бул байланыш улам барган сайын бекемдеп, тереңдеп келе жатат. Ал эми мындан 14 жыл мурда, тагыраак айтканда 1992-жылы 8-октябрда Кыргызстанда Россиянын элчилиги ачылган. Бул биздин мамлекеттин тарыхындагы саясый, экономикалык, социалдык жактан өтө маанилүү окуя болуп эсептелет. Анын негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- өз өлкөсүнүн жана граждандарынын укугун коргоо;
- Россия Федерациясынын президентинин атынан иш жүргүзүү;
- Кыргызстан менен Россиянын байланышын расмий деңгээлде алып баруу;
- эки өлкөнүн достугун бекемдөө жана колдоо.

Россиянын кээ бир республикалары, областтары да экономикалык соода боюнча Кыргызстан менен кызматташып келе жатат. Буларга Татарстан Республикасы, Чуваш, Саха Республикасы, Башкорстан, Ямало-Ненец автономиялык округу ж.б. кошууга болот. Бул аймактар менен соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташтык боюнча келишимдер түзүлгөн. Алсак, Кыргызстандын Чүй областы менен Россиянын Москва областы 1993-жылы июнда экономика жана маданият тармактарында кызматташуу жөнүндө келишим кабыл алынган. Ал эми 1994-жылы Москва областы Чүй областына пайызсыз 400 млн. рубль кредит бөлүп берген. Областтар менен жалпы товар алмашуу орточо 855,9 миң долларды түзөт.

Соода-экономикалык чөйрөдөгү эң негизги багыт бул Кадамжай сурьма комбинатынын сырьесу менен камсыз кылуу. Анткени бул

комбинаттын сырьесуна бардык КМШ өлкөлөрү муктаж. Бирок, акыркы жылдары бажы тоскоолдуктарына байланыштуу Кадамжай комбинатына келүүчү Саха Республикасынын сырьесу бир топ кыскарган. Ошондуктан алака түзүү учурунда ушул маселеге өзгөчө көңүл бурулган. Кыргызстан өзү тараптан Якутияга айыл чарба продукцияларынын көп түрүн, биринчи кезекте пияз, тамеки, жашылча-жемиштерди сунуш кылган. Жыйынтыгында беш документке кол коюлган. Анын ичинде: соода-экономикалык, илимий-техникалык кызматташтыктын принциптери жөнүндө, Кыргызстанда Саха Республикасынын соода үйүн куруу жөнүндө келишимдер. Мына ушундан улам Кыргызстан менен Саха Республикасынын соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтыгы эки тараптуу келишимдин негизинде өнүгүп жатат.

Ал эми, Омск областы тамеки өндүрүүгө ынтазар. Ошол максатта биргелешкен Кыргызстан – Россия "Табак-Омск-Кызыл-Кия" ишканасы уюштурулган. 2002-жылы 20-21 майда Кыргызстандан Прагма Корпорациясынын өкүлдөрү Россия Федерациясынын Омск областына атайын сапар менен барып, маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүп келишкен. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Омск областындагы ишканалар кыргыз продукцияларынын сапатын жогору баалап жана биздин ишканалар менен биргеликте иштөөгө ынтызарлыгын билдиришкен. Мисалы, «Омск майонез заводу» Кыргызстандан өсүмдүк майын, томат паста, кетчуп, ж.б. продуктуларды алууга, ошондой эле «Манрос-М», «ВНИМИ» сүт продукцияларын өндүрүүгө багытталган ишканалар жер-жемиш, быштак, ж.б., ал эми «Омский» булочка –кондитердик комбинаты болсо өсүмдүк майын, повидло ж.б. алууга ынтызар. Кыргыз Республикасы менен Омск областынын товар алмашуусу 2001 -жылы кээ бир себептерге байланыштуу кыскарып кеткен, бирок 2003-жылдын маалыматы боюнча товар алмашуу 2001 - жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсеге өскөн (4.5-таблицаны караңыз).

4.5-таблица

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын Омск областынын товар алмашуусу, миң доллар менен

| Көрсөткүчтөр | 2000-ж | 2001-ж | 2002-ж | 2003-ж |
|---|---|---|---|---|
| Бардык товар алмашуу | 17306,0 | 10241,9 | 16345,2 | 19897,9 |
| Экспорт | 4889,4 | 3404,7 | 7213,1 | 10235,2 |
| Импорт | 12416,6 | 6837,2 | 9132,1 | 9662,7 |
| Сальдо | -7527,2 | -3432,5 | -1919,0 | 572,5 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Жогорудагы таблицадан көрсөтүлгөндөй, товар алмашуунун көлөмүнүн кыскарышы негизинен импорттун дээрлик эки эсеге кыскаргандыгына байланыштуу. Кыргызстандан Омск областына негизинен тамеки, алма, алмурут, өрүк, жүзүм, томат, ж.б. экспорттолот, ал эми Омск областынан Кыргызстанга нефтьпродукталары, дөңгөлөктүн ар кандай түрлөрү, спирт ичимдиктери жана суусундуктар, балык, боек, лак, ж.б. ташылып келинет.

Россиядагы эң келечектүү өнөктөшүбүздүн бири **Свердлов областы** болуп эсептелет. Кыргыз бизнесмендеринин катышуусу менен бул областта 7 ишкана катталган. 1994-жылы Свердлов областы менен Кыргызстандын тышкы соодасынын түз байланышы башталгандан бери жыл сайын товар алмашуу өсүп жатат, 1998-жылы 14 млн.долларды түзсө, 2001-жылы товар алмашуунун көлөмү 36,3 млн. долларга жеткен, анын ичинде экспорттун көлөмү – 11,9 млн. доллар, импорттуку – 24,4 млн. долларды түзгөн. Азыр импорт экспортко караганда дээрлик эки эсе көптүк кылат. Свердлов областы Кыргызстанга негизинен төмөнкү товарларды экспорттойт: химия продуктулары (23 %), металдар (19,9 %), машина куруу (16,5 %), жыгач (16,2 %), минералдык продуктылар (16,2 %) жана алардан жасалган буюмдар (6 %). Ал эми кагаз жана мебель белгилүү өлчөмдө экспорттолот. Биздин республика областка тамак-аш продуктыларын 86,2 %, машина куруу (7,4 %), жеңил өнөржай товарларын (4,2 %) экспорттойт.

Свердлов областында ишканалардын 90 % аскер өнөржай комплексине тиешелүү. СССР жоюлгандан кийин алардын продукциясына суроо – талап кыйла азайган. Уралдагы заводдор ушундан улам элге керектүү товарларды өндүрүүгө өткөн. Бишкек жылуулук-электр борбору 1997-жылы Уралдан көмүрдү түз жеткирүү боюнча келишим түзгөн. Ошондой эле Урал прибор куруучу заводу "Жанар" акционердик коому менен электр энергиясын эсептегич жана медициналык жабдууларды жеткирүү боюнча келишим түзүлгөн. Свердлов областына жер-жемиш жеткирүү боюнча да келишимге кол коюлган. Натыйжада эки жак тең тыгыз байланышта болуп ар кайсы тармакта кызматташууга даяр экендигин баса көрсөткөндүктөн ушул максатта эки тараптуу жумушчу тобу түзүлгөн. Азыркы учурда бул топ узак мөөнөттүү кызматташууга программаны иштеп жатат. 2000-жылдагы сүйлөшүүлөрдүн негизинде узак мөөнөттүү бирге иш жүргүзүүнүн

негизинен төмөндөгүдөй 11 багыты аныкталган: өнөржай жана айыл чарбасы, медицина, эс алуу ж.б. багыттар боюнча. Ошондой эле "Бишкек-Екатеринбург" соода үйүнүн курулушун жандандырууга чечим чыгарылган.

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы түбөлүк достук, шериктештик жана өнөктөштүк жөнүндөгү 2000-жылдын июль айында кол коюлган Декларациянын жоболорунан эч тайбай тургандыгын жана Россия менен болгон ар тараптуу алакаларды кенейтүүгө даяр экендигин биз тарап толук ырастаган. Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештигинин жана Шанхай уюмунун кызматташтыгынын чегинде, коллективдүү коопсуздук жөнүндөгү келишимдердин алкагында эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелер бекемделип жаткандыгын Россиялык тарап канаттануу менен баса белгилеген.

Соода-экономикалык байланышты активдештирүү, аскердик-техникалык кызматташууну өнүктүрүү боюнча жана каржы жаатындагы солгундап калган бир катар маселелерди чечүүдөгү Кыргызстандын беттеген багытын Россиялык тарап түшүнүү менен мамиле жасаган. Ушуга байланыштуу эки тараптын өкмөтүнө, министрликтери менен ведомстволоруна тиешелүү тапшырмалар берилген.

Россиянын Кыргызстандагы ошол кездеги элчиси Г.Рудовдун пикири бонча, эки өлкөнүн президенттери кол койгон Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 2000-2009-жылга чейинки экономикалык кызматташуу программасын ишке ашыруу эки өлкөнүн парламенттеринин ишмердигине, алардын турмушка шайкеш мыйзамдык базаны түзүп бергендигине да жараша болот.

21-кылымдын башында Россиянын, айрыкча Кыргызстандын социалдык - экономикалык абалы оор бойдон калууда. Экономикалык өнүгүүнүн кээ бир көрсөткүчтөрү азыр туруктуу эмес. Ошондой болсо да, орус-кыргыз мамилеси эң алгачкы татаал баскычты басып өтүп, стратегиялык өнөктөштүккө жетти деп баса белгилөөгө толук негиз бар. Эларалык эксперттердин баа берүүсүнө ылайык Кыргызстан башка КМШ өлкөлөрүнө караганда демократияга өтүү жагынан бир топ ийгиликке жетти. Кыргызстанда базар түзүлүшү, каржы жана банк өнүгүшү, БСУга мүчө болуу жагынан бир топ өлкөлөрдөн алдыда.

Кыргызстан менен Россиянын экономикалык байланышы азыр негизинен төмөндөгүдөй факторлорго негизделген:

*биринчиден,* көптөн берки келе жаткан тарыхый, саясый, чарбалык байланыштар. СССРдин жоюлушу менен бул байланыш убактылуу токтоп, кийин байланыштын жаңы баскычы башталган. Бул тең укуктуу, эгемендүү эки өлкөнүн кызматташтагын тастыктайт;

*экинчиден,* демократиялык кайра куруудагы социалдык – экономикалык багыттагы кризистик абалдан чыгууда койгон максаттарынын жалпылыгы, окшоштугу;

*үчүнчүдөн,* дүйнөлүк аренадагы азыркы атаандаштыкка туруштук бере албай калуу коопчулугунда эки өлкөнүн байланышын бекемдөөнүн зарылчылыгынын келип чыгышы.

Кыргызстан менен Россия Федерациясында реформанын башталышындагы экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө иликтей келгенде, бул *биринчиден* ресурстар менен камсыз болуусу. Албетте мындай камсыздык эки өлкөдө олуттуу айырмаланат. Россия бул дүйнөлүк маанидеги жаратылыш ресурстарына бай мамлекеттердин катарына кирсе, Кыргызстан айрым ресурстары болгону менен анын эларалык соодада экономикалык мааниси анчалык жогору эмес. *Экинчиден,* географиялык абалы жана транспорттук коммуникация системасы. Албетте, Россиянын транспорттук абалы оңтойлуу, себеби денизге чыгууга ыңгайлуу жана эларалык транспорттук коммуникациялардын кесилишинде жайгашкан, Кыргызстанда болсо эларалык дениз жолу жок, туюкта жайгашкан. Республика жалаң кургак аймактагы жолду (автомобилдик, темир жол) өнүктүрүүсү менен чектелет. *Үчүнчүдөн,* социалдык экономикалык өсүштүн деңгээли. СССРдин учурунда Россия, Беларусь, Украина кыйла өнүккөн аймактардын катарына кирген, ал эми Кыргызстан болсо ортонку катарга кошулуп келген эле. *Төртүнчүдөн,* социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн өнүгүшү. Буларга эң башкысы билим берүү, ден соолук, үй-бүлөлүк пособие кирет. СССР убагындагы республикалардын бардыгы дүйнөдөгү кээ бир мамлекеттерге караганда социалдык абалы бир топ эле жогору болгон. *Бешинчиден,* экономикасынын түзүлүшү. Экономиканын кээ бир тармактары атап айтсак, кайра иштетүү өнөржайы, айыл чарба сырьесун кайра иштетүү жана башка тармактар өнүккөн эмес. *Алтынчыдан* экономикалык көзкарандылыгы. Демек, Союздун кыйрашы менен Россия, Кыргызстан азырынча бир багыттагы экономикалык жолго түшүүгө аргасыз болууда.

Булардын экономикалык өнүгүү принциптеринин өзгөчөлүктөрүнө негизинен төмөнкүлөр кирет:

- пландаштырылган экономикадан көп тармактуу, дүйнөлүк чарбага аралашкан, калктын жашоо шартын өнүккөн өлкөлөрдөгү стандартка жеткирген улуттук базар экономикасына өтүү;

- улуттук экономиканы базардык негизде структуралык кайра курууну ишке ашыруу. Экономиканы модернизациялоого, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга дүйнөлүк товардык жана каржылык базарга өз алдынча чыгуу үчүн ресурстук потенциалды пайдаланууга ички жана тышкы шарттарды түзүү;

- макроэкономикалык стабилдүүлүккө, өндүрүштүн төмөндөшүн токтотууга, бюджеттик жана каржы - инвестициялык кризисти басаңдатууга, инфляцияны жоюуга, улуттук валютаны бекемдөөгө жетишүү;

- жеке менчиктин үлүшүн арттыруу;

- ишкердүүлүктү, дүң жана чекене бааны, айлык акы жана кирешени, контрактык мамилени, соодадагы ортомчулук, тышкы экономикалык, акча - кредиттик, банктык, валюталык операцияларды либерализациялоо;

материалдык өндүрүштү, кызмат көрсөтүү аймагын, ички жана тышкы сооданы "Демонополизациялоо";

чет өлкөлүк капиталдарга ыңгайлуу жалпы экономикалык жана саясый шарт түзүү.

Демек, Кыргызстан менен Россиянын экономикалык абалын анализдеп отуруп, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот: СССРдин жоюулушу менен эки өлкө тең кыйла оор экономикалык абалда калган. Союздун ыдырашы, мурдагы чарбалык байланыштардын үзүлүшү эки өлкөнүн тең экономикасына, өзгөчө Кыргызстандын экономикасына зор сокку болгон.

Мындан сырткары Кыргызстан Союздан келүүчү инвестициядан толук ажырап калган. Ушундан улам Кыргызстан Россиялык варианттагы экономикалык реформа жолуна түшкөн. Эки өлкөдө тең экономикалык реформа менчиктештирүү, бааны либералдаштыруу, жаңы банк тутумун калыптандыруу, фондулук жана валюталык базарды түзүүдөн башталган. Кыргызстанда жана Россияда реформанын белгилүү баскычында негизги базардын экономикалык институттары пайда болгон. Буга азыр чакан жана орто ишканалар, соода үйлөрү, фондулук биржа кирет. Андан сырткары эки өлкөнүн экономикалык түпкү максаты акырындык менен дүйнөлүк чарбага аралашуу, инвестициялык жагдайды жакшыртуу, өнөржайын структуралык кайра куруу ж.б.

### *4.2.Соода - экономикалык байланышынын өнүгүү деңгээли*

Кыргызстан менен Россиянын тышкы экономикалык саясатын иликтөөдөн мурда, Россиянын дүйнөлүк коомдогу ээлеген азыркы ордуна токтоло кетүү зарыл. Дүйнөлүк экономика алкагында бул

өлкөнүн орду азыр эки түрдүүчө мүнөздөлүп жүрөт. Биринчиден, Россия жаратылыш байлыктарын, эмгек ресурстарын, ири өндүрүш товарларын экпорттоодо дүйнөлүк алкакта негизги орунду ээлейт. Экинчиден, өткөн кылымдын 90-жылдардагы экономикалык төмөндөө бул өлкөнүн дүйнөлүк экономикадагы ээлеген ордун бир топ бошоңдотуп, дүң продукция эки эсеге чейин төмөндөп кеткен. Ушуңдан улам Россиянын тышкы экономикалык саясаты ачык экономиканын көрсөткүчтөрүн жогорулатууга багытталып, анын негизги багыты тышкы соода жана валюталык операцияларды либерализациялоону беттеген.

Чет өлкөлүк далай инвесторлор убагында Россиянын каржылык жана фондулук биржасына, менчиктештирүү ишине катышкан. 1992-жылы тышкы сооданы либерализациялоо Россия менен башка өлкөлөрдүн ортосундагы соода мамилелеринин өнүгүшүнө чоң мүмкүнчүлүк берип, тышкы соода өлкөнүн чарбалык комплексин өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизген. Ички суроо-талап кескин төмөндөп кеткенине байланыштуу өлкөдөгү өндүрүлгөн товарлар дүйнөлүк базарга экспорттолгон. Ошондуктан, экономикалык реформанын алгачкы жылдарында тышкы соода эң өнүккөн секторго айланган. Тышкы соода 1994-95-жылдардагы экономикалык төмөндөөдө максималдуу өнүгүп, россиялык экономикага чоң салымын кошкон. Бирок, 1996-жылдан баштап россиялык экономиканын донорунун ролун аткарган тышкы соода акырындык менен төмөндөй баштаган. 1997-жылы Россия дүйнөлүк экономикалык алкакка кошулгандан тартып, оң жана терс жактарына күбө болгон. 1997-жылкы экспорттун көлөмүнүн динамикасына дүйнөлүк базарда нефть, көмүр, жерсемирткичтер жана токой материалдарынын баасынын арзандап кетиши терс таасирин тийгизген. 1998-жылы мындай жагдай кайталанып, күчөп олтуруп, Россияда кризис башталган. Бул өлкөдөгү каржылык кризис ички маселелерди күчөтүп, импорттун төмөндөшү байкалган. Себеби, улуттук валютанын девальвациясы импорттук операциялардын шартын начарлатып, импорттук операциялардын рентабелдүүлүгү мурда 150 %ке чейин жеткен болсо, азыр 4-5 %тен ашпай калган. Бирок, нефть жана энергетикалык ресурстардын баасынын жогорулашы менен Россиялык экспорттун көлөмү акырындык менен кайра калыбына келген. Жалпы импорттун тез түшүп кетиши, экспорттун калыбына келиши тышкы соода балансында оң сальдону түзгөн. Россиянын тышкы соодасы үчүн 1999-жыл дурус жыл катары эсептелет. Бул жылы өлкөнүн башка мамлекеттер менен болгон соода байланышы акырындык менен оңоло баштаган.

Россиянын тышкы экономикалык саясатынын негизги жобосу эларалык экономикалык өз ара байланыш принцибин толук сактоо болуп эсептелет. Өлкө эки тараптуу интеграцияга умтулат, башкача айтканда ал өзүнүн товарын экспорттоп эле тим болбостон, чет өлкөлүк товарлар үчүн өзүнө базар ачуу, капитал экспорттоого жетишүү. Алгачкы баскычында мындай экспортко КМШ өлкөлөрү жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөр өнөктөш болушкан. Россиянын дагы бир тышкы экономикалык саясатынын негизги жобосу анын эларалык соода жана каржылык уюмга кириши жана алар менен активдүү иш жүргүзүүнү көздөйт.

КМШ өлкөлөрү менен соода жүргүзүү Россиянын улуттук экономикасынын өнүгүшүнө, кайра өндүрүү процессинин кеңейишине ыңгайлуу шарт түзөт. Анткени азырынча машина куруу, кайра иштетүү өнөржай тармактарынын продукцияларын алыскы өлкөлөргө арбын экспорттоого мүмкүн эмес. Себеби бул товарлардын сапаты жагынан атаандаштыкка али туруштук бербейт. Мисалы, СССРдин эң алгачкы атом электр станциясын иштетүүдө жана биринчи атом бомбасын даярдоодо кыргыздын уран кени пайдаланылган.

КМШ өлкөлөрү, анын ичинен Кыргызстан Россиялык импортто да чон роль ойнойт. *Биринчиден* алар жаратылыш жана эмгек ресурстарына бай. Мисалы, Орто Азия өлкөлөрү Россияны пахта, сымап, жез, цинк, вольфрам, уран, жер-жемиш ж.б. менен жабдып турат. Анткени, башка өлкөлөрдөн сатып алууга кыйла кымбатка туруп калат. *Экинчиден*, Россия ишканалары менен КМШ өлкөлөрүнүн ортосунда мурдатан бери калыптанган байланышты бир топ калыптандыруу пайдалуу. *Үчүнчүдөн* КМШ өлкөлөрү Россиянын керектөөсүн убагында химия жана жеңил өнөр жайы 25 %ке, кара жана түстүү металлдар 30 %ке, машина куруу 23 %ке камсыз кылган. Демек, мындан Россиянын улуттук экономикасы менен КМШ өлкөлөрүнүн байланышынын күчөшү мыйзам ченемдүү. Азыркы учурда Кыргызстан 20дан ашык эларалык абройлуу уюмдардын мүчөсү болуп саналат. Республиканын тышкы экономикалык ишкердүүлүгү 1991-жылдан башталган. Буга чейин биздин чет өлкөлөр менен өз алдынча соода саясаты анчалык өнүккөн эмес. Азыр республиканын товар жүгүртүүсү (1994-жылдан башка) дайыма өсүүнүн үстүндө. Ушул жагынан алганда Россиянын мааниси өтө олуттуу.

Биздин оюбузча Кыргызстан КМШ өлкөлөрү менен, анын ичинде Россия, Казакстан, Өзбекстан менен интеграциясын терендетүүсү керек. Себеби, товардын көбүн ушул өлкөлөргө

экспорттойбуз, анын үстүнө биздин товар азырынча алыскы, экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө сапаты жагынан атаандаштыкка туруштук бере албайт.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинде биздин мамлекеттин экономикалык негизги өнөгү – Россия Федерациясы. Эгерде, 1991-жылы Кыргызстандын импортунун жалпы көлөмүндө Россиянын үлүшү 48,4 %, ал эми экспорт 44,3 %ти түзсө, 2002-жылы ушул эле көрсөткүч 23,9 % жана 12,9 % чейин төмөндөгөн. 1999-2001- жылдары бул өлкөлөрдүн товар жүгүртүүсү бир топ кыскарган, акыркы жылдары кайра жогорулоодо (4.7- таблицаны караныз).

4.7-таблица.

Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясы менен товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, млн.доллар менен.

| Жыл-дар | Товар жүгүртүү, бардыгы | Товар жүгүртүү Россия м-н | Салыштыруу үлүшү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1995 | 931,2 | 219,1 | 23,5 | 104,8 | 114,3 | -9,5 |
| 1996 | 1343,1 | 309,1 | 23,0 | 134,6 | 174,5 | -39,9 |
| 1997 | 1313,1 | 289,6 | 22,1 | 98,8 | 190,8 | -92,0 |
| 1998 | 1355,2 | 287,7 | 21,2 | 83,7 | 204,1 | -120,4 |
| 1999 | 1053,5 | 180,1 | 17,1 | 70,7 | 109,4 | -38,7 |
| 2000 | 1059,1 | 197,7 | 18,7 | 65,1 | 132,6 | -67,5 |
| 2001 | 943,3 | 149,6 | 15,9 | 64,5 | 85,1 | -20,6 |
| 2002 | 1072,7 | 196,7 | 18,3 | 80,0 | 116,7 | -36,7 |
| 2003 | 1298,7 | 273,1 | 21,0 | 97,0 | 176,1 | -79,1 |
| 2004 | 1659,8 | 431,4 | 26,0 | 137,7 | 293,7 | -156,0 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Таблицада көрүнүп тургандай товар жүгүртүү акыркы жылдары, башкача айтканда 1999-жылдан бери төмөндөй баштап, бирок акыркы 2004 - жылдын маалыматы боюнча товар алмашуу өткөн жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсеге өскөн. Ал эми негизги себеби Россияда 1998-жылы финансы кризистен 1999-жылдагы товар алмашуу төмөндөгөн. Россия менен соода жүргүзүүдө терс сальдо байкалып турат, башкача айтканда импорт экспортко караганда бир топ көп. 2000-жылы соода балансынын сальдосу 1999-жылга салыштырмалуу 1,7 эсе көбөйүп 67,5 млн долларды түзгөн.

2001-жылы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын тышкы соода жүгүртүүсү 149,6 млн долларды түзүп, 2000-жылга салыштырмалуу 24,3 %ке төмөндөгөн (экспорт 64,5 млн.доллар). Ал эми 2001-жылкы сальдо дагы терс болуп, ал 20,6 млн.долларды көрсөткөн. 2002-жылы Россия Федерациясы менен товар жүгүртүү

бир топ жогорулап, 196,7 млн. долларга жеткен, бул негизинен импорттун көбөйгөнүнө байланыштуу болгон. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдагы товар жүгүртүүсүндө Россия Федерациясынын үлүшү 18,3 %ти түзгөн. 2003-жылы бул эки өлкөнүн товар жүгүртүүсү 273,1 млн. долларга жетип, өткөн жылга салыштырмалуу 40 %ке жогорулаган, ал эми 2004- жылдын маалыматы боюнча товар алмашуу 431,4 млн. долларга жетип, 2003-жылга салыштырмалуу 58 %ке өскөн. Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүндө Россиянын үлүшү 26 %ти түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясына экспортун изилдей келгенде, негизги статья тамеки экендиги 4.8.- таблицадан көрүнүп турат. Ал жалпы экспорттун 38,7 %ин ээлейт, 18,5 %ти ээлеп, пахта экинчи орунда. Кант экспорттоо 2001-жылы мурдагы жылга салыштырмалуу дээрлик үч эсеге жогорулаган.

4.8-таблица

Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясына жөнөтүлүүчү экспортунун негизги түрлөрү, миң доллар менен

| Продукциянын түрлөрү | 1999-ж | | 2000-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң долл | % | Миң долл | % | Миң долл | % | миң долл | % |
| Бардыгы | 70713,1 | 100 | 65125,1 | 100 | 80000,0 | 100 | 97022,0 | 100 |
| анын ичинен | | | | | | | | |
| Машиналар, жабдуулар жана тетиктер | 1448,2 | 2,4 | 2602,6 | 3,9 | 8339,2 | 10,4 | 8598,2 | 8,9 |
| Электр техникалык жабдуулар | 5339,1 | 7,5 | 7497,2 | 11,5 | 4295,0 | 5,6 | 7757,8 | 8,0 |
| Транспорт каражаттары | 1760,5 | 2,4 | 1713,6 | 2,6 | 3954 | 4,3 | 3280,2 | 3,4 |
| Пахта | 6732,5 | 9,5 | 13084,1 | 20,0 | 27799,5 | 34,7 | 26975,1 | 28,0 |
| Трикотаж кийимдер | 351,6 | 0,4 | 500,8 | 0,7 | 845,9 | 1,2 | 978,3 | 1,0 |
| Текстиль кийимдери | 689,3 | 0,9 | 520,5 | 0,7 | 456,8 | 0,6 | 454,1 | 0,5 |
| Башка даяр буюмдар | 1354,0 | 1,9 | 1020,0 | 1,5 | 498,0 | 0,7 | 832,5 | 0,9 |
| Жүн, тыбыт | 1048,8 | 1,4 | 1250,1 | 1,9 | 467,5 | 0,6 | 645,1 | 0,7 |
| Органикалык эмес химия продукциялары | 938,1 | 1,3 | 1058,8 | 1,6 | 234,5 | 0,3 | 645,1 | 0,7 |
| Күйүүчү минералдык заттар | 538,0 | 0,7 | 410,3 | 0,6 | 2345,0 | 3,1 | 2987,0 | 3,0 |
| Туз, цемент, акиташ | 264,3 | 0,3 | 481,4 | 0,7 | 312,4 | 0,4 | 657,0 | 0,7 |
| Тамеки | 34259,4 | 48,4 | 25241,2 | 38,7 | 17761,3 | 22,2 | 9538,5 | 9,8 |
| Кант | 297,6 | 0,4 | 430,4 | 0,6 | 2695 | 3.5 | 6433,8 | 6,6 |
| Үрөн, дары чөптөр | 1774,9 | 2,5 | 296,5 | 0,4 | 876,5 | 1,9 | 1203,8 | 1,2 |
| Жер жемиштер, жаңгак | 2866,8 | 4,0 | 2008,5 | 3,0 | 1557,2 | 2,9 | 2850,3 | 3,0 |
| Жашылчалар | 4179,4 | 3,9 | 2223,5 | 3,4 | 1767,9 | 22,1 | 3886,8 | 4,0 |
| Кайра иштетилүүчү жашылчалар | 703,6 | 0,9 | 674,9 | 1,0 | 754,7 | 1,7 | 876,2 | 1,0 |
| Электр энергиясы | --- | --- | --- | --- | --- | --- | 4069,7 | 4,2 |
| Айнек | --- | --- | --- | --- | 376,7 | 0,5 | 6819,8 | 7,0 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргызстандын Россия Федерациясына экспорту 2003 - жылы өткөн жылга салыштырмалуу 21 %ке жогорулап, 97 млн. долларга жеткен, буга негизинен кээ бир продукциялардын көп экспорттолгондугу таасирин тийгизген. Ал эми электр энергиясын жана айнек экспорттоо акыркы жылдары гана жүргүзүлө баштаган. Айнек экспорттоо 2002-жылы 376,7 миң долларды түзсө, 2003 - жылы 6816,8 миң долларга жетип, 18 эсеге жогорулаган.

Бирок жер-жемиш, мөмө экспорттоо кыйла кыскарган. Мунун негизги себеби кошуна өлкөлөрдүн, айрыкча Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринин бажы төлөмдөрүн көбөйтүп, ар кандай тоскоолдуктарды колдонгондугуна келип такалат. Ошондуктан жүк жеткирүү, траспорт акысы өтө кымбаттап, анын натыйжасында Кыргызстандын экспортунун көлөмү төмөндөгөн. 1997-жылы экспорт 98,8 млн. долларды түзсө, 1998-жылы 83,7 млн. 1999-жылы 70,7 млн ал эми 2001-жылы 64,5 млн, ал эми 2002-жылы 80,0 млн. долларды түзүп, же 2001-жылга салыштырмалуу дээрлик 24,1 %ке жогорулаган. Экспорттун жогорулоосу негизинен пахтанын эки эсе көп экспорттолгондугуна байланыштуу болгон (4.8-таблицаны караңыз).

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын импорту бирде жогорулап, бирде төмөндөп турат. Мисалы, 4.9.-таблицада көрсөтүлгөндөй импорттун көлөмү 1996-ж 174,5 млн. доллар, 1997-ж 190,8 млн, 1998-ж 204,1 млн, 1999-ж 109,4 млн, 2000-ж 132,6 млн, 2001-ж 85,1 млн. долларды түзүп, 2002-жылы болсо импорттун көлөмү 37,2 %ке жогорулап 116,7 млн. долларды түзгөн, ал эми 2003-жылы Россия Федерациясынан биздин өлкөгө ташып келинүүчү товарлар 176,1 млн. долларга жетип, 2002 - жылга салыштырмалуу 52 %ке жогорулаган.

4.9-таблица

Кыргыз Республикасына Россия Федерациясынын импортунун негизги түрлөрү, миң доллар менен

| Продукциянын түрлөрү | 1999-ж | | 2000-ж | | 2002-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | миң долл | % | миң долл | % | миң долл | % | миң долл | % |
| Бардыгы | 109366,1 | 100 | 132614,1 | 100 | 116705,1 | 100 | 176128,2 | 100 |
| а.и. Балыктар | 1376,7 | 1,2 | 1414,1 | 1,0 | 665,8 | 0,8 | 921,0 | 0,5 |
| Сүт продук. жана жумуртка | 1115,2 | 1,0 | 1577,6 | 1,1 | 566,8 | 0,5 | 696,2 | 0,4 |
| Майлар | 190,4 | 0,1 | 1337,1 | 1,0 | 428,2 | 0,2 | 883,8 | 0,5 |
| Кант | 2762,5 | 2,5 | 2231.0 | 1,6 | 3317,2 | 3,1 | 2982,6 | 1,7 |
| Какао | 1639,5 | 1,4 | 2063,6 | 1,5 | 3079 | 1,7 | 4044,2 | 2,3 |
| Ун | 646,4 | 0,5 | 1021,9 | 0,7 | 411,8 | 0,9 | 1856,1 | 1,0 |
| Спирттик ичимдиктер жана суусундуктар | 1005,9 | 0,9 | 2549,9 | 1,9 | 5976,5 | 4,4 | 7015,6 | 4,0 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Күйүүчү, майлоочу майлар | 27454,2 | 25.1 | 17224,2 | 12,9 | 19841,0 | 26,0 | 29461,0 | 16,7 |
| Органикалык эмес химия продукциясы | 2125,5 | 1,9 | 1630,3 | 1,2 | 1443.8 | 1,6 | 3217,1 | 1,8 |
| Фармация продукциясы | 2258,6 | 2,0 | 3553,0 | 2,6 | 3837,6 | 3,7 | 7231,3 | 4,0 |
| Жер семирткичтер | 917,8 | 0,8 | 1916,6 | 1,3 | 1735,4 | 1,6 | 3563,5 | 1,8 |
| Боегуч заттар | 2110,7 | 1,9 | 3505,1 | 2,6 | 3507,1 | 1,5 | 4311 | 2,4 |
| Самын, жана жуучу каражаттар | 1580,3 | 1,4 | 2641,6 | 1,9 | 3219,9 | 2,6 | 5071 | 2,9 |
| Жарылуучу заттар | 1192,5 | 1,9 | 1597,7 | 1,2 | 1295,5 | 0,6 | 1457,0 | 0,8 |
| Пластмасса буюмдары | 1971,2 | 1,8 | 3539,4 | 2,6 | 1789,6 | 2,4 | 3403,6 | 2,0 |
| Каучук, резина | 4783,3 | 4,3 | 6798,5 | 5,1 | 7002 | 6,0 | 12379,4 | 7,0 |
| Жыгач жана жыгач буюмдар | 3324,5 | 3,0 | 5168,6 | 3,8 | 4551,5 | 3,9 | 8290,0 | 4,7 |
| Кагаз жана картон | 4420,5 | 4,0 | 6368,8 | 4,8 | 5446.8 | 4,9 | 6666,0 | 3,4 |
| Керамикалык буюмдар | 582,3 | 0,5 | 1208,0 | 0,9 | 1573,2 | 0,8 | 2643,1 | 1,5 |
| Кара металл | 3167,8 | 2,8 | 4976,7 | 3,7 | 1778 | 6,0 | 2687,5 | 1,5 |
| Кара металл буюмдары | 4992,5 | 4,5 | 6101,7 | 4,6 | 4210.9 | 3,9 | 4321,8 | 2,5 |
| Жез | 1064,4 | 0,9 | 1244,0 | 0,9 | 1604,1 | 1,2 | 1048,7 | 0,6 |
| Маш жана жабдуу-лар | 11455,8 | 10,4 | 15535,5 | 11,7 | 7846 | 8,0 | 9560 | 5,4 |
| Электр жабдуулары | 7290,5 | 6,6 | 7868,4 | 5,9 | 1346 | 2,8 | 1982,1 | 1,1 |
| Транспорт каражаттары | 5639,8 | 5,1 | 9842,5 | 7,4 | 8460,3 | 9,4 | 8701,6 | 5,0 |
| Көмүр | 145,3 | 0,1 | 174,8 | 0,2 | 280,2 | 0,3 | 768,8 | 0,4 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Импорттун негизги продукциясы курулуш материлдары, дары-дармектер, автомобиль дөңгөлөгү, темир, пластмасса буюмдары ж.б. 2004-жылдын маалыматы боюнча пластмасса буюмдарын импорттоо 3,4 млн. долларга жетип, өткөн жылга салыштырмалуу эки эсеге өскөн. Ошондой эле формация продукциясын импорттоонун көлөмү да 2004 - жылы эки эсеге жогорулап, 7,2 млн. долларга жеткен. Россия нефть продуктулары менен жабдуучу болуп саналат, бирок буга карабай нефтинин импорту 2002 - жылы 44,8% ке чейин азайган. Кийин туура саясат жүргүзүүнүн натыйжасында 2003- жылы нефть продуктуларын импорттоо кайрадан көбөйгөн (4.9-таблицаны караныз).

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын экспорттук –импорттук операцияларын жакшыртуу үчүн биз бажы тоскоолдуктарын, ар кандай төлөмдөрдү, салыктарды кыскартуу маселелелерин кошуна өлкөлөр менен чечип алуубуз керек. Себеби республикабыз Россияга товар экспорттоо үчүн кошуна өлкөлөрдүн


аймагын басып өтүп, ошол үчүн көп чыгым жумшайбыз. Мунун натыйжасында товар ташуу кирешесиз болуп жатат. Ошондуктан Казакстан, Өзбекстан мамлекеттери өздөрүнүн тышкы экономикалык саясатын карап чыгып, кээ бир тоскоолдуктарды алып салса, бул биздин өлкөбүздүн тышкы соодасын өнүктүрүүгө салымын кошмок.

Андыктан Россия Федерациясы биздин стратегиялык эң маанилүү өнөктөшүбүз катары Кыргызстандын тышкы саясатындагы эң башкы өлкө болгон жана боло бермекчи. Бул эки өлкө мурдатан берки келе жаткан достук жана ынтымагын мындан ары улай, ар кандай соода-экономикалык, саясий, аскер-техникалык, маданий-гуманитардык ж.б. багыттарда кызматташуусун өркүндөтө бермекчи.

### *4.3. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги багыттары*

Азыркы кезде ар бир мамлекет үчүн тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү, түрдүү, келечектүү интеграцияга аралашуу өлкөлөр менен ар тараптуу соода-экономикалык келишимдерди түзүү негизги маселеге айланууда. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүнүн негизги, келечектүү багыттарынын бири-Россия Федерациясы менен тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү, кыйла күчөтүү болуп эсептелет.


Кыргызстан менен Россиянын товар жүгүртүү структурасы 8-сүрөттө көрсөтүлгөн.




*8-сүрөт. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын товар жүгүртүү динамикасы*

Бул сүрөттөн көрсөтүлгөндөй эки мамлекеттин товар жүгүртүүсү бирдей деңгээлде эмес. Алсак, 1999-2001-жылдары бир топ кыскарып, бирок 2002-жылы товар жүгүртүүнүн, экспорттун, импорттун көлөмү кайра жогорулай баштап, 2004-жылы эң жогорку көрсөткүчкө

жеткен. Кыргызстан Россияга негизинен айыл чарба продуктуларын жөнөтөт. Төмөндө экспорттун динамикасын натуралай түрдө көрсөтүлдү (9- сүрөттү караңыз).





*Мында: 1-катар - 1999-ж;2-катар -2000-ж; 3-катар - 2001-ж.*

*9-сүрөт. Кыргызстандан Россия Федерациясына экспорттолгон продукция түрлөрү*

Бул сүрөттөн көрүнүп тургандай жашылча-жемиштерди экспорттоонун көлөмү жыл сайын төмөндөөдө. Мунун башкы себеби кошуна өлкөлөрдүн бажыканасынан өтүүдөгү ар кандай тоскоолдуктарына байланыштуу. Ал эми пахта жана тамеки экспорттоо болсо, тескерисинче жогорулоодо. Келечекте бул продукцияларды Россияга экспорттоону эки эсеге жогорулатуу каралууда.

Кыргызстанга импорттолуучу Россия товарларынын негизгилери: бензин, кагаз жана картон, самын жана кир жуугуч каражаттар, дары-дармектер, металл буюмдары ж.б. (10- сүрөттү караңыз).




*Мында: 1-катар -1999-ж; 2-катар- 2000-ж 3-катар-2001-ж.*

*10-сүрөт. Кыргызстанга Россиядан импорттолуучу продуктулар, миң доллар менен*

Жогорудагы сүрөттөн көрүнүп тургандай, импорттолгон товарлардын көпчүлүгүнүн өлчөмү төмөндөп жатат. Ал эми автобусту сатып алуу акыркы жылдары тескерисинче кескин жогорулоодо. Жалпысынан алганда Кыргызстан менен Россия көп тармактуу, эки тараптуу экономикалык келишимдердин негизинде байланышып келе жатат. Азыр биздин өлкөнүн тышкы экономикалык ишинин негизги максаты узак мөөнөттүү экономикалык программаларды түзүү башкы орунга чыгууда. Бул максатта эки мамлекеттин 2000-2009-жылдар аралыгында соода-экономикалык кызматташтык боюнча эки өлкөнүн президенттери кол койгон. Экономикалык мындай программа эки өлкөнүн чарба комплексинин бардык тармактарын камтып, эки жакка тең бирдей пайда алып келишинин механизми ар тараптуу каралган.

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы тышкы экономикалык байланышты ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн эң ириде төмөндөгү өтө орчундуу багыттарды ишке ашыруу зарыл.

Экономикалык кызматташтык жаатында:

- биргелешкен ири каржы - өнөржай топторун түзүүдө жана биргелешкен ишканаларды уюштурууда эки мамлекеттин мыйзамы жана нормативдүү актыларынын бирдей болушу;

- базар абалын үзгүлтүксүз көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу биргелешкен маалымат тутумун калыптандыруу жана андан ары карай өнүктүрүү;

- продукциялардын негизги түрлөрүнүн баасы, анын өзгөрүү тенденциясы жөнүндө маалымат алмашууну бир нукка салуу;

- эки өлкөнүн ишкерлеринин кызматташтыгын өнүктүрүү ыгын таап, аларды жакындаштыруу;

- баалуу кагаздар базарын ар дайым текшерүү жана жөнгө салуу боюнча маалымат алмашуу;

- инвестициялардын келишин кызыктыруучу механизмди иштеп чыгууну кыйла кеңейтүү;

Отун - энергетикалык комплекси тармагында:

- Кыргыз Республикасынын энергетика комплексин өнүктүрүү жана башка өлкөлөргө электр энергиясын экспорттоонун келечектүү, пайдалуу жолдорун изилдөө;

- республикабыздын аймагындагы энергетикалык объектилерди эки тараптуу долбоорлоо, реконструкциялоо, модернизациялоо, ишке чегерүүнү ыкчамдатуу;

- биздин энергетикалык объектилерди оңдоо жана калыбына келтирүү үчүн россия энергетикалык жабдууларды жана запастык бөлүктөрдү алууну кеңейтүү, жолун табуу;

- республиканын аймагындагы күрөң жана таш көмүр кендерин иштетүүгө Россиялык техникаларын, жабдууларын кеңири пайдалануу;

- Көмүр, мунай, газ чыгуучу жерлерди биргелешип издөө жана иштетүүнү күчөтүү, тиешелүү акча каражаттарды биргелешип табуу;

- Нарын дарыясына Камбар-Ата ГЭСтин, ошондой эле башка станцияларды курууда жана пайдаланууда биргелешип иштөө жагын кыйла кеңейтүү;

Машина куруу тармагында:

- "Токмок автооңдоочу завод" акционердик коомунун базасында азыркы базар мамилелерине ылайык чакан автобустарды чыгаруу;

- "Токмок автобус заводу" акционердик коомунун базасында чакан автомобилдерди чыгаруу;

Жеңил өнөржай тармагында:

- "Жибек" акционердик коому менен "Химволокно" өндүрүш бирикмесинин базасында жибек кездемелерди өндүрүү;

-биздин республикадан Россияга кой сырьелорун жеткирүү, андыктан кой чарбасын өнүктүрүүнү кыйла ыкчамдатуу;


Айыл чарба тармагында:

- Айыл чарба продуктуларын кайра иштетүү тармагында биргелешкен ишканаларды түзүү жана аларга мамлекеттик жардам көрсөтүү;

- айыл чаба продуктуларынын экспортун көбөйтүү жана сапатын жакшыртуу;

- Айыл чарбасына керектүү транспортту, жерсемирткичтерди Россиядан алып, ордуна продукция берүүнү жолго коюу.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын кызматташтыгынын эң келечектүү тармагынын бири айыл чарбасы болуп саналат. Биздин республика айыл чарба продуктуларынын көп түрлөрүн Россияга экспорттоп келе жатат жана экспорттой бермекчи. Төмөнкү 11-сүрөттө кээ бир айыл чарба продуктуларынын экспортунун тенденциясы көрсөтүлгөн.




*Мында 1-катар- 1999-ж, 2-катар-2000-ж, 3-катар-2001-ж, 4-катар-2002-ж*

11-сүрөт. Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына экспортолуучу негизги айыл чарба продукталары, миң доллар менен

Жогорудагы 11-сүрөттөн көрсөтүлгөндөй пахта экспорттоо акыркы жылдары көбөйүп жатат. Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү министрлигинин маалыматы боюнча келечекте пахта өндүрүү эки эсеге көбөймөкчү, демек Россияга пахта экспорттоонун көлөмү да жогорулайт.

Аскер - техникалык кызматташтыгында:

-Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүн россиялык аскер техникалары жана куралдары менен камсыз кылуу;

-биздин Куралдуу күчтөргө тиешелүү адистерди даярдоо, курал - жарак, аскер техникаларын оңдоо жана модернизациялоого кызмат көрсөтүү;

Геология иштерин аткаруу жагында:

-Сары-Жаз аймагындагы "Трудовое" калай-вольфрам ири кенин биргелешип өздөштүрүүнү баштоо;

-Орто Азиядагы эң ири "Кара-Кече", Өзгөн көмүр кендерин чогуу иштетүү, Россия техникасын пайдалануу;

-республикабыздын аймагындагы геологиялык изилдөө иштерин жүргүзүүнү кеңейтүү, тиешелүү каражаттарды чогуу караштыруу;

-Геология тармагында адистерди, илимий, өндүрүштүк, техникалык маалыматтарды алмашуу;

Транспорт тармактарында:

-Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын транспорттук инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн биргелешкен программа жана долбоорлорду иштеп чыгуу;

-Байланыш жана маалымат тармагында кызматташууну кыйла жандандыруу;

-ич ара почта байланышын эларалык деңгээлге жеткирүү;

-Илимий - техникалык кызматташууну кеңейтүү;

-Бишкектеги геодинамикалык полигонунда эларалык илимий изилдөө борборун куруу жөнүндө ич ара келишимди ишке ашыруу.

Кыргызстандын чарба комплекстерин, биринчи кезекте өнөр жайын жана айыл чарбасын өнүктүрүү өтө керек. Россия менен тышкы экономикалык байланышты кыйла күчөтүүнүн узак мөөнөттүү кызматташуусунун илимий жактан негизделген уңгусун бирге иштеп чыгуу максатка ылайык. Анткени мындай олуттуу маселе ар бир өлкөнүн өнүгүү стратегиясын, суроо-талап жана сунуштун келечектеги ордун толук эске алып, ишканалардын ортосунда өндүрүштүк кооперацияларды узак мөөнөткө ылайыктап

түзүү керек. Ошондуктан экономиканын өндүрүштүк тармактарын мыкты өнүктүрүү маселеси боюнча тышкы экономикалык кызматташтык төмөнкү багыттарга көбүрөөк көңүл бурулса туура болот деп эсептейбиз.

1.Кен байлыгы чыгуучу жерди табууда, аны иштетүүдө биргелешип аракет кылуу. Бул кен байлыктарга алтын, уран, темир, калай, вольфрам, сейрек кездешүүчү металлдар, мрамор, гранит ж.б. кирет.

2.Капиталдык салымды арбын талап кылуучу гидроэнергетикалык ресурстарды жана көмүр кен байлыктарын бирге иштетүүдө дүйнөнүн айрым өлкөлөрү биргелеше иштөөнү колдон келишинче жандандыруу.

Азыр Кыргызстандын электр энергиясын пайдалануу тез өсүүдө. Алсак, муну экспорттоо 1999-жылы 52,0 млн.доллар, 2000-жылы 79,8 млн. долларга жетип кескин жогорулап, бирок 2001-жылы 46,8 млн. долларды түзүп, өткөн жылга салыштырганда дээрлик 40 %ке азайып кеткен.

Ал эми электр энергиясын импортоонун көлөмү болсо жыл өткөн сайын өсүүдө. Алсак, 1999-жылы 2,8 млн.доллар, 2000-жылы 7,6 млн.доллар, ал эми 2001-жылы 9,8 млн. долларды түзгөн. Электр энергиясы боюнча биздин республика азырынча оң сальдого ээ, бирок акыркы жылдары экспорттун деңгээли төмөндөп, импорттуку өсүп жаткандыгын байкоого болот. Ошондуктан Кыргызстан бул тармактын кирешелүү иштетишине олуттуу көңүл бөлүп, болгон ресурстарды өздөштүрүү жана натыйжалуу пайдалануу аркылуу кыйла кеңейтип, башка өлкөлөр, айрыкча Россия менен биргелешип бул тармакты өнүктүрүү көп жагынан, эң башкысы экономикалык нуктан пайдалуу, себеби электр энергиясын пайдалануунун көлөмү дүйнөлүк, региондук базар алкагында мындан ары жыл өткөн сайын жогорулай берет.

Төмөндө биз республиканын ички базарын келечекте электр энергиясын пайдалануунун башкы багыттары боюнча талдап көрөлү [15] (4.10-таблицаны караңыз).

4.10-таблица

Кыргызстанда электр энергиясын экономика тармактары боюнча пайдалануунун келечектеги тенденциясы (млн.квт.саат)

| Тармактар | 2000-ж | 2005-ж | 2010-ж | 2005-ж 2000-ж % м-н | 2010-ж 2000-ж % м-н |
|---|---|---|---|---|---|
| Өнөржай | 1910 | 2185 | 2450 | 101 | 116 |
| Агрардык сектор | 1980 | 2260 | 2560 | 103 | 117 |
| Коммуналдык сектор | 4170 | 4755 | 5445 | 101 | 115 |
| Курулуш жана транспорт | 345 | 395 | 450 | 109 | 125 |
| Калган тармактар | 840 | 975 | 1120 | 98 | 114 |
| Бардыгы | 9245 | 10970 | 12025 | 102 | 120 |

*Булак: КОР маалыматтары боюнча эсептелди*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй электр энергиясын пайдалануу республиканын чарба тармактарында жыл өткөн сайын жогорулай берет. Ошондуктан Кыргызстан гидроэнергетикалык запасын өздөштүрүү аркылуу электр энергиясын арбын өндүрүүнүн негизинде экономиканы өнүктүрүүнүн башкы тармагына чындап айландырууну базар мамилелери талап кылууда. Ал үчүн Таш-Көмүр, Шамалды Сай гидроэлектр станцияларын, Камбар-Ата ГЭСин курууну бүтүрүп, Үч-Коргон, Ат-Башы, Аламүдүн ГЭСтерин модернизациялоо зарыл. Бул өндүрүлгөн электр энергия Кыргызстандын экономика тармактарынын керектөөсүн толук жабат. Мындан тышкары келечекте Каракече ГРЭСин куруу үчүн Россия ишканалары менен биргелешип иштөө, өндүрүлгөн электр энергиясын Казакстанга, Кытайга, Өзбекстанга, Пакистанга экспорттоо экономикалык жактан кыйла пайдалуу жана тышкы соода сатык байланышын күчөтүүгө олуттуу түрткү берет.

Кыргызстанда көмүр казуунун деңгээли жыл сайын төмөндөп, ал эми аны керектөөнүн деңгээли кийинки кезде дээрлик үч эсеге өскөн. Көмүр пайдалануу келечекте мындан дагы жогорулай берери табигый көрүнүш. Ошондуктан, жалпы көмүр пайдалануунун 6,8 % гана өзүбүздө өндүрүлүп, калган 93,2 %ин Казаксандан (а.и. 87 % Караганда көмүр бассейнинен) ташып келинет. Мунун негизги себеби жергиликтүү көмүр өнөржай ишканаларынын өндүрүшүнүн төмөндөшү, каржылык абалынын начарлашы, транспорт акысынын кымбатташы жана эң башкысы

акча каражаттарынын жетишпегендигинен улам шахталардын биринин артынан экинчисинин жабылышы. Көмүр казуу тармагындагы бир катар ишканалардын иш аракеттери экономикалык жактан натыйжасыз болуп, учурдагы базар мамилелерине шайкеш келбей калгандыгы белгилүү.

Кыргызстанда азыр көмүр кенинин бир топ запасы табылган. Бул жерлерди Россиялык көмүр кенин казуучу ири ишканалар менен биргелешип иштетүү биздин пикирибиз боюнча кыйла пайдалуу. Себеби экономиканын тармактарынын көмүрдү, отунду керектөөсүнүн деңгээли келечекте бир топко өсөт (4.11-таблицаны караңыз).

4.11-таблица

Экономиканын тармактары боюнча көмүрдү, отунду керектөө, миң тонна

| Тармактар | 1998-ж | 2001-ж | 2010-ж | 2001-ж 1998-ж % м-н | 2010-ж 1998-ж % м-н |
|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жай | 1343 | 1532 | 2155 | 114 | 160 |
| Агрардык сектор | 488 | 555 | 660 | 134 | 135 |
| Коммуналдык сектор | 412 | 435 | 570 | 106 | 138 |
| Курулуш жана транспорт | 381 | 393 | 600 | 103 | 157 |
| Калгандары | 186 | 200 | 210 | 107 | 113 |
| Бардыгы | 2910 | 3115 | 4195 | 144 | 114 |

*Булак: КР улуттук статистка комитетинин маалыматтарын пайдаланып, авторлор эсептеп чыккан*

Жогорудагы таблицада отунду пайдалануунун көлөмү жыл өткөн сайын көбөйүп, бул өзгөчө өнөржай тармагында 2010-жылы 1,6 эсеге жете тургандыгы көрүнүп турат. Демек, Кыргызстан көмүр кенин казууну көбөйтүүсү өтө зарыл, анткени, импорттун үлүшү келечекте жыл өткөн сайын көбөйүп, бул өз кезегинде терс сальдону жогорулатат.

Отун өнөржайы 1999-жылы 118,7 млн.доллар, 2000-жылы 120,8 млн.доллар, ал эми 2001-жылы 111,0 млн.доллар өлчөмүндө сырье импорттогон. Ал эми экспорт болсо тиешелүү түрдө 1,6 млн.доллар, 2,7 млн.доллар, 7,7 млн.долларды түзгөн. Демек импорттун көлөмү бир топ жогорулап, ал эми экспорттун көлөмү төмөндөгөн

Келечекте Кыргызстан Россия Федерациясына төмөнкү продукцияларды экспорттону колго алуу керек.

• Айыл чарба продукциялары: пахта, тамеки, пияз, помидор, жашылча жемиштер, булгаары, тери сырьелору, ж.б.;

• Жеңил өнөржай продукциялары: кездемелер, байпак, ж.б.;

• Машина куруу тармагынын продукциялары: лампалар, радиаторлор, трансформаторлор ж.б.;

• Азык-түлүк продуктулары: кант, этил спирти, кондитердик татымдар ж.б.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ МЕНЕН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫНЫН КЕЛЕЧЕГИ

## V БӨЛҮМ


5.1. Тышкы экономикалык байланышты уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу

5.2. Региондор аралык кызматташтыкты уюштуруу жана башкаруу

5.3. Инвестиция нугунда кызматташууну күчөтүү

5.4. Айыл чарба тармагында кызматташууну, уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу

### *5.1. Тышкы экономикалык байланышты уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу*

Тышкы экономикалык байланышты уюштуруунун жана башкаруунун эки түрү бар. Булар либерализация, протекционизм деп аталат. Ушулардын бирин тандап алууда тигил же өлкө бир катар факторлорду, тагыраак айтканда, атаандаштык күрөштүн күчөшүн, валюталык курстун абалын, төлөө балансынын тартыштыгын, тышкы карыздын көлөмүн ж.б. толук эске алат.

Дүйнөлүк тажрыйбада тышкы экономикалык байланышты башкаруунун дагы калыптанган экономикалык жана административдик деп аталган эки жолу бар.

***Экономикалык*** (тарифтик) ыкма товардын жана кызмат көрсөтүүнүн баасына түздөн- түз таасир этет. Азыр анын төмөнкүдөй бажы тарифи, пошлиналар, төлөмдөр жана кыйыр салыктар сыяктуу түрлөрү бар. Кыйыр салыктар негизинен экспорттук жана импорттук нуктагы операцияларга салынат. Бул салык төмөнкү формула аркылуу аныкталат:

$$A=T \times Ak$$

мында, **А**- акциздин өлчөмү,
**Т**-товардын бажы баасы,
**Ак**- акциздин коэффициенти (ставка).

Кыйыр салыктар негизинен арак-шарап, тамеки, зергер буюмдары ж. б. товарларга салынат.

Ал эми ***административдик*** (тарифтик эмес) ыкма болсо, базар мамилелериндеги механизм мамлекеттик органдар тарабынан кысымга алуу аркылуу, башкача айтканда экспорттун же импорттун көлөмүн чектеп коет. Бул ыкмага төмөнкүлөр кирет: квота, лицензиялоо, экспортту субсидиялоо, демпинг жана өлкөлөр ортосундагы товардын агымын токтотуучу техникалык тоскоолдуктар. Тышкы сооданы жөнгө салуунун эң кеңири таралган түрү бул квота, башкача айтканда экспорттун же импорттун көлөмүн чектөө. Импортко белгиленген квота менен тигил же бул өлкөнүн өкмөтү жергиликтүү товар өндүрүүчүлөрдү чет өлкөлүк атаандаштардан белгилүү өлчөмдө коргойт. Ал эми экспортко коюлган квота менен өлкө жергиликтүү ишкерлерди жаратылыш ресурстары, сырье менен толук жабдууга умтулат да, дүйнөлүк базарда экспорттун баасынын көтөрүлүшүн

көздөйт. Квоталар мамлекет тарабынан же эларалык макулдашуулардын негизинде белгиленет. Ошондой эле мамлекет өндүрүүчүлөрдү субсидия менен кызыктырууга аракет кылат. Анын максаты өнөржай, айыл чарба продукцияларын экспорттоону көбөйтүү жана жакшыртуу болуп саналат. Азыр субсидиянын төмөндөгүдөй эки түрү бар: түз субсидиялоо - экспортчуларга акчалай ар кандай пособиелерди берүүнү камтыса, кыйыр субсидия - кредиттөө, салык салуудагы жеңилдиктер, тышкы базарда экспорттолуучу товарларды казынанын акчасынын эсебинен рекламалоо ж.б. кирет.

Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланышын уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу үчүн биздин пикирибиз боюнча эң алды менен төмөндөгү иш чараларды кароо жана ишке ашыруу талапка ылайык:

- экспорт структурасын өзгөртүү;
- чыгарылган продукцияларды өткөрүү, базар алкагын ар тараптан иликтөө;
- товарларды тышкы базарга сатууда тиешелүү шарт түзүү;
- республикадан тышка ташылган товарларга карата коңшу мамлекеттердин чектөөлөрүн алып салууну макулдашуу;
- коңшу мамлекеттердин (Казакстан, Өзбекстан) аймагынан жүк ташып өтүүгө байланыштуу маселелерди туура, өз убагында чечүү иш чараларын жүргүзүү;
- айрым өлкөлөргө, товарлардын кээ бир түрлөрүн жана чийки зат экспорттоого бизнес долбоорлорду иштеп чыгуу менен даяр продукция экспортун көбөйтүүгө шарт түзүү;
- импорттун өлчөмүн азайтуу максатында керектүү жана сапаттуу товарларды чыгарууга толук шарт түзүү;
- Дүйнөлүк соода уюмундагы мүчөлүктүн артыкчылыктарын толугу менен пайдалануу;
- коңшу мамлекеттердин аймагы аркылуу жүк ташуу жана продукциянын басымдуусун темир жол транспорту менен ташуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү боюнча тынымсыз иш аракеттерди көрүү.

Дүйнөлүк экономика тармактарынын ичинен туризм комплекси келечекте кирешелүү тармак катарында эң алдынкы орундардын бирин ээлей тургандыгы окумуштуулар, дасыккан адистер эчак

эле далилдешкен. Ал эми Кыргызстандын тоолуу аймагынын жаратылыш шарттары, рекреация байлыктары туризм тармактарын өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Бирок, жаратылыш- рекреация ресурстарынын түрдүүлүгүнө жана молдугуна карабастан республикада туризм комплексинин өнүгүү деңгээли азырынча кыйла төмөн. Кыргызстан эларалык деңгээлге жеткирүү үчүн туризмди өнүктүрүүнү көптөгөн иш чараларды аткаруусу зарыл. Келечекте туризмди өнүктүрүү үчүн транспорт комплексин эларалык деңгээлде пайдалануу, инженердик- консултациялык жана курулуш ишинде, лицензия жана "ноу-хау", билим берүү, ден соолук, маданият ж.б. багыттарында тейлөө көрсөтүү боюнча бир топ мүмкүнчүлүктөр бар. Бирок тейлөө көрсөтүүнүн сапаты азырынча төмөн болгондуктан бул мүмкүнчүлүктөр толугу менен пайдаланылбай келе жатат. Мындай жагдай көбүнчө тейлөө көрсөтүүнүн материалдык - техникалык базасынын али чабалдыгына жана чарбалык механизмдин начар иштеп жаткандыгына байланыштуу.

Кыргызстандын КМШ өлкөлөрү менен тыгыз байланышын туура пайдаланып, келечекте ушул ири аймакта тейлөө көрсөтүүнү жана соода ишин өнүктүрүү башкы багыттардын бири болуп эсептелет. Тейлөө көрсөтүүнүн кээ бир түрлөрүн кеңейтүүгө, мисалы, инженердик- консултациялык кызмат көрсөтүүгө кошумча капитал (акча) деле көп сарпталбайт. Бул жерде негизинен билгичтикте уюштурулган иш чаралары жетиштүү. Мунун биринчи формасында процесстин өзү жөнгө салынып, эки тараптуу макулдашуулар жүргүзүлүлөт. Ал эми экинчи формасында болсо интеграциялык уюмдардын ички нугун көзөмөлдөө же көп тармактуу жөнгө салуу бышыкталат. Мисалы, Европа Союзун товар жана кызмат көрсөтүүнү сатуу боюнча ар кандай чектөөлөр, тоскоолдуктар толугу менен алынып салынган. Ушундай ыкманы Кыргызстан КМШ жана Чыгыш Европа өлкөлөрү менен биргелешип колдонууга аракеттер көрүлүп жатат. Алибетте бул үчүн тиешелүү убакыт, көп аракет талап кылынат. Үчүнчү формасында эларалык уюмдардын алкагында кызмат көрсөтүү соодасын жөнгө салуу каралат. Азыркы учурда тейлөө көрсөтүүнү ишке ашыруу боюнча дүйнөдө эларалык 50 уюм жигердүү иштеп жатат.

Кыргызстан эларалык дэңгээлде кызмат көрсөтүү базарында келечекте өзүнүн ылайыктуу ордун табуусу зарыл. Биздин пикирибиз боюнча биринчиден, тоо туризмин, альпинизмди жана эларалык

аңчылык тармактарын өркүндөтүү керек. Бул багыттарды туура пайдаланса Кыргызстан келечекте арбын каражат топтоп, улуттук экономиканын өнүгүшүнө чоң салым кошмок.

Туризмди калыптандырууну жана өнүктүрүүнү ийгиликтүү башкаруу түрдүү факторлорго тыгыз байланыштуу. Булардын туризм тармактарына тийгизген таасирлери эң эле түрдүүчө келет да, мезгил агымына ылайык дайыма өзгөрүп турат. Факторлордун басымдуу бөлүгү туризмдин өнүгүшүнүн негизги өзөгүн түзсө, айрымдары көмөкчү катары, кыйыр мааниде кала берет. Туризмге тиешеси бар факторлордун бардыгы төмөндөгүдөй үч топко ажырайт: жаратылыш факторлору, тарыхый- маданий факторлор, социалдык- экономикалык факторлор.

**Жаратылыш факторлору** (географиялык абалы, рельеф, климат, суу жана токой ресурстары, минералдуу булактар, дары баткактар, улуттук парктар, коруктар, эстеликтер жана башкалар) туризмдин өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Эс алууга баруучу же саякатка чыгуучу ар бир рекреант эң алды менен ал жердин жаратылыш шартын, табигий туристтик потенциалын, спорт менен машыгууга, аңчылыкка, балык уулоого, сейилдөөгө канчалык жарамдуулугун иликтейт.

Ошондуктан Кыргызстан мүмкүн болушунча маалымат булактары жана реклама аркылуу өз жеринин кереметин чет өлкөгө билдирүүсү керек. Себеби Кыргызстанда көптөгөн кооз тоолор, суулар, токойлор, үңкүрлөр жана башкалар бар.

**Тарыхый - маданий факторлор** (археология, тарых, архитектура эстеликтери, көргөзмөлөр, музейлер, театрлар, улуттук искусство борборлору, этнографиялык өзгөчөлүктөрү) туризм тармактарынын көпчүлүк түрүн калыптандыруунун негизин түзөт. Ушундан улам тарыхый ири эстеликтер жайгашкан жерлерде туризмге тиешелүү инфраструктура да ылдам өнүгүүдө. Эң алды менен буларга саякат мекемелери, транспорт түйүндөрү, туризм борборлору кирет.

Туризмдин **социалдык - экономикалык факторлоруна** негизинен эмгек, жер, каржы ресурстары жана саясый абал кирет. Булардын ар биринин туризм тармактарына коцкон салымы, өзгөчөлүгү жана тыгыз карым- катнашы бар.

Туризм Кыргызстандын экономикасынын структурасындагы эң жаңы жана келечектүү тармагы. Республика аймагында туризмди өнүктүрүүгө жана арбын киреше алууга дүйнөлүк мааңидеги жаратылыш - рекреация ресурстары жетиштүү, бирок өнүккөн

өлкөлөрдөгүдөй дүйнөлүк талапка жооп берүүчү инфраструктура, сервис жана реклама биздин республикада али начар абалда. Ушундан улам Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн эң орчундуу маселеси - бул материалдык- техникалык базаны түзүү.

Кыргызстандагы комплекстүү иликтөөнүн жыйынтыгында республикада калыптануучу туризмдин бүт тармагы боюнча бир эле учурда 169,7 миң туристтердин эс алуусу күтүлүүдө же азыркыдан 4 эсеге арбыйт (5.1- таблицаны караңыз).

5.1-таблица

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн келечеги

| ТУРИЗМ | Бардык орундун саны | Мунун ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1994-ж | 2000-ж | 2010-ж | 2015-ж |
| Санаторий | 46472 | 9628 | 18019 | 18825 | 20000 |
| Эс алуу үйү | 14180 | 4440 | 5740 | 4000 | 4200 |
| Пансионат | 36582 | 16412 | 9670 | 10500 | 15000 |
| Курорт мейманканасы | 5330 | --- | 2880 | 2450 | 2500 |
| Мотелң жана кемпинг | 10300 | --- | 4650 | 5650 | 6000 |
| Спорттук ден соолук чыңдоо жай | 33159 | 3179 | 15700 | 14280 | 17000 |
| Саякат мекемеси | 23638 | 4828 | 9520 | 9290 | 10100 |
| Жыйынтыгы | 169661 | 38487 | 66179 | 64995 | 74800 |

Келечекте Кыргызстанда туризмди ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн далай иштерди аткарууга туура келет. Эң алды менен эларалык талапка толук жооп бергидей автомобиль жолдорун салуу, анын мерчемдүү жерлеринде туристтерди ойдогудай тейлөөчү мотелдерди, кемпингдерди, ресторандарды жана башкаларды куруу каралууда. Бул айтылган маселелер боюнча акыркы жылдары көп иштер аткарылууда.

Кыргыз Республикасынын экономикалык тармактарын өнүктүрүү үчүн көптөгөн капиталдык салымдар же инвестициялар талап кылынат.

Кыргызстанда туризм тармагын калыптандырууга тиешелүү комплекстерди куруу, башкаруу ишин бир нукка салуу боюнча чет өлкөлөрдөн тиешелүү өлчөмдө инвестициялардын агылып келишин камсыз кылуу боюнча жеткиликтүү иштерди аткаруу туризмге багытталган мамлекеттик программанын орчундуу бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын туризм тармагын өнүктүрүүгө ар кайсы өлкөлөрдөн инвестициялар түшүүдө (5.2-таблицаны караңыз).

5.2- таблица

Кыргыз Республикасынын туризм тармагына чет өлкөлүк инвесторлордон түшкөн тике инвестициялардын өлкөлөр боюнча көлөмү, миң доллар менен

| | 1999-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Миң доллар | % | Миң доллар | % | Миң доллар | % | Миң доллар | % |
| Туризм, бардыгы | 1204,7 | 100 | 14338,0 | 100 | 9375,3 | 100 | 12782,7 | 100 |
| а.и.КМШ өлкөлөрү боюнча | 45,0 | 3,7 | 69,1 | 0,5 | 985,4 | 10,5 | 1924,8 | 15,0 |
| Казакстан | 31,6 | 2,6 | 16,9 | 0,1 | 102,1 | 1,0 | 1283,2 | 10,0 |
| Россия | 13,4 | 1,1 | 4,1 | 0,03 | 133,8 | 1,5 | 273,6 | 2,1 |
| Өзбекстан | --- | --- | --- | --- | 319,9 | 1,1 | 136,9 | 1,0 |
| Калган өлкөлөр | 1159,7 | 96,3 | 14268,9 | 99,5 | 8389,9 | 89,5 | 10857,9 | 85,0 |
| АКШ | 84,3 | 7,0 | 9730,8 | 67,8 | 7655,0 | 82,0 | 9683,4 | 75,0 |
| Германия | 40,5 | 3,4 | 0,3 | 0,003 | 12,1 | 0,1 | 13,0 | 0,1 |
| Канада | 274,6 | 22,8 | 643,6 | 4,5 | 111,5 | 1,2 | --- | --- |
| Кытай | --- | --- | 92,3 | 0,64 | 15,2 | 0,2 | 330,3 | 2,5 |
| Улуу Британия | 9,7 | 0,8 | 1154,6 | 8,05 | 235,6 | 2,5 | 242,6 | 1,9 |
| Түркия | 17,1 | 1,4 | 2019,1 | 14,1 | 194,3 | 2,1 | 238,1 | 1,8 |
| Щвейцария | --- | --- | 25,0 | 0,17 | 20,9 | 0,2 | 2,0 | 0,01 |
| Япония | 14,3 | 1,2 | 14,1 | 0,09 | 3,6 | 0,03 | --- | --- |
| Калгандар | 719,3 | 60,0 | 589,1 | 4,10 | 141,7 | 1,5 | 579,6 | 4,5 |

*Булак: Туризм в Кыргызстане. -Бишкек.-2000-2004 гг.*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй 2001-жылы өткөн 2000-жылга салыштырмалуу туризм тармагына түшкөн инвестициялардын өлчөмү 35 %ке чейин азайган, ал эми 2003 - жылы туризм тармагына түшкөн инвестициялардын өлчөмү 12,7 млн долларды түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 1,4 эсе жогорулаган. Бул инвестициялардын 10-15 %и гана КМШ өлкөлөрүнө, ал эми калган 85-90 %и алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө таандык. Акыркы үч жылда Россиядан Кыргызстандын туризм тармагына түшкөн инвестициялардын көлөмү дээрлик он эсеге көбөйүп, жалпы бул тармакка түшкөн инвестициялардын 1,5 %ин түзгөн. Бул багыт боюнча АКШ өзгөчө орунду ээлеп, 2001-жылы бул өлкөгө инвестициялардын 82 %и туура келген. Келечекте бул багыттын кыйла кеңейтилиши күтүлүүдө.

Базар мамилелеринин шартындагы атаандаштыктын нугунда чет өлкөлөрдүн инвестициялык салымдарын республикабызга алып келүү кыйла татаалдыгына карабастан, тиешелүү шарттарды түзүү, ар кандай жеңилдиктерди берүү эң олуттуу маселелердин бири. Ошондой эле келечекте чет өлкөлөрдөн инвестицияларды

тарткан, туризмди өнүктөрүүгө багытталган бизнес долбоорлорду иштеп чыгуу керек. Кыргыз Республикасынын туризм тармагы эң жаңы, келечектүү жана кирешелүү тармактардын катарына кирет. Ошондуктан бул тармакты өнүктүрүүгө мамлекеттик деңгээлде колдоо көрсөтүү талапка ылайыктуу.

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүү максатында 2001-жыл туризм жылы, 2002-жыл тоо жылы аталып, бул багыттагы көптөгөн маселелер чечилип жатат. Алсак, 2000-жылы Кыргызстанга чет өлкөлөрдөн 58756 киши келген болсо, 2001-жылы туризм жылында бул көрсөткүч 98558 туристке жеткен, же дээрлик 50 %ке арбыган. Анын ичинен 68,3 миң киши КМШ өлкөлөрүнөн, 30,3 миң киши алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келишкен (5.3-таблицаны караңыз).

5.3-таблица

Кыргызстанга келген КМШ өлкөлөрүнүн атуулдары, келген максаттары боюнча, 2003-ж. (киши)

| | барды гы | % | А.и.келген максаттары боюнча | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жумуш менен | % | Рекреа-ция | % | Дары-лануу | % | Кал-ганы | % |
| Бардыгы | 68279 | 100 | 11524 | 100 | 51974 | 100 | 4359 | 100 | 422 | 100 |
| а.и.өлкө-р б-ча | | | | | | | | | | |
| Азербайжан | 97 | 0,14 | 91 | 0,8 | 3 | 0,01 | --- | --- | 3 | 0,7 |
| Армения | 58 | 0,08 | 53 | 0,5 | 5 | 0,02 | --- | ---- | --- | --- |
| Беларусь | 112 | 0,16 | 94 | 0,8 | 17 | 0,03 | --- | ---- | 1 | 0,2 |
| Грузия | 53 | 0,07 | 42 | 0,4 | 11 | 0,03 | --- | --- | --- | --- |
| Казакстан | 47173 | 69,0 | 3088 | 27,0 | 42047 | 81,0 | 1231 | 28,2 | 207 | 49,0 |
| Молдова | 31 | 0,04 | 31 | 0,3 | --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| Россия | 11374 | 16,6 | 5833 | 51,0 | 5228 | 10,0 | 248 | 5,7 | 65 | 15,4 |
| Тажикстан | 997 | 1,4 | 922 | 8,0 | 37 | 0,07 | 2 | 0,04 | 36 | 8,5 |
| Түркмөнстан | 84 | 0,12 | 46 | 0,4 | 38 | 0,07 | --- | --- | --- | --- |
| Өзбекстан | 8076 | 11,8 | 1164 | 10,1 | 3928 | 8,0 | 2878 | 66,0 | 109 | 25,8 |
| Украина | 224 | 0,32 | 163 | 1,4 | 60 | 0,11 | --- | --- | 1 | 0,2 |
| Башкалар | 58 | 0,08 | 3 | 0,02 | 600 | 1,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |

*Булак: Миграция КР.- Нац. Стат. комитет, Бишкек,- 2004*

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй Кыргызстанга келүүчү чет өлкөлүк атуулдардын 60 %ин КМШ өлкөлөрүнүн өкүлдөрү түзөт. Алардын ичинен Казакстан, Россия жана Өзбекстандан келген атуулдар жалпы келгендердин дээрлик 90 %ин ээлейт.

Россиядан келген туристтердин саны 2001-жылы 11,4 миңге жеткен, бул көрсөткүч албетте мурдагы жылдарга салыштырмалуу бир топко жогору, бирок кээ бир себептерге байланыштуу россиялыктардын көпчүлүгү кыргыздын кооз жерлерин, сууларын, тоолорун көрүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок болуп жатат. Бул

биринчиден, самолеттун билетинин жана туристтик жолдомонун кымбаттыгы, экинчиден рекламанын, маалыматтын аздыгы. Эксперттердин баалоосу боюнча, Кыргызстандагы туристтик бизнес Россия үчүн “жабык тема”, башкача айканда белгисиз бойдон калууда.

Туризм тармагындагы баалардын прейскуранттары көрсөткөндөй “Кыргызское взморье” санаториясында эс алуу 2000-жылы июлңавгуст айларында суткасына 60 доллар, “Люкс” санаторийинде болсо 120 доллар болгон. Жөнөкөй жол менен эсептесек, россиялык атуул “Кыргызское взморье” санаториясында эс алуу 440 долларды түзсө, буга салыштырмалуу Ларнакта (Кипр) эс алуу 230 долларга барабар болгондуктан, россиялыктар албетте экинчи вариантты тактап айтканда Кипрди тандап кетиши мүмкүн.

Россиялык атуулдардын арасында интернет- опрос жүргүзүлүп, “2001-жылы кайсы өлкөдө эс алууну каалайсыз?” деген суроого төмөнкүдөй жооп алышкан: Россияда- 48 %, Испанияда- 9 %, Түркияда- 6 %, Италияда- 4 %, КМШ мамлекеттеринде – 3 %, Грецияда -3 %, Францияда –3 %, калган өлкөлөрдө 24 %. Ошондой эле суралган атуулдардын 39 %и турфирмалардын кызматынан пайдаланары белгилүү болгон.

Биздин оюбузча, акыркы мезгилде транспорт маселеси чечилсе, Ысык-Көлгө Россиянын кээ бир аймактарынан өзгөчө Сибирь жана Урал аймактарынан эс алуучулар үзгүлтүксүз келип турат. Ал эми Москва сыяктуу чоң шаарда жашагандарга тоо туризмин, альпинизмди жана аңчылыкты сунуш кылуу экономикалык жактан пайдалуу болот деп эсептейбиз.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын 2000-жылдын 26-октябрында кабыл алынган соода –экономикалык, илимий- техникалык, гуманитардык жана маданият багыттарында кызматташуусунун 19-статьясы туризм жана спорт багытында кызматташуу жөнүндө биргелешкен чараларды кабыл алууга, ишке ашырууга багытталган. Кыргызстан менен Россиянын ортосунда туризмди ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн биздин оюбузча төмөнкү иш чараларды аткаруу зарыл:

- туризмдин бардык тармактары боюнча кызматташуу жөнүндө келишимди билгичтикте, ишке ашкыдай түзүү;
- Кыргыз Респуликасы мамлекеттик деңгээлде баа жана салык саясаттарын туризмди өнүктүрүүгө багыттап кайра карап чыгуу. Бул жерде туристтик бизнести өнүктүрүүдө малайзиялык тажрыйбаны колдонуу;

- Кыргыз Республикасынын Россияга болгон карызын жоюу үчүн кээ бир туристтик обүектилердин акциясынын бир бөлүгүн россиялык структураларга өткөрүп берүү;
- Россиядагы өткөрүлүүчү жарменкелерге, туристтик көргөзмөлөргө кыргызстандык туристтик фирмаларды жигердүү катыштырууну ишке ашыруу.

Кыргыз Республикасынын өнөр жай, соода жана туризм министрлиги тарабынан өлкөдө туризмди өнүктүрүүнүн башкы багыттары далай илимий электен өткөрүлүп, такталып жатат. Бул багыттагы маселелер негизинен эки топко ажырайт. Бир бөлүгүн, учур талабына ылайык азыр чечүү талап кылынса, кийинки орчундуу бөлүгүн келечекте 10-15 жылдын ичинде ишке ашырууга туура келет. Ушундай маселенин негизин чечүү соңунан Кыргыз Республикасынын аймагына келген чет өлкөлүк туристтердин саны 2015-жылы 277 миң кишиден ашып, жылына түшүүчү киреше 75 млн. долларга жетет да, туристтерге көрсөтүлүүчү тейлөөнүн өлчөмү кыйла арбыйт, эларалык талапка жооп бергидей рекреация комплекстеринин курулушу күчөйт (5.4-таблицаны караңыз).

5.4-таблица.

Кыргыз Республикасында эл аралык туризмди өнүктүрүүдөн келечекте түшүүчү кирешенин өлчөмү.

| | 1998-ж | 2000-ж | 2003-ж | 2010-ж | 2015-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрүнөн келүүчү туристтердин саны, миң киши | 42,0 | 45,3 | 176,7 | 210 | 277 |
| **а.и. Россия** | **6,8** | **14,5** | **36,0** | **65,5** | **97,2** |
| Эл аралык туризм тармактарынан түшүүчү киреше, млн.долл. | 2,4 | 8,8 | 28,1 | 43,4 | 75,0 |
| **а.и. Россия** | **0,4** | **3,16** | **6,5** | **12,5** | **25,0** |

*Булак: КР улуттук статистика комитетинин маалыматтарын пайдаланып авторлор эсептеп чыккан*

Жогорудагы белгиленген чекке жетип, туризмди өнүктүрүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн, биздин пикирибиз боюнча, эң алды менен мамлекет тарабынан атайын туризм боюнча мыкты, талапка жооп бергидей корпорация уюштуруу зарылчылыгы келип чыгууда. Бул мекеме республикадагы туризм тармактарынын калыптанышын туризм инфраструктурасын жеткиликтүү ар тараптан өнүгүшүн, экономикалык механизминин бышыкталышын, ар бир тармагы боюнча сапаттуу рекламаны чыгарууну жана дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө жайгаштырууну, таратууну иликтеп, жеке менчиктин нугундагы туризм ишин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы байланышындагы орчундуу иш миграция маселеси, башкача айтканда акыркы жылдары биздин республикабыздан орустар, немецтер ж.б. улуттар, анын ичинде кыргыздар ар кайсы өлкөгө, анын ичинде Россияга кетип жатышат (5.5-таблицаны караңыз). Бул көптөгөн себептерге байланыштуу, алардын негизгилерине төмөндөгүлөр кирет:

- республикадагы экономикалык, саясый абалдын начарлашы, жумушсуздуктун күчөшү;
- баткен окуяларынын кайталануусунан кооптонуу ж.б.

5.5-таблица.

Кыргызстандан Россияга агылган жумушчу күчүнүн миграциясы (областтар боюнча), киши

| | 1997-ж | | 1999-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2003-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кеткен жумушчу | % | Кет-кен ж. | % | Кет-кен ж. | % | Кеткен ж | % | кеткен жум-чу | % |
| КР б-ча бардыгы | 19538 | 100 | 17818 | 100 | 27888 | 100 | 31633 | 100 | 21209 | 100 |
| а.и.КМШ өлкөлөрү б-ча | 15487 | 79,3 | 14471 | 81,2 | 24733 | 88,7 | 28712 | 90,8 | 18794 | 88,6 |
| **а.и.Россия** | **11410** | **73,7** | **10111** | **69,9** | **20798** | **84,0** | **24614** | **85,7** | **14214** | **67** |
| Областтар б-ча | | | | | | | | | | |
| Баткен обл. | 1189 | 100 | 1089 | 100 | 1365 | 100 | 1265 | 100 | 685 | 100 |
| ***а.и.Россия*** | ***722*** | ***60,7*** | ***659*** | ***60,5*** | ***1103*** | ***80,8*** | ***1051*** | ***83,3*** | ***563*** | ***82,2*** |
| Жалал-Абад обл | 2066 | 100 | 1588 | 100 | 1841 | 100 | 1692 | 100 | 1429 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***1258*** | ***60,8*** | ***850*** | ***53,5*** | ***1365*** | ***74,1*** | ***1275*** | ***75,3*** | ***1142*** | ***80,0*** |
| Ысык-Көл обл | 1225 | 100 | 806 | 100 | 1294 | 100 | 1816 | 100 | 1125 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***984*** | ***80,3*** | ***668*** | ***82,9*** | ***1087*** | ***84,0*** | ***159*** | ***8,7*** | ***883*** | ***78,5*** |
| Нарын обл. | 43 | 100 | 157 | 100 | 25 | 100 | 37 | 100 | 45 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***37*** | ***86,1*** | ***131*** | ***83,4*** | ***20*** | ***80,0*** | ***19*** | ***51,3*** | ***19*** | ***12,2*** |
| Ош обл. | 1901 | 100 | 1931 | 100 | 1728 | 100 | 1656 | 100 | 1438 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***970*** | ***51,0*** | ***846*** | ***43,8*** | ***1056*** | ***61,1*** | ***1211*** | ***73,1*** | ***1006*** | ***70,0*** |
| Талас обл. | 528 | 100 | 396 | 100 | 691 | 100 | 887 | 100 | 922 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***259*** | ***49,0*** | ***175*** | ***44,2*** | ***438*** | ***63,4*** | ***589*** | ***66,4*** | ***322*** | ***35,0*** |
| Чүй обл. | 7634 | 100 | 7229 | 100 | 13770 | 100 | 15639 | 100 | 10000 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***4120*** | ***54,0*** | ***3923*** | ***54,2*** | ***10311*** | ***74,9*** | ***12154*** | ***77,7*** | ***6497*** | ***65,0*** |
| Бишкек ш | 4952 | 100 | 4622 | 100 | 7173 | 100 | 8645 | 100 | 5565 | 100 |
| ***а.и. Россия*** | ***3060*** | ***61,8*** | ***2859*** | ***61,9*** | ***54134*** | ***75,4*** | ***6744*** | ***78,0*** | ***3782*** | ***68*** |

*Булак: Миграция КР.- Нацстаткомитет.-Б.-2004.*

Жыл сайын республикадан кеткен орус калкынын саны көбөйүүдө. 2000-жылы бул маселе боюнча кыргыз өкмөтү ар кандай чараларды көрүп, калк арасында консультацияларды өткөргөн[14]. Ошондуктан миграциялык процессти жөнгө салуу үчүн аны республиканын социалдык - экономикалык саясатына олуттуу бөлүгү катары киргизүү керек. Кыргызстандан кеткен атуулдардын көпчүлүгү Россияга барып жайгашууда, официалдуу маалымат боюнча бул өлкөнүн дээрлик бардык областтарында турмуштун айынан кыргыздар иштеп жана жашап жатат.

Келечекте туризм тармагын өнүктүрүп, Кыргыз Республикасынын кооз жерлерине Россиянын аймактарынан туристтерди тартуу керек. Бул үчүн бардык шарттарды түзүү, тагыраак айтканда, *биринчиден*, маалымат каражаттары аркылуу туристтерди кабыл алуучу жайлар жөнүндө кеңири маалымат таратуу; *экинчиден,* туристтик компаниялар аркылуу түз келишимдерди түзүп, экскурциялык топторду уюштуруу; *үчүнчүдөн*, транспорттук чыгымдарды мүмкүн болушунча азайтуу.ж.б.

## 5.2. Региондор аралык кызматташтыкты уюштуруу жана башкаруу

Региондор аралык кызматташуу - Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосундагы эки тараптуу соода-экономикалык жана маданий гуманитардык кызматташууну кеңейтүүнүн келечектеги маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Региондор аралык деңгээлде соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташтык жөнүндө бир катар макулдашууларга кол коюлду. Аларда биргелешкен ишканаларды, соода үйлөрүн ачуу, өз ара товар сатуу, көргөзмөлөрдү өткөрүү жана башка иш-чаралар каралган.

Бүгүнкү күндө Екатеринбург шаарында Кыргызстандын генералдык консулдугу ачылып, иштеп жатат, ошондой эле Новосибирск шаарында дагы ачылган. Региондор аралык соода-экономикалык жана чарбалык байланыштарды ыкчамдатуу максатында Кыргыз Өкмөтү Россиянын Борбордук, Урал жана Сибирь федералдык округдарында жана региондорунда Кыргыз Республикасынын соода өкүлчүлүктөрүнүн тармактарын түзүүдө. Учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, республиканын областтары жана Бишкек шаары тарабынан ушундай кызматташуулар тууралуу 30дан ашуун келишимдер жана макулдашуулар түзүлдү. Алсак, Чүй областы менен Москва областынын, Ош областы менен Ярославль областынын ортосунда топтолгон тажрыйба үйрөнүүгө татыктуу. Свердлов областы менен абдан жакшы мамиле түзүлгөн. Булардан сырткары Томск, Омск, Новосибирск, Волгоград областары, Алтай крайы, Хакасия Республикасы, Москва шаары менен кызматташуулар жолго коюлууда. Ал эми Владимир, Саратов, Пенза облустары, Татарстан, Башкырстан жана Дагестан менен түз байланыштарды уюштуруу маселелери каралууда.

Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясынын Свердлов областынын ортосундагы кызматташтыкты ар тараптуу өнүктүрүү

мурда түзүлгөн өндүрүштүк, илимий-техникалык жана гуманитардык байланыштар менен, ошондой эле аларды өз ара пайдалуу жана тең укуктуу негизде мындан ары өнүктүрүү жана сактап калуунун объективдүү муктаждыктарына шартталган.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын керектөөсүнүн маанилүү үлүшү - металлургия, машина куруу, химия, токой өнөржайларынын продукциялары Россия Федерациясынын Свердлов областынан алып келинет.

Өз кезегинде Свердлов областы Кыргыз Республикасынан пахта, жүн, тамеки, жашылча жана мөмө жемиштерди жеткирүүлөр, ошондой эле Кыргыз Рспубликасында областтын тургундарынын туристтик жана дарылоочу-ден-соолукту чыңдоочу эс алууларын уюштуруудагы кызыкчылыктарды көздөйт.

Ошону менен бирге мамлекеттик жана экономикалык түзүлүштү кайра карап чыгуу, Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясынын ортосундагы тышкы экономикалык мамилелердин уңгусун өзгөртүү процесстери, Россия Федерациясынын Свердлов областы жана Кыргыз Республикасынын ишканаларынын экономикалык өз ара аракеттенүүсүн дээрлик бошоңдоткондугун белгилей кетүү керек. Өткөн кылымдын 90-жылдары көпчүлүк чарбалык жана кооперативдик байланыштар ыдыраган, өз ара товар ташуу кыскарып, өндүрүш көлөмдөрү төмөндөгөн. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык байланыштардагы маселелер комплекстүү чараларды жана чечимдерди кабыл алууну, өз ара пайдалуу кызматташтыктын стратегиясын иштеп чыгууну жана келечектүү багыттарын аныктоону талап кылат.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын Свердлов областынын ортосунда соода-экономикалык, илимий-техникалык, гуманитардык багыттарда түзүлгөн келишимдин негизинде төмөнкүдөй иш чараларды аткарса туура болот деп эсептейбиз:

1. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясынын Свердлов областынын ортосундагы экономикалык кызматташтыктын бардык маселелери боюнча бүт чарба субъектерине толук жана оперативдик маалыматтарды берүүнү камсыз кылуучу жалпы маалымат мейкиндигин түзүү жана өнүктүрүү;

2. бул эки жактын ишканаларынын ортосундагы тышкы соода кызматташтыктын келечектүү багыттарына мамлекеттик колдоо системасын түзүү;

3. Эки жактуу максаттуу долбоорлорду жана экономикалык кызматташтык программаларын, ошондой эле биргелешкен жана каржылык - өнөржай топторун түзүү;

4. өндүрүүчү продукциянын атаандаштыгын жогорулатуу максатында, чарбалык иш аракеттердин табияттык, тарыхый жана жаратылыш өбөлгөлөрүн натыйжалуу колдонуу;

5. Кыргыз Републикасы жана Россия Федерациясынын Свердлов областынын өнөржай жана тышкы соодасын өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашырууда концептуалдык мамилелерди жакындатуу;

6. илимдин жана алдыңкы технологиянын жаңы жетишкендиктерин макулдашып ишке киргизүү, өндүрүлгөн продукциянын атаандаштыгын жана сапатын жогорулатуу, ишканалар ортосунда өндүрүштүк-технологиялык байланыштарды өнүктүрүү;

7. элдин рухий жана социалдык керектөөлөрүн толугураак канааттандырууга жардам берүүчү билим, маданият, саламаттыкты сактоо, ошондой эле дене тарбия жана спорт чөйрөсүндө тажрыйба алмашуу жана биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу;

8. кооперативдик байланыштарды калыбына келтирүү жана тышкы сооданы мындан ары өнүктүрүү;

9. Кыргыз Республикасынан, Россия Федерациясынын Свердлов областынан жана башка мамлекеттердин инвесторлорунун катышуусу менен биргелешкен ишканаларды түзүү.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын Свердлов областынын ортосунда соода - экономикалык, илимий-техникалык, гуманитардык багыттарда түзүлгөн келишимдин негизинде төмөнкүдөй иш чараларды аткаруу туура болот деп эсептейбиз.

***1. Айыл - чарба тармагында кызматташуу:***

-Кыргыз Республикасындагы канаттуулар фабрикасын кайра калыбана келтирүү үчүн Россия Федерациясындагы “Свердловская” жана “Рефтинская” канатуулар фабрикасынын жардамын кабыл алуу;

-Екатеринбург шаарындагы “Альвис” жабык тибиндеги акционердик коомго пахта жеткирүүнү кеңейтүү.

***2.Туризм, спорт жана айлана – чөйрөну коргоо жаатында:***

- Кыргыз Республикасындагы санаторий, курортторду Россиялыктар үчүн даярдоо;

- эки өлкөнүн спорттук делегациялары, тренерлери, адистери менен мамиле түзүү;

-жаратылышты пйдалануунун жана айлана чөйрөнү коргоонун экономикалык механизмин жайылтуу үчүн тажрыйба алмашуу.

***3. Маданият багытында:***

-Кыргыз Рспубликасынын Улуттук китепканасы менен Свердлов областынын улуттар аралык китепканасынын мамилесин түзүү;

-Кыргыз Республикасынын маданият күнүн Свердлов областында, Свердлов областынын маданият күнүн Кыргызстанда өткөрүүнү уюштуруу;

-Бишкек шаарында "Русский Двор" тарыхый борборун ачуу.

***4.Соода - экономикалык тармагында:***

-биргелешкен ишканаларды түзүү;

-Бишкекте Свердлов областынын ишканалары өндүргөн товарларды сатуучу дүкөндөрдү ачуу;

-Свердлов областында "Эдельвейс"фирмасынын филиалын ачуу;

-товар өндүрүүчүлөргө жана ири соода ортомчуларга ыңгайлуу шарт түзүп берүү.

***5.Илимий-техникалык кызматташтык:***

-суу менен камсыз кылуу тармагындагы илимий-техникалык иштин маалыматтарын алмашуу;

-азыркы жаңы технологиялар боюнча, телефондук байланыш боюнча тажрыйба алмашуу;

-Кыргыз Республикасынын бизнес борборун Урал илим жана техника Үйүнүн базасында уюштуруу;

-биргелешкен илим изилдөө проектилерин жүзөгө ашыруу;

-илимий жыйнактарды, методикалык көрсөтмөлөрдү биргеликте чыгаруу, ж.б.

Кыргызстан менен Россия областтар аралык байланышты ыкчам өнүктүрүп жатат. Мисалы, Москва областы менен Чүй областы, Омск, Новосибирск, Челябинск областары менен Ысык-Көл областы, Краснояр крайындагы Шарыпова шаары менен Нарын областы ж.б.

Биргелешкен кыргыз-орус ишканалары Россиянын ар кайсы аймактарында да түзүлгөн (5.6-таблицаны караңыз).

5.6-таблица.

Россия Федерациясынын Свердлов областындагы биргелешкен кыргыз-орус ишканаларынын тизмеси

| Ишкананын аталышы | Шаар | Катталган күнү | Ишкердүүлүктүн түрү |
|---|---|---|---|
| "Бита-продукт" жабык тибиндеги акц. Коому | Екатеринбург | 12.10.93 | Элге керектүү товарларды өндүрүү, алып-сатуу |
| "СИНКРЕТ" жабык тибиндеги акц. коому | Екатеринбург | 11.11.93 | Соода-өндүрүштүк ишкердүүлүк, соода-сатык ишкердүүлүк |
| "Аларк" жабык тибиндеги акц. коому | Алапаевск | 20.06.94 | Товар жана продукция өндүрүү, токой жычачтарын кайра иштетүү жана сатуу |
| "ТЭКОМ-ИНВЕСТ-К" кыргыз-орус бирг.ишканасынын Уралдагы филиалы | Екатеринбург | 05.06.95 | Эл керектөөчү товарларды өндүрүү, соода сатык. |
| Кыргыз-Урал соода үйү «Восток» | Екатеринбург | 22.07.96 | Эл керектөөчү товарларды, а. ч. прод-рын өндүрүү жана сатуу, оңдоо-курулуш жумуштары |
| "Улан" кыргыз-орус бирг Ишканасынын Уралдагы филиалы | Екатеринбург | 09.12.96 | Өндүрүштүк, техникалык маанидеги продукцияны өндүрүү жана сатуу, соода-сатык |
| "Эдельвейс" | Екатеринбург | 10.12.98 | Маалыматтык ортомчулук транспорттук тейлөө |

*Булак: Кыргыз Республикасынын, өнөржай, соода жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча эсептелди.*

Биргелешкен ишканалардын уставдык капиталына кыргыз инвесторлору 90 миң рубль салган, бул чет элдик инвестициянын 0,02 %ин түзөт.

Свердлов областынан башка дагы көптөгөн аймактар менен экономикалык макулдашуулар түзүлгөн.

Азыркы учурда Кыргызстан менен Россиянын аймактык байланышын өнүктүрүү кыйла пайдалуу жана келечектүү болууда. Ош областы азыр Россиянын көптөгөн област тары менен кызматташууну көздөйт. Ушул максатта Ош областы менен Омск, Свердлов, Саратов, Оренбург, Новосибирск, Липецк областарынын ортосунда кызматташуу жөнүндө келишимдер түзүлгөн. Ушундан улам Ош областынын аймагында 22 биргелешкен кыргыз-орус ишканалары катталган (1-тиркемени караңыз). Булар негизинен тамак-аш продуктуларын өндүрүү, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, коммерция тармактарында иш жүргүзөт. Ошондой эле Ярославлдан автобус, машина, боёк, тамеки ж.б., ал эми Ош областынан тамеки, пахта, кездеме, жашылча-жемиштер,

кургатылган мөмөлөрдү, өсүмдүк майын жеткирүү боюнча маселе чечилген.

"КенЛТД" биргелешкен кыргыз-орус ишканасы келишим боюнча Саратов шаарына мөмө-жемиштен жасалган консерваларды жеткирет. Ош шаарына болсо айыл чарба продуктыларга троллейбусту айырбаштоо маселеси каралып жатат. Мындай соода-экономикалык байланыш улам кеңейип жатат. Мисалы, 1999-жылы июлда Кыргызстан Россиянын Кабардин-Балкар Республикасы менен келишим түзгөн.

Эгерде Кыргызстан менен Россиянын байланышы натыйжалуу болбосо, анда бизнесмендер түз байланышка чыгуунун жолун издей баштайт да чаржайыттыкка жол берилет. Ошондой эле Кыргызстан аркылуу кошуна өлкөлөргө жүк ташуучу машиналарды сатып өткөрүү маселеси да каралган. Ал эми Кыргызстан өз кезегинде радиаторлор ("Кыргыз Автомаш") АК, жүн жана жибек жөнөтөт.

### *5.3. Инвестиция нугунда кызматташууну күчөтүү*

Кыргыз Республикасынын экономикасындагы азыркы абал инвестиция тартуу маселесин биринчи орунга коюп жатат. Анткени инвестиция өлкөнүн социалдык - экономикалык абалын жогорулатууда олуттуу роль ойнойт да, коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн материалдык негизи болуп саналат. Кыргызстанда азыр капиталдын тартыштыгынан улам экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдөн тиешелүү каржатты издөөгө мажбур болууда. Ушундай жагдайды эске алуу менен чет өлкөлөр менен чогуу биргелешкен ишканаларды уюштуруу инвестицияны тартууга, акырындап экономиканын өнүгүшүнө тиешелүү салымын кошот.

Кыргызстан менен Россиянын мурдатан берки социалдык-экономикалык жактан ар тараптуу байланышын күчөтүп, биргелешкен ишканаларды уюштурууга, андыктан инвестицияны тартууга ыңгайлуу шарттар түзүлөт (5.7-таблицаны караңыз).

5.7-таблица.

Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвесторлордон түшкөн инвестициянын тиешелүү өлкөлөр боюнча көлөмү, млн. доллар менен

| | 1997-ж | | 2000-ж | | 2001-ж | | 2005-ж | | 2010-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Млн. долл | % | Млн. долл | % | Млн долл | % | Млн долл | % | Млн долл | % |
| Бардык инвестициялар | 86,3 | 100 | 89,6 | 100 | 90,1 | 100 | 96,5 | 100 | 110,5 | 100 |
| а.и.өлкөлөр б-ча | | | | | | | | | | |
| АКШ | 10,0 | 11,6 | 23.6 | 26.3 | 17.5 | 19.4 | 19,1 | 19,8 | 20,5 | 18,5 |
| Германия | 1,3 | 1.5 | 9.5 | 10.6 | 22.4 | 24.8 | 23,1 | 23,9 | 22,1 | 20 |
| Канада | 31,4 | 36.4 | 6.8 | 7.6 | 13.0 | 14.4 | 10,5 | 11 | 9,8 | 7,8 |
| Казакстан | 1,2 | 1.4 | 0.2 | 0.2 | 1.5 | 1.7 | 2,0 | 2,2 | 3,5 | 3,1 |
| Кытай | 0,3 | 0.4 | 0.9 | 1.0 | 2.5 | 2.8 | 3,0 | 3,3 | 4,0 | 3,5 |
| Корея | 0,3 | 0.4 | 0.1 | 0.1 | 3.9 | 4.3 | 3,2 | 3,5 | 3,0 | 2,8 |
| ***Россия*** | ***0,7*** | ***0.8*** | ***5.4*** | ***6.0*** | ***3.0*** | ***3.3*** | ***4,5*** | ***4,7*** | ***10,0*** | ***9,0*** |
| Улуу Британия | 13,4 | 15.5 | 6.1 | 6.8 | 1.6 | 1.8 | 1,1 | 1,2 | --- | -- |
| Түркия | 17,6 | 20.3 | 12.1 | 13.5 | 16.3 | 18.1 | 17,0 | 17,3 | 18,0 | 16,5 |
| Швейцария | 1,2 | 1.4 | 0.4 | 0.4 | 0.3 | 0.3 | 0,5 | 0,6 | 1,0 | 0,9 |
| Калгандары | 4,5 | 5.2 | 20.9 | 23.3 | 7.2 | 8.0 | 12,5 | 12,7 | 18,0 | 16,5 |

*Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде автор эсептеп чыккан*

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай инвестициянын көлөмү акыркы жылдары кыскарууда. Мунун эң башкы себебин ар түрдүү бажы, салык тоскоолдуктары ээлейт, бирок Россиядан түшкөн инвестициялардын көлөмү акыркы беш жылда 4 эсеге көбөйүп, жалпы инвестициянын 6 %ин түзгөн. Биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй, келечекте Кыргызстанга түшүүчү инвестициянын көлөмү 110,5 млн. долларга жетип, анын ичинен Россия Федерациясынан түшүүчү инвестициялардын көлөмү 10 млн. долларга чейин жетет. Келечекте белгиленип жаткан көптөгөн кыргыз-орус долбоорлорунун негизинде Россия Федерациясы 2005-жылы республикага 4,5млн. доллар, ал эми 2010-жылы 10 млн. долларга чейин инвестиция каражаттарын жумшайт.

Кыргыз Республикасындагы Бишкек ТЭЦинин 100мВт кубаттуулуктагы №11чи турбогенератор Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу жана Россия өкмөтүнүн техникалык Кредитинин эсебинен 1998-жылы курула баштаган. Аны Россиянын "Технопромэкспорт" ишканасы тиешелүү агрегаттарды алып келип кураштырып, пайдаланууга 2000-жылы 11-октябрда берген. Азыр Россия капиталынын жардамы менен республикада көптөгөн ишканалар уюштурулуп, тиешелүү деңгээлде иштеп жатат.

Дагы бир айта кетчү нерсе, Москва шаарындагы Бүткүл Россиялык көргөзмө борборунда Кыргызстандын өндүрүүчүлөрү чыгарган товарлар коюлган. "Кыргызресурсы" мамлекеттик ишканасы "Бүткүл россиялык көргөзмө борбору мамлекеттик

акционердик коому" АККсы менен көргөзмө – жарманке ишмердүүлүгү жаатындагы кызматташуулар жөнүндөгү макулдашуу түзүлгөн. Бул көргөзмөдөн кыргыздарга 600 чарчы метр павильон берилип, ал 2003-жылдын сентябрь айында Москвада өтүүчү Кыргыз маданиятынын күндөрү менен чогуу ачылган. Бул ишкерлер, ишканалар үчүн өтө чоң мүмкүнчүлүк болуп эсептелет, себеби ал көргөзмөгө кыргыз ишканалары өздөрү өндүргөн товарларын коюп, андан кийин Россиялык ар кандай ишканалар менен түрдүү келишимдерди түзүүгө мүмкүнчүлүк алган.

Кыргызстан менен Россия Федерациясы өнөржай тармагында да кызматташуусу күчөп жатат, мисалы экспорттун жана импорттун дээрлик 60-70 %ин өнөржай продукциялары түзөт. Бул кызматташууну келечекте мындан ары да кеңейтүү үчүн ар кандай программалар, долбоорлор иштеп жатат.

Биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй өнөржай продукцияларынын экспорту да импорту да жылдан жылга көбөйө бермекчи (5.8-таблицаны караңыз).

5.8 - таблица

Өнөржай тармагында кызматташууну келечекте өнүктүрүү, миң долл. менен

| Товарлардын түрлөрү | 2004-ж | 2010-ж | 2015-ж | 2015-ж 2004-ж-га эсе м-н |
|---|---|---|---|---|
| ***Экспорттолуучу товарлар*** | | | | |
| Электр энергиясы | 10800,4 | 15467,3 | 25487,5 | 2,4 |
| Электр техникалык приборлору | 9400,7 | 12345,9 | 15612,7 | 1,6 |
| Кездемелер | 28891,5 | 34561,7 | 39843,5 | 1,4 |
| Айнек жана айнек буюмдары | 12790,3 | 14724,9 | 16780,4 | 1,3 |
| Сурңма | 640,5 | 725,6 | 856,1 | 1,3 |
| Электр лампочкалары | 5560,7 | 6790,8 | 8347,9 | 1,5 |
| ***Импорттолуучу товарлар*** | | | | |
| Мунайзат | 114355,1 | 160237,5 | 210312,8 | 1,8 |
| а.и.бензин | 60723,5 | 75391,4 | 91712,9 | 1,5 |
| Авиокеросин | 26653,7 | 33714,6 | 44867,1 | 1,7 |
| Органикалык эмес химия продукциялары | 8882,6 | 13445,1 | 17456,5 | 1,9 |
| Пластмасса буюмдары | 5529,8 | 8350,6 | 12345,0 | 2,2 |
| Медициналык жана фармацевтикалык заттар | 8867,9 | 9234,8 | 11129,8 | 1,2 |
| Жыгач жана жыгач буюмдары | 14264,0 | 19478,5 | 26418,4 | 1,8 |
| Кара металл жана кара металл буюмдары | 24150,1 | 31239,5 | 39561,0 | 1,6 |
| Көмүр | 768,8 | 987,9 | 1067,4 | 1,4 |

*Булак: КР улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун эсеби*

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Россияга өнөржай тармагынын негизги экспорттолуучу товарлары: электр энергиясы, электр техникалык приборлор, электр лампочкалары, айнек жана айнек буюмдары, сурьма, кездеме ж.б.

Кыргызстанда электр энергиясы эң негизги экспорттолуучу товар. Бул тармакты өркүндөтүү боюнча келечектүү келишимдер түзүлүп, иштер аткарылып жатат. Акыркы жылдары Россияга электр энергиясын экспорттоо жылдан жылга көбөйүп жатат. Ал эми 2015- жылы 2004 - жылга салыштырмалуу 2,4 эсеге жогоруламакчы.

Электр энергиясынан кийинки экспорттолуучу продукциялардын негизгиси – кездеме. 2004-жылы 29 млн. долларга кездеме экспорттогон болсок, келечекте, тагыраак айтканда 2015 - жылы мунун өлчөмү 39.8 млн. долларга чейин жетет. Бул экономикалык көрсөткүчкө жетүү үчүн республиканын потенциалдык мүмкүнчүлүгү толук жетиштүү.

Акыркы жылдары айнек экспорттоо көбөйүүдө. Ал эми биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй келечекте айнек экспортоо мындан да көбөймөкчү. Себеби Интергласс айнек заводу продукция чыгарууну арбытып, келечекте Россия менен кызматташуу боюнча келишим түзүп, бирге иштешүү экономикалык жактан эки өлкөгө тең пайдалуу. Ал эми электр техникалык приборлору, электр лампочкаларын экспорттоо да биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй келечекте 2015 - жылы дээрлик 1,5 эсеге көбөймөкчү.

Келечекте республикага Россиядан ташылып келинүүчү өнөржай продукцияларынан негизинен мунайзат продуктулары, бензин, авиакеросин, пластмасса буюмдары, жыгач жана жыгач буюмдары, кагаз, картон, фармацевтикалык продукциялар, көмүр, кара металл жана кара металл буюмдары кирет.

Мунайзат продуктулар Россиядан импорттолгон продукциялардын эң негизгиси, биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй келечекте 2015 - жылы дээрлик эки эсеге көбөймөкчү. Себеби, Кыргызстанда калктын саны арбып, социалдык - экономикалык шарты жакшырган сайын, автомобилдин саны да көбөйүп, аны менен бирге мунайзат продуктуларына болгон керектөө күчөйт. Ал эми пластмасса буюмдарын импорттоо акыркы жылдары көбөйүп, бул тенденция келечекте деле сактала бермекчи. Жыгач жана жыгач буюмдарын, анын ичинен курулуш материалдарын керектөө Кыргызстанда жыл өткөн сайын күчөп, 2015 - жылы азыркы учурга салыштырмалуу 1,8 эсеге өсөт.

***5.4. Айыл чарба тармагында кызматташууну, уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу***

Советтер Союзунун учурунда агроөнөржай комплексинин бардык тармактары мамлекеттин карамагында болуп, айылчарба продукцияларынын дээрлик бардыгын өзү сатыпалып жана кайрадан сатчу. Кыскасы айыл чарба продуктуларын өндүрүүнү, бөлүштүрүүнү жана керектөөнү мамлекет толук көзөмөлгө алып келген эле.

20-кылымдын 90-жылдарынын башында агрардык сектордун радикалдуу реформасы эң негизги социалдык экономикалык маселеге айланган. Бул реформанын башкы максаты базар мамилелерине өтүү, жаңы макроэкономикалык олуттуу көрсөткүчтөрдү ыңгайлаштыруу болгон. Советтер Союзу тарагандан кийин ар бир союздук республикалар өз алдынча мамлекеттерге айлангандан тартып, жерге жеке менчик киргизиле баштаган. Алсак, бул Россияда 1990-жылы, Арменияда 1991-жылы, Грузияда 1996-жылы, Украинада 1992-жылы, Молдавада 1992-жылы, Кыргызстанда 1998-жылы жерге жеке менчик киргизилген. Калган өлкөлөрдө азырынча жер мамлекеттин менчиги бойдон калууда.

Кыргызстанда айыл чарба тармагына өндүргөн товарлардын белгилүү бөлүгү чет өлкөлөргө экспорттолот. Мисалы, азыр сүт өндүрүү тармагында өндүрүлгөн продукциянын 25 %и Россия, Казакстан, Афганистан өлкөлөрүнө экспорттолгон (5.9 - таблицаны караңыз).

5.9- таблица.

Кыргызстанда айыл чарба продукцияларын экспорттоонун жана импорттоонун абалы, миң доллар менен

| | Экспорт | | Импорт | |
|---|---|---|---|---|
| | тонна | миң доллар | тонна | миң доллар |
| ***Сүт продукциясы*** | | | | |
| Казакстан | 4006,4 | 1104,8 | 20,7 | 13,9 |
| Афганистан | 255,4 | 264,6 | | 0,2 |
| Тажикстан | 1,8 | 1,0 | | 0,2 |
| Россия | 11,6 | 10,5 | 228,7 | 190,2 |
| Сауд Аравиясы | 7,9 | 3,0 | | 1,7 |
| Кытай | | | 4,8 | 2,5 |
| Германия | | | 31,4 | 23,3 |
| АКШ, Канада, Түркия | | | 5,1 | 10,7 |
| **Бардыгы** | **4283,1** | **1383,9** | **290,7** | **242,7** |
| ***Жашылча консервалары*** | | | | |
| Казакстан | | 10,0 | | |
| Россия | | 378,0 | | |
| Калган өлкөлөр | | 13,0 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **555,0** | **118,0** | **0** | **0** |
| ***Жемиш согу*** | | | | |
| Казакстан | | 39,0 | | |
| Россия | | 112,0 | | |
| Германия | | 278,0 | | |
| Калган өлкөлөр | | 3,0 | | |
| **Бардыгы** | **986,0** | **432,0** | **0** | **0** |
| ***Кургатылган жемиш*** | | | | |
| Россия | 90,20 | 300,0 | | |
| **Бардыгы** | **90,20** | **300,0** | | |
| ***Помидор*** | | | | |
| Россия | 11242,0 | 1304,0 | | |
| Казакстан | 309,0 | 31,0 | | |
| Кытай | 11,0 | 11,0 | | |
| Иран | 0,97 | 0,22 | | |
| Өзбекстан | 0,3 | 3,2 | | |
| **Бардыгы** | **11562,0** | **1346,0** | **71,2** | **23,4** |
| ***Алма*** | | | | |
| Россия | 30870,0 | 4402,0 | 1,0 | 0,8 |
| Казакстан | 4529,0 | 548,0 | 0,4 | 0,3 |
| Өзбекстан | 115,06 | 16,0 | | |
| Иран | | | 642,05 | 210,0 |
| Тажикстан | | | 535,0 | 68,0 |
| Калган өлкөлөр | 5,0 | 611,0 | 40,4 | 13,8 |
| **Бардыгы** | **35579,0** | **4977,0** | **1218,8** | **292,0** |
| ***Пияз*** | | | | |
| Россия | 50902,0 | 4708,0 | 18,0 | 1,2 |
| Казакстан | 189,0 | 2667,0 | | |
| Азербайжан | 115,0 | 368,0 | | |
| Өзбекстан | | | 94,8 | 9,4 |
| Кытай | | | 77,5 | 24,7 |
| Иран | | | 16 | 5,7 |
| Калган өлкөлөр | 89,0 | 648,0 | 126,8 | 1,4 |
| **Бардыгы** | **51295,0** | **8391,0** | **219,7** | **42,4** |

Таблицада белгиленгендей, Кыргызстандан экспорттолгон айыл чарба продукцияларынын көпчүлүгү Россияга, Казакстанга жөнөтүлөт. Акыркы жылдары жаңгак, бал экспорттоонун көлөмү жогорулоодо. Булар эң даамдуу жана экологиялык жактан таза продукт катары дүйнө өлкөлөрүнө убакыт өткөн сайын көбүрөөк таанылууда.

Кыргызстан менен Россиянын агрардык секторундагы экономикалык байланышты иликтөөдөн мурда, бул эки өлкөнүн айыл чарба тармактарындагы азыркы абалына кеңири токтоло кетүү талапка ылайык (5.10-таблицаны караңыз).

5.10-таблица

Кыргызстан менен Россиянын агрардык секторунун экономикалык көрсөткүчтөрү (1991-2003)

| Өлкөлөр | Жыл | Салыштырма салмак,% | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Айылда жашаган калк | Айыл чарбасында иштегендер | Айыл чарбасында УДП үлүшү | Жалпы чыгымдын тамак-ашка кеткени |
| Кыргызстан | 1991 | 62,4 | 35,9 | 35,3 | 42,9 |
| | 2003 | 64,6 | 53,3 | 35,2 | 54,3 |
| Россия | 1991 | 26,1 | 13,5 | 13,6 | 38,4 |
| | 2003 | 27,1 | 13,3 | 6,4 | 49,4 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун эсеби*

Кыргызстан азырынча агрардык - индустриялык республика болгондуктан, мындан ары карай айыл чарбасын өнүктүрүп, анын продуктуларын экспорттоону жөнгө салуу башкы маселелердин бири. Жогорку таблицада (5.10.)көрсөтүлгөндүй Кыргызстанда УДПнын 34,8 %ин айыл чарба продуктулары түзсө, Россияда бул көрсөткүч 6,4 %ти эле түзгөн. Демек Россия айыл чарба продуктуларын аз өндүрөт, себеби анын жаратылыш - климаттык шарттары кыйла татаал келет. Ошондуктан Кыргызстан Россияга айыл чарба продуктуларын экспорттоону көбөйтүүсү экономикалык жактан кыйла натыйжалуу жана пайдалуу. Бирок кээ бир айыл чарба продуктуларынын экспорту жыл өткөн сайын төмөндөөдө. Мисалы, жашылча жемиштерди 1999-жылы 6946,2 миң доллар өлчөмүндө экспорттогон болсо, 2001-жылы 2753,6 миң долларга чейин төмөндөгөн. Тамеки, үрөн, дары чөптөр, кайра иштетилген продуктуларды экспорттоо да убакыт аралаган сайын төмөндөөдө, бирок пахтанын экспорту эки эсеге жогорулаган.

Кыргызстанда жалпы калктын 53,3 %ин айыл чарбасында иштегендер түзсө, Россияда болсо 13,3 %ти түзөт. Кыргызстанда айыл чарбасынын өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылыгы дурус өнүккөн (5.11-таблицаны караңыз).

5.11-таблица.

Кыргызстанда жана Россияда айыл чарба продуктуларын өндүрүү, 2003-жылы 1991-жылга % менен

| Өлкөлөр | Өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясы | Мал чарбачылыгынын продукциясы |
|---|---|---|
| Кыргызстан | 144 | 99 |
| Россия | 72 | 53 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун эсеби*

Жогорудагы таблица айкындагандай Кыргызстан өсүмдүк өстүрүүчүлүк тармагын өздөштүрүп, продукция өндүрүүнү көбөйткөн, бирок мал чарба продуктулары 30 %ке төмөндөгөн. Ал эми Россияда өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукциясы дээрлик 30 %ке, ал эми мал чарбачылыгынын продукциясы болсо 47 %ке төмөндөгөн. Акыркы он жылда Россия айыл чарба продуктуларын өндүрүүнү азайтып, жалаң импорттой баштаганынын статистикалык маалыматтар толук ырастайт. Демек, Кыргызстан өзүнүн продуктуларын Россияга экспорттосун кыйла арбытса туура болот.

Кыргызстанда жана Россияда көптөгөн фермердик чарбалар уюштурулуп, иштеп жатат. Алардын азыркы абалын, ар бир чарбага туура келген жердин үлүшүн карап көрөлү (5.12-таблицаны караңыз).

5.12-таблица.

Кыргызстанда, Россияда дыйкан чарбаларынын өнүгүү тенденциясы

| Өлкөлөр | Жыл дар | Чарба-дын саны, миң | Чарбага туура келген жер, га | Дыйкан чарбаларга жалпы айыл чарба жеринен туура келген салыштырмалуу өлчөмү % | А.ч.продукциясынын структурасы,% | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | А.ч.ишка-налары | дыйкан чарбалар |
| Кыргызстан | 1992 | 4,1 | 25 | 1,0 | 56 | 44 |
| | 2003 | 253,3 | 16 | 25,4 | 2 | 98 |
| Россия | 1992 | 49,0 | 42 | 1,0 | 69 | 31 |
| | 2003 | 261,7 | 58 | 7,7 | 43 | 57 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун өз эсеби*

5.12-таблицадагы маалыматтарга ылайык акыркы он жылда бул эки өлкөдө дыйкан чарбаларынын саны, жана алардын өндүргөн продукциясы кескин жогорулаган, бирок Кыргызстанда аларга тиешелүү жерлер 1,5 эсеге төмөндөгөн.

Азыркы учурда айыл чарба тармагында кызматташууну камтыган төмөндөгүдөй макулдашуулар каралган:

1. Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөржай министрлиги менен КМШнын "Семена" өндүрүштүк-илимий үрөнчүлүк ассоциациясынын өндүрүштү уюштуруу жана айыл чарба продуктуларынын үрөнүн сатуу боюнча макулдашуусу.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Свердлов областынын жетекчилеринин ортосундагы соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык тармактарда кызматташуу жөнүндө макулдашуу.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Москва шаарынын ортосундагы соода-экономикалык, илимий-техникалык, гуманитардык жана маданий тармактарда кызматташуу жөнүндө макулдашуу.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Москва областынын жетекчилеринин ортосундагы макулдашуу.

2002-жылы октябрь айындагы "Бишкек-2002" Эл аралык көргөзмө – жарменкеге Алтай крайынан өкүлдөр келип катышкан. Алтай крайынын администрациясынын сунушу менен Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөржай министрлиги менен Алтай өкүлдөрүнүн ортосунда айыл чарба тармагында кызматташуу жөнүндө сүйлөшүүлөр болгон. Мында негизинен төмөнкү маселелер каралган: Кыргыз Республикасына тракторлор, айыл чарба техникалары жана аларга запастык бөлүктөрдү жеткирүү; Бишкек жана Ош шаарларында айыл чарба техникаларын жана аларга запастык бөлүктөрдү сатуучу атайын соода үйлөрүн же дүкөндөрдү ачуу; жерсемирткичтердин заказ берүүнү уюштуруу; тамеки, пахта, вино, жашылча-жемиштерди, консерваланган продуктуларды, буудай, ун, тери, жүн жеткирүүнү уюштуруу ж.б. маселелер боюнча сүйлөшүшкөн.

Ал эми 2002- жылдын 9-10 октябрында Щвейцариянын Хельветас эларалык кызматташтык ассоциациясынын жардамы менен Кыргыз Республикасынын жашылча өстүрүү тармагынын жумушчуларынын семинары болуп өткөн. Буга Россия Федерациясынын Новосибирск, Омск, Томск областынан, Алтай крайынан жана Кыргыз Республикасынын каржы - кредиттик уюмдарынын өкүлдөрү катышкан. Кеңешмеде Россия

базарынын өкүлдөрү менен Кыргызстанда өндүрүлгөн жашылча-жемиштерди кантип сатуу, кредитти кантип алуу маселелери каралган.

Кыргызстан менен Россиянын айыл чарба тармагындагы кызматташууга азыр негизинен төмөнкүдөй тоскоолдуктар болууда:

1. Россия Кыргызстандан айыл чарба продуктуларын өз убагында, тиешелүү өлчөмдө алып келүүнү талап кылууда. Бирок алар мындай иш чараларды аткаруу үчүн бизде толук мүмкүнчүлүк жок экендигин эске албай жатышат;

2. айыл чарба продуктуларын көп өлчөмдө экспорттоо үчүн бизде али ири чарбалар, продукцияларды толук иштетүүчү ишканалар түзүлө элек;

3. Россияга Казакстан аркылуу товар жеткирүү да эң олуттуу маселелердин бири болуп саналат. Кыргыз ишкерлери үчүн бул коңшу өлкөнүн аймагынан товар алып өтүү азыр Россиялык ишкерлерге караганда кымбатка түшүүдө. Мындай экономикалык байланыштын жыйынтыгында кирешеден айрым учурда чыгаша ашып түшөт да, азык-түлүк, товар ташуу пайдасыз болуп калууда.

4. Дүң соодалоочу, ири борборлордун жоктугу айыл чарба продуктуларын сатууга бир топ кедерги болууда.

Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөржай министрлиги ушул тапта Россия Федерациясынын аймактары менен көптөгөн келишимдерди түзүп, кызматташууну кылдат жана сапаттуу деңгээлде жүргүзүп, эң башкысы жогорудагы маселелерди чечүүнүн жолдорун иликтөөдө.

Айыл чарба продуктуларынын экспорттоонун көлөмү жыл сайын жогорулоодо. Кыргызстандан Россияга жөнөтүлүүчү айыл чарба продуктуларынын негизги бөлүгүн пахта түзөт. Ал эми Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин утурлоосу боюнча пахта өндүрүү 2002-жылы 95,0 миң тонна болсо, 2010-жылы анын көлөмү 140 миң тоннага жетет да аны экспорттоонун көлөмү дагы жогорулайт. Тамеки өндүрүүнү болсо келечекте ушул деңгээлде сактоо каралууда, себеби 2001-жылы өткөн жылдагы тамекинин 8,1 миң тоннасы сатылбай калган.

5.13-таблица.

Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына экспорттолуучу айыл чарба продукцияларынын келечектеги түрлөрү, тонна менен

| | 1999-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2005-ж | | 2010-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тонна | % | тонна | % | тонна | % | тонна | % | тонна | % |
| Экспорттолгон а.ч. прод. бардыгы | 129707,6 | 100 | 72218,9 | 100 | 90600,5 | 100 | 121047,6 | 100 | 174000,0 | 100 |
| Анын ичинен: | | | | | | | | | | |
| Пахта | 6706,1 | 5,2 | 16425,0 | 22,8 | 36100,0 | 40,0 | 40600,0 | 33,5 | 63000,0 | 36,2 |
| Тамеки | 29088,6 | 22,4 | 24375,1 | 33,8 | 21300,0 | 23,5 | 25400,0 | 31 | 30000,0 | 17,2 |
| Жашылча жемиштер | 83271,3 | 64,2 | 28371,5 | 39,3 | 22200,0 | 23,0 | 31500,0 | 26,1 | 40500,0 | 23,3 |
| Кант | 345,5 | 0,3 | 2507,6 | 3,5 | 1091,0 | 1,2 | 2507,6 | 2,1 | 3100,0 | 1,8 |
| Жүн, тыбыт | 1147,6 | 0,9 | 302,7 | 0,5 | 589,0 | 0,6 | 980,0 | 0,8 | 1200,0 | 0,7 |
| Пияз | 34200,0 | 26,4 | 3400,0 | 4,8 | 5600,0 | 6,0 | 11500,0 | 9,5 | 31600,0 | 18,2 |
| Үрөн | 9700,0 | 7,5 | 100,0 | 0,01 | 0,0 | 0,0 | 560,0 | 0,5 | 6100,0 | 3,5 |
| Помидор | 9700,0 | 7,5 | 2200,0 | 3,1 | 3500,0 | 3,2 | 6000,0 | 5,0 | 10500,0 | 6,0 |
| Кургатылган жемиш | 9600,0 | 7,5 | 2000,0 | 2,8 | 200,0 | 0,3 | 2000,0 | 1,7 | 8000,0 | 4,6 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде автолордун эсеби*

Келечекте тамекинин сырьесун эмес, аны иштеткенден кийинки продукциясын экспорттоону жөнгө салуу керек. Ал эми жер- жемиштерди дагы кайра иштетип, консервалап, соңунан сатуу экономикалык жактан пайдалуу. 1999-жылы 83271,3 тонна жер - жемиш экспорттолсо, 2002-жылы бул көрсөткүч 22200,0 тоннаны түзгөн же мунун көлөмү 4 эсеге чейин кыскарып кеткен (5.13-таблицаны караңыз).

Айыл чарба продуктуларынын кээ бир түрлөрүн экспорттоо азыр 1999-жылга салыштырмалуу кескин кыскарып кеткен. Буларга биринчи кезекте кургатылган жемиш, үрөн, помидор, пияз, жашылча жемиштер ж.б. кошууга болот. Келечекте ушул продуктуларды өндүрүүнү кыйла арбытып, сатууну көбөйтүп, мурдагы деңгээлинен ашыруу азыркы учурдун талабына туура келет. Пияз экспорттоонун көлөмү 2002-жылы 5600 тоннаны камтыган, 2010-жылы мунун өлчөмүн 31600 тоннага жеткирүү зарыл. Анткени 1999-жылы Россияга 34200 тонна пияз экспорттолгондугун эстен чыгарбоо керек. Бирок, акыркы жылдагы кошуна өлкөлөрдүн биздин республикага бажы саясатын туура эмес жүргүзүүдөн улам жолдогу ар кандай тоскоолдуктардын азабынан Россияга экспорттун деңгээли, анын ичинде пияз, помидор, жашылча жемиштердин сатылышы кескин кыскарып кеткен. Жашылча - жемиштердин экспортун келечекте, 2010-жылы 40500 тоннага чейин жеткирүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Ал эми помидор экспорттоонун көлөмү да акыркы кезде кыскарып

кеткен, башкача айтканда 1999-жылы 9700 тонна помидор экспорттолгон болсо, 2002-жылы 3500 помидор жеткирилген. Келечекте бул көрсөткүчтү 10500 тоннага чейин жеткирүү экономикалык жактан бир топ натыйжалуу болмок. Кургатылган жер жемиштерди экспорттоо дагы бир топ төмөндөп кеткен Алсак, 1999-жылы 9600 тонна кургатылган жер жемиш экспорттолсо, 2002-жылы бул 200 тоннага чейин түшүп кетип, дээрлик 90%ке төмөндөгөн. Келечекте кургатылган жер жемишти экспорттоонун көлөмүн 8000 тоннага чейин жеткирүүгө толук мүмкүнчүлүк жетет. Себеби кургатылган жер жемиштерди экспорттоо бир топ пайдалуу, буларды сактоо мөөнөтү кыйла узак ташууга ыңгайлуу. Ошондуктан, жолдогу тоскоолдуктарга, жолдун алыстыгына карабай, продукциянын бул түрлөрүн экспорттоону көбөйтүү, экономикалык жактан натыйжалуу. Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына экспортолгон жана келечекте жөнөтүлө турган айыл чарба продуктуларынын акчалай өлчөмү 5.14-таблицада көрсөтүлдү.

5.14- таблица.

Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына экспорттолуучу айыл чарба продукцияларынын келечектеги түрлөрү, миң доллар менен

| | 1999-ж | | 2001-ж | | 2002-ж | | 2005-ж | | 2010-ж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | миң долл | % | миң долл | % | миң долл | % | миң долл | % | миң долл | % |
| Экспорттолгон айыл чарба прод. бардыгы | 70713,1 | 100 | 64543,5 | 100 | 79997,5 | 100 | 97980,0 | 100 | 130000,0 | 100 |
| Анын ичинен: | | | | | | | | | | |
| Пахта | 6732,5 | 9,6 | 12762,0 | 19,8 | 27799,5 | 34,7 | 52723,0 | 54,0 | 70000,0 | 54,0 |
| Тамеки | 34259,4 | 48,5 | 21395,9 | 33,1 | 17761,3 | 22,2 | 30461,1 | 31,1 | 35500,0 | 27,3 |
| Жашылча, жемиштер | 6946,2 | 9.9 | 2753,6 | 4,3 | 3226,6 | 4,1 | 4577,0 | 4,7 | 6000,0 | 4,6 |
| Кант | 297,6 | 0,4 | 1015,1 | 2,1 | 2695,0 | 3,4 | 6200,0 | 6.3 | 7600,0 | 6,0 |
| Жүн, тыбыт | 1048,8 | 1,8 | 327,6 | 0,5 | 544,1 | 0,7 | 905,0 | 0,9 | 1108,0 | 0,8 |
| Пияз | 1800,0 | 2,5 | 200,0 | 0,3 | 400,0 | 0,5 | 821,1 | 0,8 | 2257,0 | 1,7 |
| Үрөн | 1600,0 | 2,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 92,3 | 0,1 | 1006,2 | 0,8 |
| Помидор | 1300,0 | 2.0 | 500,0 | 0,8 | 700,0 | 0,9 | 1200,0 | 1,2 | 2100,0 | 1,7 |
| Кургатылган жемиш | 1300,0 | 2,0 | 300,0 | 0,4 | 100,0 | 0,1 | 1000,0 | 1,0 | 4000,0 | 3,0 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун эсеби*

2002-жылдын маалыматы боюнча Кыргызстан Россия Федерациясына негизинен пахта 27,8 млн.долл.(жалпы экспорттолгон пахтанын 62,0 %и), тамеки 17,8 млн. долл. (жалпы экспорттолгон тамекинин 91,3 %и), жашылча жемиштер 3,2 млн. долл. (жалпы экспорттолгон жашылчалардын 21,5 %и) өлчөмүндө жөнөтүлгөн. Булардын жалпы көлөмү 80 млн. долларды түзгөн.

Келечекте Кыргызстан Россияга мындан ары да айыл чарба продуктуларынын негизги түрлөрүн экспорттоонун үлүшү арбый берет. Мисалы, 2010-жылы экспорттолгон айыл чарба

продукцияларынын бардыгы 130 млн. долларга жетип, булардын 54 % үлүшү пахта жөнөтүүгө туура келет.

Айыл чарба продукцияларын экспорттоо аркылуу республиканын экономикасын белгилүү өлчөмдө жогорулатууга мүмкүнчүлүк бар. Алсак, келечекте пияз, помидор жана жашылча - жемиштерди сатуудан 500 млн. сомго жакын киреше алууга болот (5.15- таблицаны караңыз).


5.15-таблица.

Айыл чарба продукцияларын Россияга экспорттоодон түшкөн киреше, млн. сом менен

| Айыл чарба продуктулары | 2001-ж | 2002-ж | 2005-ж | 2010-ж | 2015-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Пияз | 8,2 | 16,4 | 33,7 | 92,5 | 125,0 |
| Помидор | 20,5 | 28,7 | 49,2 | 86,1 | 95,0 |
| Жашылча, жемиштер | 112,8 | 132,3 | 187,7 | 252,0 | 275,0 |
| Бардыгы | 141,5 | 177,4 | 270,5 | 430,6 | 495,0 |

*Булак: КР.улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде авторлордун эсеби*

Биздин эсептөөлөргө ылайык, 1 кг помидордун Россияга экспорттолгон баасы 2001-жылы 10 сом; 2002-ж 9 сомго жетсе, ошол эле учурда Кыргызстанда 1 кг помидордун баасы 1-2 сом болгон. Көрүнүп тургандай ар килограммдан айырма 8-9 сомго чейин жетүүдө. Ушундан улам помидорду Россияга экспорттоо өтө ыңгайлуу жана экономикалык жактан кыйла натыйжалуу экендигин толук ырастайт. Помидорду экспорттоону 2015-жылы 95,0 млн. сомго, пияздын экспортунун көлөмүн 125,0 млн. сомго, жашылча-жемиштердин экспортун болсо 275,0 млн. сомго жеткирүүнү келечекте ишке ашыруу, өлкөнүн экономикалык абалын жакшыртууга тиешелүү үлүшүн кошот. Азыр кайра иштетүүчү ишканалардын жетишсиздигинен улам помидор, жашылча-жемиштер толук сатылбай чирип кеткен учурлар дагы кездешет. Продукциялардын ойдогудай жөнөтүлбөй жатышына жолдогу тоскоолдуктар дагы терс таасирин тийгизип, ишкерлердин эркин иштөөсүнө кедерги болууда. Ошондуктан бул маселени мамлекеттик деңгээлде көзөмөлдөп колдой турган координациялык борбор республикабыз үчүн өтө керек болуп турат. Бул борбор Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы экономикалык мамилелердин жакшырышына, жолдогу ыгы жок тоскоолдуктарды кыскартууга чоң салым кошмокчу. Төмөндө бул борбордун болжолдуу схемасы көрсөтүлдү (12-сүрөттү караңыз).




12-схема Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык мамилелерди жөнгө салуучу координациялык борбор

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык мамилелерди уютуруучу жана башкаруучу координациялык борбор жогоруда көрсөтүлгөндөй төрт бөлүмдөн турат. Биринчиси экспорттун сапатын көзөмөлдөөчү жана уюштуруучу бөлүм.

Азыркы базар экономикасынын шартында бул бөлүмдүн иш аракетинин натыйжалуулугу орчундуу мааниге ээ болууга негиз бар. Бөлүм төмөндөгүдөй эки бөлүмчөлөргө ажырайт: экспорттолгон продукциялардын сапатын көзөмөлдөөчү, айыл чарба продукцияларынын экспортун уюштуруучу. Бөлүмчөлөр азыркы базар экономикасынын шартында өтө керек милдеттерди аткарууга ылайыкташат. Себеби, республиканын кээ бир товарлары азырынча эларалык атаандаштыкка туруштук бере албайт, сапаты жагынан башка өнүккөн өлкөлөрдүн товарларына караганда али бир топ төмөн экендиги белгилүү. Ошондуктан координациялык борбордун бул бөлүмүнүн аткарган кызматы азыркы мезгилдин шартына бардык жагынан туура келет.

Кыргызстан Россия Федерациясына айыл чарба продуктуларын экспорттоону келечекте көбөйтүүнү пландаштырууда, демек биздин мамлекетке айыл чарба продуктуларын экспорттоону көзөмөлдөөчү жана уюштуруучу бөлүм талап кылынат.

Координациялык борбордун дагы бир олуттуу иши импортту көзөмөлдөөчү жана уюштуруучу бөлүмүнө туура келет. Базар экономикасынын шартында, өлкөбүзгө ташылып келинген кээ товарлардын сапаты толук текшерүүдөн өтпөй эле, көмүскө жол менен ташылып келинүүдө. Россиядан ташылып келинген дары-дармектердин бир бөлүгү сертификаты жок, атайын талаптарга жооп бербей тургандыгы аныкталган. Ошондуктан бул бөлүмдүн негизги аткаруу функциясы импорттун сапатын көзөмөлдөө жана уюштуруу болуп саналат.

Координациялык борбордун үчүнчү бөлүгү туристтерди тейлөөчү бөлүм. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда туризм тармагын келечекте кеңейтүү зарылчылыгын жогоруда баса көрсөткөнбүз. Демек бул борбор өтө зарыл жана келечектүү болуп саналат. Мында рекламалык бөлүмчө уюштурулган. Анын негизги милдети Кыргызстандын ажайып кооз жерлерин, табигый шартын, тоолорун, сууларын рекламалап, элге жайылтуу, туристтерди биздин өлкөгө тартуу болуп саналары шексиз. Бул бөлүм дагы, базар экономикасынын

талаптарынын негизинде келип чыгат, себеби Кыргызстан жөнүндө алыскы чет өлкөлүк туристтердин маалыматы аябай эле аз. Ошондуктан рекламалык бөлүмдү уюштуруу аябай зарыл жана келечектүү. Ушул эле борбордо туристтерди сервистик тейлөө бөлүмү ачылса туура болмокчу. Кыргызстан туристтерди тейлөө жагынан экономикасы мыкты өнүккөн башка өлкөлөргө салыштырмалуу бир топко төмөн турат. Бул бөлүм туристтерге ар кандай кызмат көрсөтүп, тейлөө деңгээлин жогорулатуу талапка ылайыктуу. Мисалы, транспортту прокатка берүү маселесин ушул бөлүмдүн деңгээлинде карап чыгуу керек.

Ал эми жогорудагы ар бөлүмдүн иш аракетин натыйжалуу деңгээлге жеткирүү үчүн төртүнчү транспорттук каражаттарды уюштуруучу борборун түзүү талапка ылайыктуу. Бул биринчиден, экспорттолгон продукцияларды жолдо кармалбай жеткирүүнү уюштурат. Себеби азыркы учурда, биз жогоруда көп жолу белгилегендей, жолдогу тоскоолдуктардын кесепетинен продукцияларды жеткирүү мөөнөтү кечиктирилип, сапаты бир топ төмөндөп кетүүдө, ошондуктан алдынала түзүлгөн келишимдердин негизинде экспорттолгон продукцияларды түз жеткирүүнү уюштуруу эң негизги милдеттердин бири болууда.

# КОРУТУНДУ

Азыркы базар мамилелеринин шартында ар бир өлкө эркин соода алкагын стратегиялык нуктан кеңейтүү, экономикалык байланышын ийкемдүү жүргүзүү тышкы экономикалык байланыштын негизги фактору катары эсептелинип, илимий жактан толук аныкталган. Бул улуттук экономиканы өнүктүрүүнүн активдүү элементи да болуп саналат. Аны натыйжалуу пайдалануу үчүн улуттук экономиканын дүйнөлүк базарга аралашуусун жөнгө салуучу өзүнө ылайыктуу механизмдин болушу абзел. Ушундан улам бул эмгекте тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги факторлору ар тараптан терең иликтенди.

Учурдагы дүйнөлүк экономикалык системанын негизги өзгөчөлүгү аймактык деңгээлде интеграциялык байланышты ыкчам өнүктүрүү зарыл болууда. Анткени, ар өлкө башкалары менен карым-катнашта болуп шериктештикте аракет кылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Себеби, азыркы жагдайда бир дагы мамлекет өз алдынча жеткиликтүү өнүгө албайт,

Азыр Кыргызстан үчүн тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү, түрдүү интеграцияга катышуу, дүйнө өлкөлөрү менен ар тараптуу соода-экономикалык келишимдерди түзүү улам барган сайын негизги маселеге айланууда. Бул нукта жасалып жаткан иштерди тереңдетип, келип чыккан маселелерди чечүү базар экономикасынын, өнүгүүнүн эң олуттуу талабы болуп эсептелет. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүнүн негизги, келечектүү багыттарынын бири Россия Федерациясы. Кыргызстан Россияга негизинен айыл чарба продукцияларын, электротехникалык приборлорду, айнек, сурьма, электр лампочкаларын жана электр энергиясын экспорттойт, ал эми алардан мунайзат продуктуларын, медицина каражаттарын, курулуш материалдарынын кээ бир түрлөрүн импорттойт.

Биздин өлкө өнөржай продукцияларын, анын ичинде электр энергиясын келечекте 2015-жылы 2,4 эсеге, айнек жана айнек буюмдарын 1,3 эсеге, электр лампочкаларын 1,5 эсеге Россияга көп экспорттойт. Алардан мунайзат продуктуларын, жыгач эмеректерин, пластмасса буюмдарын импорттоо, ошондой эле айыл чарба продукцияларын, айрыкча жүн, тамеки, жер-жемиш, жашылча ж.б. кыйла көбөйөт да, ал жактан туристтердин келиши күчөйт.

Жыйынтыгында кээ бир өнөржай продукцияларын экспорттоонун көлөмү азыр 68,8 млн. долларды түзсө, биздин эсептөөлөргө ылайык 2015-жылы 106,9 млн. долларга жетет.

Кыргызстан азырынча агрардык – индустриалдык өлкө болгондуктан, Россияга айыл чарба тармагынын продукцияларынын төмөнкү түрлөрүн экспорттоону көбөйтүүгө мүмкүнчүлүгү толук жетиштүү: пахта жана андан жасалган буюмдар; жүн жана жүндөн жасалган буюмдар; тери жана тери буюмдары; жибек жана жибектен жасалган буюмдар; тамеки жана тамеки продуктулары; жер-жемиш, жашылча ж.б. Биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй, айыл чарба продукцияларынын кээ бир түрлөрүн Россияга экспорттоодон түшкөн киреше азыр 277 млн. сомду түзсө, келечекте 2015-жылы 495 млн. сомду түзүп, азыркыдан дээрлик 2 эсеге арбыйт.

Азыркы учурда Кыргызстандын экономикасынын эң келечектүү тармактарынын бири – туризм. Баарыбызга малым болгондой Кыргызстанга КМШ өлкөлөрүнөн, анын ичинде биринчи кезекте Россиядан, Казакстандан көбүрөөк келет. Келечекте туристтердин көп келишине жергебиздин жаратылышынын кооздугу, экологиялык тазалыгы, элибиздин меймандостугу, эң негизгиси Ысык-Көлдүн керемети чоң түрткү болууда. Ал эми Тамга айылындагы аэропорт дагы көп салымын кошуп жатат. Ошондуктан Россиядан келүүчү туристтердин санынын көбөйүшү мыйзам ченемдүү, андыктан биздин эсептөөлөр көрсөткөндөй Россиядан келүүчү туристтердин саны дээрлик 2,7 эсеге көбөйүп, ал эми туризм тармактарынан түшүүчүирешенин өлчөмү дээрлик 4 эсеге жогорулап, 25 млн. долларды түзөт.

## СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР


### Мыйзамдар жана норматив актылары

О введении в Республике Кыргызстан экспортных и импортных пошлин: Указ Президента Республики Кыргызстан от 1 июля 1992г. // Бизнесмен Кыргызстана. –1992. —№ 15

О таможенном тарифе: Закон Республики Кыргызстан // Свободные горы. –1993. —№ 6.

Об общих началах Внешнеэкономической деятельности Республики Кыргызстан Республики: Закон Республики Кыргызстан // Бизнесмен Кыргызстана. –1992. —№ 10.

Таможенный кодекс Республики Кыргызстан // Свободные горы. – 1997. -№6.

Закон КР об экспортном контроле / Нормативные акты.-Бишкек.- 2003.-№3.-февраль

### Китептер, макалалар

*Авдокушкин О. Ф.* Международные экономические отношение. –М.: 1999.

*Атышов К.А., Челик З.* Туризм алкагындагы реклама.- Бишкек.: “Кыргызстан”.-1997.-с.74.

*Атышов К.А.* Кыргызстандын туризм географиясы.- Бишкек.:“Кыргызстан-Сорос”Фонду.-1996.

*Атышов К.А., Алиев Т., Суртаев Р.* Ишкердик боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. – Бишкек.:«Евразия фонду».- 2003.

*Атышов К.А., Молдокулова Б.Ж.* Тенденция развития экономического сотрудничества Кыргызстана с Российской Федерацией. Казахстан КАЗНАУ Исследование и результаты, № 4. Алматы, 2004.

*Ашимов М.* Экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. –Бишкек. –2001.

*Балабанов И.Т., Балабанов А.И.* Внешнеэкономические связи.-Учебное пособие.-М.-Финансы и статистика.- 1998. - 3-2,

Внешнеэкономическая деятельность Кыргызской Республики: состояние и перспективы развития: Мониторинг. –Б., 1999.

*Воропаева В. А. Джунушалиев Д. Плоских В.* Из истории Кыргызско-российских отношений (XVII-XX вв) –Бишкек. –2001.

*Герстенбергер В.* Влияние российского кризиса на экономику Кыргызстана // Реформа. –1999. -№2

*Джекшенкулов А.Дж.* Кыргызстан-Россия: стратегические партнеры на 21век // Слово Кыргызстан. От 21 января 2000.

*Джекшенкулов А.Дж.* Влияние внешнеэкономических связей на формирование экономической структуры независимой Кыргызской Республики. - Бишкек: Илим, 1996.-148 с.

*Дюшембиев У.* Кыргызская республика в системе современных мирохозяйственных связей // Реформа. –2000. -№2.

*Зевни Л.* Экономическое пространство СНГ: возможности // Вопросы экономики.–1994. 3. – С. 79-90.

*Идинов К.* Кыргызстан в системе международных экономических отношений. –Б.: Кыргызстан, 1996.

*Каана Айдаркул.* История международных связей Кыргызстана 1950-1990 гг.:Автореферат дисс. на соискание ученой степени доктора исторических наук.-Бишкек, 1993.

*Камчыбеков Т.К., Атышов К. Низамиев А.Г.* Великий Шелковый путь как основа экономической интеграции на Евразийском пространстве. В сборнике XXI век – век межкультурного диалога, экономического подъема, духовного возрождения на Евразийском пространств». Том 4, Москва – Бишкек, 2006.

*Киреев А.* Международная экономика. – М. : Междунордные отношения, 1997.

*Койчуев Т.* Как жить дальше? (Экономические наброски).–Б.: Илим, 1996.–260 с.

*Кудабаев З.И.* Экономическое развитие КР.-Б.-2001.-Нацстаткомитет КР.

Кыргызстан цифраларда,-Улуттук стат.ком..-Б.-1998-2002жж.

*Ломакин В.К.* Мировая экономика,-М: "Финансы"-1998г

Международные экономические отношения. Интеграция: Учебное пособие

Мировая экономика: Учеб. //Под ред. А.С.Булатова.–М.: Юрист, 1999.

*Молдокулова Б.Ж.* Тенденция развития внешнеэкономических связей Кыргызстана со странами СНГ. В жур. вестник КАУ. № 3, Бишкек, 2004.

*Молдокулова Б.Ж.* Кыргызстан менен Россия Федерациясынын тышкы экономикалык байланышын башкарууну жакшыртуу. Вестник КГУСТА. № 2, Бишкек, 2003.

*Молдокулова Б.Ж.* Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосунда туризмди өнүктүрүү маселелери. Вестник БГУЭП, № 2, 2006.

*Мусакожоев Ш.М.* Кыргыз Республикасынын экономикасы.-Б.-2001.

*Мусакожоев Ш.М.* Об основных этапах формирования единого экономического простраства стран Центральноазиатского региона // Вестник НИИ экономики. – Бишкек, 1995.

*Омуралиев Э.К.* Мы получаем огромные возможности расширения торговых отношений. О вступлении КР в ВТО // AKHpress-1996.–№ 35.

*Омуралиев Э.К., Рахманова А.Р.* Присоединение в Всемирной торговой организации (ВТО): процесс и основные вопросы // Вестник НИИ экономики. – Бишкек, 1997.– № 2.

*Олин Б.* Межрегиональная и международная торговля// Гарвард.- Университетский вестник.-1967

Основы внешнеэкономических знаний / Под ред. И.П.Фаминского.- М.-1994

*Примбетов С.* Центральная Азия: Реалии и перспективы экономической интеграции.-М: "НИК".-2000.

*Рахманова А. Р.* Аспекты присоединения КР к ВТО // Вестник НИИ экономики Министерства экономики Кыргызской Республики, 1997. -№4.

*Рахманова А. Р.* Интеграция Кыргызстана в международное экономическое сообщество. Бишкек, 2003.

Региональная интеграция в Центральной Азии // Под ред. герберта Дитера.– Берлин, 1995.

*Резникова О.* Центральная Азия в мировой экономике // Мировая экономика и международные отношения.– 1994.– № 12.

*Рикардо Д.* Соч. Т. 1. – М. 1955.

Сборник документов и материалов Межгосударственного совета Республики Казахстан, Кыргызской Республики и Республики Узбекистан. – Вып. 3.– Алматы, 1995.

Сборник документов и материалов Межгосударственного совета республики Казахстан, Кыргызской Республики и Республики Узбекистан. – Вып. 7. – Бишкек, 1997.

Современные теории внешнеэкономических отношений: Сб. статей.– М.: ИНИОН, 1992.

*Суслов В. Н. Назаров В. К.* Новый механизм внешнеэкономической деятельности и международного сотрудничества.– М.: Международные отношения, 1993.

*Смит А.* Исследование о природе и причинах богатства народов.- М.-1962.

*Суюнбаев М.* Перспективы шанхайского прогресса и проблемы безопасности и развития в Евразии // Политика и общество.– № 2.- 2000.

*Суюнбаев М., Рахманова А.Р.* Геоэкономическое пространство НА: Материалы 11 Международной конференции стран ЦАЭС.– Б., 1998.

*Фомичев В. И.* Международная торговля. –М., 1998.

*Чыналиев В. И.* Внешнеэкономические связи Кыргызстана –М., 2000.

Внешняя торговля Кыргызской Республики, 1997-2000 гг.-Б.:, 1998-2001 гг.

Krueger Anne/ Foreing Trade Regions and Economic Development Liberalization Attemats and Consednenus/ New York, 1978

Journal of Political Economy.1998. June p. 652

www.vb.kymet.kg./2000(09)17/11.htm

www.kyrgyzinvest org/ru/news-ana! Itica/nov 0900-debt.htm

http.//www/toktom. Kg

www.kabar.kg/erkin

# 1-Т И Р К Е М Е

## Кыргыз-орус биргелешкен ишканалардын тизмеси.

| Областтар | Биргелешкен ишканалар |
|---|---|
| Бишкек шаары | ОсОО "РосиИнвесен Табак", "ДЕУС", "AIS", "РосРЕС", "Табылды сервис", "ЕАП", " UMSUNAL ART", "УШАНБЕК", "АРЕОПг-M.R.C.", "ДАКОТА", "ПРОМЭНЕРГО", "Медисфер-Азия", "CRC INTERNATIONAL L.T.D.", "Инджект фарм", "Хлопковая биржа" , "Моби – Фарм", "MATIS". "Рос ПРОКАТ", "АНКОР-ИНВЕСТ", "Кыргызстан нефтехим", "Урал тур", "Бишкекский Вторчермет" , "Переплав", "Аль-Иман", "Азия - ЭЛСИБ", "АЗОТ", "Авщена Плюс", ОсОО "Саардана", "Метакон", "Гильдия", "Таганай", "Техносвязь", "Албона", "Мицар", "Логос", "КРАМПНИТЦ", "Агро – Пик ЛТД", "Компания Тамеки-Шаттл", "Trans.Tech", "Север-м", "Бизнес-Лес", ОсОО "ЧЕНУНСАН", "ТоргпедКООП-ОШ", "Софитекс", "Саха-Кыргызский", "Торговый дом", "Темирис",<br>"ОШ-CAREN-97" , "Перспектива", "АманБанк", Акц коомунун Оштогу филиалы "Самби", "ИННОТЕХ", "Эль-Туран", "САНЭНЕРГОКОМ", "ВЕТА_БИШКЕК", "БЕРСИБ", "ГОЛДЕН-ФОКС", "Санкт-Петербург", "САЛЮТ РОССИИ", "KOKIR LTD", "Самара-Юг", "Нева-Люкс-ЛТД", "Бартер", "Традо_РК", "Московские новости-АЗИЯ", "Алтай-Лее Универсал", "ЕАС" (Европа Азия Союз), "Линия будущего", "Олимпотехно ЛТД", "КАМВИЛЬ", "ИНКОТЕКС ЛТД", "Реал Тур", "АРЕОПАГ АйТи", "Интер-ТК", "Биз", "Айюдаг", "СТАНДАРТИФ", "Арсэнал", "МЕТРЕАЛ", "БАТАМ", "БАШАТ", "AKNET", "фирма - БиРЕ", "Ойдын-С", "ИНТЕРОРУД", "ЭЛБИ", "ПЛЕЯДА", "КаЛеКойл", "МОНПАС", "АСКАБ", "Дивайс", "Ола-плюс", "ЭГИДАВИНС", "ИВЗА", "Максат-Карго", "ЭКЮ", "Крофт сервис", "ОренБиш", "КАЗАК", "Ала-арча", "РТС", "Технология", "КЭНЗО", "БЕШ-СУУ", "ФестЮниверсал", "ИНТЕНЕШНЛ", "Шабдан и К", "Пайнфорест", "Кут Дүйнө", "Райчфорест", "Эпизод", "Колорос", "Горный Урал", "Кирсиб", "ПОЛИЭКСИМХОЛДИНГ", "ЭРТРАНСНЕФТЬ", "ДИАДОР", "ЕВРАЗИЯ", "ИТАЛИЯ-ДИЗАЙН", "Аревик", "Восемь с половиной", "АКСИОМА", "Альпура", "ПЕРЕСВЕТ ПЛЮС", "УРАЛБИШ", "КИРОС", "Конструктор ИКГ", "Компания ИНКОМ – ТРАСТ", "Офисная полиграфия", "Гриф ПТ", "МУНАЙОНДУР УШ", "ПЛАТУС", "СЕРВИС ПЛЮС - БИШКЕК", "Силвайко", "КИЛИТ", "Сироп", "ФЛАЕРС", "САМИХАН", "Витязь", "СЕЛТЕКСКОРП", "Глория – Компас", "Родиоэкспорт", "ЖАН-ЖОЛ", "Техмашимпекс", "НТН", "Медрос", "ИНПУТ", "СТЕМАН", "РИОПЛЮС", "Караван-Авиа Тур Бишкек", "Семетей Сервис", "МоВлан", "MANARAS", "Хонтай", "AI Market LTD", "ПЕРВОЕ РЕЙТЕНГОВОЕ АГЕНСТВО", "Стафил", "ГТК ЧОН ОРДО", "ВТ и СА", "Русский Джип", "МУРОМЕЦ", "ШАЛИПА", "АЗИЯ-УРАЛ", "Вексель", "Русь-Риэлт", "АККВО", "СИБИРСКИЙ ЛЕС", "KITO", "АРХИ", "Техническое Проектирование", "Ростэк-Би", "ФЭСТ", "ВЕНТА", "Росавтокомплект", "Salt resources", "CAPI INTERNATIONAL", "АНЭКСИМ", "БАШЛАМ", "НПФ-МЕТАС", "Джанрета", "Санжыра", "Юллар", "Агенство рекламы и туризма", "Восточный Автомобильный клуб", "Метимпэкс", "RIT HANDEL AC.LLC", "ВОСТОК-ДИЗАЙН", "Inter-Sault", "Гиперборея", "Росэнергокомплект". |
| Чүй областы | ОсОО "Анжи", "СП Бий-Гер", "Централ", "Эпрайс-Риэлт", "ТОРгпредкооп-Бишкек", "Сибаз", "Дослик", "Алькор ЛТД", "Эмал", "Тиск", "РосКыргызтранс", "Антанта", "Бэрта", "Интерхим", "Баш-Кыг", "Комтез-Оптика", "Карамай", "алкион", "селена", "Фирма меридиан", "Монада", "Даг-3", "Каинды-Кант", "Торговый дом", "Курулушма", "БАКМАЛ", "Изобилие плюс", "" |
| Нарын областы | ОсОО "Улан-Венчерс", "Жылуулук" |

| | |
|---|---|
| Ош областы | ОсОО "ЧЕНУНСАН", "Торгпредкооп-Ош", "Софитех", "Саха Кыргызский Торговый дом", филиалы, темирис", "Ош-Сакен-97", "Переспиктива", "Аманбанк", "Мост Содружества", "Омск-Кызыл-Кия", "Инфорик", "Континенталь Плюс", "Камка-булак", "Амонд", "мегаотар-Экспо", "Ивза", "Камарун-Араван", "астарта-Дюбек", "КРТ Достук", "Алтын табак", "КараВел", "Памирская экспедиция ФИНАН", "Табачная держава", "Турон", "Азия-Темиртрубопром", "Втормет-Рос", "Дарига", "Ош коттон компани", "Юр Текс Пахта", "анилкрастекс", "Руст-восток", "Кыргызинстрах", "Ошкрастекс" |
| Талас областы | |
| Баткен областы | ОсОО "ТоргаредКООП-Баткен", филиалы, "Gold oil Wells Bis", "Серебристый металл", "Индустриал корпорейшн" |
| Жалал-Абад областы | ОсОО "ТОРГПРЕДКООП-Лжалал-Абад", филиал, "дуслик", "НЕМФЕЙ-ЮГ", "БЭР-КУТ", "Джалал-Абадский Чермет", "Аманбанк", "Химхлортех", "Кварцит", "Кыргызско-Российский Лакоматив сервис-снаб", "Корпарация КОМ", "Дос-Инвест", "Нарынспецэнергомонтаж", "Шакафшар-Жибек" |
| Ысык-Көл областы | ОсОО "кыргызское море", "Тянь-Шаньолово", "Н.В.А-ЮГ", "Озеро", "Зорька", "Чакыр-Корум" |

## 2-Т И Р К Е М Е

## Кыргыз Республикасынын эларалык уюмдарга мүчөлүгү

| № № | Уюмдар | Кирген жылы |
|---|---|---|
| 1 | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Уюм (ОБСЕ) | 1992 |
| 2 | Бириккен Улуттар Уюму (ООН) | 1992 |
| 3 | Реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн Европалык Банкы (ЕБРР) | 1992 |
| 4 | Эл аралык эмгек уюму (МОТ) | 1992 |
| 5 | Реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн дүйнөлүк Банкы (МБРР) | 1992 |
| 6 | Эл аралык валюталык фондусу (МВФ) | 1992 |
| 7 | Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ) | 1992 |
| 8 | БУУнун агартуу илим жана маданияты боюнча уюму (ЮНЕСКО) | 1992 |
| 9 | ОБСЕнин ачык асман боюнча кеңеш берүү уюму (ККОН ОБСЕ) | 1992 |
| 10 | Ислам конференциясынын уюму (ОИК) | 1992 |
| 11 | Эл аралык финансылык корпорациясы (МФК) | 1992 |
| 12 | Көп тармактуу инвестицияларды кепилдөө Агенствосу (МИГА) | 1992 |
| 13 | Өнүктүрүү боюнча эл аралык агенство (МАР | 1992 |
| 14 | Туруктуу арбитраждык сотунун эл аралык бюросу | 1992 |
| 15 | Бүткүл дүйнөлүк ветеринария уюму (ВОВ) | 1992 |
| 16 | Эл аралык Аралды сактоо фондусу (МФСА) | 1992 |
| 17 | Дүйнөлүк энергетикалык совет (МЭС) | 1992 |

| | | |
|---|---|---|
| 18 | Европалык энергетикалык хартия (ЕЭХ) | 1992 |
| 19 | Илимдер академиясынын Эл аралык ассоциациясы (МААН) | 1992 |
| 20 | Эл аралык кооперативдик альянс (МКА) | 1992 |
| 21 | Эл аралык авиатранспорттук уюм (НАГА) | 1992 |
| 22 | Инженердик жана биотехнология эл аралык борбору | 1992 |
| 23 | Эл аралык авиация байланыш системасы (СИТА) | 1992 |
| 24 | Аэронавигациянын коопсуздугун камсыз кылуучу Эл аралык Европалык уюм (ЕВРОКОНТРОЛ) | 1992 |
| 25 | Стандарт боюнча Эл аралык уюм (МОС) | 1992 |
| 26 | Ислам академиясы (ФИКХ) | 1992 |
| 27 | Экономикалык кызматташтык уюму (ОЭС) | 1992 |
| 28 | БУУнун Азия жана Тынч океан үчүн экономикалык социалдык комиссиясы (ӨСКАТО) | 1992 |
| 29 | Калктуу пункттар боюнча БУУнун комиссиясы (ХАБИБАТ) | 1993 |
| 30 | Дүйнөлүк почта союзу (ВИЗ) | 1993 |
| 31 | БУУнун азык түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) | 1993 |
| 32 | БУУнун Эл аралык граждандык авиация уюму (ИКАО) | 1993 |
| 33 | БУУнун өнөр жайды өнүктүрүү боюнча уюму (ЮНИДО) | 1993 |
| 34 | Тарифтер жана соода жөнүндө жалпы келишим (ГАТТ) | 1993 |
| 35 | Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюму (ВТО) | 1993 |
| 36 | Ислам өнүктүрүү банкы (ИБР0 | 1993 |
| 37 | ОБСЕнин парламенттик ассамблеясы (ПА ОБСЕ) | 1993 |
| 38 | Эл аралык айыл чарбаны өнүктүрүү фондусу (ИФАТ) | 1993 |
| 39 | Химиялык куралдарды токтотуу жөнүндөгү уюм (ОЗХО) | 1992 |
| 40 | Эл аралык электр байланыш союзу (МСЕ) | 1994 |
| 41 | Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (БОИС) | 1994 |
| 42 | Азиялык өнүктүрүү банкы (АБР) | 1994 |
| 43 | «Интерспутник» - эл аралык аалам байланыштар уюму | 1994 |
| 44 | «Интерсалт» - Эл аралык спутник байланыштар уюму | 1994 |
| 45 | Бүткүл дүйнөлүк метереология уюму (ВМО) | 1994 |
| 46 | Эл аралык кызыл крест кому | 1997 |
| 47 | Интерпол | 1997 |
| 48 | Европалык өсүмдүктөрдү коргоо коому | 1998 |
| 49 | Эл аралык олимпиада комитети | |
| 50 | Бажы кызматташтык совети (СТС) | |
| 51 | БУУнун айлана чөйрөнү коргоо программасы | |
| 52 | Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн ассоциациясы (АСЕАН) | |
| 53 | Эл аралык миграция уюму (МОМ) | 2000 |
| 54 | Бүткүл дүйнөлүк соода уюму (ВТО) | 1998 |

3-Т И Р К Е М Е

**Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосундагы түбөлүк достук, кызматташтык жана шериктештик тууралуу**

## Д Е К Л А Р А Ц И Я

Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы, мындан ары Тараптар деп аталуучулар, эки өлкөнүн элдеринин ортосундагы кылым карыткан достукка, тарыхый тагдырларынын жалпылыгына жана бири- бири менен маанайлаш болушуна, 21-кылымда өз ара түшүнүшүүгө жана ар тараптуу кызматташууну өнүктүрүүгө карай өздөрүнүн умтулушуна таянышып, эки тараптуу мамлекеттер аралык мамилелер үчүн негизги укуктук акты болуп калган 1992-жылдын 10-июнундагы Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосундагы Достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү келишимди, 1996-жылдын 28-мартындагы Кыргыз-Россия кызматташтыгын кеңейтүү жана тереңдетүү жөнүндөгү Декларацияны, ошондой эле саясий, экономикалык, аскердик, илимий-техникалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдөгү башка келишимдерди нуска тутушуп,

эки өлкөнүн ортосундагы достук байланыштардын, биримдиктин жана шериктиктин бекемделиши Кыргызстан жана Россия элдеринин түпкү кызыкчылыктарына жооп берет. Эларалык шериктештиктин бир калыпта өнүгүү жана дүйнөнүн көп кырдуу жана демократиялык моделин куруу маселелерин чечүүгө жардам берет деп эсептешип,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын, Хельсинкидеги Корутунду актынын жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык Уюмунун башка документтеринин максаттарын жана принциптерин, эларалык укуктун жалпы таанылган нормаларын, ошондой эле адам укугу боюнча эларалык стандарттарды сактай тургандыгын ырасташып,

Көзкаранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги алкагында интеграциялык кызматташуу потенциалын натыйжалуу ишке ашыруу керектигине толук ынанышып Кыргыз Республиасынын жана Россия Федерациясынын Шериктештикте, Бажылык Союзда жана 1992-жылдын 15-майындагы Коллективдүү коопсуздук тууралуу

Келишимде катышуусунан келип чыккан милдеттерди аткарууга даяр экендигин билдиришет.

1. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы түбөлүк достук байланыштыгын сактайт жана 21-кылымдын босогосунда өздөрүнүн эки тараптуу жана дүйнөлүк алкактагы карым-катнаштарынын уңгусун жана жагдайын аныктаган биримдик жана стратегиялык шериктик мамилелерин сактай тургандыгын даңазалашат.

Кыргызстан жана Россия кеңири өлчөмдөгү кызматташуунун, өз ара ишенимдин негизинде, көзкарандысыздыкка, мамлекеттин эгемендүүлүгүнө жана аймактын бүтүндүгүнө карата коркунучтарды болтурбо маселелери боюнча бири-бирине ар тараптуу жардам көрсөтүшүп, тең укуктуулук жана бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө, күч колдонуу менен коркутууну болтурбоо, адам укуктары менен эркиндикти сактоо, өз милдеттенмелерин, ошондой эле эларалык укуктун жалпы таанылган нормаларын ак ниеттүүлүк менен сактоо принциптеринин негизинде өз карым-катнаштарын өнүктүрүшөт.

Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы союздаштар жана шериктер катары саясий, экономикалык, коргоо жана башка тармактарда бири-бирине мыйзамга ылайык кызыкчылыктарын ар тараптуу эске алышат.

2. Кыргызстан жана Россия дүйнөнүн бардык мамлекеттери менен тең укуктуу, өз ара пайдалуу эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарды түзүүгө, эларалык жана регионалдык коопсуздукту жана туруктуулукту бекемдөөгө багытталган көп тармактуу тышкы саясатты жүргүзүшөт жана БУУнун Уставынын жоболорунун жана эларалык укуктун жалпы таанылган нормаларынын негизинде түзүлгөн көп кырдүү дүйнөнү өнүктүрүү боюнча улам өсүп жаткан тенденцияны ар тараптуу колдошот. Негизги эларалык маселелер боюнча өз багыттарынын дал келишин же жакындыгын ырасташып, Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы мындан ары тышкы саясат тармагында, анын ичинде БУУнун, ЕККУнун ж.б. эларалык, региондук уюмдардын жана форумдардын алкагында өз ара тыгыз аракеттенишет.

Булар глобалдуу жана региондук деңгээлде коллективдүү коопсуздуктун натыйжалуу тутумун түзүүдө БУУнун борбордук ролун бекемдөө, БУУнун Уставынын нормалары менен принциптерин

бардык мүчө-мамлекеттер туруктуу сакташын камсыз кылуу боюнча иш аракеттерди жүргүзүшөт.

Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы согуш, мейли ядролук же конвенциялык болсун, эларалык чатактарды чечүү каражаты катары колдонулбоого тийиш деп эсептешет. Кайсы болбосун Бир өлкөгө каршы коркунуч актысы жасалган учурда Кыргызстан жана Россия Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 51-статьясына ылайык коллективдүү коргоо укугун жүргүзүү, ошондой эле 1992-жылдын 15-майындагы Коллективдүү коопсуздук тууралуу Келишимдин алкагындагы механизмдерди колдонуу тартиби боюнча бири-бирине, анын ичинде аскердик жардам көрсөтүшөт. Булар эларалык мамилелердеги бөлүү тосмолорун жандандыруу иш аракеттерин таанышпайт.

3. КМШ алкагындагы кызматташууну өнүктүрүүнү өздөрүнүн тышкы саясатынын башкы багыттарынын катарына кошуп, Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы базар экономикасы толук калыптандыруу, дүйнөлүк чарба тутумуна кирүү шарттарында КМШ мамлекеттеринин натыйжалуу интеграциялык шериктештигине, анын андан ары өнүгүшүнө жардам берүү максатында жигердүү биргелешкен иш-аракеттерди жүргүзүүнү улантышат.

Булар көп тараптуу экономикалык кызматташууну тереңдетүүгө, баарыдан мурда Шериктештикте базардын инфраструктурасын толук түзүүнүн, чарбалык кызматташуунун жогорку баскычтарына өтүүнүн, келечекте товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, жумушчу күчтөрдүн жана капиталдардын эркин кыймылдашына негизделген жалпы экономикалык мейкиндикти түзүүнүн керектүү өбөлгөсү катары эркин соода аймагын уюштурууга өзгөчө маани берилет.

Кыргызстан жана Россия Бажы союзунун алкагындагы кызматташууну ар тараптуу өнүктүрүү жана бекемдөө, анын интеграциялык потенциалын толук ишке ашыруу үчүн иш жүргүзүлөт. Тараптар Бажы союзун эларалык экономикалык уюмга айлантууда тыгыз өзара аракеттенүүгө ниеттенишет.

4. Кыргызстан жана Россия 1992-жылдын 15-майындагы Коллективдүү коопсуздук тууралуу Келишимди, анын мүчө-мамлекеттеринин коопсуздугуна жалпы эле бардык коркунучтарга каршы туруунун негизги пайдалуу куралы катары, жаңы геосаясый абалдарга ыңгайлаштырып мындан ары өнүктүрүүгө умтулушат. Келишимге кирген шериктери менен бирге Тараптар Евразия

мейкиндигинде натыйжалуу коллективдүү коопсуздук системасын түзүүгө күч аракеттерин жумшашат.

Кыргызстан жана Россия Коллективдүү коопсуздук тууралу Келишимдин максаттары менен принциптерин жактаган башка мамлекеттердин ага кошулушу үчүн анын макулдугу белгиленип, Келишимдин мүчө-мамлекеттеринин ортосундагы аскердик-саясый мамилелердин башкы багыттуулугу бир ирет баса белгиленет.

Булар эларалык тынчтыкты, коопсуздукту жана стратегиялык туруктуулукту камсыз кылган негизги тирөөч болгон 1972-жылдын 26-майындагы Ракетага каршы коргонуу системасын чектөө тууралуу Келишимдин азыркы учурдагы күчүнө ишенишет. Алар азыркы учурда колдонулуп жаткан Ракетага каршы коргонуу системасын чектөө тууралуу Келишимдин максаттарын жана жоболорун өзгөрткөн бардык иш чараларды жүргүзүү Келишимдин мүчөлөрүнүн гана эмес, ошондой эле дүйнө коомчулугунун башка мүчөлөрүнүн дагы коопсуздук кызыкчылыктарына тескери таасир берет, глобалдуу стратегиялык туруктуулукка жана стратегиялык чабуул коюу куралдарын мындан ары кыскартууга тоскоол болот деп эсептешет.

5. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы Борбордук Азия тынчтыктын, бир туугандык коңшулаштыктын жана өсүп өнүгүүнүн региону болушу, анын ичинде мында ядролук куралсыз, Борбордук Азия мамлекеттерин жана Россиянын коопсуздугун бошоңдотпогон жана тийиштүү эларалык макулдашуулардын жалпы таанылган принциптери менен ченемдерине негизделген аймакты түзүү үчүн стратегиялык кызыкчылыкты көздөшөт.

6. Булар улам өсүп жаткан эларалык терроризм, экстремизм коркунучтарына, чек аралардагы уюшулган кылмыштуулук, куралдарды жана баңги заттарды мыйзамга ылайыксыз ташуу, башка өтө коркунучтуу кылмыштардын, мыйзамсыз миграциянын өлчөмүнүн кеңейишине кабатырланышып, БУУнун Уставын, эларалык укуктун жалпы таанылган нормаларын жана кабыл алынган эки тараптуу жана көп тараптуу документтерди нуска тутушуп, мындай көрүнүштөргө каршы эки тараптуу деңгээлде Коллективдүү коопсуздук тууралуу Келишимдин, Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештигинин, «Шанхай форумунун» ж.б. эларалык агымдардын алкагында кызматташат.

7. Кыргызстан жана Россия эки мамлекеттин экономикалык потенциалын натыйжалуу пайдалануу жана алардын элдеринин жашоо деңгээлин жакшыртуу максатында узак мөөнөттүү жана туруктуу жагдайдагы өз ара пайдалуу соода-экономикалык байланыштарды бекемдешет жана өнүктүрүшөт.

Эки тараптуу экономикалык кызматташууда суу-энергетикалык жана агроөнөржай комплекси, машина куруу жана жеңил өнөр жайы, транспорт жана байланыш тармагындагы, аскер техникалык чөйрөдөгү ишканаларды өндүрүштүк адистештирүүнү жана кооперациялоону өнүктүрүүгө, ошондой эле инвестициялык ресурстарды өз ара тартууга, биргелешкен финансы-өнөржай топторун ж.б. интеграциялык структураларды түзүүгө олуттуу көңүл бөлүшөт.

Базар экономикасынын шартындагы жеке ишкердиктин ролун баса белгилешип, Кыргызстан жана Россия өз мыйзамдарына жана тийиштүү эларалык макулдашууларга ылайык эки мамлекеттин ишканалары менен ишкерлеринин ортосундагы кызматташуу үчүн капитал салымдарын жана интеллектуалдык менчикти, технологияларды жана маалыматтарды коргоо маселелерин ичине камтууга тиешелүү шарттарды түзүүгө умтулушат.

8. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы бул чөйрөдөгү калыптанып калган эки тараптуу кызматташуу тажрыйбасын эң жогорку деңгээлде сактоого жана жакшыртууга умтулушуп, илим, техника, жаңы технология тармагындагы жаңы долбоорлорду ишке ашырууну камтыган тийиштүү узак мөөнөттүү программалардын базасында илимий- техникалык кызматташууну ар тараптуу өнүктүрүшөт.

9. Улуттук жаратылышты коргоо мыйзамдык актыларын жакындаштырып жана бирдейлештирип, Кыргызстан жана Россия жаратылыш ресурстарын үзүрлүү пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча тажрыйба алмашууну, табигый кырсыктардын, жаратылыштык жана техногендик катастрофалардын кесепети менен күрөшүү жолу менен экология нугунда биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууда иш жүзүндө интеграциялоого өтүшүп, экологиялык коопсуздук тармагында өз ара аракетешүүнү күчөтүшөт.

10. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы парламенттер аралык кызматташууну, эки мамлекеттин аткаруучу жана сот бийликтеринин органдарынын ортосундагы карым-катнаштарын тереңдетишет.

11. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы мамлекеттик жана коомдук региондук структуралардын, чарба субъектилеринин кызматташуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө умтулушуп, интеграциялык өз ара аракеттенишүүнүн негизги жолдору деп эсептеген региондор аралык түз байланыштарды кеңейтүүгө улуттук мыйзамдарга ылайык ар тараптуу жардам беришет.

12. Алар калкты социалдык жактан коргоонун улуттук системасын жакындаштырууга өзгөчө көңүл бөлүшүп, макулдашылган социалдык саясат жүргүзүшөт. Кыргызстан жана Россия калктын саламаттыгын сактоо, медицина илимин жана практикасын, алардын материалдык- техникалык базасын сактоо боюнча биргелешип иштөө зарылчылыгын таанышат.

13. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы өздөрүнүн аймактарында жашап жаткан бардык адамдардын, алардын улутуна, тилине, динине, саясый ж.б. ишенимдерине карабастан, эларалык укуктун жалпы таанылган нормаларына, эки тараптуу келишимдерге жана жашап жаткан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык граждандык, социалдык, экономикалык, маданий укуктары менен эркиндиктерине кепилдик берилерин ырасташат.

Булар ошону менен бирге өзүнүн аймагында жашап жаткан экинчи тараптын гражданынын өз оюн эркин билдирүү, тилдик, этникалык, маданий жана диний өзүнчөлүгүн сактоо, өз маданиятынын бардык нуктарын колдоо жана өнүктүрүү укугун, анын ичинде өз эне тилинде билим алуу укугун ырасташат.

Булар Россия Федерациясында кыргыз тилин окутуу жана Кыргыз Республикасында орус тилин окутуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды түзүүгө, билим берүү мекемелеринде бул тилде окутуу үчүн педагогикалык адистерди даярдоого жардам беришет, бул максатта мамлекеттик колдоо көрсөтүшөт.

Булардын ар бири экинчи тараптын аймагында туруктуу жашап жаткан өз жарандарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт жана жарандык тууралуу колдонулуп жаткан эки тараптуу макулдашууларга ылайык экинчи тараптын жарандыгын өз эрки менен тандоо жана алуу укугунун негизинде ишке ашыруу үчүн өз жарандарына ыңгайлуу шарттарды түзүшөт.

Булар калктын миграциясы жана ушуга байланышкан гуманитардык жана социалдык маселелер боюнча кызматташат.

14. Кыргызстандагы жана Россиядагы миллиондогон калктын кызыкчылыктарын көздөшүп, эки мамлекеттин маданий бай

мурастарына жана алардын дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымына таянышып, булар илимий, көркөм өнөр ж.б. бирикмелердин, маданият, адабият жана искусство ишмерлеринин ортосундагы тарыхый калыптанган байланыштардын, ишкердик карым-катнаштардын негизинде жалпы маданият мейкиндигин сактоо жана кеңейтүү үчүн шарттарды түзүшөт.

Булар эки мамлекеттин тең аймактарында маалымат-маданий борборлорун ачуу жана алардын иш-аракеттерин камсыз кылуу боюнча керектүү иш аракеттерин аткарат.

Кыргызстан жана Россия билими, илимий даражасы жана илимий наамы тууралуу документтердин бирдейлигин өз ара таануунун негизинде билим берүү, адистерди даярдоо жана кайрадан даярдоо тармагында тең укуктуу жана өз ара пайдалуу кызматташууну жүргүзүшөт. Алар билим берүү мекемелеринин, жогорку мектептердин илимий уюмдарынын ортосундагы байланыштарды кеңири өнүктүрүүгө, окутуу иштери, тажрыйба жогорулатуу жана лекцияларды окуу үчүн адистер, ошондой эле окуучуларды, студенттерди, аспиранттарды алмашууга жардам беришет. Бишкектеги Кыргыз-Россия (Славян) университетинин иш-аракеттерин колдоого өзгөчө көңүл бөлүнөт.

Булар ар бири өз жарандарына улуттук маданиятты, адабиятты жана искусствону окуп үйрөнүү, массалык маалымат каражаттарына кеңири ээ болуу мүмкүнчүлүгүн беришет, эки мамлекетте болуп жаткан окуяларды объективдүү чагылдыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүшөт. Бул максатта булар эки өлкөнүн ортосунда маалымат алмашууну кеңейтүүгө жана тараптардын журналисттеринин өз аймагында иштеши үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө ар тараптуу көмөк көрсөтүшөт.

15. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы 21-кылымда тарыхый милдети – эки өлкөнүн жана элдердин бузулгус достугун, биримдигин жана шериктештигин бекемдөөнү, бекем тынчтыктын, туруктуулуктун жана кепилдүү коопсуздуктун шарттарында алардын ар тараптуу өнүгүү, экономиканы жана маданиятты жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууну ишке ашырууга умтулушат.

## 4-ТИРКЕМЕ

## Кыргыз Республикасы жана Россия федерациясынын ортосундагы 2000-2009-жылдарда экономикалык кызматташтык жөнүндө келишим

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы мындан ары жогорку макулдашуучу тараптар деп аталып,

1992-жылдын 10-июнундагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы ортосундагы достук, кызматташтык жана өз ара жардам жөнүндөгү Келишимди, 1996-жылдын 28-мартындагы кыргыз-орус кызматташтыгын кеңейтүү жана тереңдетүү жөнүндө Декларациясын жетекчиликке алып,

экономикалык өнүгүүнүн бирден бир маанилүү элементи болуп мамлекет аралык интеграция саналаарын эске алып,

өздөрүнүн мамлекеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн максаттарына жетүү үчүн өз ара пайдалуу сооданын, эмгекти эларалык бөлүштүрүүнүн, өндүрүштү адистештирилишинин артыкчылыктарын колдонуп,

мындан ары өз ара пайдалуу соода-экономикалык жана өндүрүштүк мамилелерин чыңдоо, өнүктүрүү жана эки мамлекеттин экономикалык потенциалын натыйжалуу колдонуу, алардын элдеринин жашоосун жогорулатуу зарылчылыгынан келип чыгып,

экономикалык реформаны айкалыштырып жүргүзүүдө, товардын, кызматтын, капиталдын жана жумушчу күчүнүн эркин жылышына этаптуу шарттарды түзүүгө олуттуу маани берип, төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашышты:

### 1-статья

Жогорку макулдашуучу тараптар ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган (мындан ары Программа деп аталган) Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы 2000-2009-жылдарга экономикалык кызматташтыгынын Программасын жүзөгө ашырат.

### 2-статья

Жогорку макулдашуучу тараптардын экономикалык кызматташтыгы эки мамлекеттин чарба субъектеринин ортосундагы өз ара пайдалуу экономикалык мамилелерди өнүктүрүү жолу менен таандыгына жана менчиктин түрүнө карабастан, Жогорку макулдашуучу тараптар катышкан, баарына таанылган эларалык укук нормалары жана принциптерине, эларалык келишимдерине, улуттук мыйзамдардын жоболоруна ылайык жүргүзүлөт.

Жогорку макулдашуучу тараптар өз өлкөсүндөгү социалдык-экономикалык жаңылануулардын негизги багыттарын макулдаштырууга жана иш-аракеттерин жөнгө салууда нормативдик укук базасын шайкештөөгө умтулушат.

Жогорку макулдашуучу тараптар эки мамлекеттин аймактарында инвестициялык долбоорлорду жүзөгө ашырууга, инвесторлорго жана кооперацияны өнүктүрүүгө, эки мамлекеттин чарба субъектеринин ортосундагы кооперацияны өнүктүрүүгө, биргелешкен түзүлүштөрдү жана каржылык-өнөржай топторун түзүүгө жагымдуу шарттарды түзүшөт жана алардын улуттук мыйзамдарына ылайык менчиктештирүүгө катышышат.

**3-статья**

Программаны ишке ашырууга байланышкан суроолорду кароо, зарыл болгон учурда ага ылайыктуу толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташуу боюнча Кыргыз-Россия биргелешкен Өкмөт аралык Комиссиясы аркылуу жүргүзүлөт. Каралуучу толуктоолор менен өзгөртүүлөр ушул комиссиянын протоколдору менен түзүлөт.

**4-статья**

Ушул Келишимдин жоболорун талкуулоодон жана колдонуудан келип чыккан талаштар, сүйлөшүүлөр жана пикир алмашуу жолдору менен чечилет.

**5-статья**

Ушул Келишим улуу макулдашуучу тараптардын башка эларалык келишимдерден келип чыккан укуктарын жана милдеттерин козгобойт.

**6-статья**

Бул Келишим Жогорку Макулдашуучу Тараптардын акыркысы кат аркылуу Келишимдин күчүнө киришине зарыл жөн-жайлары аткарылгандыгы жөнүндө кабарлангандан тартып күчүнө кирет жана 2009-жылдын 31-декабрына чейин жарактуу болот.

Ар бир Жогорку макулдашуучу тарап ушул келишимдин иш аракетине башка Жогорку макулдашуучу тарапты кат аркылуу кабарлап токтотсо болот. Мындай учурда Келишим өзүнүн иш аракетин кабар жеткенден баштап, 6 айдан кийин токтотот.

Ушул Келишимдин ишин токтотуу программага ылайык ишке ашырылуучу долбоорлорду козгобойт.

## Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы 2000-2009 жылдарга экономикалык кызматташтык программасы

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык байланыштарды өнүктүрүү, эң ириде мурдатан калыптанып, кийин токтоп калган өндүрүштүк жана илимий-техникалык байланыштарды жандандыруу, күчөтүү жана алардын мындан ары өз-ара пайдалуу жана тең укуктуу негизде өнүктүрүү менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын экономика тармактарына керектелүүчү мунайзат өнөржайынын, кара металлургия, химия жана мунай - химия продукцияларын, токой - техникалык комплексинин жана өнөржай курулуш материалдарынын көпчүлүгү Россиядан алынып келинет. Ошол эле учурда жайгашкан жаратылыш - сырьелук ресурстарын биргелешип өздөштүрүүгө, өнөржайдын кээ бир тармактарында мамлекет аралык кооперацияны өнүктүрүүгө бир топ көңүл бөлүп жатышат.

Эки тараптуу экономикалык кызматташууда энергетикалык жана агроөнөржай комплекстеринде, машина куруу, жеңил өнөржай, транспорт жана байланыш нугунда, аскер-техникалык багытта, ошондой эле каржылык жана инвестициялык ресурстарды чегерүүдө биргелешкен каржылык топторду түзүү мүмкүнчүлүгү жагынан ишканалардын мурдагыдай байланышы жетишсиз колдонулууда.

Продукциянын ар кандай түрлөрүн чыгаруу, анын ичинде техникалык жактан татаал жана илимий иликтөөнү арбын талап кылган, ошондой эле фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү жаатында өзара кызыгууну пайда кылган чечимдерге багытталган, мамлекет аралык максаттуу программаларды иштеп чыгууда, ишке ашырууда мүмкүнчүлүктөр толук колдонулбай калууда.

Өлкөлөр ортосундагы экономикалык мамилелердеги маселелер зарыл болгон кескин чаралар менен чечимдерди кабыл алууну, узак мөөнөттөгү стратегияны жана өзара пайдалуу экономикалык кызматташтыктын башкы багыттарын иштеп чыгуу ушул Программада каралган.

Бул ишти жүзөгө ашырууда 1992-жылдын 10-июнундагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы ортосундагы достук, кызматташтык жана өзара жардам жөнүндөгү Келишими, 1993-

жылдын 24-сентябрындагы экономикалык союзду түзүү жөнүндөгү Келишими, 1996-жылдын 28-мартындагы Россия-Кыргызстан кызматташтыгын кеңейтүү жана тереңдетүү Декларациясы негиз болгон.

**1. Программанын негизги багыттары жана милдеттери**

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык кызматташтыктын 2000-2009-жылдарга программасы (мындан ары программа), өзара пайдалуу экономикалык байланыштарды өнүктүрүүгө мамлекеттик жардам көрсөтүү, эки өлкөнүн экономикасынын башкы тармактарындагы ишканалардын өндүрүштүк узак мөөнөттүү кызматташтыгындагы көрүнүктүү жетишкендиктерин жана өзара товар ташуунун негизинде өнүктүрүү боюнча макулдашылган чаралардын комплексин ишке ашыруу үчүн даярдалган.

Ушул максаттарды ишке ашыруу үчүн мамлекеттердин экономикалык кызматташуусун туруктуу өнүктүрүүнү камсыздандыруу төмөнкү жолдор менен каралууда:

бардык чарба субъектер үчүн тең болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана кепилдикти камсыздандыруу, институттук өзгөрүүлөрдү ишке ашырууда өз-ара таасир берүү, акыйкаттуу атаандаштыкка шарт түзүү, ири монополиянын ишин жөнгө салуу;

эки мамлекеттин экономикасын бүтүндөй кайрадан курууга карата концепциялык ыкмаларды жакындатуу, өндүрүштүн өсүшү үчүн стимулду түзүү, анын өнүгүшүнө инвестицияларды кошуу;

илимдин жаңы жетишкендиктерин макулдашып киргизүү жана чыгарылган продукциянын сапатын, конкуренттүүлүгүн жогорулатуу, ишканалар ортосундагы өндүрүштүк-технологиялык байланыштарды өнүктүрүү;

ишканалардын өндүрүштүк кооперациясын өнүктүрүүгө мындан аркы өз-ара таасир берүү;

мамлекет аралык жана аймак аралык кызматташууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын мамлекеттик колдоо системасын түзүү;

мамлекет максаттуу долбоорлорду жана экономикалык кызматташтык программаларды ошондой эле биргелешкен каржылык өнөржай топторун түзүү;

транспорт коммуникациясы жана байланыш нугундагы инфраструктураларды натыйжалуу жана өз ара пайдалуу чаралардын тутумун түзүү;

жалпы маалымат аймагын түзүү жана жакшыртуу.

**2. Экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү**

Ушул Программаны ишке ашыруу мамлекеттердин экономикалык интеграциясынын мындан ары өнүгүшүн камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын, ошондой эле КМШ Кызматташтыгын Бажы Союзундагы алардын маанисинин жогорулашына жардам көрсөтөт.

Мында башкы көңүл биргелешкен чарбалык түзүлүштөрдү жана каржылык – өнөржай топторун түзүүгө мамлекеттик керектөө үчүн продукцияларды баа саясатын жөнгө салуу маселеси боюнча маалыматтар менен алмашууга, керектелүүчү товарлардын (кызматтардын) базар абалын биргелешип маалыматташтыруунун тутумун түзүүгө, инвестицияны жана өндүрүштүк кооперацияны өз-ара коргоого бөлүнөт.

Отун-энергетикалык комплексте, машина куруууда, жеңил өнөржайында өз ара кызматташуу каралган.

Аскер-техникалык кызматташуусунун келечектеги багыттары боюнча комплекстүү чараларды кабыл алуу белгиленген.

Геологиялык-чалгындоо иштери жана көмүр жана түстүү металл жана алтын кендерин өздөштүрүү багытында биргелешкен чара көрүү белгиленген.

Авиациялык техниканы ишке ашыруу жана оңдоо, ушул максатта эң мыкты кадрларды даярдоо, транспорт инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча нормативдик-укук базасын жакшыртуу, транспорт каражаттарына жана коммуникацияларга бирдей техникалык талап коюу областында кызматташтыкты өнүктүрүү каралган.

Айлана-чөйрөнү коргоо, маалымат жана байланыш, илим жана техника областында кызматташууну өз ара өнүктүрүү белгиленген.

**3. Программанын аткарылышын башкаруу**

Соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтык боюнча Өкмөт аралык Кыргыз-Россия биргелешкен комиссия (мындан ары Өкмөт аралык комиссия) Программанын ишке

ашыруунун жүрүшүн жылына эки жолудан кем эмес кароо белгиленген.

Өкмөт аралык комиссия төмөнкү иштер боюнча чечим кабыл алат:

программаны ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын иштерин координациялоого, бул Программага зарыл болгон учурда ылайыктуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана анын ишке ашырылышын текшерүү;

программаны ишке ашырууга байланышкан маселелер боюнча мамлекет аралык макулдашуулардын долбоорлорун даярдоону уюштуруу,

өз-ара кызматташтыктын келечектүү багыттары боюнча долбоорлор жана биргелешкен Программаларды ишке ашыруу жана иштеп чыгуунун жүрүшүн карап чыгуу, координациялоо, ошондой эле, программаны ишке ашырууга байланыштуу башка маселелерди кароо.

Формат 60x84$^1/_{16}$ бумага офсетная. Объем 12,25 печ. листа.
Тираж 450 экз.

г. Бишкек ОсОО «Кут-Бер»
ул. Медерова, 68

900840